Ризван Исмаилова



# АК ӨРҮК

С кырг.
Н 87

*Исмаилова Ризван*

# Ак өрүк

ИНФОРМАЦИОННО-
КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 472953

Ош-2012

УДК 821.51
ББК 84 Ки7-4
И 87

И 87 Исмаилова Ризван «Ак өрүк» Ош-2012: - 178 бет

ISBN 978-9967-604-06-3

Жазуучу жана журналист Ризван Исмаилованын колуңуздагы бул жыйнагында түбөлүктүү темаларды чагылдыруудагы калемгердин ой дүйнөсү, көз карашы жана позициясы окурмандарды кызыктырбай койбойт.

И 4702300100-12

ISBN 978-9967-604-06-3

УДК 821.51
ББК 84 Ки7-4

© Ризван Исмаилова, 2012

1Ҹ

- *Аңгемелер*
- *Эсселер*
- *Ой толгоолор*
- *Күндөлүктөн*
- *Жол очерктери*

## *Түштүктүн түмөн түйшүгүнө түйшөлүп...*

*Адабияттын билермандары жазуучу бир өмүр балалыгын, ошол балалыгындагы көрүп-билген адамдарды, анан өзүн жазып чыгат дешип калышат. Андай экендигине Ризван Исмаилованын чыгармаларын окуп, дагы бир жолу ынангандай болдум. Эгерде кыргыз кыздарынан карасөзчүлөрдүн дээрлик көпчүлүгү тоолуктар болуп, тоо, тоодогу балалык, жайлоо, булактар, козу-улактар тууралуу жазса, алардан айырмаланып, Ризван шалызарды, пахтазарды жазды, саарлап туруп агат болуп берген бригатты, этегине пахтасын салып алып кырманга келаткан пахтакер теримчини, качан коон палагинан үзүлүп түшөт деп пайлап турган өзүнүн эселек чагын жазды, эми сүт алып гороологондон тартып башында кагы калганча жармашып чыгып терип жеген гандек өрүктөрдөгү күндөрүн жазды, колхоз райисин кудайдай сыйлап, кесектин майын талкалап жүрүп биржөлү шүдөгүрдүн адамы болуп калган карапайым жана коммунизмди ушинтип эле куруп таштайбыз деп өзү үчүн эмес, беш жылдык пландарды аткаруу үчүн иштеген кетменчи аталарыбызды жазды. Савайдагы чымчык уя жарларда, асаттин үпү баскан пахта аңыздарында, Жаңы-Арыктан тоо демин алып келген аптапта сууга киринчүү каналдарда калган анын балалыгы жазуучу катары калпып алып, өмүр бою башкаларга айтып берер казынага айланган экен... ал ошол казынасынын бир четин бизге мынтип аңгемелеп, эми сиз эмне дээр экенсиз деп элеттик баёолук, түштүктүк кыздарга таандык ыйбаа менен этиет сунуп отурат.*

*Ризван Исмаилова Оштон techинститутту бүттү, адабият таануу боюнча илимий иш жазды, аларын шакирттерине жеткирсем деп окутуучулук кылат, анан дагы көп жылын коротуп газеталардын кабарчысы болуп, билинбей ден-соолукту да, убакытты да, өмүр жашты да жулуп каччуу журналисттик менен шугурланып келет, ошого карабай энелик түйшүгүнөн тышкары жазуучулук түйшүк тартып жүрөт, анда Сизге да жазуучу менен кошо ошол түмөн түйшүгүн кошо түйшөлүшүү насиби буйруптур.*

*Сиз аны өзүңүз окуп көрөөрсүз...*

*А биз болсо жазуучуга чыгармачылыгыңда ийгиликтер болсун, биз сенин жазгандарыңды куштарланып окуй берели деп ак бата берели!*

***Абдыкерим Муратов***

***педагогика илимдеринин доктору, жазуучу, журналист***

# Аңгемелер

# *Окулбай калган каттар*

Жаңы ишке көпкө көнө албай жүрдүм… Мурда мектепте иштегенде сабагымды окутуп коюп, үйгө «жылт» койчумун. Ата-энемдин бешенесинде үлпүлдөп жүрүп, жогорку окуу жайын бүткүчө турмуш эмне экенин түшүнбөпмүн. Беш кыздын кенжеси дешип, эпсиз эркелетишкениненби, көңүлүмө жакканын жасап, өз тагдырымдын «ээси-өзүммүн» деп, ичимен дердейгеним куп бекер болду.

Институтту бүтүп, эки-үч жыл иштеп калганымда колумду сураган киши чыкпады. Балдар дүйнөсүнө аралашып, чыга албай жүрүп, баштараак арадан жети-сегиз жыл өткүчө деле, анчалык эрөөн-төрөөн алганым жок. Жанда жок кыялкеч элем. Кыялдангандан эч тажачу эмесмин. Түпсүз кыялдын кемесине түшүп алып, учу-кыйырсыз мейкиндиктерде калаксыз сүзөөр элем… Таттуу көз ирмемдериме кимдир бирөө тоскоолдук кылчу болсо, туталанып, чачырап кетем. Мунум үйдөгүлөрдүн эч кимисине жакпай калды. Кыздардын баары тууруна конуп, менин оролошуп үйдө отуруп калганымдын себебин ар түрдүүчө жоорушту. Өз дүйнөм менен өзүм «аалам Гүлстан» болуп жүргөнүм, кишиге тез аралаша албаганым, апам айтмакчы «чырай берген менен жылдызың болбосо, сулуулугуң бир пул» деген бүтүмүндөй, отсуздугуман эжелериме окшоп, өтүмдүү боло албай, атамдын төрүндө отуруп калдым.

Бирге иштегендердин «түнт, башы оор, кишиге жугумсуз» деген мүнөздөмөлөрүн анчейин кулагыма илбегеним кайсы да, бир күнү үй жумушунун айынан жеңем менен кыжыңдашып кеткенде, бир билдим… Түштөн кийин адабият ийримин өтөйүн деп камынып жатсам;

- Э-э, кыз, камырды ийлеп коюп кетиң, мен бала карайм – деди жеңем заарланып.

- Келгенимде кылайынчы…

- Түндөсү кайсы жинди нан жабат? Ага чейин үйдөгүлөр таш балээни жейби? Куржок-муржогуңду жыйыштырып, жасап кет. Даяр тамакка тап коюп, жешти билесиң…

Жеңем алынып кетти. Ачууга алдырып, мени мектепке баргызбай турган өзү ким элең дегендей тоготпогондой түр көрсөткөнүмө итатайы тутулуп, ансайын жаагын жанды.

- Уй, кыз, мууздаган төөнүн санындай мелтейип, аптама-апта тил-оoздон калгыча көзүмө көрүнбөчү! Жакшы болсоң, талашка түшүп эрге тийбексиң… Жамандыгыңдан төр кары болуп жүрөсүң… дегенде, бүткөн боюмду муз каптап өткөнсүп, ооз ачалбай, мелтейип туруп бердим.

Күзгүдөн өзүмдү карап, кылыйып сес көрсөтө баштаган суук кептен, териме тескери ойдон жабыгып, мектепте бугум чыккыча ыйладым, өзүмдү артыкбаш сездим. Үйгө баргым келбеди, мектепти жууп-тазалагандар кеткиче китепти бетиме тутуп, отура бердим.

Чоң эжем жакшы жерге турмушка чыккан. Күйөөсү күйпөлөктөп көзүн карап турат. Эзели жөө жүрбөдү. Машинеде чалкалап келип, чалкалап кетет. Биздикине келгенде кант-курс, чай-чамегин кошо буунуп-түйүнүп, дасторконду толтуруп ар кимдин көңүлүн алат. Апамдын кубанычы койнуна батпай, учурашканда табышкер күйөө баласынын колунан сүйүп, бизден бекиткендерин алдыларына жайнатат. Жездем сыртка чыкканда, апам эжеме ыктай түшүп, бетинин отун чымчый кармап, шыбырап сүйлөдү:

- Мынаву эр жини бар менен үйдөгү без бет экөө батышпай калды. Алда канча болду сүйлөшүшпөйт. Бир күнү экөө чачташып, элге шарманда болобу деп, жүрөгүм оозума тыгылып турат. Эмне кылышты да билбей калдым…

Эжем олурайып мени карады.

- Айт, жеңең экөөңдүн талашың эмне, айт?

Апамдын үнү баягыдан дадил чыкты. Эжесине арызданат деген тейде апам үмүттүү тигилди.

Эч нерсе айткым келбеди. Ордуман туруп, эшикке чыгып кеттим. Бир топко чейин апам менен эжем баштары бириге калып, кайра бой түздөп, бирдемелерди шыбырашып, күдүңдөп жатышты.

Ошондон кийин арадан көп өтпөй эле, эжем такси жалдап келди, дасторконго күйбөй, мени жанына чакырды. Көңүлү ачык, шайдоот мүнөзүнөнбү, мындайда үнү шаңкылдап таза, бийик чыгат:

- Жакшы кабар алып келдим. Сага көзү түшкөн бирөө, сөз айттырып жатат.

- Сизгеби?.. дедим өлүмүш болуп.

- Анан кимге? Сага айтмакпы?

- Ким экен ал?

- Билесиң сен, силердин мектебиңерге жардам алып келет.

Ойлоно калдым. Ким болушу мүмкүн? Эжемдин үй-бүлөсү чоң кызматта иштегендерди такыр атынан айтчу эмес. Баланча Түкүнчөевич же «евич», «евна» дешип, өздөрүнчө да, башкалардын көзүнчө да урматтаппы же жасакерленишпи атын атасынын атына жалгаштырып сүйлөйт.

- Төрөгелди Мамырович сага ашык болуп калыптыр…

- Соцфонддо иштегенби? Ал чоң киши го… Атамдай кишиниби?

- Сен эмне, жапжаш секелек белең? Жашыңды айтчы? – Эжем зекип, өктөм сүйлөдү.

Бир аздан кийин кайра жумшаргансып, көңүлүмдү жайгара уга берип бышты кулак болгон сөздөрүн кайталады.

- Качанга чейин атам-апамдын бешенесинде отурмак элең? Өз тиргилигиңди кылып, бала-чакалуу болушуң керек. Бара турган жериңдин өлсө, өлүгү артык. Ал кишиге көз арткан, шилекейи аккан кыз-келиндер канча? Сен билбейсиң да… Акыркы сөзүн улутунгансып, арманы барсынып, муңайым айтты.

А менин кыялымда башка бирөө жашайт. Сүрөтүн да тартып алгам. Орундуу сүйлөгөн, мүнөзү токтоо, билимдүү, жан дүйнөсү өзгөчө бирөө. Анын келишкен сымбаты, өң-түсү, бай-кедейлиги роль ойнобойт. Турмуштун өйдө-ылдыйында, жакшы-жаманында сени түшүнүүгө аракеттенген адамдын жанында болгону канимет. Чечекейим чеч боло сүйүнгөнүмдө, бирдемеге капа болуп, маанайым түшкөндө аны менен сүйлөшөм, сырдашам. Ал мени таппай жүрөт деп, өзүмдү-өзүм соороtом. Ал мени издеп жүрөт, мен аны издейм…

Тагдырымды өзүмдүн жакын адамдарым бийлеп, каерден орун-очок алаарымды өздөрүнчө чечип коюшкан шекил. Башымды байлагысы келген кишини канча жолу кыйытып айгышса деле дилиме жугузбай койгом. Акырын сүрүштүрсөм эки баласы менен аялын

кетирген өзүбүздүн айылдын аркы башындагы чоң эжеме сөз айтып, эзилишип кат алышып жүргөн классташы беле же эжемден эки-үч жыл мурун окуганбы, ошол экен. Эсим кирди-чыкты маалым, элес-булас эжем менен ошонун романы эсимде калыптыр. Апам байкуш үйгө камап, кайтарып отуруп деле качырып жиберчү. Терезеден ууру мышыктай жылмышып, секирип түшүп, сүйгөнүнө кездешүүгө кетчү. Сезимдин алоосуна ошончолук күйүп-жанып, баш-оту менен кирип кеткен эжемди эч ким, эч нерсе токтото албай, эптеп онунчуну бүтүрткөнгө шашышкан. Райондун финансы бөлүмүндө иштегенин билдирип турган кыял-жоругу, кадыр-баркынан айылдаштарыбыз жакшы таанышат. Баса, биздин мектепке эки-үч жолу гуманитардык жардам алып келген.

Анча-мынча адамга салам бербеген, мырза теректей керсейип, боюн катырып койгондой, какайып, түптүз алып жүргөн, кербезденгени ашыкча биздин деректирдин. Эркектердин атырын (шипр) үзбөй себинип жүрчү. Өзүнөн башкага жакпаган бир мүнөзү бар. Жаш мугалимдерди кажып сүйлөгөн бир желимдей жабышкан фразасы оозунан түшпөйт: «Силер, жаштар, жалкоосуңар…» дей берчү эки сөзүнүн биринде. Директорубуз «комиссия келет» деп буту-бутуна тийбей, тызылдап калды бир күнү. Мектептин класстарын мизилдете тазалатып, боёгу агарып-бозоргон коридордун тактайын керосин менен сүргүзүп, жалтыратып койду. Кол саатын дембе-дем карап коюп, утуру-утуру эшикке кирип-чыгат. Күттүргөн кишилери келгенде кучак жайып учурашып, көптөн бери көрбөгөндөй, бооруна кысып койду. Замандын түрү калтыс мезгил болчу. Ун, май, туз, кум шекер жана башка тамак-аштын айрым түрлөрү таңкыска айланып, дүкөндөрдө жоголуп, ар бир кожолукка карточка менен бериле баштаган. Жут каптап кетпегей эле деп элдин үрпөйү учуп турганда, эбин тапкан бийликтегилер май талкандын үстүндө тайрандап, шапар тээп жүрүшпөдүбү?...

Окуучулар «П» формасында катарга тизилишти. Директор сөзүн салтанаттуу тон менен баштап, борбордо жаткан өкмөт жөн жатпай, каатчылыкта боору жарты балдарды ойлоп, камкордук көрүп жатканын, ошол гумжардамдын чекесине кол тийгиздирбей, сары майдай сактап, өзүбүздүн «соцфонддогу бала» апкелгенин «өз өлтүрбөйт, жат

жарытпайт» демекчи, биздин мектепке көбүрөөк берилгенин саймедиреп өттү. Белек тапшыруу үчүн «өз балага» сөз тийди.

Узун бойлуу, ак саргыл, төбөсүндөгү чачы жыдып суюлуп түшкөн, бүтүйгөн көгүш көзү ойноктоп, колун жаңсап сүйлөгөнү артыкбаш сезилген, кундуз жакалуу тери тонду чатыратып кийген, элүүнүн ары-беркисиндеги ошол киши чыкты. Жүрөгүм опкоолжуй, бир булкуп алды… Көз токтотуп, бир көргөндөгү туюмумдан иренжий түштүм.

…Өлкөнүн өзүнчө түгүн булатып, өз түндүгүн өзү көтөргөн мезгили (канча убакыт өтсө деле, дүжүр ой баштан кетпей) оор болот турбайбы деп саясаттан баштап, саясат менен сөзүн бүтүрдү да, журт эгеси ата-энеси жок, тоголок жетим жана жарым жетим балдарга кийим-кече бергенин аны ээлерине тапшырып коюга уруксат сурады. Теңтуш, ар кандай курактагы чоң-кичиненин арасынан «сен жетимсиң» деп, сөөмөйү менен көрсөткөндөй, тирүүлүктүн өйдө-ылдыйында энчидей тагдырга жазылганы аз келгенсип, өз ичинде атасынын же энесинин ордун жоктоп, ансыз да кез-кез жүрөгү кусага толуп, өзүн кем сезип жүргөн балдардын жарасын тырмагансып, бир-бирден атынан, атасынын атынан чакырып, тапшырды.

Жыйындан кийин бапырандаган март конокту төгүл-чачыл дасторконго отургузду. Оозу жыйылбай күлүп, жашыраак эжекелерге көз кысып, тийишип сүйлөп, жасакерлене ысылык сунуп, ойноктогон көзү менен келбеттүүрөөк, сулууча кыз-келиндерди оюнда чечиндирип көрүп да, үлгүрдү окшойт… Жетимдердин тонун майлоо отурушу баштан-аяк бир кишинин каш-кирпигин койбой мактап-жактаган кооз сөздөр менен башталып, ичкиликтен бошогон бөтөлкөлөр бутка чалышканга чейин түгөнбөдү.

Күндөрдүн биринде экинчи класстын эжекеси ооруп келбеди, директор мени сабактарын окуткун деди. Класска кирсем чаң-тополондон көз көрүнбөй, ызы-чуудан кулак тунат. Балдардын эки-үчөө Мауглидей партадан партага улак чаап учуп жүрөт, башка дагы үч-төртөө терезеден улактай секирип ойноп жатат. Бир кызды чыңыртып, колундагысын ала албай, бирөөсү басып алган. Акыркы партанын

үстүндө топ кыздар кыркалакей чабалекейлердей тизилип сүйлөп атабы, урушуп атабы билип болбойт… Менин киргенимди эч ким аңдоо албады. Алымын жетишинче «Тынчтангыла!» деп кыйкырдым. Тепилдеген бир бала жаныма чуркап келди.

- Сиз окутаспы? Биздин эжеке келбейби?

- Ооба, эжекеңер ооруп… оозумду жыя электе

- Ур-аа, эжекебиз келбсйт, ураа! – деди, калгандары бир үндөн коштоп кетти.

Мени уккан эч ким жок, уккусу да келбеди. Ушундай да жапайы класс болобу деп жакамды кармайм. Айлам кеткенде баш бербегенин сызгыч менен шыйракка чаап, үч-төртөөнүн кулагынан чоюп, партага ныктап отургуздум. \нүмдүн айбатын көрсөтмөккө, катуу-катуу басымдуу сүйлөп, араң эпке келтирдим.

Үй тапшырмасын сурап, жаңы теманы эми баштаганымда ортоңку партада отурган экөө чабыша кетти.

- Альва-халва жесең маза…

- Бочка-бочка немецский чочко… деп алмак-салмак текилдеп, уруша башташты. Бири чачын экиге бөлүп өргөн, жаңы туулган козунун баңо, кирсиз көзүндөй бакырайган, мурдунун таноосу топчудай тыпыйып, эрини боёлгондой кызгалдак түспөл татына кыз менен беркиси маңдайына бир тутам көкүлү бар, тегерек бет, томолок, көздөрү ойноктоп тынч турбаган, өзү теңдүүлөрдөн кыйла дадилирээк көрүнгөн эткээл бала. Экөөнү араң тыйып, кайталанса сабак бүткөнчө «экөөңдү бурчка тургузам» деп эскерттим.

Кичинекей кыздын атына мен да таңыркадым.

- Альва, Альва… Атыңды ким койгон?

- Апам. Москвада окуп жүргөндө украиналык досу бар экен. Ошондой кыз болсун деп коюптур… А

Альва өз атына сыймыктангандай шаттанып айтты. Аңгыча бир парта артында отурган, жана эле чокуша кеткен Медет эки колун оозуна тосмолоп, сыр угузгандай айтты:

- Апасы жиндиканада… акылынан адашкан…

«Селт» дей түштүм. Альва албууттанып, ыйламсырап туталанды.

-Жалган айтпа! Бочка, сен ушакчы кемпирдин эрке талтаңысың. Апам дарыланып жатат. Жакында келет…

- Келбейт. Апаңдын келбегенине көп болду.

- Жетишет. Оозуңду бас! Медетти айбат менен барып тыйдым.

Баланы кичинесинен чоң ата, чоң энеси баккан экен. Сабакты бир пейили келсе жакшы окуйт, аракеттенет, бирок пейили келбесе окубайт, баладай алданбайт, курту кайнап турган немедей шоктонот. Партага байлап коюп жаның тынбаса, бир мүнөт жаны жай албайт. Чунаңдап, жөн турбай кыжырыңды келтирген жоруктарды ойлоп тапканга маш. Класстын атаманы. Кыздарды адам катары санабайт, муштап, уруп ыйлатып кумардан чыгат. Айылдагы кыбыр эткен жаңылыкты, урушуп-талашканды, чайлашып-пайлашканды да биринчи Медеттин оозунан угабыз. Мурдагы окуткан эжекеси «радио» деп койчу экен. Чоң адамдардай сөөгүңө сайып сүйлөгөнү жаныңды чыгарат. Байдар жердин, мартабалуу адамдардын небереси болгонунан эч ким деле тыйганга даабайт. Чоң энесинин кыял-жоругун жазбай тартыптыр дешет эжекелер. Кемпир-чалдын койнунда жаткан бала эркеликтен чалжаңдап, кутуруп кеткендей шоктонсо, укпай турса, сабагыңды бузса, кимге айтаарды билбей, эмне кылар айламды таппай калган күндөрүм болду.

Сабактан кийин Альва менен сүйлөшкүм келди. Апасы жөнүндө эмес… Жөн жай көңүлүн көтөрүп, тумандуу көөнүн алагды кылайын дедим. Бирдеме айтсаң «шып» илип алган кунттуулугу, тез өздөштүргөн зиректиги, аябай боорукер, жапакечтиги өзүнө имерип турду. Бой-башынын тыкандыгын айтсаң. Энеси жок кыздай эмес, дайыма таптаза, куурчактай кулпунуп турат. Мектепке келатсам, алдыман тосо чуркап, кетип баратсам, дөңгө чейин узатып коюп, ылым санагандай жакындашат. Кээде колдорумду кошоктой кармалап, жүзүнө басып көпкө турат, апасынын жытын издейби көздөрү жайнай түшөт, кайра колумду аяр коё берип, элеңдей эки жагын каранат…

Майда классты окутуу азап экенин ошондо билдим. Тезирээк эжекеси айыгып чыкса, колуна тапшырсам дегенде эки көзүм төрт. Бир күнү Альва мектепке капалуу, ызалуу келди. Сабактан деле жооп бергиси келбей, партага башын жөлөп, ооруп жаткандай түр көрсөтүп

отурду. Кабатырландым, бирок билдирбедим. Көзүмдүн кыйыгы менен уурдана ар бир кыймылын көзөмөлдөп, сабакты бүтүрдүм.

Экөөбүз ээрчише мектептен чыктык. Кабагы дале ачылбады. Маңдайын сылап, эркелете боорума кыстым. Ушуну эле күтүп тургандай кичинекей кыз өпкө-өпкөсүнө батпай шолоктоду. Эч нерсе дебедим. Ыйлап бугу чыккандан кийин энтиге-энтиге барып токтоду. Бир оокумда алдыман тороп алды да, эки колумду бекем тартып, жалынып жиберди.

- Сиз мени апама алып барасызбы?!...

-...

Эмне дээримди билбедим. Бир канча тынымдан кийин билсем деле, оозум барбай жатып сурадым.

- Апаң каякта?

- Ооруканада…

- Оштобу, же каякта?

- Майлы-Суу деген жерде деген таенем. Баргансызбы?

- Альва, мени укчу, каникулда алып барсам болобу? Азыр мектептен чыга албайм. Эки маал окутам билесиң да.

- Каникулдабы?

Ал ишенкиребей кайрадан сурады.

- Ооба.

- Сөзсүз алып барасыз ээ. Апама барганда таенем алып берген жаңы көйнөгүмдү кийип барам.

Көзүмө жаш тегеренип кетти.

Эки жумадан кийин Альванын өз эжекеси келди. Оор жүк желкемен түшкөндөй жеңилдей түштүм. Кичинекей кыздын балалык кыялын кыя албай, сезимине суу сепким келбей, каникулда сөзсүз апасын көрсөтүп келүүгө өзүмө сөз бердим.

Кайсы бир күнү чоң жолдо келатсам, эки аял артыбыздагы бирөөнү сөздөп кирди. Ортобуз алысыраак, карадым, тааныбадым.

- А-а, бечара жакшы боло албаптыр да. Жаңы келин болуп келген кезинде кандай эле!... Атаң-н көрү, турмуш…

- Тиричилик деп кажынып жүрүп, өзүн түгөтүп бүттү. Эмнеси жетпейт эле?

- Оорудан ушинтип калдыбы же күйөөсү түбүнө жеттиби? Эркек эч нерсе болбойт. Катын алам деп камынып жатыптыр.

Экөөнүн сөзү угулбай калды, менден алыстап баратышты. Басыгымды акырындатып, арттагыны күттүм.

Бутунда галош, үстүнөн чыканагы сүзүлгөн жуула берип, шалбырай түшкөн жемпирчен, башындагы жоолугу да эски, элеңдеп-энтигип, эки тарабын корккондой жал-жал тиктеп, шашкандай бейтааныш келин келатат… Колунда баланын башындай түйүнчөк. Көздөрүнөн эч нерсени туюп болбойт. Карегин чөктүрүп жибергендей… Нестей муңайым, жанын жоготкон каректен эч нерсе окулбайт. Мага катарлаша түшкөндө, жалт бир тиктеп, арышын ылдамдатты. Арыраак жүргөндө бирөөнүн атынан чакырдыбы же бакырдыбы айтор, бирөө кууп бараткандай чуркап кетти. Энелик сезими козголуп, балдарынын сагыныч-кусалыгы, балдарынын мээрим-шапааты чуркаттыбы, ким билсин…

Ошол жылы күз көпкө салтанаттады. Аркандай чубалжыган күндөрү узакка созулгансып, абанын ысыктыгынан теребелдегилер биринен-бири жарышкандый боёгун түрлөнтүп жатты… Айланада чаң тозуду, күздүн акыркы сапары өтө эле кунарсыз тартты, кечээги шаңданган боёктордун өңү өчүп, бак-дарактар дырдай жылаңачтанды. Декабрда же тамчы жамгыр жок, же сууктан кабар жок, күн жылмаңдап турганына карабай, коңур күзгө кош айталбаган токсон түштү.

Жыл тогошкондо самаган кардан кабар келбей, дыбырап-себелеп бар-жоктун ортосундагы жамгыр жаады. Жаңы жылды жамгыр менен тостук. Айылда балаты майрамын шаан-шөкөт менен тоскондор кемде-кем. Январдын баш жагында аптаптуу күндүн кебетеси жаздын илебин чакырып тургансыганынан «Быйыл кыш болбойбу?» деп бүшүркөгөн менен аппак кардын кадыры өтүп, кыштын кыштай эле болгону жакшы деген үмүт үзүлбөдү.

Балдарга кышкы каникул башталган. Мугалимдер, биз, мектепке көз көрсөтүш үчүн барып-келмей. Бир күнү сумканы мүрүмө асып коюп, мектептен келатсам, асфальтталган чоң жолдо жеңил машине турган. Оюмда кыпындай нерсе жок, же шексүү, коркуу же сезүү деген. Сезмек түгүл, машиненин жанына келгенче ким бар-жоктугун аңдабаптырмын. Күржүйгөн сөөк-саактуу, бейтааныш экөө түшүп,

Кожо аксакалдын үйүн сурашты. Өң-түсү, бет-башы, кийим-кечеси деле көзүмө токтобоптур, эстей албайм. Баары ушунчалык тез, эс-учту жыйгыча болбой, колумду толгоп, делдектете сүйрөп, машинеге көтөрүп салды. Даат деп бакырып-чакырганым, кимдир бирөөдөн жардам сурап жалынып-жалбарганымы, уккан бирөө жок, баягы экөө желкемден ныгыра басып, ортого алып отургузганда, шопуру музыканы жаңыртып коюп, зуулдап айдап жөнөдү. Заманам тарып, үнүм барынча кыйкырып жатам, жырткычтын чеңгээлиндеги байкуш макулуктай тыбырчылап жатам…

Айылдын четки жолу менен бир үйдүн алдына барып токтоду. Короого сүдүрөп киргизгенде, топурап бир топ кишилер жүрөт. Капилет четирээкте тиктеп турган кичине кыздын көзүнө көзүм уруна түштү. Эстей албай жаттым… Боюм дүрт этип, денемден жылуу-жумшак кан дүрбөп өткөнсүп, жакынымды көргөндөй эркедим, көз жашым колкулдоп төгүлдү.

Койчу эстегим келбейт, жоолук салгандагы эпизодду. Колумду кайрыганда жаным көзүмө көрүнүп, тартышып-түртүшүүдөн, жеңелери менен жулмалашуудан бүткөн боюм жанчылды. Колу-бутумдун, сан этимдин соо жерин койбой, өчү бардай чымчылашканына жаным кейиди… Бир оокумда лөкүйгөн бирөөсү күпүлдөп кирип, «шак-шук» уруп жиберчүдөй атырылды:

- Болду да эми! Жаш кыз да сенчелик өнөр көрсөтпөйт. Атаңдын төрүндө кара далы аттыгып отургуча, эр алганына кудай де… Жогорку билимдүү, түшүнгөн неме деп жээндин жактырганы ушубу?... Тыйтаңдаба, эл-журтка, тууган-урукка сөз болгуча, эсиңе кел. Иш бүткөнүн билип туруп, кылыктанып коёсуң да.. Ата-энең ыраазы болуп, берип аткандан кийин сенин колуңдан эмне келет? Жөн койсо…

Аялдардын бирөөсү кой-айга келбегенде, жанагы неме каалашынча жекирет беле. Сөзү сөөгүмдү көзөп өткөнсүдү... Туш тараптан аялдар жаалап кирди.

- Ырас айтпадыңызбы? Бизди суй жыкмай болду. Көөнү болбосо, ачыгын айтпайбы, эшик аттагандан кийин үйүндөгүлөрүн, бизди убара кылып минткени эмнеси?- деди чакчандаган бирөөсү.

- Калп эле тайтаңдап жатат. Ичинен сүйүнүп атса керек…

Көөнүм таштай муздап, колумдан эч нерсе келбесин, өзү каалап келди деген жарлыкка каяша айта албай, каршылыгым куру убарагерчилик экенине көзүм жетип, нес болуп отуруп калдым…

Кыялымда эңсеп, зарыга бапестеп жүргөн бактымдын жылуулугун зордоп өчүрүп, бешенемдеги чоочун бакытты карманбаска аргасыз болдум.

Жети бөлмөлүү, кызыл кыштан келиштирип салган үйдү тикелеп, ичин жасалгалап толтургуча кимиси кайсы күндү көрдү? Мурунку аялын аядым… талма оорудан катардан чыгып, өз коломтосуна эгедер боло албай калган аялды аядым. Чоочун үйдөгү буюм-тайым, жылтырак-жултурак, жер төлөөсүндөгү тирелип-тизилип, бир жолу да таңганынан чыкпаган жапжаңы идиш-аяк, деги адам өзүн коздош үчүн өмүрүн коротуп, убарагерчилик тарттырган дүйнө-мүлктүн мен үчүн чыпалактай жылуулугу болбоду. Кайра жети бөлмөнүн жетимиш убарасын тартып, таш коргондо күн өткөрүп жүргөнсүдүм…

Ар бир бөлмөгө кирген сайын Альванын көзү тиктеп турат. Байкушум, назик жүрөгүң менен мени канча жектеп кыйналдың экен? Анын так ушул үйдүн, бактысын менден тапкысы келген күйөөмдүн тун кызы экенин билдим. Ошол зордукталган күндөн кийин аны бир да жолу көрбөдүм. Сүйлөшкүм келди. Болгон чындыкты айтып бергим келди. Мектептен мени көрсө, шарт бурулуп кетет же жолдон бет келишсек, чымын-куюн боло чуркап өтөт. Мени түшүнөт беле же актанды дейби?... Ата-энесинин очогун коруп, жылуу түнөгүнөн айрылганына жаны ачып, күнөөнү менден издеп, жек көрсө керек…

Крандын суусу токтоп, айылдын башындагы каналдан желкемде бакандап суу көтөрүп келатсам, көчөдөгү арыктын жээгине коомайланып отурушкан эки кемпир күңкүлдөп сүйлөшүп жатты.

- Мунусу канчанчысы болуп кетти?

- Таң ай… Эки баласы менен оорукчан келинди кетирген деп уккам. Андан мурда дагы эки аял алса керек эле… Алардан балдары барбы-жокпу, билбедим. Эркектин деле бешенеси келишпесе кыйын экен…

- Чоң болуп иштесе, дүйнөсүнө кызыккан кыз-кыркын чыга берет да. Эрге тийбеген кыз алды дешпедиби…

Эки аялдын кеби кулагыма утуру-утуру жаңырып, бутум баспай, бүткөн боюмду алсыраткан абалдан араң үйгө жеттим.

«Аа-ий, ушундай да аңкоо боломбу? Кимге тийгенмин өзү? Анда эмнеге мектептегилер жер-сууга тийгизбей мактайт? Байлыгы, мансабы үчүнбү?..». Отуруп-отуруп ар кыл ойлор самсалап, бирөөнө жооп таба алсамчы… Эмне кылышым керек?

Күйоомдүн баскан-турганы, сүйлөгөнү, мамилеси, койчу, турган-турпаты териме жакпай итеркейимди келтирет. Жумушка кеткенде, эркинирээк дем алгансып, кысылбай калам. Танимди таштаганым менен ого бетер басынып, жылуулугу жок үйдүн, мага эр болгон неменин туткунунан чүнчүп, тумандаган ойлордон жол таба албай, айлам кетип жатты.

Жумуштан дайым кеч келет. Жашоо ошонуку эле. Алагүү кызып, кээде бутуна тура албай мас келет да, күп түшөт. Эртеси эчтеме болбогондой жуунуп-таранып, кырынып-себинип, чыкыйып ишине жөнөйт. Шопуру көзүнүн агы менен тең айланып, башынан ылдый жүгүндү куйса унчукпаган, оозу бекем неме. Эл жатаарга камынып калганда, дарбазанын жанына токтогон машиненин бипилдеген сигналы чыкты.

Шопуруна буйруп:

- Багаждагыларды үйгө киргиз, жеңеңе өткөрүп бер-деди өзүнүн камдуу, тиричиликке бүйрө экенин көргөзгүсү келгендей дердейип. Мындайда мен тилими жутуп алгандай тунжурап, сөзүм оозуман түшүп, эч нерсе дей албайм. Эмнегедир Альваны ойлоп, мээме келе калган ойдон ачылып айттым:

- Апкелгендериңиз көп го. Балдарыңызга таштатып койбойсузбу?

- Даяр тамак-ашты, жыргал жашоону чанып кеткен таенеси бага берсин аларды. Гулжундап жакшына жүргөн балдарды үйдөн алып кетти. Сүт сатып канчага багаар экен? Көрөөрмүн… деди кекенгенсип.

Анда-санда жааган кыламык кар тез эле эрип, жер бошошту, алыскы-жакындан жашынмак ойногонсуган жаздын жыты келет. Эшик алдындагы огороддун тескей тарабындагы үч-төрт жердеги коюу чыккан нарцисстин кулагы күнгө баш бакты. Күн жылыган сайын кулагын делдейтип, бой керген гүлдөрдү казып, мандалагын кошо үйдү тегерете бирден отургузуп чыктым. Аш-паш дегиче, жаз кенен-кесири

472953

батынып келгиче, тамырын бекемдеп көчөттөр көгөрүп алат дейм. Нарцисс ой-кырдагы, тоо-таштагы баардын символу байчечекейге удаалаш эле гүлдөй. Ак, сары, пушту гүлдөрүн сеңселтип, капилет келген жагымдуу сезимден толкуган кыздын жүзүндөй албырып, жаздын ырын ырдайт. Бой жетип, базарың кызып, баш бармактагы тамчы суудай төгүлө албай турган кезиңде мени эстерсиң Альва! Ай-ааламга кулачың жеткендей толуп-ташып, жан-дүйнөңдүн эркиндиги баарынан кымбат сезилген бир учурда мени түшүнөөрсүң…

Баягы күн… Эсимде. Күндөрдүн биринде күйөөм жумуштан кеч, кызуураак келди. Төшөктө жатканда эңкейип жерден чөп албаган ак кол, болпойгон жумшак колу менен сылап-сыйпап, төгүлө өпкүлөп, кулакка жагымы ушундай бир дүүлүктүргөн сөздөрдү айтып, эркелетип, жанын сабап козгогусу, кумарланткысы келди дейсиң… Дендароо сыяктуу ындымым өчүп, кубаттап коштоп жооп берүүгө алым жетпей, үлүл сыяктуу кабыгымда бүрүшүп-тырышып, мазесин кетирдим. Ошондогу анын бир сөзү акыркы чечимимди тездетип жибергенсиди…

- Чын эле мерез турбайсыңбы… Муздагыңдан жаныңа жан алгыч да жолой албайт… – деди, оор үшкүрүп, кыйгачына оодарылып, артын салып жатып алды.

Сырттагы чымчылаган ызгаарга үйдүн суугу кошулуп , туш тарабымдан ызырынгансып, жанагы уу сөз мээме сайылып, калчылдап үшүгөнүмдү көр… Жерге чубалган узун, апапакай үлбүрөгөн түнкү көйнөктүн какшагын, оордугун көтөрө албай, жаным карайды.

Азаптуу күндөрүм көпкө созулбады. Эч кимге жаман айталбадым. Мени тындыргысы келген апамды, бирөөнүн оокатына кызыгып, тагдырымды оңой эле экчеп койгон атамды, менин паанам менен пайда көргүсү келген эжемди, кала берсе мени жактырып калган адамды да күнөөлөп-күнөөлөй албай шаарга, облустун борборуна келе бердим…

Чоочун үйдүн астанасын экинчи баспайын деп аттанган күндүн эртеси кышты биротоло узаткансып, учуп-күйүп балбалактап, бармактай-бармактай сары кар жаады.

Шаарга ишке кириш оңой эмес экен. Апамдын инисинен башка жан адамга басып барганга даабадым. Айыпташкандарын уктум. Алы

жеткенче ушактапты. «Топурагымды түйүп койдум. Көзүмө көрүнбөсүн…» дептир анам.

Баарын жаңыдан баштагым келди. Адамдарга аралашып жугумдуу, батымдуу болоюнчу деп, мурунку түнт кыялдарымдан, ичиркектей кыялкечтигимен четтеп, окчун жан дүйнөмдү акырындап өзгөртүүгө өттүм. Шаарга келгени сырткы кебетем да өзгөрдү. Адегенде, айранга жууп, чалкандын тунмасына чайкап, кулпуруп желге таралган жибек чачымды кырктырганга көзүм кыйбай жатып, көз жумдум. Белимди орогон билектей жоон чачымды кестирип, «Мода» журналдагы чачтын үлгүсүндө жасалгалаттым. Жеңем экөөбүздүн мамилебиз келишип, эже-сиңдидей болуп калдык. Жарым жылдан кийин тагамдын тааныш облустук билим берүү башкармалыгынын башчысынын тилин таап, аке-жакелеп мени эптеп ишке киргизди.

Кабинетине биринчи киргенимде жылуудай кабыл алганы менен бир нерсени колко кылгандай ноюп, күйшөлүп-ыңгыранып жатып, арызыма кол койду.

- Так, мугалим турбайсыңбы. Руслитти бүткөнүңдөн эле ишке алып жатам. Министерствого документацияны орусча, грамотный даярдаган кадр жок эле. Посмотрим…

Сыртка чыгып баратсам токтотуп, челкейген курсагын сылай ордунан туруп, кызыкканын билдиргиси келбегендей, жөн эле сураганын:

- Турмушка чыккансыңбы?

- Жок…

Ушул сөздү айтаарын айтып алып, айыбым ачылып калгандай коркуп кеттим. Ушул айыбым жыл өткүчө бир мертебе эмес, миң мертебе «тык» эте көңүлүмө кол салып, жүрөгүмдү «шуу» эттирип жүрдү.

Өмүр дагы бир барагын ачты. Сокур кишидей таягын таптап, кыр ашкандай мезгил-өмүрүм учуп, кезектеги куурактын белин ашты… Жалгыздыгым сезилди… Бар билгеним жумуш. Орус тилин сабаттуу билгеним аброй алып келди. Котормого үйрөндүм. Эки жагымды кайсалактап караганга, буту-колумду узун сунуп отурганга убактым болбойт. Жеңемдин кеңеши менен юриспруденцияга сырттан окууга тапшырдым.

Башкармалыктын кагаз иштерине менчелик такыба, жоопкер киши жоктой башчыбыз да биротоло таянып алды. Арыздарды, райондордогу бөлүмдөрдү текшерүүгө, аттестациялоого башкармалыктын комиссиясынын жооптуу өкүлү катары көбүрөөк мени жөнөтүшөт. Колу-жолум бош, жалгыз бойлуулугумду бетиме кармашат мекеменин аялдары. Алыскы аймактардагы командировканын оор-жеңилине кайыл болдум, анткени көңүлүмдү алагдылатып, көөдөнгө бүлүк түшүргөн, эстен кеткис элестери менен көкүрөктө уюду. Талаа кезип жүрүп, таалайымбы дедирткен Сизди кездештирдим…

Бир арыздын үстүнөн текшерүүгө баргам. «Шевченко» атындагы мектептин директору Гулшайым Аманбаева чырдуу аттестатты райононун чоңу айтканын улам жазып берүүгө аргасыз болгонун, мынчалык ызы-чууга түшөөрүн билбегенин, күнөөсүн моюнга алаардан мурда бир маселени менден тактап коюуну өтүндү.

Билим берүү бөлүмүнүн башчысы Азамат агай жасакерлене комплимент айтып, эшиктин оозунан жайдары тосуп алды. Иштин чоо-жайын билдирип, канткен менен түшүнүк кат жазып беришиңиз керек дедим. Оболу алдап-соолап, бал тилге сала жойпуланып, катты жаап-жайгарып койсом, куру кол калтырбасын айтты. Мен макул болбодум. Бул биринчи, экинчиси да эмес… Канча жолу арыз түшөт, башчыбыз менен жакындыгынан, жабылуу аяк жабылуу бойдон калат. «Колуңдан эмне келди?» деген мыскылдуу көзү менен кыйытып, текеберленгеничи…

Экөөбүз кайым айтышып отуруп, катуу уруштук.

- Кайып Карабековичтен да чоң болуп кеттиңби? Кабинеттен чыкпай, отчёт алгандан башка эмнени билесиң? Колуңдан келгенин жаса. Бар, жогол!

Мени такыр теңсинбей, титиреңдеп, уруп жиберчүдөй темиишди.

Кайтып бараткандыма райондун «биринчи жетекчиси чакырып жатат» деп бирөөсү артымдан жете келди. Бир чети таң кала, бир саам чочулап, кабылдамага бардым. Кезек күтүп тургандар көп экен. Канча өткөнүн билбейм, бир оокумда катчы кыз:

- Кириңиз-деди.

Өтө сыпайы, эч кандай эмоциясыз кабыл алды.

- Атыңыз ким?

- Акдана.

- Мм-м. Мен баарын уктум. Өзүм Азамат Арапбаевич менен сүйлөшүп чара көрөм. Комиссия ак-карасын аныктайт, андан ары иштин иштебин чечилет. Бул жөнүндө сөз бүттү.

Анын астыртадан табышмактуу тиктешинен көзүмдү ала качтым. Жоодур, мээримдүү көз карашы бүт тулкумду ээлегендей, эңги-деңги боло түштүм. Бул жарыкчылыктын бүт жакшылыгы кучагыма батпай тургансып, эжиреткен купуя сезимдин чабагына бой сермедим.

Ордуман туруп, эшикти көздөй баратканымда;

- Сиз меймансыз, түштөнүп кетпесеңиз болбойт – деди.

Ошентип, тагдыр бизди ой-боюбузга койбой, кездештирчү болду...

**Саламатсызбы…**

**Ушул катты жазуу мага кандай оор. Ички сезимдин албууттанган уйгу-туйгусун моюнга алуу, ачык айтуунун өзү кыйын. Ошондогу биринчи кездешүүнүн таасиринен алиге чейин чыга албайм. Көзүмдү жумуп, элесиңизди өзүмдөн алыстаткым келет. Унутмак тургай, бассам-турсам көз алдымдан кетпей койдуңуз. Кайда барбайын, элесиңиз ээрчип, тула боюмду дегдеткен сезимден өзүмдү коёрго жер таппайм. Бизди эмнеге мынчалык жакындаткан, эмнеге бат-бат эстеткен, тез-тез издеттирип-эңсеттирген кайсы күч?**

**Ошондо экөөбүз ыпысык, таттуу сезимдерге бийлетип койдук окшойт. «Бир келген өмүрдө кыялымда самап-күткөн аялзатын кезиктирдим, тагдырыма ыраазымын» деп ич-койнуңузга батпай турдуңуз. Дасторкондогу өрүктүн жаңы чагылган данегинен тизилген шуруну колума тагып; «жан дүйнөмдүн данегиндей жаныма кубат болуп жүрүңүзчү...» - деген сөзүңүз көөдөнүмдү козкутуп, жарты көңүлүмдү кайыптан келген бакытка мелт-калт толтургансыды…**

**Мен кандай болсом, ошол турушумда кабылдадыңыз. Өтмүшүмдү сурап, ики-чикисине кызыгып, тайып-жазып жаңылган турмушума баш бакпадыңыз… Ой-дүйнөбүз окшошуп,**

**жашоого көз карашыбыз, бири-бирибизди толуктаганыбыз, ал эле эмес кыялдарыбыздын жакындыгы бирибизди-бирибизге тартып турду.**

**Жолукканда сөзүбүз бүтпөй, бүт ааламды алаканга салып алгандай толуп-ташып, бирибиз экинчибизге дем, кубат беребиз. «Мунун өзү бакыт дейм…» көкүрөгүмө колумду коюп, бөтөн көздөн, суук сөздөн сактай гөр деп жаратканга жалбарам.**

**А-а, телефондо такыр сүйлөшө албайм. Ар бир жолу телефон чалып, «сүйлөңүзчү...» дегениңизде, айтам дегенимди таппай апкаарып, тилин жутуп алган немедей мелтейип туруп калам. Чалкыган көл сыяктуу дилимде куюлушкан сөз тизмегинин көкүрөгүмдө камалып, сыртка чыга албаганы эмнеси..?**

Адаттагыдай башкармалыктын календарлык иш планын мага түздүрүп, чогуу талкуулап отурганбыз. Бөлүм башчынын милдетине кирбесе деле башкаруучунун буйругун аткарбаганга айлаң барбы? Олуттуу маселе чече тургансып, катчы кызга:

- Мага эч кимди киргизбегин…-деген буйругун таназарга албадым. Жазгандарымды карап, ийненин учунда отургансып, даярдагандарыма макул болсо экен… деп чый-пыйым чыгып отурам.

Көптөн бери көөнү бузулуп жүргөнсүгөн. Түз жүргөнүм жеттиби же сынагысы келдиби, оюн айтаарга оңтой издеп, болоор-болбос иштерге кабинетине чакырып, жарым сөздөн туйгусун кыңгырап, өзүнө имерүүнүн жолун таба албай жаткансыган… Туюмум жаңылбаптыр.

Бир маалда ордунан туруп, терезеге жакындап, керилип-чоюлуп алды да, жаныма келди.

- Кыз деле эмес турбайсыңбы? Үнү мыскылдуу, шашылбай, пауза менен:

- Биринен болбосо экинчисинен… Мага буйругандырсың… Жүрсөң жүрө бересиң. Тирүү жансың, сага турмуш керек. Туурабы? Аа-а…

Чачымды жумшак сылап, мойнума билегин ороп, өзүнө имере бекем кысып койду. Ордуман турууга обдулдум, демиккени, жүрөгүнүн тез-тез соккону сезилип турду. Өзүмөн түртүмүш этип;

- Антпеңизчи…-дегеним менен оозума бир сөз кирбей, тилим буулуп, жүрөгүм кабынан атып чыкчудай тынчтана албай, оюмда

өмчүн таржымалымды кимден уккан?» деген суроо менен алпурушуп турдум.

- Менде иштеп жаман болдуңбу? Эми дагы көтөрүлөсүң. Бирөөнү төрөп берсең, башыма көтөрүп өтөйүн. Үйлүү кылам. Бир болмоң барып-барып эки, үч болот. Үйдөгү катындан безип жүрөм. Аягымды пайлап, болор-болбоско кызганат, күндө уруш. Жашырынча барып турайын азырынча, сагынганыңда… Серьезно айтып жатам. Ойлонуп көр.

… Ух-ух, заманам тарыганы ай, бешенеме ушундайлар жазылганбы? Дароо элестетип, үркүп кеттим. Теримди чыйрыктыра бирдеме жөргөлөп жүргөндөй, туңгуюк, нес, ары калтыс сезимден буулуктум. Атамдын жашына чамалаш кишинин тепсендисинде калгыча… дейм да, кайра намысым ойгоно, чыйрала түштүм. Же сынап жатабы? Жеңилдик кылам деп кадыр-барктуу ишимден ажырабайынчы деп корктум. Чычаңдабай эле, айлакерликке ыктап:

- Жок десемчи?... дедим, калп эле жойпуланганым менен зардам кайнап, ичимден жек көрүп.

- Жок дебейсиң. Кантип жок дейсиң?...

Арсар оюмду окуп алгансып, артыман келип, кош канатын аяр жайып, бооруна тарта көкүрөгүмө колун соймоңдоткону калганда, кудай жалгап, ички телефондордун бири шыңгырап калды.

Тройкасынын үнүн жазбай тааныганынанбы, адатынанбы трубканы «шып» көтөрө койду. Эмелеки элеп-желеп, жойпоңдогон үнүнүн тону өзгөрүлө, салмак менен пас чыгып, жогорку жактагы кимдир бирөөнүн сөзүнө кошоматтана желпеңдеп, илбиреңки үнү менен жооп берип жатып, «бара бер» дегендей, мага колун жаңсады. Ичимен жымың эте эшикке атып чыктым.

Министрликтен, өкмөттүн аппаратынан комиссия келет деп дүрбөштү. Адатыбызча башкармалыктагылар чак-челекей түшүп тыпылдайбыз. Башчыбыздын ордуна отура албай калганына караганда, жогортон келе турган кишинин кадыр-кымбаты өтө эле бийикпи же биздин иштин аңтар-теңтерин чыгара турган текшерүүбү, болжош кыйын. Ошол кезде мектепте окубай эле, иштеп же талаалап жүрүп, жасалма аттестаттарды сатып алуу көнүмүшкө айланып кеткен, фактылар жеринде текшерилип-териштирилет экен деген сөз тарады.

Бир апта түндүн бир оокумуна чейин, обо-добо үйүлгөн документтер оңдолуп-түзөлүп, шектүүсү кайра жазылып, иреттелди. Сөөмөй тийгизсе, чаң жукпаган кабинеттерди жууп-чайганы бир, райондогуларды дүрбөткөн маалыматтар кулак кагыш үчүн эмес, түздөн-түз буйрук берилип, буйруктун аткарылышын кайра сураган телефондордун кулагы тынчыбаганы эки болду. Кыжаалатчылыктан өзүн коёрго жер таппаган башчыбыз болоор-болбоско сөгүнүп-кагынып, бизди кан кууруп кирди. Кирип-чыккандардан эшиктин туруму үзүлчүдөй тынбайт, дагы бирдеме таап, мени урушпасын деп, шефтин көзүнө чалдыгуудан безилдейбиз.

Кийинки жуманын биринчи күнү комиссияны аэропорттон тосуп келишти. Облустук бийлик өкүлдөрү күтүп алганына караганда министрликтеги эки-үчөө эчтеме эмес, биздин тармакты тейлеген ак үйдөгү чоң кызматтагы аялдын келиши манилүү болду.

Арык чырай, шыңга бой, баскан-турганы тыкылдап жеңил, борбордун акыркы үлгүсүндө кийинген каадалуу аялдын көзүн баары эле тиктешет. «Гүлмира Абасовна мындай да…» дешип көзүнүн агы менен тең айланган чиновниктер аялдын көңүлүн бургузганга жан далбастайт. Бир карасаң кадыресе аялдай көрүнгөнү менен анын дымагы кызматынын зоболосунда, салмак-орду менен кимди болбосун эсептештиргенинде эле…

Салабат күткөнүбү же дээринде сыпайы этиканын талабына көнгөнүбү басканы, сүйлөгөнү, жылмайганы, угуп-укмаксанга салганы, баш ийкемиш болуп коштогону жада калса кызыккандай түр көрсөтүш үчүн суроо бергени да бүт баары рамкага салынгандай зыңкыйып, кадыр-кымбаттын калп эле кошоматтангандарга кетиргиси келбегенин анчалык байкатпаганы менен зардалуу дымагынан сезилип турду.

Түштөн кийин түз эле райондорду кыдырат экен деген сөз кабинеттен кабинетке желдей учуп жетип, жеңилдей түштүк. Демейде бутун оорутуп алган кишидей аярлай баскан, эпсиз семирген салмагын тарзан боюна салып, чалкалап жүрчү чоңубуз деле шыпылдап, ийкемине келе калыптыр.

Имараттан чыгып, жөнөмөкчү болушканда алдыда бараткан аял чоңдордун тобунан бөлүнө калып мындай деди;

- Кайып Карабекович, кыздардан бирөөнү кошуп берсеңиз. Жол узак, өзүбүзчө… кенен-кесир жол тарталы…

- Албетте, албетте…

Шашкалактаган башчыбыздын көзү мага токтоду.

Ак түстөгү «Волганын» арткы орундугуна мейман, алдына мен отурдук.

Жөнөй бергенде, машинанын арткы эшигинин ичинен караңгылатылган айнегине өбөктөй калып, туткасын акырын ачып башчыбыз:

- Гүлмира Абасовна, шофёрго баары дайын… Биз артыңыздардан... -деп, сөзүн бүтүрө электе, каадалуу аял камырабай минтти:

- Сиздин барышыңыздын кажети жок. Эч ким убара болбосун. Өзүңөрдөн өкүл турбайбы…-деди да шопурга айдагын деп буйруду.

Эмелеки дардаңдаган чоңумун шаабайы сууп, кагуу жеген жаш баладай үрпөйүп, шагы сынып кичирейгенин элестетип, өзүмөн-өзүм ыңгайсыздандым. Ал киши эмес, өзүм осол болгондой бушайман жедим. Ызасын менден чыгарарын, жер-сууну тепкилеп ызырынаарын ойлоп, кыжалат болдум.

Аял өтө сезимтал эле. Менин абалымды туюп калгандай, сөздү өзү баштады.

- Ии-и, сүйлөй отур, чоң кыз, иштегениңе көп болдубу?

- Эки жыл.

- Үй-бүлөң барбы?

- Жок.

Ал мени эмне дээр экен дедиби же жөн эле ушинтти

- Тандап жүрөм де…

- Тандабай эле…, уялган кишиче күңк-мыңк эттим.

Тынымга унчугушпадык. Бир топтон кийин:

- Жакшы эрди табыш деле кыйын. Акчалуусунун жүрөгү жок, сүйүүсү бардын дүйнөсү жок. Экөө тең бары кайда? деп, дилиндегини айтты. Өзүнүнбү же көпчүлүк аялзатынын бүтүмүбү мага да жагып, экөөбүздүн аңгемебиз уланды.

Кысылбай калдым. Чоң жолго чыкканыбызда, көңүлү жайына түштүбү, баягы рамкасынан суурулуп чыга калгансып, «эс алайынчы»

деп, бутун орундукка узата сунуп, жамбаштай жата кетти. Ал акырын паригин (жасалма чач) алып, этият артка кондуруп койду. Заматта эле өз үйүндө эч ким көрбөйт деп чач-башына карабаган, нымжан, суйдаң баш аял жатты. Жашы деле кыркка таяп калгандай…

Ак жуумалданган сертирээк өңүнүн бир көркү, ажарлуусу көзү. Табышмактуудай сыр каткансып, сүйлөгөндө, күлгөндө өзүнө тарта арбап жибергени жагымдуу. Тез ымалаштык. Жактырганым, кыйытып деле, өзүн көрсөтүп, өзү жөнүндө бир ооз сөз айтпады. Кызмат даражасын, мартабасын сездирмекке ишараттаган ургаачыларга таандык менменсинүүнү, кадырын өткөргүсү келип, болор-болбоско чыртыйган кыял-жоругун сезбедим. Эски тааныштардай асиреттешип келдик. Көзү илиндиби, аял унчукпай калды. Жүрөгүм алып-учуп, сизди ойлоп келаттым. Жолугар бекем? Арабыздын алыстыгы аз келгендей, жолукканга убакыт таппаганыңызга таарынып, издешкенге даабаганыбызды түшүнө албайм. Өткөндө дагы кат жазып, ичимдеги бугумду бөксөрткөндөй, жеңилдегенсип калдым…

## Эсиңиздеби…

**Театрдагы чоң жыйынга барбасам деле болмок. Кызматтык милдеттен эмес, сизди келеби деп бардым. Кечигип бардым. Пушкиндин Онегинине окшоп койкоңдоп көңүл бурдуртпай, эңкейе басып ортоңку орундуктун четине отурдум. Кыргызстан элдеринин ассамблеясынын Түштүк бөлүмүнүн маарекесине карата салтанат өтүп жатты. Залдын ичи толо. Көзүм сахнада болгону менен көңүлүм залда уурданып, издеп жүрөм… Менден арттагы орундуктарда болсо, «көргөндүр…»деп өзүмдү-өзүм жооткотом. Жанымдагы бейтааныш бирөө менен сүйлөшүмүш этип, карааныңызга көз таштайм. Буурул баскан чачты, тааныш турпатты, карекке уюп калган карааңды карайм… Орундугум ыңгайлуу, баары көрүнөт. Токточу… таанышыма көз токтоду. Алдыңкы катардагы орундуктардын ортосунда отурасыз… Жаныңыздагы райондук кеңештин төрагасы болуш керек. Кайрылып сүйлөштүңөр. Көзүмө ээ боло албай калдым. Утуру-утуру чуркап кетет… Мени байкады го, көрдү го дегенсип, ички**

**сезимдер тыпырайт, бирок өзүм көрбөгөндөй түр көрсөттүм. Көпчүлүктө таанып туруп, таанымаксанга салган адатыңызды билсем деле көзүңүзгө илешип калууга жан-далбастайм. Берки жаныңыздагы киши орундугуна чалкалай калганда, сизди даана көрдүм… Сиз деле мени көрдүңүз, чынбы?...**

**Кызматыңыздын аброюна шек келе тургансып, мындайда жаныңыздагылардан бөлүнүп учурашып коюуга кудуретиңиз жетпейт. Сиз эле эмес, стол кучактагандардын баары таанышын, дос-жарын чоңупуп алдында, мансабы бийиктегилер менен турса, көрмөксөнгө салышат. Зыңкыйып, каадасы бузулуп кала тургансып, бешенесинде турганды көрбөй өтүшөт… Эмнеге жолукпай кеттиңиз? Таарынычымды туйсаңыз-туйбасаңыз деле таарынып жүрөм…**

Каттын ыгын эч бүтүрө алчу эмесмин. Айтайын деген оюм түгөнбөчүдөй, бүтпөчүдөй сезиле берчү.

Жолдун жарымына жеткенибизде, биз бара турган райондун жетекчиси өзү тосуп алды. Мурдатан таанышпы, өтө жакынсынып учурашты. Кеч бешим ченде борборуна жетип, мейманканадан орун алдык. Эртеси кафеден тамактанган соң, эжекем биринчиге кирип кеткен бойдон конко отуруп калды.

Капыстан телефон чырылдайт. Көбүнчө кечки саат тогуз, ондордун ортосунда. Ошондо колу бошойт го. Киргендер азайып, каны кайнап турган турмуштун илеби басаңдайбы, эптеп убакыт тапканына ыраазы болуп кетем. Трубкадан үнүн угаарым менен оопколжуй, жагымдуу сезимдерден чатырап толом. Заматта шаттыкка бийлетип, кубанганымды билдирип коём. Эч качан, эч качан суз же кайдыгер боло албайм. Маанайым түшүп, сиркем суу көтөрө албай турса да, мындайды ууртум өзүнөн-өзү жарылып жылмаям… Беш-алты күн дарексиз болсо, телефон чалбаса, ага болгон кусалык ашып-ташат. Үнүн укканымда жанымда тургандай каниеттенип, көкшүнүм сууп, жектегенге, таарынганга, назданганга шылтоо издегеним менен дарексиз кетсе тепчилген, санааркаткан калтыс сезимдердин жаныңды сабап киргени эмнеси?...

## Билесизби…

Баягы-баягыдагы чукул кездешүүнү?... Жумуш боюнча борборго чакыртышты. Кышта самолётто учуунун азабы күч. Айрыкча туман каптап калса, аэропортто акыйып күнүң өтөт. Рейстер артка жылат, учактар уча албай абаны аңдыйт. Ушунчалык көңүлүм сыздаганда үч жарым сааттын кандай өткөнүн туйбадым. Оюм менен алпурушуп, түпсүз санаанын тузагында «кудайдын айтканы болоор» дегендей мелтиреп отура бердим. Мурдагыдай түртүшмөй, жуткунмай жок. Уча турган аянтка чыгуучу жайда кармалып тургандарды түз эле трапка алып келип, эки - үчтөн киргизе баштады. Самолётко баш бакканда, кире бериштеги орундуктан сиз менен досуңузду көрдүм. Жүрөгүм кабынан чыгып кетчүдөй шуулдай түштү. Досуңуз түсмөлдөп таанып, саламыма жооп бергенсиди.

Бош орундук издеп, биринчи салондун эң четки орундугуна жеткенде, эрксизден артыма кылчайып бурулуп карасам, тигиле тиктеп сиз турупсуз… Билбейм, күтүлбөгөн кездешүү сизди да алдастаттыбы?... Көзүңүз менен учурашып, акыркы салонго чейин узатып турганыңызды туюп турдум. Аттиң, эч ким болбогондо, ээндик бизге бийлигин бергенде кучагыңызга жыгылып, дилимдегини төгүп, өксүп-өксүп ыйлап алмакмын…

Жылуу жерге киргенденби, муздап, какшап калган денем ныксырап, уктай түштүмбү, же көзүм жазгырдыбы учактын терезесинен карасам, үлпүлдөк булуттарды аралап, ак кардын кучагында баратыптырбыз. Мойнумду созуп, сизди издедим… Баш кийимиңизди алып коюп, гезит окуп жатыпсыз.

Тилкеден тилкеге өтүп, кыламык кар жааган борборго жакындап калганда кандай учурашарыбызды түк ойлобопмун. Эл түшкөн аэропорттун автобусунан учурашабыз го деген ойдо эшикти көздөй шашып бараттым. Сиз мени көпкө издедиңиз, мен аны туйдум. Шаша-буша траптан түшүп келатканымда самолеттон беш-алты кадам нары турган РАФты көзүм чалды. Сиз досуңуз менен дагы бирөө, шопурдун алдында дагы бир аял турупсуздар.

**Боюмду түптүз кармап, эч нерсени байкабаган, билбеген-туйбаган пес кишидей траптан түштүм.**

**- Келиниз мында, чогуу кетели – деп сиз чакырдыңыз.**

**Келет деп ойлодуңузбу, күттүңүз… ал гана эмес, машинени токтотуп турдуңуз. Кандай күч бийлегенин билбейм, «жүгүм бар» деп тескери бурулуп кеттим…**

**Ичим туз куйгандай ачышты. «Поезд кеткенден кийин» сизди издеп, ары чуркадым, бери чуркадым. Кайырмакка илинген чабактай туйлаган сезим шарында менчелик түйшөлүп, менчелик күймөлүп көрдүңүз бекен?...**

Эки күн эжеке тынбай текшерүүдө жүрдү. Коңшу районго да жетишип, мектептерди, маданият очокторун бүт кыдырды. Күндөлүк иш дептерине угуру-утуру чиймелеп, көрсөтмө бергени, кем-кетигине ой айтып, баарлашканы баарына макул келгенсиди. Өз ишин жакшы билгени, ынтаасын коюп, үңүлө түшкөн жооптуу, кунттуу мамилеси жакты. Эч кимди кагып-силкпей, «коллегияда каралат» деген күбүр-шыбыры көп, опурталдуу фактысы менен шектелген билим берүү башчылары менен жекеме-жеке сүйлөштү.

Эртең кайтат деген күнү меймандын урматына чалкыган жапжашыл өрөөндөй учу-кыйыры билинбеген жүзүмзарлуу аймактын ажайып кооз бир жеринде чай беришти. Тилке-тилке жүзүм багынын бир жак капталы чымкый кыпкызыл роза гүлүндөй шагынан самсалап, көз азгырган анардын көчөттөрү экен. Болгону беш-алты киши эч кемтиги жок, дүйүм тамак-ашы жайнаган столдо тегеректей отурдук.

Коңшу райондон сиз келдиңиз. Эжекемдин чечекейи чеч боло: « - Канча жыл, канча кылым болду сиз менен көрүшпөгөнгө!...» деп орусчалап келгениңизге кубанды. Кучак жайып, өбүшүп көрүшкөнүңөргө, үзүлө түшүп, мээрим төккөнгө караганда илгертен тааныш окшойсуздар. Катардагы кызматкердин бириндей кол бердиңиз мага. Сиз да, мен да эзели көрүшпөгөндөй, бири-бирибизди таанымаксанга салдык.

Ээн жаткан талаанын аркырап соккон шамалы күндүн-жердин ысык аптабын кайтарып, жан жыргаткан мелүүндүгүн айт. Канча жылдардан бери ошол жерди ээлик кылган карт талдардын жоон-жоон

бутак-шактары дүпүйүп, ийненин көзүндөй күн нурун ачкөздөнө жалмалап, жашыра калышат.

Эжекем ичкиликке табити жок экенин айтып, албай отурду эле, сиз ордуңуздан тура калып:

- Гүлмира Абасовна, сизди келет деп тоодон кекилик аттырып, «Аюунун канын» кошо алдырдык. Ичпесеңиз болбойт го ушундай кооз табияттын койнунда – деп, элпек кыймылдап шарап сундуңуз.

Эжекем столдун көркүн ачты. Ыры менен ар кимди ар ойго салды. Жолбун шыбыштарсыз эркин чыккан, чайналып-кысылбаган үнү таза, бийик экен. Тоонун ойноктогон кашка булагы сыңар шылдыраган авазынан мукам күүлөр жаралып жаткандай жаратылыш үндөн, обондон марттык кылыптыр. Анын ошондогу отурушунан демейдеги сертирээк өңү, жугумсуз жылдызы деле билинбей, жан дүйнө кубатынан ажары жанып, супсулуу болуп чыга келди. Утуру-утуру сизге сөз кыйытып, көзү менен тийишип атты. Сүйлөшөргө темаңар табылганы эзелки эмес, жакындан таанып-билип, кыйышпас экениңерди баамдадым. Сыр бербедиңиз… Эмне үчүн? Жаныңыздагылар эптеп эжекеме жагыш үчүн, көңүлүн алыш үчүн эмнелерди айтып-дешпеди. Сиз тымпыйып, аялдын көңүл ышкын, арзуусун таназар кылгысы келбеген кайрымсыз бийиктигиңизден түшпөй койдуңуз. Көңүл кушун кондуралбаган эжекемдин далалатын менчелик сезип-туйдунузбу? Эмне үчүн унчукпадыңыз?

Жүзүмзар тараптан анардын чоктой кызыл гүлдөрү бизге көрүнүп турган. Эжекем эми байкады окшойт. Кандай гүл деп кызыгып сурады. Гүл эмес, анардын гүлү дешти. Өмүрүндө анардын кандай өсүп, кандай гүл ачканын көрүп-билбегенин мойнуна алды, жанынан көрүп, үзүп келмекке ордунан тура жөнөдү.

- Гүлмира Абасовна, ашыкпаңыз… Анардын гүлүн үзүш кыйын, тикенектери саят. Азыр өзүбүз үзүп келебиз- деп, чебелектей тура калдыңыз да, чай даярдаган кишини жөнөттүңүз.

Анардын гүлү ошондогу чайлашуунун акыркы темасы болду. Аял гүлдү колуна кармап, айландыра тиктеген калыбында суктанганын жашырбады.

А мен сизди биринчи жолуктургандан бери онтотпой турган ооруга жолуккандай ичимден сызып, эзилип бүткөнсүдүм. Эжекемдин

абалын алда качантан баштан өткөрүп, экөөңүздөрдү тутандыра албаган оттун чогун кармап алгандай кызыктай абалда жүрөм…

## *Кетпес так*

Ганы чал ооруп, уйку-соонун ортосунда таң атырды. Талаага барбаганга аргасы жок. Саратандын мээ кайнаткан ысыгынан гозолор чаңкап, бир кыйла жерлери соолуп бүрүшөт. Наати эки суучу эч каягына жетише албай, суй жыгылды. Шериги Шаят чоң каналдагы болгон сууну жыгып келем деп үрүл-бүрүлдө кеткен.

Суу башында ызы-чуу. үч бригаттын суучулары биринен өтүп экинчиси өзүнүкүн тууралап, мурапка баш бербей чырдашат. Кезектешип сугарсын деген тартипти түшүндүрө албай мукураган мурап тажаганынан сууну үчкө бөлүп, кыжындашкандарды араң кетирди. Суу пайлап, таманы тешилген Шаят колго тийгенине шүгүрчүлүк келтире арзып-сураганын шыйпандын артындагы сегиз гектарга буруп жиберди.

Чай ичмекке жогору карай жөнөсө, айыл тараптан кимдир бирөө жан-алы калбай чапкылап келатат. Ар кимиси турган-турган ордунда сестейип, баягы караанды карап калышты. Ганынын жаны жер тартып, алы куруду. Ошого карабай, жоон сандай арык менен бир сууну агаттардын башындагы арыкка буруп таштап, "кичине жата турайынчы" деп, кынтая түштү. Түнү менен эти үркүп, калчылдаткан ысытмадан шалдырап, тынч уктай албаган кары куш уйкуга көзүн алдырып койду.

Тээ ылдыйдан камчыланган караан чүрүшүп, соолуй баштаган пахтаны көргөндө безгеги кармап, атынын оозун коё берди. Катар-катар жөөктөрдүн ортосунан эки агатты олуп-чолуп агып жаткан дейди сууга ого бетер итатайы тутулду. Сөгүнүп-кагынганда оозунан ак ит менен көк ит кирип чыкты.

Арыктын кырындагы көк чөптө жаш баладай бүрүшүп, далысы, мүрүсү күнгө күйүп сүзүлгөн, өңү өчкөн эски чапанына башын катып уктап жаткан суучуну көрүп атынан ыргып түштү. Чал эч нерсени сезбеди. Күүлөнүп келип, жакасынан муунта кармап "шап" өйдө тургузганда, көзү умачтай ачылып, жүрөгү оозуна келгендей коркуп кетти.

-Уу-х энеңди... Бу эмне кылганың? Пахта куурап жатса, энеңдин төрүндө жаткансып, беймарал уктайсың да...

Аюудай айкырган райис баш-көзүнө карабай, чоң муштуму менен койгулап жиберди. Ага да алымсынбадыбы кончундагы камчысын ала коюп, “тыз”, “тыз” тартып-тартып жиберди.

Аркы өйүздөн жети-сегиз жашар бала безилдеп чуркап келатты:

-Таята, тая-та-оов, таятамы урбаң, урбаңыз...

Райис кандай токтоно албай калчылдап, күүлөнүп келсе, ошондой күү менен атына “шарт” минип, жөнөдү.

Кары эч нерсе дебеди. Не каяша айтып, не кол кайрып, каршылык көрсөтпөдү. Нес болгондой туруп-туруп, оо бир маалда коңултак бутундагы чарык өтүгүн чечип таштап, жылаңаяк жөөктөрдү аралап, азоттун кабынын кагазынан жыртып алып, ар бир агаттын башына ылай чаптап жабыштырып, чөгүндөн чубуртуп куйгандай тегиз бөлүштүрдү. Ким сураса, бала такылдап болгон окуяны айтып берди. Бригаддын чоңдору “лам” дешпеди. Аксакалдар: “Атасына наалат...пайгамбар жашынан өткөн кишиге кол тийгизеби? Өзү эле иштеп атыппы? Чоң болсо, өзүнө чоң, жашабагыр. Назардан коркпогонун...” дешип, аталаш тууганы Оторбайга “теги сенин сөзүң өтөбү?” дег ı тейде наразылана айтышты.

Оторбай Мадамбектин пейилин билгендиктен чочулап, бирок карылардын сөзүн жерге таштабай, уяткарганга дароо батына албады. “Кыялы чорт, мурду менен бир сүзсө, апсалам сууйт...Кантип айтсам?” деп арасат ойдон, пайитин күтүп жүргүндө, жолдон өзү жолукту.

- Сени менен сүйлөшө турган гап бар.

- Айта бериң...

Оторбайдын үнү каргылдана, кыжалаттыктан калтаарый түшкөнүн сездирбешке демин ичине тартып, жайыраак мындай деди:

- Эмнеге бир бечарага кол көтөрдүң? Баласынан кат-кабар жок шору катып жүрбөйбү. Согуштун запкысы аз келгенсип, сенин бу кылганыңды эмне деш керек?

- Эмнеге урду деп сурадыңбы?...

- Табы качып турган экен ошондо. Бар, андан көрө ачууңду жутуп, алдынан өтүп кой.

- Өтпөйм! Эмнеге өтөм? Колхоздун пахтасы куурап атса ар кимдин көңүлүн карап отурамбы? Менин көңүлүмдү ким карайт? Өкмөткө пахта керек, мен эмес, сен эмес, пахта керек түшүндүңбү? Күзүндө болбой калса, план толбосо, бюродо кимди сурайт, сени эмес, суучудан эмес, менден сурайт, - деп атырылган райис колу менен көкүрөгүн ургулап кирди.

Осолу чыккан Оторбай эмне дээрин билбей, шалдайып туруп калды. Райистин жини кайнап тууганын ашат сөктү да, артына кылчайып:

- Экинчи менин ишиме башыңды тыкпагын, - деп колун кезеди.

- Атын теминип, "энеңди урайын..." деп бир эле айтпай, кайра-кайра согүнүп-кагынып добо-доңсолүү Адыр тараптагы гозолорду өз көзү менен көрмөккө орто арыкка салды. Беш-алты чакырымдай жол жүрүп, саратандан суусу тартылып, боксоргон көгүлтүр көк сындуу меймиңдеген каналдан өтүп, быйыл эгилген пахта талаасына көз жиберип, көңүлү ачылды. "Жер жаңылыгын кылат турбайбы. Пай-пай, гозолорду чеканкаласа болчудай, ыз-тыз түшүп гүлдөгөнүн кара..." деп оюнда, суктанып карап турса, шыңкылдаган назик күлкүнү адырдын желаргысы кайдан-жайдан кулагына серпип өттү. Эки жоолукчандын караанын бери көздөй келатканын көрүп, далдоого боюн жашыра калды. Антпесе кыз-кыркын болобу, жаш-жалаңбы, колхоздо ким болбосун башкарманын алдынан бет келгенден жаа бою качат.

Ак бөздөн көйнөк кийген, соорусун жапкан камзири бел мүчөсүнө чыпыйып, көкүрөгү тисерилген ак жүздүү толмоч көз тааныш келинди шериги менен көрө койду. Күрсүйгөн албеттүү боюн түздөй, челкейген курсагын ичине тарта, сылык-сыпаа момурайып:_

- Арыбагыла, карындаштар!

- Бар болуңуз, райис аке.

- Пахтаңар жакшы экен, гоолап кете электе тезинен чеканканы баштасаңар болот. Аракулга мени келип кетти деп айтып койгула-деди.

Бригат күйөөсүнө айтчу тапшырманы өзүнө айтканына келин эрдемсингенсип, сүйүнүп кетти.

Эмнегедир ушул келинди көп эстейт. Бир-эки жолу көргөндөн бери көөдөнү элеп-желеп болуп, көңүлүнөн кетпеди. "Ушунча да

чырайлуу болобу? Кысталак, Аракул көргө аялдан айткан экен...” деди ичи тарып.

Согушка үчүнчү жылга аяк баскан күндөрдүн биринде райис дүрбөлөңгө түштү. Колхоздо иш кайнап, күндөп-түндөп чапкылап жүргөнүнө карабай бирин бүтүрсө, экинчиси калып, жогору жактын “тездетсин” деген тапшырмасы ого бетер ташпиш тарттырды, талаага байланды да калды. Айылдан фронтко жөнөгөндөрдүн саны да билинбейт. Жаздан-жайга, күздөн-кышка алмашканы менен Кара-Суу темир жолунан батышты көздөй жөнөгөн поезддердин ачуу айкырыгы тыйылбады...

Беш-алты айыл, ондон ашык бригаданы солк эттирбей башкарган Маданбекке да чакыруу кагазы келгенде түтөп кетти. “Планга ким жооп берет? Ансыз деле түзүк-курдай төрт саны аман-соо эркек аттуу калбады, карандай катындар менен жаш балдардын колунан эмне келет? Райондун белдүү колхозун кимге ишенип тапшырышат?” – деп туталанып, бир алдын аскер комиссариатына кирмекчи да болду. Комиссар орус киши. Өзү бир ооз орусча билбейт. Ичинде кыйнаган зардени, тынчтык бербеген оюн кантип түшүндүрөт?

Кайра ойлонду. Кимди ким угат ушу тополондо? Өкмөттүн айтканы айткан, дегени деген. “Кой андан көрө бир айласын табайын” деп, атынын оозун кайра тартып, Аракулдун айылына чапты. Чөнтөгүндөгү шапалактай кагазды мыкчып, кайра жазып, ичин жеп кемирип жаткансыган санаадан буулугуп баратты...

Чигит эгилбей турат. Чоң колхоздун көзүн караган бир трактор бар. Каягына жетишет? Жерге тап кирди дегиче үрөн түшпөсө, эртең эле күн ысып кетсе, нымдан куржалак калыш эчтеке эмес. Талаанын көпчүлүгүн соко менен тилдиришет, бүт айыл бала-бакча, кары-картаң дебей үч көтөрүлө жер тырмалашып, урук эгишет. Пахта ачылганга чейинки түйшүктү көз алдынан өткөрүп, өзүнүн ордуна кимди иштетсе болот деген ойго да баш катырды. Бычакка сап болбой турган бригаттарын иштете албай кыйналганын ким билет? Беш-алты эркектин соосу жок, бири мунжу, бири көр, аял бригатты киши ордуна санап болобу? Сыртынан билдирбегени менен ичинде аялды такыр

тепшибейт. Колунда бийлиги болсо ургаачы аттууну өйдө отургузуп, колхоз башкармалыгына жолотпойт болчу. Партиялык жыйында ишинден кемчилик кетсе, кандай иштеп жатасың деп эч ким сурабайт, эмне үчүн кылбадың же коммунизмдин идеясына сугарылган коммунисттик партиянын мүчөсүнүн кадыр-баркына шек туудурдуң деп партбилетиңди алганга чейин барат.

Бир туруп, эл катары согушка барсамбы деди. Согушту элестетип, үрөйү учту, көкүрөгү дирт-дирт этти. Кокус ок тийсе, аалам өзү менен кошо көмүлүп, түпсүздүккө чөгүп кеткендей коркту. Бир туруп, фашистти жеңип кайтканын, көкүрөгү орден-медалга толуп, ага сүктанып карашкандарды көз алдынан өткөрүп, толкуп да алды. Кайра бул оюнан кайтып, өзү кетсе эле колхоздун иши “тык” токтоорун ойлоп, өзүнчө бушайман жей берди...

Өз оюу менен алпурушуп олтуруп, Аракулдун үйүнө кантип жеткенин сезбеди. Экөөнүн мамилеси жакшы. Бир жак көзү кылыр, постоктун тешигиндей оту өчкөн кареги ирмелбейт, жүлжүйгөн көзү менен кишини теше тиктейт. Шыпылдап адамдан ич-койнуна тез кирген, каршысындагынын оюндагысын айттырбай сезген тил билги, жоош киши. Акыл-парасаты артык, сөзүн жедирбеген, оңой менен оюн бербеген тажаалдыгы да бар. “Ушу көр, тапандыгынан сулуу аялды өзүнө ийиктирген да, болбосом ушул кебетеси менен кимге жакмак эле” деп көп ойлончу.

- Аракул, мени согушка алып кетет баштанат. Жогумду билдирбей, колхоздун ишине баш-көз болсоң ... Райкомдун биринчисине сени айтсамбы?..

- Коюң -а-а, райис аке... Менин колуман келбейт башкарыш.

- ...

- Токтоңчу, барбай коюштун айласы бардыр?...

- Кандай айла?

- Сиздин атыңыз менен үйүмдө жүргөн жетимди жиберип ийиң. Өзү да жоош, момун. Кат билбейт, атын жазалбайт, ар кимдин колунда чоңойгон корунчаак бечара. Өлбөсө, келер...

Аракулдун акылы жагып калды. Тополондо кимди-ким текшерип олтуруптур? Чакыруу кагазы келер менен балдарды станцияга

чогултуп, эшалонго жүктөп, жөнөтүп жатат. Арасат ойдон кыйналган Маданбек эки-үч күн бою уктай албады.

Бир күнү парторгдун кабинетине кирип, аскерге чакыруу кагазы келгендигин айтканда, улгайган, чачын буурул баскан Ришат Сафин чок баскандай так секирди.

- Кантип сени жиберебиз? Стахоновчуларды колдоп, планды быйыл гектарынан кырк-кырк беш центнерден түшүм жыйнайбыз деп, социалисттик милдеттенме албадыкпы... План-милдеттенме аткарылбаса, экөөбүздү кандай тагдыр күтүп турганын билесиңби?... – деп, ары-бери басып тынчы кетти.

Маданбек көңүлүндөгүнү айтсамбы-айтпасамбы деп, буйдалып турганын көрүп:

- Өзүң кандай дейсиң? – деди.

- Ришат аке, бир баланы менин ордума жөнөтсөк кантет? Тоголок жетим экен. Сурай турган кишиси деле жок.

Экөө бир топко бирин-бири тиктеп, унчукпай калышты.

Таң супа сала электе үчөө Кара-Суунун темир жол вокзалына келишти. Маданбек ичин тепчиген сар-санаадан бошоно албай, "эмне болоор экен? " деген ойдон безилдеп, балага утуру-утуру уурданып, көз кыйыгын таштайт. Бетине али түк чыга элек, муңайым, өксүк көзүнөн эч нерсени туюп болбойт. Каржайган сөөк-саактуу, бою узун, кубакай жүз, көзү жалтаңдап элеңдеген, жер карап сүйлөгөн кайда, эмнеге баратканын элес албагандай. Аракул анын кулагына "Жунусбаев Маданбек сен болосуң", ушул ысым менен чакырганда "мен" деп, жооп бергин деп, кайра-кайра куйду. Маданбек маканын унунан тарттырып жасалган көмөч нанды койнуна ката келди. Эмнегедир өз колу менен бергенге даабады да, Аракулга айтып, баланын артына асынган калтасына салдырып койду.

Аскер комиссариатындагы орус киши аскерге чакырылгандарды кыркалакей тизип, бирден чакырып, аты-жөнүн тактап, эшолонго түшүрүп бүттү. Маданбектин атынан чакырганда, жанагы өспүрмм элеңдей, Аракулду бир жалт карады да, бутун алдыга таштап, артынан кылчайып койбостон, поездге "шып" кирип кетти. Анын артынан дагы башкасы, көз ирмегиче тизилгендердин катары бириндеди. Алда кайдагы жанын уучтаган коркунучтан Маданбектин жүрөгү оозуна

көнтөлип, кимдир бирөө азыр эле кармап берчүдөй шашып, жан терге түшүп жатты... Аскерлер отурган поезд көздөн кайым болгуча, ичинен кан өтүп кеткенсиди... Муну Аракулдан башка жан кишиге билдирбеди. Жада калса койнундагы аялына да айткан жок. Бир-эки айча айыбы кармалып кала тургандай коркуп, болоор-болбос нерселерден шектенип жүрүп, иши менен алаксып кетти.

Ошол жылы пахтанын планы толбой кечеңдеди. "Балп" эттирип, кар жаап салды. Ноябрдын сөөк какшаткан суугунда көк муштумдай көсөктүн буласын чубап териштин өзү азап. Бир жагынан ачарчылык элдин үшүн алды. Колхоз ченеп берген зыгыра нанга курсак тойсо кана. Үйдө бышырган шылдыраган аталаны жутуп алып, ошого каниет кылышканы менен көпчүлүк, айрыкча, кары-картаңдар шишип, ооругандар кобөйдү.

Аракулдун кызы Жамалдын мектепке барбай калганына үчүнчү айга аяк басты. Бою гозонун сотосу менен барабар, он эки- он үч жашар кыз апасына жардам берип, жанынан чыкпайт. Чанакка тытылган колу кесилип, бирдеме тийсе эле ачышат, чукуманы чукуган сайын бармактарынын башы канап, жанын көзүнө көрсөтөт. Эч кимди аёого акысы жок мезгилдин каарынан коркуп, "жөрмөлөсөң да тересиң" деген чоң муштум тобөңдө ойнойт. Атасы бригат болсо, үйдө жатып алганы эмнеси, башкаларга уят эмеспи деп, Аракулдун сулуу аялы кызы менен талаадан калбайт. Карды буту менен тээп түшүрүп, косек издейт. Жумурусун озүнчө терип, саал эле жыртайганын таш менен уруп жарып, ага болбосо колу менен чукуп, буласын чыгарып жатканда, ириң тээп келаткан баш бармагынын тырмак астына чанак сайылып кетип, үнүнүн барынча бакырып, шолоктоп ыйлап жиберди. Апасы жанына чуркап келип, кызынын колун оозуна тутуп, үйлөп-үйлөп, жанын сабап жиберди:

- Садагаң кетейин, үйгө эле барчы... Чымчыктай жаныңа мынча эмне күч келтирдиң? Иттин тирилиги болду го, же планы толуп, өлбөдү...

- Барбайм...- деди кыз. Көгөргөн эринин кырча тиштеп, мурдун шуу-шуу тарта, ыйы тыйылбай: - Атам урушат, барбайм...

Аял кызын бооруна кысып, жан кейиткен турмушуна наалый, ичинде чыңалган муң-зары бошогончо, көз жашын тыйбады.

Декабрь ортолоп калганда, тоок кепедей болгон шыйпандын кырманынан буту үзүлчүдөй бирөө чуркап келетат, балбалактап сүйүнүп келетат...

- О-о, бурадарлар, планыбыз толду! Райис бүгүн пахта планын аткардык деп, рапырт берет. Сүйүнчү! ... Сүйүнчү!...

Апаат бүткөндөн бир нече жылдар өткөндөн кийин Маданбек райис карылыкка баш ийгендей үйүндө олтуруп калды. Атагы союзга тараган колхоздун башкармалыгынын борборунда согуштан кайтпай калган жоокерлерге эстелик орнотулду.

Күндөрдүн биринде жеңиш күнүнө карата тылдын ардагери катары эски башкарманы да чакырышты. Кызыл жагоо байланган небереси пионерлерге кошулуп ыр-ырдап, тыкылдап декломация айтты. Ар бир айылдан Батышка аттанган, каркыранын катарындай терилип-терилип, Батыштан кайтпай калган балдарын, аталарын эскеришти. Кан төгүлгөн майдандын кызгалдагындай эстеликти кызыл гүлдөргө орошту. Салтанат бүтүп, эл тарай баштаганда:

- Чоң ата эле, чоң ата... деп безилдеген небереси жанына чуркап келди.

- Сизди өлтүрүп коюшуптур...

- Ык, имне дейт?

- Окусаңыз...Сиздин аты-памилияңыз жазылып турат,- деп, колунан тарткылаган небереси эстеликтин жанына жетелеп барды.

Карынын башынан ылдый мупмуздак суу куйгандай калчылдап, жүрөгү "болк" эте, аяк алдына түшкөндөй, муун-жүүнү бошошуп, көзү караңгылашып кетти... Эстеликтен тамгалары оңой менен окулбай койду. Көз айнегин аарчып, бир топтон кийин "баатырларча курман болгондордун тизмеси" деген чоң-чоң жазуунун алдынан "Жунусбаев Маданбек 02. 05. 1910-22. 04. 1945" дегенге көз токтотуп, нес болгондой катып, үнсүз-сөзсүз туруп калды...

## *Бөдөнөпуруш*

Айылдан четирээк төшү жайкалган дөбөнүн этегинде ылай пакса менен урулган коргондун ичинен бирөө чыкты, эки жагын абайлай каранып, одуракай бөзгө оролгон бирдемени колтугуна кыскан бойдон тез-тез кадамдады. Түн көшүп, уйкуга маташкан көзүн ача албайт.

Тыптынч. Ылдыйраактагы бирине-бири моюндашкан үйлөрдөн анда-санда иттин арсар үргөнү угулат. Жарыктык, ай уурту жарылгандай ашпак нурларга чөмүлүп лаззаттуу балкылдайт. Айдын жарыгы чочуттубу, баягы киши пахта талаанын этегиндеги тыт катардын далдоосуна өтүп алды.

Кез-кез келме келтирип коет. Бутунун кончуна бычакты салдымбы деген кыязда эңкейип өтүгүн кармалады. Бар экен. Айдын жарыгына тыттардын бою эки-үч эсе узаргандай сезилет. Алардын катарынан эки колоко куушуп бараткандай ажыратыш кыйын. Көздөгөн үйдүн тушуна жеткенде жүрөгү лакылдап «я, алла, өзүң кечир…» деди. Бу сөздү канча айтат, Эсеби жок. Азыр айтты, эртең-бүрсүгүнү дагы айтат, оозуна илешип калгандай жеңил айтылат. Көкүрөгүн соймоңдоп мыжыккан коркунучтан боюн түзөп, өзүн дароо токтотту. «Биринчи бараткандай болбойунчу» деди оюу. Өзү макул таап, заматта жүрөгү ток пейилденгенсиди. Кара-көгүш түстөгү сарт чапанынын этегин кызгылт атлес чарчы белбоосуна кыстарып, ички чөнтөгүндөгү ортосун кесип сары май сыйпап, эски гезитке оролгон шапалактай нанды кармалап, бир азга демин ичине катты. Өлгөн малдын көзүндөй коюула түшкөн чакчайган кареги эмелеки тынымда чар тарабын тегиз сыдырып келатып, шүдүгөрдөгү же катып тургары, же басып келатканы белгисиз караандан «Кишиби? Тургунбай өзүбү?…» деген оюу атып чыгып, жүрөгү оозуна тыгылды. Алкымын муунткан калтырак, алактоо терисине жабышкан кара курт сымал боюнан ылдый куушуруп, буттарынын алын кетирди, теңселип барып түзөлдү. Кудая тобоо, коркконго кош көрүнөт болдубу? Тургунбайдын букасы жибин үзүп, сабиз, пияз, аш көк айдаган огородун майкандап жүрөт. Жаныбар, ачкабы апсыкканынан улам-улам башын чулгуса, оту оозунан түшүп, чайнап-чайнабаганы билинбей, утуру-утуру жутунуп жейт. Анын сары машке ити болчу эле. Көрүнбөйт. Качан көрсөң шимшилеп жерден тумшугун албай изденгени изденген. Ээсине ак кызмат кылбаган иттерди тузакка түшүрүү оңой. Алдасаң болот. Нандын, эттин, чала мүлжүнгөн сөөктүн жытын алса эт-бетинен түшө калып, кароолчулук вазыйпасын эстен чыгарат.

Тамдын аркасынан малкана тарапка бутунун учу менен акырын басып келди. Бастырма менен үйдүн дубалын бириктирген мык илгичти

өйдө көтөрдү эле, жыгачтан жасалган эптемей дарбаза оңой ачылды. Мал торпогу менен катарлаш жатат. Сааганда түркүккө кыска байлаган бойдон унутканбы, баласынын мойну муунгандай асылып турат. Энеси колу-бутун кенен таштаган калыбында кериле кепшейт. Кашаанын ичиндеги беш-алты кой башын шылкыйтып, үргүлөп, акырын кырт-кырт чайнанып, уйку-соодо жатышкансыйт.

Койлорду киши күн мурунтан көрүп, салмагын, жашын, белгилерин даана эсине тутуп алган. Жети-сегиз айлык болук козуну «шап» көтөргөндө, жанында жанаша жаткан энесине эркелегендей козунун үнү акырын мекиреп-мекиреп койду. Козунун башына капты кийгизип, мойнуна арткан киши кандай кылдаттык менен кирсе, ошондой этияттык менен тамдын артынан чоң жолду кесип өтүп, шыпылдай аттап-буттап, пахтазарды аралап, жогору көздөй шашып жөнөдү. Тыттын көлөкөсү боюн токтоткон жерге жеткенде «эч ким көрбөдүбү» деп саксына артын карады.

Тыптынч. Он бир гектарды ортолоп калганда, чекесинен тер кетип, огарыктын тең ортосундагы болжошкон жалгыз тал көзүнөн учту. «Палван күтүп отургандыр. Кудай колдоду» деп шүгүрчүлүк келтирди. Талдын түбүндө үңкүйүп бирөө отурат. Эки тизесин кучактаганына караганда келгенине кыйла болгондой. Бет алдындагы айыл тараптан айрым жерлери киши боюна тең чамалаш өскөн гозолордун башын жапырып келаткан караанды көргөндө ордунан ыргып турду. Күшүлдөп-бышылдаган неме козуну мойнунан силкип түшүрүп, арыктын ичине жаткырып алып, шеригине айтты.

- И-и, баракалла палван, тайар окшойсуң...

- Каякка сатайын?

- Кампир-Абатка алып жөнө. Таң аткыча адырды ашып түшөсүң. Үрүл-баранда сураганга пулдап ий.

Шериги ооз ачпады. Экөө алмак-салмак күн мурунтан чоттогон бирөөнүн короосуна уурулукка барышат. Изин жашырган, жигин билдирбеген жолдуулугуна курсант. Кооптонбой турган жерде бири короого түшсө, экинчиси короону күзөттөйт

Чаар чапанын чечип ыргытып, бозгуч сурптан тигилген дамбал, жегдесин кийип, белине кештелүү чарчыны үлпүлдөтө байлаган молдо жез кумганына ылымта сууну куйдуруп, шашылбай даарат алды. Кудайга жалынып, билип-билбей жасаган күнөөсүнө кечирим тилеп, кудайдын бутун өпкүдөй болуп, тили тешилгенче тилегин айтып, багымдат намазын окуду. Жүрөгү ордуна келип, аалам тынч экенине көзү жеткенден кийин жүзүмдүн көлөкөсүндөгү сөрүдө отуруп, чай ичти. Жуманын пайшамба, жума күндөрү Кара-Суу базарына барып, өзүнө чактап жумшак патир нан, нават, халва, көбүнчө эттүү самса алат. Ичегидей былкылдаган ысык наавай нанды оозунда шашпай чайнап, нават чайды ысык-ысык ууртап, маашырланып ичти.

Бир маалда баш-аягы жети-сегиз чарчы метр жерди ээлеген бастырманын торсундарына илинген каз катар кабактардын ичинен бөдөнө муңдуу сайрап жиберди. «Кургурум, шеригин издеп жатабы» деп молдо мойнун созуп, бутунун манжасы менен жерди таканчыктап, бар ыкласы менен бөдөнөчө сайрап кирди. Экөө үн алыша кетти. Бирөө басылганда, экинчиси безеленди. Бөдөнө өзүнө жакын жердеги шеригин көрбөй жаткансып, жан жагына каранды, алда кайда уча тургансып талпынып алды да, жан алы калбай эзиле муңканды. Кишинин көңүлү түтөп, «сага түгөй таппасам, бүгүн талаадан келбейм» деп, өзүнө убада берди. «Безеленсең авазың жүрөк эзет, эй-Алла, ушундай авазды угуп жатып өлсөм, арманым жок» деп элирип, жашып да кетти.

Эки колун белине кайчылаштырып алып, таң үрүл-бүрүл атып келатканда, талаага бет алды. Элден мурун гозону чеканкалаганга жөнөгөн Мактым менен Саламкан бет маңдайында келаткан молдодон ыйбаа кылгандай, жол бошотуп, четке чыгышты. Молдо ыймандуу келиндерге ыраазылыгын билдиргендей, башын ийкегилеп-ийкегилеп, жымыңдай түшкөн көзү менен түстүүрөгүнүн башынан аягына чейин уурдана сыдырып өттү. Бир канча узай түшкөндө, Саламкан бирөө уга тургансып, пасыраак үнү менен тамшанып:

- Кудай берет деген ушу. Беш маал намаз окуса, дем салса шыпаа, оозу деле, колу деле пул дешет бул кишинин. Бөдөнө уулап, көңүлүн айттай ачык алып жүргөнүн кара. Шу баратышында дагы бөдөнө тутканы баратса керек – деди.

- Бая күнү кичик кызына алтын кулак сырга сатып бериптир. Бизге окшоп, жанын кыйнап, кажынбаса деле ырыскысы балант экен – деп, Мактым өзүнүн турмушуна ичи чыкпай, коңшулардан уккан жаңылыкты ысыгында жеткирди.

- Катынын айтсаң. Бир жолу талаага бут баспайт. Жасанып-түзөнүп базардан калбайт. Маза ушулардыкы…

Эки аял элден бөлөкчө жашаган кишинин турмушуна четтен туруп көз артышты.

Эмнегедир бөдөнөлөр каналдын боюндагы эки гектарды көбүрөөк пааналашат. Машине жолдон алыстыгыбы, чакан чөлкөмдүн жагдайы жагабы «бытпылдык», «бытпылдык» айтып, тил безенген макулуктардын бирин-бири издеген, куушкан, арзышкан убагы пахта гүлдөгөн маал болот. Гозонун ак, сары, кызгылт, кочкул кызыл мындан да бөлөкчө түстөгү гүлдөрү аары чакыра баштаган мезгилде о-о, учу-кыйыры чексиз талаанын баш-аягын кезип жүргөндөрү алда бирдемени сүйлөшкөндөй топтолушуп, бир жөөктөн экинчисине учуп, конуп, артынан экинчиси кууп, өздөрүнүн тилинде бири-экинчисин макул таап, чогуу сайрашканда, чогуу үн безешкенде эң эле аваздуу. Жүрөгүңдүн кылына тийгенсип, качанкы бир аёо сезиминди козгоп жибергенсийт... Сыбызгыган мукамдуу обондор айлананы шаңга бөлөп, түстөн-түс кубулжуткан үндөр делебе козгоп, асыл бир жандын элеси азгырып, көңүлүңө булук салат.

Молдонун бөдөнөнүн күүгө келгендеги лаззаттуу үнүн жата калып уга турган куштарлыгы бар. Шабдаалы бышып, шагында эзилип, жерге «күп» түшкөнчө пахтазардагы бөдөнө базардан кеткиси келбей, кайсалактап жүргөнү жүргөн. Ошол адаты тутканда ааламды сел алса да, кенебеген бейкапарлыгы кармайт. Күлчөтай сүзгөн чавлисине узун тутка байлап, олжосун «шап» баса калмакка жата калып, тура калып, бөдөнөнүн артынан кууп жөнөйт. Бөдөнө кургур, оңой менен карматабы?… Чөмүч баштыкка түшөөрүн сезгенсип, мындайда алар өтө этиет, өтө сезимтал. Кара чекиттей коймолжум көздөрүн жалжылдатып, алды-артындагы коркунучтан сактана тырнактын бетиндей жүрөгү тыбырчылап ордунда турбайт. Күпчөктөй саксаңдаган чоң эле кишинин кылыгына кээде каткырышкансып, чогуу үн безешсе, алардын туюу-

сезими «меникинен күчтүүрөкпү?» деп шаштысы кеткен молдо алапайын таппайт.

Жолу болбой чарчап келаткан молдону башына ак дүра ороп, колунун жеңин мүрүсүнө, бутунун согончогунан тизесинен өйдө түрүнгөн, ылай чачыраган жүзүн бырыштырып, терин аарчыганга шайы жоктой шашкалактаган Сапар токтотту.

- О-о, молдо аке, Тургунбай акенин семиз козусун ууру алыптыр. Биякка эртелеп келесиз, көзүңүз чалбадыбы?

Молдонун жүрөгү лакылдап кетти. Колундагы бөдөнө кармагычын жерге коюп, өзүн кармаганына карабай, үнү дирилдегенсип:

-Ии, жүда чатак болуптур го. Кайсы найынсаптын колу барды экен.

И-м, үнү ичине түшкөн молдо, калтыс абалын билдирмексенге, бечара кишидей молурайып:

- Көзүм чалгыдай болбоду. Бөдөнө пайлап, туталбай, куру кол келатам…

- А, ар сапар тута берсеңиз, булардын жаны калабы?

- Шону айтсаң.

Молдонун жүрөгү тыбырчылай, лакылдап тез-тез согуп, «бу митаам бирдемеден шексип калганбы же пушкага алып сынадыбы» деп эки оюн ажырата албай, дүрмөттүү күмөндөн шалдайып, кайра өзүн кармап «ууру бир, күмөн миң» деп, өзүн-өзү алаксытып келатты.

Башка убакта ышкылуу күндүн акыры түндүн кара көлөкөсүндөй жыла басып, үйрөнгөн итти да каптырбай сыйлап, ала келген “сыйына”алаксып калганда тамдын терезесинен «шып» ашып түшүп, кумарлуу келиндин кучагына кулайт. Дандырдан эми эле үзүлгөн нандын ысыгындай ыпысык эрининин табына башы эңгиреп, көйнөгүнө батып-батпаган балкылдаган денесине чырмалганда чатыраган кумары таркап-таркабай, кайра кайтканча мээсин ок мелжеп тургансып, шашкалактаган кези менен бүтчү. Шашып келип-кетип, төшөктө да ит куугандай алактап, тоок бастыга алганына кумары канбаса да, «лам» деп ооз ачпай, кайсы убакта дапдаяр отурган жубандын жасакарленгенин жактырат.Султанабадка кароолчулукка кеткен күйөөсүнө билдирбей, молдонун майда-барат подаркелерине

азгырылган келиндин жолугушуу күндү күтүп, үйүнө батпай калчу кези тез-тез кайталанат. Көзү чай пияладай балбылдап, кашына каш ташын үзбөй коюп, чачын жоолугуна чалыштыра өргөн аялдын ышкысы бир-эки жылча молдонун көңүлүн дегдетип, уяты ойгоно калса «кысталак катын деген албарсты болот» деп жоон санын чымчыламыш этип, кайра үйрөнгөн адатына жеңдирип, түндү-түн дедиртпей, жанын жанга уруп, айылдын аягынан тээ башына түн жамынып, барып жүрдү.

Түндүн бир оокумунда үйгө жылып басып кирген караандын шарпасы ойготту аялды. Төшөгүнөн башын чыгарып, уйпаланган чачын жүзүнөн өйдө серпип, кучак толгон түйүндү акырын жерге коюп жаткан күйөөсүнө үн катты:

- Чал келдиңизби?

Аялдын үнү шандуу, ички кубанычын жашыргандай ачык чыкты.

Чалынын жолу болуптур. Үйүндө отуруп калса, тилиң безеп «ичкенден башканы билбейсиң, даяр тамакка үйрөндүң» деп какшанган неме мындайда үнү тыйылып, кубанганынан үйүндөгү ити-питине деле жаман сөзү тийбейт. Түйүндө жандан башкасынын баары бар. Кант, чай-чамек, эт, балыктын жыты мурун өрдөп, шөлага деп алган койдун майлуу ичеги-карды үрүпсүп, күрүчкө жабышып, башка майда-чүйдө оокаты аралашып жатып калат. Балдары тургуча орду-ордуна коюп, казан кайнатканга үлгүрөт аял.

Палвандын өз аты кем айтылат. Таанабыган бирөө «кимдин кызысың . же баласысың?» деп сурап калганда айтылбаса, айылдагылардын баары эсинен чыгаргандай өз атынан айтышчу эмес. Олбурлуу денеси сөөк-саактуу, жомоктогу баатырлардай алп адам Максим Горькийдин кудум Макар Чудрасына окшошуп кетчү, анын бир адаты адамдын жүзүнө тик карай албаган жалтанчаактыгы эле. Шатыдай колу-буту узун, мурду кыйгач, көзү жүлжүйүп келип, терисине жабышкандай ошол кат-кат бырыштары көз нурун, сырын, дилиндегисин жашырып алышкандай, түнөргөн кабак-кашынан атына эмес, туулганда эле затына басым коюлгансып Палван аталышы бекеринен эместей сезилет. Адамдарга түшүнүксүзү кыялынын түнттүгү эмес, кайберендей кайып болуп кетип, каерде жүргөнү белгисиздигинде эле. Шексинип, уурулук кылат дешкени менен колунан туткан эч ким болбоду. Же милийсага түшүп, кимдир-бирөө

атын айтып даттанбады. Жүрөгү бийиктикти сүйөт имиш, ошон үчүн бийик-бийик тоо-ташка барып жашаганды жактырат экен дегендер болду. Уурулардын башчысы экен, мал-кал жоголсо, канча аңдышканы менен кармалбайт, үйүндө жүргөнүн көрүп, кайра тайсалдап, «сөзүмү алдым өзүмө» дегендер болуптур. Ошентип кийик кишинин турмушуна кийлигишиш эч кимдин оюна келбеди. Бу дүйнө түшкүрүң кызык, ичи сыртынан табышмактуу пендесинин не кылып, не койгонун жашырганы жашырган...

Сапардын ич быштысы отургузбай койду. Ошол күнү пахтага суу коюп, кеч кайткан, пайнабы ылдыйкы агаттарды жеп кетсе, бригадирден жеме угарын ойлоп, түнү жакшы уктабады. Сугаттагылар көбүнчө түнкүсүн чоң арыкка жыгып коюшса, ээликкен суу батпай кетет. Орто арыкты тээп чыгып, нугу кайсыл жакка бурулса, ошоякты жеп агызып, көлдөтөт.

Тоок коночосунан козголо электе Сапар сыртка чыгып, күн чыгыш жакты тынымга тиктеп турган. Шүдүгөрдөгү эрбең-сербең эки караанды чала-була көрүп, ким экенин тааный албады. Негедир басканы тааныштай… Кимгедир окшоштурду. Өйдөлөп баратып, жер жуткандай жок болушту. Оюна күмөн кеткени менен жаман ойлогон жок. Эки бригаттын жери жанаша болгондуктан, кимисиники кайсы маалда түнкү сугатка келет-кетет, билип болбойт.

Эртеси айыл ызы-чуу түштү. Тургунбай өзү Кара-Суунун базарынан, балдары сай-ташты кыдырып, адырма-адыр жок издешти. Козунун дареги чыкпады. Айылдагыларды белгисиз кооптонуу бийлеп, короосун кулпулаганга, кулпу жоктор кашаасын бекемдеп, түнкүсүн ит агытышты.

Шашкалак Сапар өткөндөгү көргөнүн элес-булас элестетип, өзү деле толук аңдап таанымбаганынан эч кимге айта албады...

Бирок, «ошонун бирөө молдого окшош эле» деген бир ой тынчытпады. Сапар менен молдо көбүнчө талаадан кезигишет. Бирөө суу сугарып, кетмен чабат, экинчиси жаш баладай томпоңдоп бөдөнөнүн артынан кууп жүргөн болот. Басканы молдонуку, салыштырса экөө өлгүдөй окшош. Ушу ой мээсин чырмап алды. Ууру жонүндөгү ар кыл кептердин изи сууй баштаганда, Кыдыр аксакалга оюн айтты:

- Э-й, койчу, кантип эле кадырлуу молдо ушундай ишке барсын. Бирөөгө угузба, кулагы чалып калса, көөнүнө азар кетет – деди.

Арадан үч-төрт ай өтпөй, кеч күзгө жакын косек үзүм башталганда, эртели-кечки сууктан пахтанын бариги бүрүшүп, саргайып түшкөндө кызык иш болду. Кемпирдин кара баласы көчөнү үч көтөрүп, кыйкырып келатты.

- Эй, адамдар, ууру тутулду. Молдону кармашты. Шериги качып кетиптир… - деп кубанычын ичине батыра албай бапырандап, буту-бутуна тийбей, кыдырып жар салды.

Баары агылып, молдонун үйүнө жөнөштү. Баягы тамакайды так кылган бөдөнөлөр жок, кабактар бош турат.

## *КОКТУДАГЫ* САРАЙВАНДАР

Коктуга конгон айылдын тоону көздөй чукулунан өрдөп кеткен бир жак өйүзүндө береги үйлөрдөн кыйла обочороок тектирдеги үстү камыш менен жабылган тамда жашаган аялдын бир эркек баласы менен бой тартып келаткан кызынан башка эч кимиси жок. Тоту курган кантсин, өмүрү же эрден, же тиричилигинен жалчыбады. Өзү жетим кыз, алысыраак туугандарынын колунда түртүндү болуп жүргөндө Чойбек деген чабан аяппы же чындап көңүлү түшүппү, токолдукка алып, барып-келип жашап жүрүп никесине алган дешет. Чойбектин ажаан аялы токолду эч нерсесине эгедер кылбады. Элден уялганынан кайсы бир жылы жайлоого көчүп кетеринде айылдагы мандикерлерге ушул тамды салдырып берген. Тоодон өөнгө түшкөндө, шаарга, ары-бери каттаганда эркек баласына, кыйлага имерилип, бирдемелерди атап ала келчү адатын да таштабадыбы биринчи аялынын азабынан. Анысынан ызылдап оголе балдары көп.

Наканда бир ичип алганда, кызуусу менен атын таскактата айдап, куржун толгон базарлыгын туш келди көздөн далдооroктогу үйүнө таштап өтөт. Ошондо кудай боору ооруган, чырактай кызынын бешенесинен сүйүп, уулун мойнуна мингизип эркелетип, бир кумардан чыгат. Келери келип, кетиши кыйынга турат. Көзүнүн кыйыгы менен кызына карап, ичи эзилет. Солкулдаган жаш кайыңдай болуп бой тартып келатат. Аттын кылындай катуу, кара жоон чачын экиге өрүп,

артына таштап алат. Ортосу биригип-бирикпей турган коюу, түтөгөн кашынын алдындагы жазыксыз жоодураган көздөрү эч нерсени айтпайт да, айта да албайт. Ак жуумалданган жүзүнө бөйтөйгөн эриндери жарашып, ууртунда кокустан чачырай түшкөнсүгөн эки калы бар. Атасы айда-жылда бир келгени менен көргөн сайын ичи эзилип, түтөп кетет. Кызынын минтип калышы кудайдын буйругунанбы же өзү себепкерби, ким билет, "окутсам" дегени оюнда болгону менен окута албады. Мындайлардын атайын мектеби болот, деп шаарда жашаган классташы көп эле айтты. Ана-мына деп чолосу тийбей, тийсе да жарым карыш жылганда кекиртектеп турган ажаанынын айынан оюн эртеңкиге калып отура берип, акыры мезгил өктөмдүк кылып койду. "Кудайдын боору ооруп, бир багы ачылып кетсе экен" деп тилейт ата, айласы мукураганда ичинен тынып.

Тоту ак көңүл, ичинде кылдай кири жок, дардалаңдап ой-тоону сүйлөгөн, саал паам-парасаты жогураак, тейтектеп чакырган жерден калбаган кочонүн катыны. Айылдын чоң-кичинеси дебей ага чоңдук кылганга кызыкдар. Жада калса коңшунун жаңы келини деле ара-чолодо бирдемесин бүтүртүп алганга дилгирленип турат. Курган жок дебейт. Кечки тамакка даяр болуп барат, ишин кылган жерден арткан кешик-мешигинен колтугуна кысып. Баёо кызы эрбеңдеп, казан-аякты кылдыратып, өз билгениндей бир үйдүн тиричилигин кылат.

Эки челегин баканга илип, мүрүсүнө коюп, оо-на-бу коктунун төрүндөгү булакка сууга жөнөгөндө айылдын мадыра баш, мурундарын шыр тартып, эсине кирген балдар-кыздары ар кайсы жерден мойнун созуп карап калышат.

- Санжыра сакоо келатат. Сакоо келатат-дешет, эл дүрбөсө кошо дүрбөгөн майда балдар эмнеге дүрбөгөнүн элес албай чурулдашып.

Чоң балдар атайын бирин-бири шылтоолоп, көчөгө чогула калышат да, кыз булактан кайтып келгичекти кадам басышпайт.

Кыз эч нерсени байкабагандай. Таңыркап, таңданып, өзүнө суктанып тургандардан айбыккандай, жалжылдаган көздөрү менен жал-жал тиктеп өтөт. Бөйтөйүп, билинер-билинбес көкүрөгүнөн ийменип, мүрүсүндүгү бакандын эки учунда мелт-калт чайпалган сууга көз жиберип, келе берет, келе берет.

- Өө-лаа, жаман сулуу болуп кетиптир аа...дейт Адинин үйгө токтобой калган кызы таңдайын такылдатып, башын чайкап. үстүндөгү жуула берип, өңү өчө түшкөн майда-майда гүлү бар тегерек жака, бели буума, этеги кең, пуштуу чыт көйнөгүнө, анын үстүнө кийген апасынын жаш кезиндеги кара чийбаркыттан тигилген камзирине, балтырын жаап-жаппаган байпагына, булактаган кара чачынын сеңселгенине чейин кызыга карашат кыздар.

Кызыгышканы сакоо кыз көп деле көчө-көйгө чыга бербейт. Өзү менен өзү. Же классташы, же сүйлөшүп чер жазышаар бирөө-жарымы жок. Жүзүнөн таптакыр кетпеген муңайым салкындык сезилгени менен бир караган адамды аргасыз тык эттирген башкача бир ажары, ыймаеы ысык эле. Кичинесинде балдар тийишкенде бирдеме дей албай кекечтенип, жарым-жартылай түшүнүксүз сөздөрүн жутуп, какап-чакап, чочуркагандай калтыс бакырып, айласыздыгынан бар күчүн көз жашынан чыгарып алчу.

Кыз көндүм болуп бүткөн үй жумушун нарыдан бери бүткөрө коюп, тартайып колу-буту узун, чедирейген чоң курсактуу таргыл уюн откозгону чыгат. Шудуңдаган жаңы тууган саан уйдун кашаачылдыгы коңшу-колонду бүт чарчатты. Кичине эле көздөн далдоо кетсе, сүзгүлөп кашааны бузуп кирип, огороддогу мөмө-чөмөнү жеп, эшик-эликтеги чөп-чарды жалмалаганды жакшы көрөт.

Эч кимдикине окшобогон ырынын обонун, көкүрөктөн сызылып келатып, көмөкөйгө келгенде жарым-жартылай жутулуп, таңдайын күүгө келтире албаган кекечтигин угуп-сезери да ушул сарайвандар. Жапыс бойлуу, шактары чаржайыт өскөн мөмөлүү дарактын кыз чыкпаган бир да бутагы жок. Этек-жеңин аркыраган шамалга толтуруп сүйгөн сарайвандын шагына илдирип, тыттырганына кайыл болгон секелек кез да өттү. Эзели тарак тийбеген түйдөктөлгөн чачтары саксайып, узун кирпиги менен маталышкан көкүлү кашын жеп, эскирген көйнөк-көчөгүн ар жеринен жырттырып алган кыздын шактан-шакка секирип ойногонун төштөн мал-салын айдап келаткан айылдагылар көп эле көрчү. Ак, кыпкызыл, кызгылтым пуштуу гүлкайырдын ачылган гүлдөрүнүн желегин так ортосунан бөлүп, бетинин отуна, бешенесине, мурдуна, ээгине шилекейлеп жабыштырып көпөлөк болуп алчу.

Дирилдеп чуркап, жел менен жарышкан кыздын ошондогу кубанычы армандуу тагдырын унуттуруп, кантип сүйрүсүнө сүт толуп, ийрисине эт толуп, күндөн-күнгө чырайына чыгып баратканына бүт өрөөн өзү күбө.

Муңайымдык таш жеген тагдырынын энчиси. Анын бар дүйнөсү, маңдайы жарыла сүйүнгөнү айлана-тегерегиндеги өзүнө окшогон тилсиз макулуктар. Айрыкча сарайвандар гүлдөгөндө аны үйдө токтотуп болбойт. Ууртунда күлкү ойноп, көздөрү эт-жүрөктү элжирете жалжылдап, көңүлү кушубак. Күүлөнө секирип, нары-бери чуркап, аппапакай, үлпүлдөк гүлдөрдүн ажарына арбалгандай өзү менен өзү "бекинбечек" ойнойт.

Ар кыл гүлдөрдөн гүлчамбар жасап, аны маңдайына тегерете байлайт да, төрт бурч, чеккеси аз-маз кертилген күзгүдөн аярлай өзүн конко каранат. Сүйүнгөнүнөн терисине батпай өз дүйнөсүн өзү гүлгө орон, кубанычы төгүлүп-чачылып турган маалда тигиндей чычырканактуу коктудан кимдиндир жат көзү сугалактана аңдып отурат. Качан кыз оюндан тажап, үйүн көздөй жөнөгөндө, ал да артындагы өз жолуна түшүп кетет.

Коктуну аралап түшкөн кум-топурактан жазындасы аталадай бозгуч, ылайкалуу киргилтим суу жайында көгүлтүр көк кашкадай тунуп, ар-ар жерден чогулуп, айылдын башындагы көпүрөнүн алдындагы чоң алыштагы куурдан огород-огородго бөлүнүп кетет.

Куурдан атырылып, ак көбүк чачкан чоң суунун жээгинде бутун арыкка салып, чалпылдатып ойноп отурган кыздын жанына бейтааныш бирөө келди. Илмийген арык, узун бойлуу, ак жүздүү бала буерлик эмес. Бирде-экиде таптакыр көрбөгөн. Бала тарткынчыктап кыздын жанына келип, бирдеме деп сурады. Кыз байкамаксанга салып, укпагандай отура берди.

Бала көзүнүн кыйыгы менен кыйлага карап отуруп, тамчыдай мөлтүрөп турган сулуу кыздын унчукпаганына теригип кеттиби, жерден көк чыбыкты ала коюп, эми эле сууну шилеп чачып жибererде баятан бери беркинин кыймылын астыртан баамдап отурган кыз тик багып, жалт карады. Кыз менен баланын көздөрү чагылышып кетти. Бир башкача мурун-соңку жолукпаган жылуу сезим көөдөндү көзөп өткөнсүп, жүрөктөрдүн түрсүл кагышы, экөөнүн көз ирмемдеги абалы

өздөрүнө гана маалым болуп калды. Көөдөндү бир серпилткен күчкө багынган кыздын көздөрү айбыккандай төмөн карады. Баланын илебинен сөзү ыргып, жоодураган каректин жүрөктү солк эттирген учкунунан алапайын таппай калды.

Жымжырттык. Кыз баягы отурган калыбынан жазбаган. Бала бирдеме дейин дейт, айталбайт. Жанатан бери жалтаңдап тик кароодон айбыгат. Бир маалда кыз шашыла тизесине жетпей өйдө түрүлгөн этегин чочулагандай кымтылана, буттарын суудан чыгарды, ордунан тураары менен үйүн көздөй чуркап кетти.

Май айында балдары мектептеги окуусун бүтүп-бүтпөй эле чабандар короо-короо койлору, үй-жайы менен жайлоого көчүп кетишет. "Окуусу бүткөндө барат, ага чейин баш-көз боло тур" деп кызыбы, баласыбы тууган-уругуна табыштап кетет.

Өөндө калган бирин-экин жандыктын көпчүлгү саан уйлар. Актан кыйналбайлы деп айылда калгандар саан уйлардын бирөө-жарымын алып калышат.

Айылга кире бергендеги беш-алты үй нары ак кыш менен кештеленип салган үйдө бир чоңдун энеси жашайт. Жашы өйдөлөгөн сайын замбардай семирген кемпирдин баскан-турганы оордоп калган. Жеп-ичкени аттай болгону менен ичинде бир дарты барбы толгондон толуп тууралаңып кетти. Бир көңүлү келсе жанда жок берешен, маанайы бузулганда мындан жаман киши жок. Кыйкымчыл, ооп-төгүлүп өзгөрүлүп турганынан айылдагылар "эрке эжебиз" деп коюшат. Коңшу-колоңдун, тууган-уруктун келин-кесеги дикилдеп, биринен сала бири ушунун кызматында. Облустук Түштүк жол курулуш башкармасында башкаруучу болуп иштеген тун уулу Жолборс ат тезегин кургатпай, тез-тез ак "Волгасы" менен келип турат. Кенжесинин окуусун бүтөрүнө аз калды. Ал Саратов шаарында окуйт. "Апама каралашканча онунчу классты айылдан бүтүрөсүң " деген ал өз уулун айылга алып келатканда:

- Апам карып калды. Тамак-ашына, мал-салына каралашсың, - деди.

- Мен эмне кыз бекемин казанын кармагыдай. Кыздарыңды жибер деди, уулу каяша айтып.

Бала кыйлага макул болбоду. Чоң калаада өсүп, орус мектепте окуган шаардык бала кыйылып, атасынан корккондугунан араң келди. Анан калса башкаруучуга өз уулунун мүнөзү, боштугу, баёолугу жакпай баратты. Өзүнүн өрттөнүп өткөн өспүрүм кезин эстеп, уулуна ичи чыкпай "кызга окшоп назиктигин, кысталак", дечү ал ойлонуп отуруп. "Балам көрүнүктүү музыкант болсо" деп, пианино сатып берип, музыкалык мектепке ташып жеткирип, кайра алып келгенин эстеп, өзүн-өзү сөгүп. Бирде дос-жары менен чайлашып отурушканда балдарынын маселесин сүйлөштү.. Кайсы окууга барат? Душман көзүнө чоң окуу жайдын бюросуна киргизе албаса, анын чоңдугу кимге? Баланчанын баласычылап... дешпейби. Токточу, капыстан анын оюна бир идея келип калды.

Баласы жарытып дардин айтпайт деле. Муну кыялдантып эле койсо. Тиштегени телевизор, марка чогултмай, кечиндеси балдар менен гитарасын эрмектейт. Кой, музыканттын оокаты оокатпы... Андан көрө айылга жиберип, окуучуну өнөрдөн бүтүрсө, директордун убадасы боюнча алтын медаль алса, көп билиминде эмес, кагазда, документте болуп калбадыбы азыр. Эки-үч сынак бүткөнчө сар-санаа болбой, биринчисинен шар өткөрүп койбой жаны жокпу. Кол алдындагыларга айта жүрчү жакшы сөзү менен бул оюн "айылда жашап, чор кол менен бүткөн турмушту көрсүн, бышыксын" деп чечти.

Кубакай жүз, баёо көздөрүнөн эч нерсенин түйшүгү байкалбаган шаардык бала кошко чейин элет мектебине көнө албай, балдарга кошулбай чекелеп жүрдү. Мектептен келери менен китеп баштыгын айвандагы сөрүгө ыргытып ийип, нандан сугунуп коюп, магнитофондон ыр угат. Байпайган Мистекан чоң энеси майпандай басып, үстүнө үйрүлө түшүп, кагылып-согулганына кыжыры келип, үйдөн көз көрсөтпөскө шашат.

Кылган иши жаңы тууган кунаажынды откозуш. Бир күнү отко кирип калган торпокту айылдын баш жагындагы чөбү өскүлөң буума тошко аркандап келатып, куурдан бутун салаңдатып, сууну чапкылап ойноп отурган баягы кызды көрүп, тык токтоп калды. Кыз бул жолу чымкый кызгылтым штампел көйнөк кийип, чачын бирди өрүп, ансыз да түтөгөн кашынын ортосун бириктирип осмо коюп алыптыр. Аппак, жумуру балтырына куурдан ак көбүгүн чачыратып аккан суунун

туптунук тамчылары жабалактап жабышса оголе сулуу. Узун, апарык колунун манжалары менен күндөн көзүн калкалап, тынчтыгын бузган шарпага дит баккансыды.

Баланын кеткиси келбей кубаныппы же башка белгисиз сезимден көөдөнү элеп-желеп болуп кетти. Колундагы торпок айдаган узун шыргыйы менен жер чукуп тура берди. Кыялында кыз аны көрүп, баам салгандай сезилип кетти...

Коктудан чатка чейин бир кыйла алыс. Жолдо келатып, балдар бирин-бири мазактап таңуулаган кыз ушул сакоо экенин, чоң энесинин "Тотунун сакоосунан алысыраак бак, балакет болуп, кулжуңдаган чоң уюу кунаажынды сүзүп койбосун" деп, безилдегенин эстеп, аяганынанбы же боору эзилип кеттиби ыйлагысы келип, мууну бошой түштү. Ысык аптаптын табы кайта түшкөн айылда тентек жел жортуп жүрдү...

Мектептен келери менен айранга курук нанды туурап, сугунуп жеп, куруттан чөнтөккө уруп, бала төштү көздөй кунаажынды айдап жөнөйт. Энесин көргөн сайын эмчек издеп, тынымсыз мөөрөй берген торпогун көздөн далдоорок жерге аркандап койду. Казыктап койгон жерин такырайта жеп таштаган кыздын уюн оттуу жерге жылдырып, ушул ой эсине келе калганына ичинен сүйүндү. Кызды күтүп жатты. Кыздын кекечтиги, сүйлөй албастыгы деле көңүлүнө келбей, кызды күттү.

Айылдын коктуга келип такалган төмөн жагынан жай басып келаткан, биринчи жолуккандагыдай пуштуу чыт көйнөкчөн кыз көрүндү. Баланы майда калтырак басып, асты-үстү аңтарыла түшчүдөй дүкүлдөп соккон жүрөгүнүн ээ-жаа бербеген албуутунан тердеп, шаштысы кетти.

Пластмассадан жасалган томпойгон чаканыраак констирге айран куюп көтөрө келиптир кыз. Уюн жылдырып койгон балага ыраазы болгондой жылмая карап, күлүп койду. Мунусу баланы эмелеки олдоксон абалынан жеңилдеткенсиди. Көөдөнүн ийне менен тепчип өткөнсүгөн сезимден абдаарып, кыздын жоодураган көздөрүнө тик багып карай албай, ичинен эзилип да, аяп да турду.

Кыз констирдеги айрандан эки-үч ууртап, балага сунду. Бала шашкалактап жутуп жиберип, түбүндө калган айранды көрүп ыңгайсыздана түштү. Кыз дагы алып келем дегендей ишара кылды да үйүн көздөй чуркады.

Ырымына тырмактай бир булуту жок, чалкыган көгүлтүр көкмөк асман алдындагы чыжыраган ысыкка ныксыраган айыл эки жаштын арзуусу башталган күндөрдү абайлай көкүрөгүнө катып алгансыды...

Кыз шамалдай ыкчам кыймылдап баланын ую менен өзүнүн уюнун мүйүзүнө жибин казыгы менен кошо орой түрүп, коктуну көздөй бет алышты.

Күздүн баш баган калган маалында дале сарайвандуу коктунун көркү жетпейт. Эмне деген гана гүлдөр жок. Баары тегиз ачылган. Ак, кызыл, сары, кызгылтым, көк, теги койчу, боёктун түрү жетпейт. Ушундай маалда эгер табиятка тил бүтсө, гүл бүткөндүн баарысы шак эле атын айтып жиберчүдөй бажырайт. Бири-бирине таптакыр окшобогон гүлдөрдөн ар кыл, назик, үлбүрөк желектери кыз кыялындай дирилдейт. Мындайда ай таланын көркү да, алды да гүлкайырлар. Бүт коктунун көркүн чыгарган гүлдөрдүн ыргагын, шуудуруп, кыймылын, шамалы менен абазын бир күүгө келтирип тургандай ар-ар жерден обочо, бийикке ушулар гана бой керет. Жашыл түскө жайкалып, күнөстүн аптабына, шамалдын башатына балкыган коктунун көз күйдүрөр кези али алдыда...

Кыз менен бала бүт коктуну ээлеп алгандай керели кечке эгиз козудай кубалашып, бекинбечек же шактан-шакка секирип ойношот. Кыздын сергек, өтө сезимтал, ыкчамдыгына бала кыйлага таңыркап жүрдү. Экөө бекинбечек ойногондо кызды таап көр. Таштын коңулуна кире качат, ойдуңдун түбүнө сунала жата калат же бадалдарга жашырынып алып, таптакыр таптырбайт. Издей берип, шайы оогон бала айласы түгөнгөндө коктунун кыл чокусуна чыгып бүт арзуусун ааламга айткысы келгендей тээ-тигиндеги ак кары гана көзгө урунган жылаңач зоокаларга жетчүдөй “Санжыра-аа, Эмил-лл, Санжыра-аа, Эмил-лл” деп алмак-салмак аттарын айтып кыйкыра берет. Мындайда кубанычы койнуна батпай, өзүнүн айласына шерденгендей, бетинин оту алоолоп, дердеңдеген кыз шалдайып айласы түгөнүп отурган баланын артынан байкатпай келип, эки көзүн бекитип жыгылат...

Аты аңыз тракторчу, чоң муш Шүкүнүн келтегине таарынып, бала-чакасы менен төркүнүнө кеткен аялынан көптөн бери дайын жок. Кез-кез совхоздон колу бошой калганда бир шишени кез келген менен бөлүшүп, сарайвандуу коктуну аңдып көпкө жүрдү. Дароо даай

албаганы деле жөндүү болчу. Сакоонун бет келгендеги сүрдүү көзү, көчө-көйдө баратканда жүзүнөн кетпеген муңайымдыгы менен оор басырыктуулугу кыйла сестентти. Адеп артынан аңдып барып, ошол коктуга жанаша жыш өскөн чычырканактуу төштүн ичинен акмалап жүргөндө жаз эмес беле.

Бир күнү дагы жолу болбой ире-ширеде коктудан шашыла басып келатса, алдынан жеңил-желпи, келин-кесектин койнуна бирге барып жүрүшкөн теңтушу Зунду чыгып калды.

- Ии-и, илеше албай ичиңден туз жалап келатасың го.

- Энеңди... деп толук ашата сөгүп.

- Мыкчыгердин городской баласынан күйдүм. Күндө жанынан имерилип кетпейт.

- Экөө эмне кылышат?

- Ойнойт. Жаш балдардай, жиндилердей ойнойт.

- Биякка апчыгып, мурдунан бир-эки ийлеп койбойсуңбу? Нымтырап илбериңкидей көрүнөт го.

- Ии-и, долу кемпир бетимди жулуп, үйүмдү буерден көчүрүп жиберсин деп турасыңбы.

- Билгениңди жаса. Зунду корс этип, алдыга басып кетти. Муштуму менен айылды коркуткан Шүкүнүн да жолун тоскон бирөө бар экенин экөө тең моюнга алып баратышты.

Эртели-кеч тоо тараптан сууктун ызгаары келип, күз ортосунан ооп баратты. Коктудагы сарайвандардын учтары саргарып, даам кирип калды. Ушул жылдагыдай сарайвандар мөмө байлабас. Чаржайыт бутагынын бир жерин койбой шиңгил-шиңгил бармак башындай сарайвандар көз кызартып, шилекей агызат. Анын өзүнчө даамы, жеген адамды сагындырар өзүнчө татымы бар.

Бир маалда бирдеме эсине түшкөндөй Санжыра шактан секирип түшүп, Эмилдин колунан жетелеп, тээ коктунун башындагы күн чыгыш тараптагы жалгыз жаш көчөттөн жанына алып келди. Үч бутактуу, түптүз чымыр өсүп келаткан дарактын кылда учтарында кайнолудай чоң-чоң, эттүү, сапсары сарайвандар жөн эле мөлтүрөйт. Кыз секирип ылдыйкы шагынан бирди үзүп, оозуна салды да, жарымын балага узатты.

Эмил шактын кылда учтарын кызыга карап, эзиле бышкан сарайпандарды терип бермекке үч ача шактаны чатына бутун эми эле кое бергенде кыздын “кой чыкпа, сынат” дегендей, колу желкеден жулкулдатты да, өзүнө имере тартканда, кептеле түшкөн тирсийген көкүрөгүнөн, назик денесинин илебинен бүт жан-дүйнөсү ымыр-чымыр болуп, кызды бек кучактап, алкымынан өөп-өөп алды. Санжыранын бүт туриатын чагылган чаап өткөндөй, эт жүрөгүн элжиреткен бейубак жылуулуктан калтаарып, эңги-деңги кылган сезим толкунунда колборүп турду.

Небересинин баскан-турганы, кыял-жоругу чукулунан өзгөрүп кеткенин кексе кемпир байкабай калмакпы. Анан калса айылда күбүр-шыбыр сөз көбөйдү. Келин-кесек четин чыгарып азилдешкендеричи. Бир айласын таап, баланы токтотуу керек. “Атасы келсе, шаарга кошуп берем. Ошоягында окуй берсин. Медалы болбосо, башкасы болоор” деп Мистекан кемпир тун уулунун келишин чыдамсыздык менен күтүп жатты.

*1994-жылдын май айы*

## *Ак өрүк*

Мен дайыма жаз келгенде же жазды эстегенде, сагынганда бир кемпирдин таржымалы менен баштайм…

Айылдан обочороок жердеги колхоздун багын тегерете курчаган коргон менен кемпирдин чарбасы катарлаш. Анан берирээкте очор-бачарлуу багбандын бышык кыш менен тургузган заңкайган үйүнүн жанында тепейген чакан эки бөлмөлүү кемпирдин тамы көзгө комсоо көрүнөт. Айылдагылар буердеги эки үй-бүлөнү «коргондуктар» деп коюшат. Кемпирдин баккан-көргөн жалгыз небересинен башка эч кимиси жок эле. Экинчи күйөөгө чыккан карачечекей кызынын кийинки турмушу деле бешене тердетерлик болбоду. Кызынын биринчи турмушу бузулганда калган үч айлык наристени көзүнүн карасындай көрүп бакты. Кыз бала деп терикпеди. Чүрпөсү бой тартканга чейинки жылдар кемпирдин кызыл жүзүн бозортуп, каржалтып, картайтты. Чачын тегиз ак саамай аралады.

Кемпирдин тамына кыйыгынан көз салгандар көбөйдү. Бешенесинен куюлуп түшкөндөй жылдызы жанган кыздын чырайы көргөндүн көңүлүн буруп, назарын «тык» дедиртпей калчу эмес. Кыздын элпек жүрүм-турумуна шайыр мүнөзү, эркелиги жарашып турчу. Кээ күндөрү теңтуш балдардын сабагына шылтоолоп же шынаарлап терезе жактан тиктегенине кемпирдин чындап ичи тарып, күңкүлдөй кудуранып, эшикке кирип чыгып жүдөй турган. Мындайда кызы каткыра күлүп, энесинин мойнунан кучактап ой-боюна койбой ачуусун таркатып жиберчү.

«Быйыл онунчуну бүтүрөт. Доктурдун окуусуна барам деп жүрөт…» деп ойлонот кемпир. Ал кетсе, көргөн күнү кантээр экен? Бир үйдө соксоюп жалгыз. Небереси экөө бир кошмо жарма данектей болуп калышпадыбы. «Окуудан нары кайдагы бирөөнүн колун кармап, алыска кетсечи…» Бул ойдон кемпирдин өзү корко турган. «Прунзага барса атасын таап алышы да мүмкүн. Кыз тууганчыл келет эмеспи» деген ой андан бетер үрөйүн учурат. Жок кайдан болбосун кызынын айылында калганы оң. Убактысы келгенде бирөөгө бүлөөлөп берер.

Жаз алды жер көпкөндө Сылан кемпирдин жаны жай алчу эмес. Багбандын жаман жакшы көргөнүн этибарга албай, бакка «башчылык» кылган ошол киши. «Өрүк гүлдөгөнчө үрпөйтпөй шагын кырксаңчы» деп, бактардын ашыкча шактарынан арылтып, суу жүргөн арыктарын тазаламайын ашыга бере турган.

Бактагы өрүктөр тегиз гүлдөгөндө, башына салынган пахта жоолугунун чекесинен уйпаланган ак саамайлары самсаалап, жуула берип өңүнөн өчкөн узун штампел көйнөгү бутун чалыштырганынан этегинин бир тутамын белине кыстарып алчу да, күн тынымын сезбегендей кыбырап жүрө берчү. Ак бадырактай апапакай гүл ачкан өрүкзардын ошол кези үлпүнчөк ичиндеги жаңы келинчиктей наздуу да, аеолуу да. Бактын майда-барат жумуштары багбанга тиешелүү экенине карабай, кемпирдин колунан жасала турганын эч ким таназар алчу эмес. Чириндилерди чогултуп өрттөп, таштарын терет. Кыркылган шактарды ташып, иреттеп жыйып, кышкы отунун камдап алат. Ага биротоло сүйөнүп алган Чырмаш багбан деле өзү жасай турган ишинин бүткөнүнө курсант.

Кемпирдин тымызын көңүл кушун алган бир түп ак өрүк. Ал баарынан эрте гүлдөп, эрте бышат. Муштумдай чоң-чоң ак өрүктөр анын тиричиликтеги өксүгүн толтурган күндөрдү кантип унутсун?.. Бышкан мезгилде эки-үч челек өрүккө кошунасы деле анча этибар бербейт. Мындайда барбалаңдап, колу ачыгы тутуп калат. Кемпир тымпыйып базарга алып жөнөйт. Килосу эки сомдон кем сатылбайт.

Ар күнү таң заарынан туруп, Күкүнтайы ордунан козголгончо түшкөн өрүктөрдү терип келип коёт. Небереси да өрүктү абдан жакшы көрөт. Ошондонбу «Күкүнтайымдын өрүгү» дечү кемпир ичинен эзилип. Шагы туш-тушка жайылып өскөн саябандуу ак өрүктөн жазда, күздө да өзгөчөлөнгөн боёктору боло турган.

Кемпир бир окуяны эстеген сайын каңырыгы түтөп, ичи эңшериле түшөт. Анда небереси жетинчи класста эле.

Кыш кыроолоп, күн суук маал. Өрүк отундун дуулдай күйгөнүнөн шарпа угулбайт. Мештин жанында жүн тытып олтурган энени небересинин капыстан уңулдап ыйлап киргени чоочутуп жиберди.

-Ботом, эмне болду балам?.. Сестейген эне ордунан ыргып турду. Кыз эч нерсе айтпай көпкө ыйлады. Катуу ызаланганынанбы эки ийни көнкө солкулдап, ыпысык көз жаштары эненин көкүрөгүн суулап, муунун бошотуп жиберди.

Кыз качан сооронгондо гана эмне болгонун айтып берди.

Ар жыл сайын атасы же энеси жок балдарга материалдык жардам катары пальто, өтүк, мектеп формасын беришe турган. Кышка карата дагы кийимдерди ар бир класстагы балдардын тизмеси боюнча таркатып жаткан. Класс жетекчи бир маалда кыздын атынан чакырып:

-Өзүңө ылайыгын кийип көрүп ал,-деди алдындагы пальтолорду көрсөтүп.

Кыз ордунан туруп, эки кадам шилтегенде кимдир бирөөнүн:

-Эмнеге эжеке, Гүлбайранын ата-апасы бар го… деди пааразылангандай.

-Билбейсиңби, атасы таштап кеткен. Катташышпайт да. Апасынын эри көп ичет, өгөй атасы алып бермек беле,-деди дагы бирөө. Муну кошунасынын өзү теңдүү кызы айтканын жазбай тааныды кыз.

Ал титиреп кетти. Жанагы жаман сөз кулагына кайра-кайра жаңырып жатты. Пальтонун ага ылайык келеби же жокпу

аңдаштырууга чамасы келбей, көзүн чайыган ысык жаштан деми кысылып баратты. Эжекеси колуна карматкан пальтону партанын алдына таштаган бойдон, танаписте үйүнө чуркап жөнөдү.

Күнөө кылган кишидей эки-үч күн «окууга барбайм» деп өзүнөн-өзү корунуп, айбыккансып жүрдү.

Эне буга канчалык ачынбасын соороту п, жумшак айтты:- Бекерлерди айтышыптыр… Карап тур, ошолордун көзүн күйгүзүп, ак өрүгүң бышканда эч кимисинде жок бир жакшына тон алып бербесем. Көрөсүң го…

Эжекеси келип, кемпир менен сүйлөшкөнүнө да карабай, кыз жаңы пальтону кийбей койду.

Тигине, кемпирдин көз алдына жеңдери кыска, өңү бозоруп, чыканактары сүзүлө баштаган жашыл түстөгү чолок пальтону кийген кызы ашыгып мектепке бара жатат. Ошол жылы чилденин катырганына карабай, небереси эски пальтосу менен кыштан чыкты.

Эненин тилегениндей ак өрүктүн да мөмөсү абдан жакшы болду. Кемпир кызын базарга алып барып, жаккан пальтону сатып берди. Ошондогу кызынын кубанганын айтпа. Жол катар ар нерселер жөнүндө божурап, кубанычтуу келди.

Жылдар жылга тогошкон сайын кызы бой тартып келет.

## *ЛӨЛҮ КЫЗ*

Жолдо кетип бараткам. Бутума илешип-илешпей кичинекей кара кыз ээрчип алды. Кайнолудай капкара тептегерек бакырайган көзү уулумдун көзүн элестетип жиберди. Мектеп жашына жете элек. Кол сунуп эле келатат. Сүйлөбөйт. Бирдемени күбүрөмүш болот. Буту жылаңайлак. Сүйрөлгөн кир көйнөгүнөн шыргыйдай арык буттары тез-тез кадамдайт. Катарлашып калдык. Кадамыбыз арбыган сайын көздөрү жалооруп, үмүтү чачылып кете тургандай… Менин сүйлөткүм келди.

- Мага кыз болосуңбу?

Үндөбөйт.

- Үйүмө алып кетейинби?

Унчукпайт.

- Атың ким?

Түшүнбөстүр. Боорума тартымыш этип, үнүн уккум келет. Бизди кичинебизде ушинтип эркелетишчү жолдон ары-бери өткөндөр. Кулакка сиңип калганын. Балалыгым эсиме түшөт…

Желкесин жаба бербеген суйдаң чачы түйдөктөлүп чатышкан. Наати тарак тийбесе кантсин. Дарбыз жегенби колу шалтак. Көзү жалтанчаак болгону менен өткүр карайт. Тикирейип тигилгенде кымтыланган оозу бүчүлөнүп калгансыйт. Көчөдөгүлөргө жалооруп суранып, ырайым тилегенге, кайыр сураганга көнгөн көз. Тыйын-тыпыр колуна тийген күндө да оңойчулук менен күлбөгөн көз. Бул замандын көзү. Балага да, чоңго-кичинеге да тирилик керек. Тирилик ушунча да ширин болобу?

Ушул көз күндө көп адамды көрөт. Бирөө кайыр-садаганы жөн берет, кээси урушуп-тилдейт, бирарксиси жөн эле кубалайт.

…Өткөндө жол боюнда эки эңгезердей жигиттер сүйлөшүп туруптур. Ушул кыздан дадилирээк бирөөсү колундагы ысырыгын түтөтүп, баягылардын жанына барып, кол сунуп туруп калды. Бирөөсү колу менен түрткүлөп “кет” десе болбой, кыз көшөөрүп ордунан жылбайт. Шеригинин жаалы чыкты.

-Энеңди… деп ашата сөгүп, кубалап жөнөдү. Кыз чымын-куюн боло делдеректеп качып жүрөт.

-Ушулардан тойдум. Бут бастырбайт. Күндө бере бергидей пул заводум болбосо… - Сөгүнгөн жигит кыйлага чейин зиркилдеди. Кудай билет, ал тыйынын күндө берээрин. Балким, берип жүрүп тажагандыр…

Адамдар бирин-бири сүйбөй калды. Болоор-болбос нерсеге желкебиз тырышып, үтүрөңдөй түшөбүз. Үтүрөңдөшкөндөр автобуста, жолдо, базарда, иште, кечиндеси үй кепеде…

Лөлү кыздар да ушинтип нан тапкандан тажашпады. Төрт көчөнүн кесилишинде кара таандай үймөлөктөшүп алышат. Светофорго жетип, жеңил машиналар токтогондо чуркап барышат. Керели-кечке колундагы чөмүчтү түтөтүлгөн адырашмандын жыты мурун өрдөйт. Боору ооруп, сооп болот дегени эки-үч жашыл, көк кагазын же бир сомдукту карматат, кээси бутуна чиркелишип калса да, камырабастан жолун улайт.

Көздөрү кайнолудай капкара лөлү кыздар ушинтип каш карайтышабы…

Балалыгым эсиме түшөт. Балалыгыбыз башкача өтүптүр. Эч нерседен бейкапар оюндан таң атып, кеч кирчү. Куурчак ойноп, ылайдан нан жасап, тандыр куруп. Куурчак кыздардын чачын өрөбүз деп макапаяны аралап, паяны майкандап тил укканыбызчы…

«Лөлү келатат» десе, дыркырап үрккөн койлордой туш тарапка качабыз. Коркот элек. Куржунун көрүп коркот элек. Бармактай жүрөктүн үшүн алган куржун өмүрү желкеден түшпөсүн кайдан билдик. Ата салты ушул болсо, кечип кеткен ким бар?

Килтейген ак каптарын нан, жүнгө толтурган лөлү аялдар топ-тобу менен көчөнүн тээ ылдыйынан бу башына үймө-үй кыдырып келет.

-Ортак бамысыз…

Көчөдөн баш баккан үндөн муунум титиреп, чаркардын бурчуна бекинип, дем чыгарбай калам.

Чайнек-пияласын тери же жүнгө алмашкан соң, шашпай чай ичип, айран ууртап, бир-эки нанды жөн эле кабына кымырып салып, апамды эрмектеп калышат.

- Ке ортак, сенда бир гап бар… Кайнонаңдан гап салай... – деп, пал ачканы кадыресе малдаш урунуп отурган кара терисине чатырап толгон аялдын жебиреген сөзүнүн бирин уксам, бирин укпай мен калам.

Бирде апам пал ачтырып отуруп, жез сөлкөбайларын, чачпактарын (күмүш тыйындар) кантип алданып бергенин же уурдатканын билбей калганын атам көпкө чейин шылдыңдап жүрдү.

- Кысталак, ушу лөлүгө алданган башты кантип убара болуп көтөрөт десең…

Апам чычалап, чын-төгүнү белгисиз палды кыялынан өткөрүп калат.

Лөлүлөр келбей калса, айылдагылар сагынып калаарын эс тартканда сезип жүрдүм. Тиричиликти кызыткан булардын кооз гүлдүү чайнек-пияласына кызыкпаган бирөө-жарым жоктур. Ошондо лөлүлөрдүн биз курактуу, балакатка жете элек кара көз кыздары үйлөрүндө ойноп жүрүшсө керек эле.

Дикилдеп менден калбай ээрчип келаткан кызды сүйлөтө албасымды сездим. Сендейлер шаарда көп жүрөт. Жүрөгүм «тыз» дей түштү. Кайыр сурабаганы менен биздин балдар көр тириликтин түйшүгүн кошо тартышканы ар нерсе сатышат. Кичинекей лөлү кыз – көзү мөлтүр кыз.

Сумкамды ачып, колума урунган тыйынды алып чыкканымда мөлтүр көзүнөн түшүнүксүз учкун чачырай түштү.

***1994-жылдын 2-февралы***

# ЭССЕЛЕР

# *АКЫБЕТСИЗ ОПЕРАЦИЯ*

1989-жылдын кеч күзү...

Областтык балдар ооруканасынын хирургия бөлүмүнүн өзүнчө бир палатасында жаткан кыздын тагдыры кимдин да болбосун зээнин кейитчү. Ордунан тура албайт, керели-кечке иш эрмеги китеп. Чалкасынан жаткызып, үстүнөн ак шейшепти коомай жаап коюшкан. Азганынан эти сөөгүнө жабышып калгансып, оркойгон сөөгүнүн олдоксон кыймылы, тирүүлүктүн илебин сездирери жалооруй тиктеген мөлтүр көздөрү. Ак жаздыктан чыканакка жетер-жетпес эки өрүм капкара чачы төгүлүп турат. Кардынын үч-төрт жеринен тигилген операциянын орду, курсагынан табарсыгына чейин кесилген жеринен кадимкидей ичегилери булайып чыгып турар эле. Ичеги-кардынын тешигинен куюлуп турган суюктукту утуру-утуру алмурут сыяктанган сордургуч менен менен сордуруп алып коёт. Китепке алаксый түшсө, тешик ичегисинен куюлган суюктугу шейшепти булгабасын деген алаксуу гана кызды алдап-соолагансыйт. Бул эптеп убакыт өткөрүүнүн бирден-бир ылаажысы эле. Мындайда убакыт да тушап койгонсуп, өтпөй калат эмеспи. Кыжаалат кызынын көңүлүн алагды этимиш болгон апасынын абалы жарыкты чарк айланган көпөлөк сыңары тынч алалбайт. Же ордунан туруп олтура албаган, же басып көңүлүн жаза албаган он эки жашар кызды төшөккө тушаган дарттын даабасын табат оюнда, кыялы менен жер кезип, аалам кыдырып.

Мен операция болгон уулумду алып бирге жаткандыктан, бир көргөндө жүрөгүмдү “зырп” эттирген кыздын мындай абалына үйрүлө түшүп, маани бергеним менен оюмда аны бирөө менен салыштырып, дартынын бир айласын табууга ашыкканмын. Ка-ап, дарыгердин оюндагысын айттырбай тарткан сүрөтчү болсомчу!...

Бул эссе-аңгемени мектепте окуп жүргөнүмдө англис тилинен которуп окуп берген агайдан уккан элем. Ал мындайча: “Өлкөнүн батышындагы бир көчөдө жалаң сүрөтчүлөр жашачу. Үч кабаттуу үйдүн үчүнчү кабатында эки дос кыздын сүрөтканасы бар. Алдыңкы кабатта картаң сүрөтчү жашачу. Күндөрдүн биринде кыздардын

бирөөсү катуу ооруп калды. Оорусу кабылдап, күндөн-күнгө күчөй берди. Суук күндүн кечинде ал терезени карап жатып: “Он эки, он бир, он...” деп санаганын досу угуп калды. Санай турган эмне бар эле? Курбусу таң калып, сыркоо кыздан эмнени санап жатканын сурады. “Тиги терезе түбүндөгү дарактын жалбырагы мурда жүздөгөн, миңдеген болчу. Азыр күздө түшө баштады. Мен ооругандан бери ар бир түшкөн жалбыракты жогорудан ылдый санап жатам. Мына төрт гана жалбырак калды. Эми мага эч нерсенин кереги жок. Эртең бардык жалбырактар түшөт. Ошондо мен өлөм...”

Курбусу сыркоо кызга таң калат да, унчукпай акыркы кабаттагы картаң сүрөтчүгө түшүп, досунун оор абалын, акыркы жалбыракты айтып берди.

Түнкүсүн катуу бороон улуп, жамгыр төктү. Эртең менен оору кыз көзүн ачып, терезеден көрүнгөн дарактагы жалгыз жалбыракты көрүп, таң калды. “Ичээр суум бүтпөптүр. Бул жалбырак түндөгү бороонго да туруштук берген турбайбы. Демек, мен да жашап кете алам го...” деген ой келди.

Бир нече күндөн кийин үйгө дарыгер келип, кыздын абалын текшерди. Дарактан түшпөй дагы эле турган жалбыракты көргөн сайын кыз жандана баштады. Баары төгүлүп бүтүп, бир гана жашыл түсүн жогото элек, менменсинген жалбырак кеч күздүн ызгаарына карабай, жылаңач дарактын сабактары менен кошо шуудурап, кыздын көңүлүн өзүнө тартат.

Эки-үч айдан кийин дарыгер ага айыкканын айтат. Үстөлдөгү сумкасын жыйнап жатып, дарыгер алдыңкы кабаттагы сүрөтчүнүн суук тийип, каза болгонун жобурап берди.

Акыркы жалбыракка үмүт байлаган кыздын тагдырын угуп, картаң сүрөтчү бороондуу, жамгырлуу түнү эптеп эшикке чыгып, даракка чыгып, таң аткыча жалбырак тартыптыр. Жалбырактарын улам тарткан сайын, улам жактырбай ыргыта берип, акыры жалбырактардын эң мыктысын таркандан кийин таң атып, картаң сүрөтчү оорудан төшөккө жатып калган экен. Дарактагы жасалма жалбырак да ошол кишинин калеминен жаралып, жаш кызды өлүмдөн сактап калат...” Ылайым, ошол атактуу Генринин аңгемесиндей болсо кана?...

Ошондо баламдын түйшүгү менен алаксып, көз жашын төккөн кыздын апасынын армандуу үшкүрүгү менен кош айтышып, ооруканадан чыгып кеткем...

Адам ысык жансың. Качан ооруп, эртең эмне болорубузду билсек, бутубуз менен жер баспай кала турганбыз. Кырсыктын качан келип эшик кагаарын ким билиптир. 1989-жылдын август айы, бышыкчылык маал. Сонайымдын оорусу капилет башталат. Эртең менен тамактанып бүтүшкөн соң, көңүлү айланып, ысытмасы көтөрүлүп, куса баштайт. Шаштысы кеткен апасы Минавар жолдошу менен менчик жеңил машинасында Ноокат районундагы "Россия" колхозунун Кызыл-Бостон участкалык ооруканасына алып барышат. Ошол жекшемби күнкү оорукананын нөөмөтчүсү дарыгер Жунус Ташиев иш ордунда жок болот. Ары чуркап, бери чуркап, эч кимди таба алышпаган соң, оорукананын балдар врачы Алижан Эралиевдин үйүнө барышат. Үйүнөн эжеси Апиза Эралиева чыгып: "Он-он беш мүнөттөй болду, киного кетти" деп жооп берет. Артынан чыгып, издеп таппай коюшат. Жандалбастай ооруканага кайра келип, "тез жардам" машинасына телефон чалышат. Эч ким жооп бербейт. Унчукпаган телефондун номурун бурай-бурай үмүтү үзүлгөн ата-эне оорукананын эшигинде онтоп турган кызынын абалынан чочулап, карапайым айыл адамдарынын түшүнүгүнө биротоло сиңип калган "участкалык дарыгердин жолдомо кагазысыз көрбөйт" деген ой менен Эралиевдин үйүнө кайра барышат. Киного кеткен неме, үйүнүн жанында ылай тебелеп, гүвала куюп жатыптыр. Чакыргандарды көрүп, шашылбай жай басып келет да "силер барып тургула, мен артыңардан жуунуп барам" деген жообун айтат. Мындайда адам сезимталдыгын жоготуп коёбу, башкасын билбейм, дарыгердин жүрөгү кантип сезбей, туйбай калышы мүмкүн? Ичинен онтоткон оорудан жан далбастаган кыз менен заманасы куурулуп, көздөрү чачырап айласы кеткен ата-эненин абалы неге кайдыгерлентти? Болбосо, ооруган кыздын жанына басып келип, оорусун карап көрсө, убакыттан уттурушмак эмес беле..

Көчөнүн чаңын ызгыткан машина кайрадан ооруканага келет. Ал келгиче нөөмөтчү Ташиев (апасынын айтуусунда Эралиев эки сааттан кийин келет) кайдан-жайдан жетип келет да, кызды көрүп: "сокур ичеги - аппендицит, перитонит экен, тезинен районго алып жөнөгүлө" дейт.

Бир күндүк кайран өмүр жолдо калат да, жаны кайчыланып ооруган кыз кечке жуук райондук ооруканага жеткирилет. Аерде нөөмтчү хирург Марип Ташиев кызды кабыл алып “сокур ичеги жарылып кетиптир, тезинен операция кылуу керек” деген бүтүмгө келет.

Кыз операцияга эреже боюнча даярдалат. Биринчи операция... Эненин жүрөгүнүн үшүн алган, жаш кыздын жанын кыйнаган бир жарым саатка созулган биринчи операциянын акыбетсиз, ийгиликсиз болушу эмнеден эле? Тажрыйбасыздыктанбы, билимдин жетишпегендигиненби же кайдыгерликтенби?... Адам өмүрү колуңда турса, эртеңки жарыкчылыкка ашыккан жүрөк согуп жатса, канткенде кайдыгерлениш, энтеп колдон өткөргөнгө шашабыз. Же биз ишенген, атынан атабай “Өмүр сакчысы, ак халатчандар” деген дарыгерлерибиздин айрымдарынын тайкы билиминен, жоопкерчиликсиз мамилесинен канчалаган тагдырлар “билимдүү-билимсиздердин” таман алдында калып, “күнөөсүз – күнөөлүүлөрдүн” айынан нечен өмүрлөр бейубак кыйылып же жарым жан болуп калабы деп ойлойм . Мындай операциянын акыбети жогорку сөздүн кайсы бири менен бааланат?

Айтор, жарылып кеткен сокур ичегини операциялоо тактикалык жактан туура эмес жасалып, ичек-чабагы жуулуп-тазаланбай, сокур ичегиси гана алынган. Натыйжада оору очогунан жайылып, ичегилери ириңдеп, кыз күндөн-күнгө арыктап, абалы оорлошо берген. Жеткиликтүү болсун үчүн, катты жеринен текшерүүгө бирге барган Ош областтык саламаттыкты сактоо башкармасынын башкы хирургу, медицина илимдеринин кандидаты Анаркулов Сайдулла Файзуллаевичтин тыянагын сөзмө-сөз берүүнү туура таптым. "Ооруканага келгенден бир сааттан кийин нөөмөтчү хирург М.Ташиев сокур ичегиге операция жасаган. Бул жерде өткүр аппендициттин перитонит болгон кабылдоосуна карабастан, наркоз берүү менен ичти ортосунан кесүү ыкмасын колдонуп, ич көңдөйүнүн баарын тыкан тазалоонун ордуна кабылдоосуз өткүр аппендициттей операция жасалган. Натыйжада операциядан кийин перитонит таркап кеткен, ичеги аралыгында ириңдөө пайда болгон, бул болсо программа боюнча төрт жолку релапаратомия операциясын жасоого мажбур кылган”.

Операциядан соң өзүнчө палатага жаткырышып, апасына карап жатууга уруксат берилет. Кызынан көзүн алалбаган эне үч күн, үч түн уктабай, тикесинен тик туруп, жакшы үмүт-тилегинин кабыл болушун кудайдан тиленип чыгат.

Арадан он сегиз күн өткөндөн кийин хирургия бөлүмүнүн башчысы Абабакиров Минаварды чакырып: "кыздын ичи ириңдеп кетиптир, экинчи операцияга даярдап койдук. Макулдугуңузду берип, операцияга кол коюңуз" дейт. Экинчи операцияны күтпөгөн эненин ичи эңшериле тызылдап, эчкирип ыйлап-ыйлап алып, "канчалык тез жасалса, ошончолук жеңил болот" деген сөзгө кубаттанып, макул болот. Экинчи жолкусун Абабакиров, Ташиев, Бабакулов, Жумаевдер жасашат.

Ошол күндөр эненин тили менен айтканда, кырк жылга созулгандай зарыгуу, заарkануу менен күн батып, таң атат. Кызынын кирпиги кыймылдаса, кубана түшкөн эненин үмүтү дале үзүлбөй, үчүнчү-төртүнчү операциясында да тикесинен тик турат. Үчүнчү жолкусунда сегиз күндөн кийин туруп басып, тамакка аралаша баштайт. "Жарк" этип чыга калып, кайра булутка жашынган күн сыңары алдамчы үмүткө жетеленген эне кызын калтырып үй тиричилигине, тамекисинин түйшүгүнө аралашып кетет. Он алтынчы сентябрь күнү кызын көргүсү келип, жүрөгүн "тыз" эттирген суук сөздөн денеси жыйрыла түшөт. Кызы "жараатымды жаңы эле тандырып чыккандан кийин ичимден ичкен шорпом төгүлүп кетти" деп ыйлап жиберет. Сонайым кайрадан ордунан тура албай, жаздыкка тушалат.

Кайрадан адистин сөзүнө кулак төшөйлү. "Кийинки операциялардын бардыгын хирург К.Бабакулов жасаган. Акыркысында ичегиге декомпрессиялык дренаж коюу операциясы жасалган. Кесилген жер толук жабылып тигилген, бул туура эмес эле. Натыйжада тигилген жерлер кармабай, ичеги тешиги пайда болгон.". "Билимсиздик" ырбап бараткан оорунун жолун торооо жолтоо болот. Ар кайсы аракеттердин баары натыйжасын бербейт.

Кыздын бешенесине жазган жазмышына катуу таарынган эне аерден жакшы боло албасына көзү жетип, эптеп бир айласын таап, областтык ооруканага жиберүүсүн суранат. Хирургия бөлүмүнүн башчысы ошол кезде Абабакиров эле. Ал: "Эмне, Ошто деле бизге

өлбөгөн врачтар. Аерде таанышың болсо карайт" деп, орой жооп берет. Шагы сынган эненин жүрөгү канап, санаага чөгүп жүргөндө областтык балдар ооруканасынан кеңешүүгө чакыртылган К.Мыкыевдин кийлигишүүсү менен жыйырма алтынчы сентябрда Ошко которулат.

1991-жылдын сентябрь айы.

Кенже уулум менен ооруканадамын. Көзү жылуу учурап, өңү таанылгыдай көрүнгөн аялды анчалык тааный албай турдум. Арыктап калыптыр, санаага кардыккан көзүнөн дале ырайым төгүп, үмүткөр, кызынын жанында экен. Оозума кирген биринчи сөзүм:

- Алигиче ооруканадасыздарбы ?- дептирмин.

- Ооба, кызым оңолуп баратат. Мурунку операцияларындагы тигилген жерлери бүтөйүн деп калды, - деди.

Арадан эки жыл өтүптүр. Ушул жалгыз адамдык палатада эки жылдын жаз-жамгырын, кыш ызгаарын көздөн өткөрүп, терезеге үмүттүү тигилишкен ушул бөлүмдүн "паспорту катталуу оорулуларындай" болуп калышкан эне менен балага эмне дээримди билбедим. Сонайымдын мурдагы эки өрүм чачы жок. Жата берип, жылып түшө бергениненби, кыркып коюшуптур. Кубаныч уялай калган көздөрүнөн тажагандыктын, алсыроону эмес, кандайдыр бир эртеңки күнгө бел байлаган кубатты сездим.

- А-а, апа, ушерге келгенден бери семирип калдым. Ноокатта жыйырма беш кила элем. Азыр отуз сегиз кила болдум. Тиккен жерлердин кыйынчылык менен бүтөөрү жаман экен. Качан айыгам? Мектебимди, айылымды сагындым. Азыр деле ордуман туруп, эшикке басып келем – деди мага жараттарын көрсөтүп. Бир, эки, үч, төрт, беш, койчу ичинин тамтыгы жок.

"Олда, жазмышы катуу тагдыр ай!.. Эки жылдан бери жаш кызды оюндан оксүтүп, окуусунан калтырып, неге мынчалык кыйнадың экен?" дейм өзүмчө. Бул жолу да менин колумдан эмне келмек? Көрүп, тынчым кейип, уулум сакайган соң баса бергем.

Күндөрдүн биринде арызын көтөрүп Минавар Бөрүбаева редакцияга келип калды. Бул биздин 1991-жылдын акыркы айындагы биринчи көздешүүбүз эле.

Хирургия бөлүмүнүн дарыгерлерине ата-энеси чексиз ыраазы. Кызымды ажалдан арачылап беришти деп жетиналбай жүрүшөт.

Дарыгерлердин айтканы алар үчүн мыйзам. Апасынын ордуна келген жетимиш жаштагы чоң энеси Аниса Ашыралиеванын келгенине бир топ болду. Карыганда ооруканада өткөргөн турмуш оңой бекен. Небересинин кареги менен тең айланып турат. Бөлүмдүн башчысы Рахман Тойчиев небере менен чоң энени "дипломсуз врачтар" деп тамашалап койду. Эки жылдан ашык мезгилден бери жатса Сонайымдын оорусун айыктырууга канчалык күч жумшашпады дейсиң. Эх, Сонайым, Сонайым! Назик жүзүңдөн күлкүң төгүлүп, жарыкчылыктын жакшылык не, жамандык не экендигин ажырата элегиңде, кыйноого салган дарттын азабын кимдердин айынан мынчалык тартарыңды, өзүң да билбейсиң... Кыргызда жакшы сөз бар: "Жашыңда берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү" дегендей, бул мээнетиң ташка чабылган оюнчуктай эле болуп калса экен, ылайым...

## ӨМҮРДҮН КҮЗҮН ОЙЛОЙ ЖҮР

Быйыл күз жадырап көпкө турмак… Кечээ эле кабак-кашы жанга жагып, күрдөөлдүү эмгек кайнап, жаратылыш боёкторун даңазалап жаткан. Ааламда канча түс бар болду экен? Кеч күздөн табыш керек… Күздөй боёкко март, мас, маш мезгил жок. Кызык, эрте жазда жашыл боёкту жерге жаба төгө салгансып, жапжашыл түстөрдөн ал чөппү, гүлбү, эгинби, биринен-бирин айырмалай албай башың катса, күздүн ар бир боёгу өз-өзүнчө. Эмне үчүн алма-өрүк же тал-терек бүчүр байлаганда жапжашыл болуп бөртөт да, бышып жетилип, куурап күбүлгөндө терисин өзгөртүп, түркүн-түскө боёно калат.

Аалам дүйнөсүндө кыбыр эткен жан аттуунун баары жашоосунун узун-кыска мезгилинде жаратылыштын ушул мыйзамына баш ийип, бул жарыкчылыкка келип-кетип турат.

Тиричиликтин мыйзамында күз жердин түшүмү менен бааланат. Же тескерисинче эмгектин барк-баасы күздө таразаланат. Жердин бар байлыгынын таразачысы да, калысы да, эгеси да ушул күз. Мусулмандар айтат эмеспи «жөжөнү күздө сана» деп.

А тирүүлүктүн мыйзамында пенденин өмүр күзү мезгилдин күзү менен айкалышпайбы? Окшошушпайбы? Ким өмүр күзүнө кандай дарман,олжо менен келет? Кеп ошондо. Адамдардын ишмердигинин,

чыгармачылыгынын, белгилүү датасын эс алууга чыкканда же жубайлык турмушунун «күмүш тоюн», «алтын тоюн» тойлогондо өмүр жемишинин түшүмү күздөгүдөй санакка алынат да.

Кайсы бир сүрөткердин күздү балпайган байбичеге, кадырман карыяга салыштырганы эсимде жок. Бала-чакасы кабыл чыгып, уучу узарып, карылыктын тили менен айтканда «сөөгү агарып» өтсө султанасың. Дөөлөтүнө куштарланасың. Өз коломтосунун төрүндө эмес, ай-ааламдын алаканында аздектелген өмүрлөр азбы жарыкчылыкта. А тарыхтын уюткусун өрнөктүү, салмактуу өмүрлөр түзүп келатпайбы… Өмүрдүн улуулугу кайталанбастыгында.

Эсиме бир нерсе түштү. Бул да өмүр. Ачуу-таттуусу менен өз мерчемине келген аянычтуу өмүр. Карт даракка окшош. Көгөрүп, кайкоюп жаштыгындай шамалга дуулдап, күндүн нуру менен аймалашканга кубаты жок, кургак бутагынын дарманы кетип калган өмүр.

Кемпиринин көзү өткөндө кар болду. Азыркы кемпирлер мурункудай эмес. Бул ыйманданбы, башкаданбы билбейм. Бир сыйра жаңы үстү-баш кийингенине каниет кылып, кийинки өмүрүн ойлонбой калды. «Сасыган созун уккуча, алты саным аман турса, эптеп жанымды багармын» деп семичке, курут, майда-барат сатып базарчылап жүргөндөр толтура. Карыларга да ушундай «демократия» келген.

Баласы экөө бир үйдө аңдышып калды. Жалгыз уулу өзүн эмес, коломтосун кошуп аракка сатып, сандан чыгып калган.

Чалга кыйын болду. Колго урунганын сатып ичкен баласынын ызасынан мүңкүрөп, алдан-күчтөн тайган кезинде тагдырына туш болгон ачуу келтекке чыдамы түтпөй, тез карыды. Бир күнү төрдөгү чоң сандыкты оодарып атып кемпиринин бокчосунан эндей ак сурпту таап алып, жаш баладай бышактап ыйлаганын коңшусу көрүп, ичине батыра албай, конко чейин кейип жүрдү.

Чал эмнеге ыйлады экен? Кемпиринин камылгасынабы же ичээр уусун түгөнүп, бар-жогуна кайыл болгон өмүрдү орочулаган акыркы үмүтү кепиндик кездеменин бар экендигине эркегенсидиби... Өзүнөн башка жан адам себебин айта албайт да...

Акыры ак сурптун эсебин баласы тапты. Уурдап сатып, кулкунуна куюп алды. Каңырыгы түтөгөн атанын айласына төшөктөн башка эч ким жардамга келе албады.

Күнүң бүтпөсө, өлүмдү чакырсаң келтирген жан барбы… Чалдын илингени жалгыз уйю. «Кокус, тоголонуп кетсем, абийириме жараар» деп тамак-аштан кайрылышкан кошуналарына бир айтпайт, эки айтпайт…

Жанагы мээсин ачууга ботколоп алган баласынын башына бирдемелер келеби?

«Сатып коммерция кылам, пул табам» деп жаңжал чыгарып, эми уюна көзүн кызартат деп коңшусунда жан жок. Кара кардынын, кулкунунун коммерциясы азгырганын алар деле билип турат.

Курган чал темселеп, түндө бир маал туруп, кепиңин сүйрөп, таягына жөлөнүп уюнан кабар алат. Күндө бир маал түндө туруп карайт… Антпесе көңүл кантип тынчыйт?… Айылдагылар муну билеби-билбейби мен кепил боло албайм. Адамдардан мээрим качып, кайрымдуулук кадырын салып, жүзүн буруп турган чакта мен бир айтам, коңшу кемпир эки айтат, андан эч нерсе чыкпайт. Журтчулук жүз айтса, баарыбыз чогулуп миң айтсак, билбейм, бирдеме болобу дейм…

…Образдуу айтканда балким «күз-кырчылдаган жигит, ойсондогон келин-кесектир»…Анткени, жаштыктын өзү сындуу жан дүйнөсү да күз күнүндөй боёкко бай, ар кыл, ар түрү издетпей таптырат.

Табияттын туундусундай улуу кыл калемгер Левитанды Левитан кылган ушул күз да. Күздүн боекторун өзүндөй көчүрмөккө андай жанын үрөгөн бир да сүрөтчү жок. Лириканын теңдешсиз чебери Александр Пушкин «Алтын күз» деп тамшандырган сонун ырларын жазды. А Лермонтовчу?… Жан-дүйнөсүн санааркаткан сары убайымдын дарысын карт Кавказдын жаратылышынан тапса, от жүрөк акын Жолон Мамытов:

Тарытып дүйүм гүлдүн заманасын,
Күз өтөт терезеден сары буудан…-

деп күздү сары бууданга салыштырды. Кыргыз акындарынын ичинен күздү ырдабаган бирөө да жок. Менимче лейлектик акын Курбаналы Сабыров өрүкзарын ырдагандай, эч ким ырдай албайбы?!…

Өрүкзардын күзгү көрүнүшүн айткандан көргөн сонун, көргөнүңдү айтканга сонун. Быйыл Лейлектин өрүкзарларын көрмөккө тилек эткем. Алыстан-алыстан карасаң саманга өрт коюп жибергенсип, кыпкызыл жалын алоолонуп, күйүп-жанып келаткандай… Быйыл күз жадырап көпкө турмак…

Капилет кар жаады. Таң эртең менен кызымдын апкаарып, кубангансыган үнү ойготту.

- Апа, кыш келип алыптыр, караңыз…өзү чолок ички көйнөкчөн титиреп, терезеге сукtanып карайт. Үшүгөнүнө да кайыл. Кар кыйла жааганбы. Бактардын шактары ийиле–ийиле жерге өбөктөй түшүптүр. Бирдеме эсине түштүбү, бир маалда балконго чуркап чыгып кытай розасын идиши менен көтөрүп кирди. Былтыр үшүккө алдырып, кыйлага чейин кейигеним эсинде калган бейм…

- Мен мектепке кетип калсам үшүйт, – деп бүрүшүп соолуй түшкөн жалбырагын аярлай кармалап койду.

Кеч күздү күтүп, көнүп калгандан шаштыбыз кете түштү. Суук соймоңдоп эшик-терезеден жулунуп турат. Ошол күнү ар бир үйдүн тирилигинин чак-чалакейи түштүбү деп ойлоп коем. Бирөөнө өтүк, бирөөнө жылуу шым, бирөөсүнө тонун таап, жылуулап кийиндиргенче канча аял жумушунан кечигип, канчасы сааркы соодадан калдым деп баарынын кайгайын тарткандыр…

Канча бала бут кийиминин жоктугунан мектепке бара албай, кыштан карбаластаткан биринчи карга кубанаарын же ызаланаарын билбей, өтүктүн кайгысын тартты.

Автобуста баратып теңскейдеги сирендин бутагындагы кар менен ойноп жатышкан балдарды көрүп баш чайкадым. Кыдыйган бою шакка араң жеткен мотурайган бир кыз менен бала ак карга алаканын толтуруп, оозуна салат. Ушул жаш балдар кызык, эмненин болсо да даамын татып көргүсү келет. Колу менен кармалап, оозуна салмайын, же көрмөйүн көңүлү жайына түшпөйт. Ушул балалыкка кызыгыппы же жараткан теңирим бала периштелердин дилин жашоонун даамын таттырмакка ымыркайынан азгырып коёбу деп ойлом коём… Кирсиз мээримди, таза боорукерликти, эсепсиз сүйүүнү биз чоңдор ушул балдардан үйрөнсөк болчудайбы… Анткени балалыктын таза дүйнөсү ушулардын баарын эсеп-кысапсыз жасайт эмеспи.

Чет өлкөлүк өндүрүшт н чыккан көргөндүн жүрөгүн элжиретип жетелешкен үч-төрт жашар кыз менен баланын түстүү сүрөтүн көпчүлүк эле сүймөнчүк менен үйүнө чаптап жүргөнүн көргөнмүн. Бул эмне балалыкка таазимби же табиятка тан берүүбү?!.

Быйыл күз жадырап көпкө турмак. Күздүн адебин эртели-кеч ызырынган муздак жел берет. Бактардын шактарын сабап, жалбырагын жула качып, боёкторун уурдап кетет. Дирилдек жалбырактар көпөлөктөй учуп-конуп, жер жазданганына жаны ачыгандай төшөлө берет.

Адамдар күздү кандай жакшы көрүшөт? Көпчүлүк күздү жактырабы же жаздыбы? Жарышкансып жазды айтышат. Эмнегедир күз мени санаарката берет. Жылдын акыркы мезгили өмүр-жаздын эски, өткөн бир барагы жыртылгандай жүрөгүм тыз дей түшөт.

***1995-жылдын 20-октябры***

## *САГА ЭМНЕ ДЕСЕМ?..*

Таң агарган жүзүн ача электе эшиктин коңгуроосу катуу шыңгырады. Сыртта азанчынын аваздуу үнүнөн мемиреген шаар али кыймылдай элек болчу.

Халатты желбегей жамынып, эшикке кулак тостум.

-Ким бу?

Ар жактан тааныш үн чыкты. Эшикти ачтым. Босогодон аттай элек жатып көзү каканактап, ызадан жарылып кеттиби, мага боюн таштады. Ыйлап атат, былдырап сүйлөп атат: «Жашагым келбейт, жашабайм эми… Өлгүм келип атат…» Ыйга чайналган сөз. Көңүлү кирдеп ызага муунгандагы чечим…

Тек койдум. Ыйлап-ыйлап бугун чыгарсынчы деп, кучагымда солкулдаган бой-чачына кол тийгизбедим. Акактаган деминен, көз жашынын ысык тамчылары халатымды тепчип өтүп, муунумду бошотуп жиберди.

Экөөбүздүн таанышканыбызга үч-төрт жыл болгон. Жалгыз кыз. Синдимдей көрүп, ой бөлүшүп, ысык ымалада жүрөбүз. Өзү студент. Жыйырма экиге чыкты. Быйылдан кийин окуусун бүтөт.

Бир жигит менен сүйлөшүп жүргөнүнө көп болгон. Анысы университетте окуйт. Үйүңүзгө алып келип тааныштырам деп сырдуу кылыктанып калчу. Өзү жаш баладай ишенчээк болгону менен намыскөйлүгү мага жакчу. Акылынын тетиктигинен өйдө-төмөн сөздү таразалап, өзүнүн оюн коё бербеген өжөрлүгүнө көңүлүм жылыйт.

Кечээ эле мындан бактылуу киши жок эле. Дегдетип, таттуу кыялдарга азгырып кеткен дүйнөдөн өзүн коёрго жер таппай, алып-учуп, бул табышмактуу сезимдин туткунунда калганы көзүнөн да, сөзүнөн да окулуп турчу. Эми карасаң ошол дүйнөнү талкалап алгансып, өзүн жерде кармай албай жеңилип турганын карасаң…

Жашым кыйла улуу болгонунан экөөнүн мамилеси кантип үзүлүп, кандайча жарака кеткенин өзүмчө боолгойм… Азыр буга миң айт, жүз айт, кантип ынандырасың?… Ким эле кечээги аруу үмүтүнүн өзүнөн айланып өтүп кеткенине ишенгиси келсин?

Бирде минтип бир айтканы эсимде:

- Азыр кыздарга жигиттер аз келет. Кыздар өздөрү издеп барат. Бул чын эле. Биздин жатаканага сүйлөшкөн кызын издеп жигиттер келсе, кыздарыбыз суктанат. Бираркиси алаам болгонсуп, көзү күйөт. Ичи тарып кызганганынан болбогон бирдемелерди айтып, ушак таратып жиберет.

Асек мага келгенде, мен жасанып чыкканча балкондо жабалактаган көздөр карап турат. Экөөбүз жетелешип алып, биздин терезеге кол булгалап коебуз.

«Сенин боюң кыска, сөтөйүп узун экен жигитиң» деген кыз менен өлгүдөй урушкам.

Кар жааган күнү кинодон келатып, колтукташып алганыбыз аз келгенсип, ал менин үшүгөн колумду чөнтөгүнө салып алса, экөөбүздүн колубуз батпай калса. Эртеси чөнтөгү кененирээк куртка табам деп базарды кыдырып, суй жыгылдык. Ага анча-мынча кийим жакпаганын ошондо билдим…

Ошентип анын ар бир күнү майрам сыяктуу эле. Экөөнүн мамилеси ысык тарткан сайын Сабира бой-башына ашыкча карана турган болду. Өңү сулуу болбогону менен көрүнгөндү шык эттирткен жылдыздуу, жайдары, сезимтал жан. Эркелиги менен жароокерлиги,

анча-мынчаны теңсинбеген бой көтөрмөсүн жаштыгынан көрүп, тың окугандыгын, өзүнүн көйгөйүнөн башка нерселерге да баш оорутканын жактырып, талашып-тартышып калабыз.

«Мини юбка», юбка-шым, кээде ласина кийип жамбашын жабар-жаппас чолок юбка, көкүрөгү ачык кофта, бутуна такасы калың платформа туфлилердин бирин чечип, бирин койгонун, кымбаттыгына карабай жалгыз апасы менен жаңжалдашып болсо да алдырып кийингенине баш чайкап коём.

«Асек андай кийинет «австрийский, японский, турецкий» ал-бул фирмалардын» деп кийим-кечесине көп суктанып сөз кылганынан, жигитинин алдында чүпүрөктүн айынан басынып калбайын дегени го деп кийим-кечеге ашыкча бой урганын мен ушундайча божомолдоп жүрдүм.

Азыркы жаштардын турмуш образы кечээги муундардыкына таптакыр коошпой кетет. Бүгүнкү күндүн пири акча. Акча болсо баарын сатып алууга болот дейбиз. Бу жарыкчылыкта сатып алгыс, алмашкыс нерселер болот дегендерди келесоо чалыштай шылдыңдайбыз.

Азыр «эсепсиз дүйнө жок» дегенди бешиктен бели чыга элек балага чейин мээсине түйүп алды.

Азыркы студент окуйт, иштейт, бизнес жасайт, пул табат. Анын эпчил шылуундугу, тез эле тил таба билген «дипломатиясы» кала берсе тууган-уруктун «поддержкасы» бат эле бутуна тургузуп, очогун оңдой электе там-ташын белендеп койду. Ушинтип көпчүлүгү өзүн-өзү каржылаган соң, кимге көз каранды болуш керек?

Материалдык стимулду өзү жаратып, өзү тапкан соң жакшы кийингенге, жакшы жашаганга умтулуу пайда болот.

Илгеркилер айтмакчы «төбөң менен жер казып таба албаган дүнүйөнү» амал менен оңой тапкан асыл баштан ким садагасы кетпейт…

Өткөндөгү бир күн… Сабиранын чечекейи-чеч кубанганы көз алдымда. Анын сөзү:

-Асекти «крутой парень» деп баары сыйлашат экен, достору, тааныштарынын көбүн айт. А сессия ал үчүн без проблема. Мага окшоп башын оорутпайт. Андан көрө бизнесин «крутить» эткеним жакшы дейт. Билесизби эже, жапжаңы иномарка сатып алды. Экөөбүз шаарды

кыдырып, керели-кечке сайрандадык. Мен кандай бактылуумун, чынбы?

- Чын! -Мен анын терисине батпаган кубанычына кошо кубанып. Ошондо кыпкызыл чычаладай жанып турган кызыл чокту көр да, элирип кош канат байлаган кызды көр… Эмнегедир экөөнү айырмалаш кыйынга турган мага…

Бул мындан бир жыл мурдагы сөз.

…Эки жаштын махабат сапарында бирин-бири толуктап, бир кишидей боло албаганына ким күнөөлүү да, эмне себеп?

Коомдун ушул таптагы кербезиби же социалдык катмардын оркоюп бөлүнүп, бирин-бири жерип, күчтүүсү алсызын жеңип, жаратылыштын баш ийдирилбеген мыйзамына аргасыз багынуубу? Же эмне?

Кыздын жалгыз апасы, өздөрүнө ылайык коломтосу, жаштыгынан башка эч нерсеси жок.

- Асектин атасы каерде иштейт?

- …районунун акими деген. Байкушум, сүйүүдөн башы айланып жүрүп, өзүнүн кыялкеч дүйнөсүнөн чыга албай турмуштун ташка тамга баскансыган катаал мыйзамы бардыгы, оюна келбегенин кара.

А Асектин ата-энеси дымактуу, алыс-жакынга кадыры өтүп, алыш-бериши калың немелер экен.

- Мындай тагдыр алмустактан бери болуп келген, боло берет. Ошон үчүн өлүп бериш керекпи?-дедим мен жектегенсип.

- А биздин сүйүүбүзчү?… Ал менин сүйүүмдү сатып алган эмес эле го. Эмне үчүн?…

Ал суроонун артынан суроону жамгырдай жаадырып атат. Балбалактап ыйлап атат. Сага эмне десем? Эмнеден баштасам? Өзүңдү соороттоюн, жүрөгүңдү кантип сооротом?…

Адамдын көкүрөгүндөгү эки гана нерсе соолбойт окшойт. Бирөө үмүт, экинчиси сүйүү. «Үмүтсүз – шайтан» деген ошондон калганбы дейм. А сүйүү жөнүндө башка кеп.

Эненин балага, туулган жерге, Ата Журтка деген, деги койчу, жан аттуунун бири-бирине болгон сүйүүсүнөн башка дагы жүрөктүн ой-боюна койбой мазесин алып, тынчын кетирип же толкутуп, ташкын

дарыясына алып-салып турган бир нерсе бар. Дүйнө-өмүрдүн жандырмагын таппагандай эле бул нерсенин табышмагын да таба албай келатат адамзат.

Сүйүүнүн өңү кандай? Кызылбы, акпы, жашылбы?… Сүйүү деген эмне? Эч ким так аныктама бере албайт. Сүйүүнүн айынан жанын кыйып жер кезип, эл кыдырып, дервиш болуп тентип, дубана болуп талаа кезип кеткени менен түбүнө жетпептир адамзат…

Балким биздин ата-бабаларыбыздын рухунун эң башкысы сүйүүсүнүн күчүнөн Жер огунда кармалып, Ай менен Күн кол кармаша албай, күн менен түн бирин-бири кубалап жете алышпай, арзышып келаткандыр… Муундан-муунга, урпактарга таберик, калтырылган сырдуу мурастын табышмагына баш катыган тирүүлүктүн өзү ошон үчүн кызыктыр, ошон үчүн шириндир…

Ар ким алына жараша көтөрөт сүйүүнү. А таптакыр сүйүүсү жок деген кишилерге ишенүүгө болобу? Жеткен жексур, күнөөгө баткан, көкүрөгүндө бир кара кишиси, сыртында кадимки өз кишиси жашаган эки жүздүүлөрдүн деле жүрөгүн жылыткан кимдир бирөө, бир нерселер бар. Ошол жылуулукту бапестеп этияттаган менен ошол жылуулукту таназар албай тебелеп, кан-жанына сиңген кылыгына эрдемсине жер баскандар канча… Сүйүүнү тебелеп, сүйүү адамдан качып, безип турган чакпы азыр?…

Экөөңөрдүн сүйүүңөргө кедергисин тийгизген факторду сен али терең үйрөнө да, изилдей да элексиң. Сезимиң сени көкөлөтүп алып-учуп жердеги жашоо-турмуштун карама-каршылыгынан таптакыр кабарсыз калтырган.

Сүйүү - улуу күч. Анын кубатынан, күчүнөн Алыкул кыргыз поэзиясынын чолпон жылдызы аталса, Огинский дүйнөнү дүңгүрөткөн «Полонезди», Жолон менен Рысбай «Издейм сени» деген классикалык чыгармаларды жаратышкан.

Сен өз сезимиңе жоопту бирөөдөн сураба. Өзүңдөн изде. Мезгилден сураба. Мезгил сени тез эле айыктырып, унуттуруп, элесин азгырып кетсе жаңы көйнөктүн эскиргендегисинен айырмасы кайсы. Алдамчы, куру кыял сымал жаңысы эскини жерип, жаңысы аркысын танып, элестер бири-биринен орун талашып отуруп, кайран өмүр кун болот. А жок ошо сезиминдин сабагынан, таасиринен тазарып,

чыйралып, турмуштан көп нерсени ута алсаң сезимиң сени сыйкырдуу жеңишке жетелеп, эрктин бүтүндөй сатып алгыс сапаттарына аруулукка тарбиялайт. Ошон үчүн «сүйүүнүн күчү -керемет» деп белгилүү теле-журналист, акын А.Сатаров саптарын бекеринен жазбаган чыгаар.

Адамдан алыстабасынчы махабат… Күн кезип, түн кезгенсип адамдардан безбесинчи махабат…

Капилет кез келип, көңүлүңдү өрттөп чок таштаганы менен ошончолук демиңди суутуп, көөдөнүңдү кирдеткен сезим менен бекинбечек ойногонуң махабат эмес. Тамчы суудай мөлтүрөгөн жаштыгыңды, жутуп ийчүдөй сулуулугуңду уйпалатып-тепсетип, эсесине кычырап кийинип, жеңил машинеде адашкан көпөлөктөй чарк айланганың махабат эмес.

Каш кагып, көзүн күйгүзүп, күлгөндүн баары кадырлаш болбойт, аласа-бересеси менен эсеп-чоттошкон көңүл оюндары махабат эмес…

Анда эмне дээрсиң?…

Менин чолок акылымда: махабат – менин, сенин жол, анын кулпу ачылбаган акыл-сезими, түнт токойго жол салган сыяктуу чыйыры, ой-дүйнөсү, инсандык дарамети, жүрөктүн потенциалдык күчү, кала берсе абийир сотуңдун мыйзамсыз чечими, жазасы же чарасы.

Деги адамдан алыстабасынчы махабат… Күн кезип, түн кезгенсип, адамдардан безбесинчи махабат…

***1995-жылдын 23-октябры***

## *ТИРҮҮЛҮКТҮН АЛГЕБРАСЫ*

Чак түштө өмүр сыныкты… Дарт жабышканда анын эсеби чаташып калат окшойт. Ой чачырап, көңүл кирдеп, көкүрөктү зил басты. Өмүрдүн кайсыл курагы болбосун, периштеби, жубарымбек, жетилгенби же бышкан мезгилинде жандан кечкен ким бар. Мындайда көр тириликтин бүт убайым-убарагерчилигинин кызыгы өчүп, кара жаның көзүңө көрүнүп туруп алат.

Быйыл жаз кечикпедиби… Жерге көк майсаң кылайып, баш багып, делдейген кулагын желге бышыра электе Кыр-Арыктагы ооруканага барып жаттым. Майдын жетиси болчу. Жеңиш күнүнө туш келипмин. Буттарым ноюп, белимдин бармак башындай жери кол

тийгизбей ооруп жүргөн. “Радикулит” деген диагноз менен Ошто жатпаган оорукана калбаган былтыр.

Эки күндөн кийин так ошол майрам күнү буттарым зил баскандай талып, баскысы келбей калды. Керели-кечке баспай калуудан коркуп, оорукананы тегеренип басып жүрдүм. Тутуккандан «хандар жөө басчу жерге» баруунун өзү тозокко айланды. Арыктагы аккан суу деле, шарттуу рефлекстер да жардам бербеди. Мээни тепчип өтчүдөй көөдөндү куушурулткан калтыс сезимден, жаман абалдан жан айламды таппай турсам, көргөнү барган кенже уулум бактагы эликтин көзүн чукуп:

- Апа, булар эмнеге тирүү эмес? -деп утуру-утуру таңыркайт. Бала да, оюнда зоопарк дегениби, каманды челип кетет десек коркуп жанына бара албай кыйлага сестейди.

Кайдагы зоопарк, буер дал оорулардын зоопаркы. Азыр эмне көп, оорунун түрү көп. Цивилизацияга жараша медицинанын өнүккөндөгүнөн оорунун көптөгөн түрлөрү аныкталып жатыптыр, адистердин айтымында.

...Ар кандай дарт менен айласыз тушалган өмүрлөр. Өмүрдүн канаты чарчап, кайра демделип өмүрдүн канаты талып, кайра жазылып, кеткенден келген көп, келгенден кеткен көп, кыскасы кептеркана... Чарчаганы, талганы да билинбей калат эгер өмүр сынбаса, мертинбесе, оту өчпөсө, ичээр суусу түгөнбөсө...

Бала кезден эчкидей секирип, тал-терекке тырмышып чыкмай адатым канымда бар. Өзүм да жилбиндеп тынч тура албаган, өтү айрылгандай шок элем. Сексейген таралбаган чачымды бактардын койнундагы чаңдан тордолгон жөргөмүштүн желесине тозутуп, балалыгымда чыкпаган дарак калган жок.

Колхоздун эски багы бар эле туулган айылым Савайда. Азыр жок, ордуна мектеп салынган. Бала-бакыраны эмес, чопчоң кишилерди бут бастырбай коруган короонун чекесине чыккан чыйкан мен элем. Таң агарбай жатып, Айым эженин чарбагына сойлоп кирип, өрүк-алмага даам кирди дегиче койнума катып, кудайдын жараткан күнү шуулдап-дуулдап бакка тынбай каттайм. Эски тамыбыз бар эле. Эшиктин алдындагы сөрүдө жатабыз шагырап. Бир туугандарым ойгоно электе жаздыгымдын алдына кор-шорду тоголотуп ийем. Көзүң ачсаң эле,

шилекейинди агызып алма-өрүк турса… Ушунум кадыресе чоң иштей туюлчу мага. Бир туугандарымды сүйүнтөйүн деген балалык кыялбы, болбосо карандай тоскоолдукка карабай, өзүмө ишенип уурулукка барганым шерденүү беле, ким билсин. Тоскоолдук дегеним кашаасын бузганым үчүн Айым эже арызданса, бышып-быша электе кол салганым үчүн Сабыр аке башка балдар жоксунуп, шагы сынса деле, мөмөсү кудайдын шамалына көбүрөөк күбүлсө деле, чөп-чары орокко илинбей, тебеленсе деле же башка бирдеме болор-болбоско, ушул эле ушул деп, карааныммды көрсө-көрбөсө, Ураимдин кызы деп даттана берет.

Эки ортодо апам азабымды көп тартты. Көк чыбыктын уусуна буттарым көгөрүп, келтек жээримди тез унутам. Эсимде, Сабыр акенин тайгандай шуулдаган сары балдары пайлап туруп өрүккө байлап коюшканы… Мен чучуктай чыңырып ыйлап… Эрте бышаар ак өрүктөн бети-башым көк ала, буттарымдын тамтыгы калбай, Сабыр акенин тайгандай сары балдарынан келтекти аёосуз жедим. Өпкөсү көөп, көкүрөгү толуп апам ыйлап, ыз-тыз түшүп бакты башыбызга көтөрүп, эки тарап болуп урушуп, экинчи бут баспас болгон жылы күзүндө мектепке бардым.

Студент кезимде курулуш отрядына кошулуп, Кадамжай районунун Пүлгөн айылындагы үч кабаттуу балдар бакчасында иштедик. Бакча айылдын чак ортосунда. Ал жагыңды карасаң да бак, быягыңды карасаң да бак. Пүлгөндүн бир жак бөйрөгү кызарып, ширесин кызганып, бышса да эзилбеген, шагында туруп как болчу өрүктөрү көзүмдү күйдүрөт…

Жогорку курстардын арасында экинчини бүткөн эки эле кызбыз. Колум бошой түшкөндө эртели-кеч өрүк уулап келем. Кыялкечсиң да, отряддагы көңүлгө бүлүк түшүргөн бирөөгө жагыныш үчүнбү, же казан-табакка эби жок дешпесин деп тамакты даамдуу жасаганга өлө тырышып, столдун үстүн чөп-чарга, мөмө-чөмөгө толтуруп койчумун. Бут коерго илинчеги жок жылма заңгыраган карт өрүктөргө жан алакетке түшүп, жыгылып кайра туруп, колу-бутумду тилдирип, көгөрүп туруп, эптеп тырмышып чыгат элем…

Эки күндөн кийин баспай калдым. Жер жарып, күн шоолаланып келатканда жаман түштөн чочуп ойгондум. Буттарым коргошундай уюп ойдө көтөрүлбөйт. Кыймылдатыш мындай турсун, шейшеп тийсе бут

баданим зыркырайт. Медиктердин тили менен айтканда «шоковое состояние». Дүйнөм тарыды. Эки кишилик палатадан аба жетпей турду. Кечээ эле чуркап жүрүп, бүгүн тушалып калуу деген эмне шумдук! Бир пас бүркөлүп, кайра ачылып, оомал-төкмөл кишидей он түрлүү, миң түрлүү болуп оосарланган жаздын илебин форточкадан уурданып кирген желаргы эле сездирбесе… Оорукананын тегерегинде оожалып өскөн кайрагач менен чынар теректердин учтарынан башка бешинчи кабаттын тепкедей терезесинен эмнени көрөсүң. Дүйнө өмүрүң капаска ушинтип камалабы…

Жерге бут койсом, зыркыраган оорудан таманым жыйрылат. Эптеп ордуман туруп, коридордун дубалын кармап, эсимди эки кылган коркунучтан кайраттанып, жанымды кайчылаган ооруга тиштенип телефонго араң жеттим. Оорукананын башкы дарыгери Байсалов Акылбек Байсаловичке телефон чалдым. Бул кишинин боорукерлиги, адамгерчилиги эле эмес, менин өмүрүмө ак жолтойлугу үчүн өзгөчө урматтайм. Болбосо мен жатпаган оорукана калбады, баары эле "радикулит" дешчү. Кудай дилине сала бергенби, бул жолу нейрохирургия бөлүмүнө жатууну сунуштады. Балким, неврологияга жатсам радикулитке каршы көнүмүш дарылоо ыкмасы кайталанмак беле?

Кандай дарттын оор формасы бутум менен басып жүргөн мени мындай абалга жеткирди же эки жолу сайылган реопириндин уколунан ушинтип калдымбы? Ар кандай ойлор шимшилеп, санаамды тынчытпайт. Эмне деген ооруга, кайдан кабылдым? Рахман агайды издедим. Турмушка көз карашы, интеллекти бийик, балдар хирургу, медицина илимдеринин кандидаты, медициналык мекемелердин уюткулуу табыгый дары-чөптөрдүн корун изилдеп жүргөн Тойчуев Рахманберди агайдан гана бул балакеттүү дарттын шек-шыбарын билейин-сурайын деп издедим. Ойлорум бирин-бири жеңе албай, каршылашып турганда башка эч ким ынандыра алмак эмес мени. Редакцияда иштегенден бери медицина тармагын тейлеп келдим. Чоң облустун эли сыйлап, өз баасын берген, мен деген мыкты дарыгерлердин операцияларына көп эле катыштым. Булардын турмушунун күңгөй-тескей жактары мага көбүрөөк тааныш болчу. Өмүр үчүн күрөштөн узак жолдору буларды иргеп-талдап, ар кимисин

өз ордуна коюп келатат. Кызматтык чин, башкы дарыгерлик ар кимге эле жарашат, а-а, чыныгы дарыгердин жөнү дагы башка, орду да бөлөк. Жан карайлап, жарты ооз жакшы сөзгө зар болуп турганда жакшы сөзүн, дары-дармегин аябаган бардык дарыгерлерге, жакшы санаалаштарыма тизе бүгүп, ыраазылыгымды бир айтпайм, миң айтам.

Нейрохирургия болумүн аялдан чыккан нейрохирург Азиза Исаевна Ормонова жетектейт. Тагдырдын оор үлүшүнөн коркпой, анча-мынча эркек дарыгерлер даай албаган хирургдук адистикти аркалап келаткандыгы үчүн тан бериш керек. Жети-сегиз саатка созулган оор операцияларда тикесинен тик туруп, эркектер менен тең жарыша намыс талашып, аялзатынын аброю үчүн күрөшүп келаткан облустагы санаалуу хирург аялдардын бири.

№7 палатаны карай турган дарыгер Керим Кирматов экен. Бул дарыгер жөнүндө мурун-соң көп укканмын. Оштун тегерегиндеги Жапалак айылынан. Эл-жерди эр таанытат деп ырас айтышат. Жапалакты кишиң журтчулукка жайылтып, жөн гана жапалактык болгону үчүн эмес, хирург Кирматов болгону үчүн аты жатталып, айтылып калган, аны таанибаган адам аз. Төрөлгөндө эле хирург болуп төрөлгөндөй, бирөөлөр үчүн доктор Кирматов, бирөөлөр үчүн профессор Кирматов болсо, бөлүмдөгүлөр үчүн нейрохирургиянын тиричилигин чарк айландырганынан телефондон тынбай сурашып, сырттан убай-чубай издеп келгендер да арбын. Орус, өзбек, кыргыз дебей баары издеп келет, сурай берет, ар жагы Анжиан, быягы баш-аягы оңор эмес алыскы-жакынкы райондорго чукулунан тез-тез чакырып турушат.

Анын палатасына туш келгениме чындап сүйүндүм. Жапалдаш бойлуу, буудай ыраң жүзүнөн ажарынан астыртан арбаган жупуну жылдыздуулугунан да адепки көргөндө эле күлмүңдөгөн сүйрү көздөрүнөн жан адамга мээрими, сүйкүмү өзүнө тартып турган бул дарыгердин колунда менин дык жеген өмүр-дүйнөм турду.

Бир короо дарыгерлер кирет, кайра чыгат. Арасында атпай журтка маалым невропатолог Айти Камбарович да бар. Эмне деген дарттын так диагнозун аныктай албай жатышты. Оорумдун шүйкүмү эки анжы ойго аргасыз кылганы нейрохирургиялык да, неврологиялык да симптомдордон болду.

Үч-төрт күн бир топ врачтар такай келип карайт, ар кимиси балкасы менен ургулап, нервдерди текшерип көрөт. Бир ойго келе албай жатышты. Акыры консилиумда бир чечимге келишкен окшойт. Мындай акыбалда мага эмнени айтышмак. Менин эки көзүм эшиктен эмне деген сөз келет деп төрт. Коридордон дабыш аңдыйм. Башкы дарыгердин да, өзүмдүн дарыгерим Кирматовдун, мээрбан айымдардын да, жадагалса санитаркалардын басыгынан айрып таанычу болдум. Көргөнү келип-кеткендердин эч кимиси көзүмө көрүнбөйт, жаныма аралжы боло албайт.

Палатанын эшиги тынбай ачылып, жабылат. Шыпты тиктеп жатканда жолбун ойлорго кудай берет окшойт. Жараткан теңирим пендесине күйсө, алты саны аман кезинде кыйналганы жетишмек го дейм. Кара ойдун туманы али ар жактан, али бер жактан баш багып, бирде сыр каткандай тымпыйып, бирде тамаша кылгандай жылмаңдап маземди алат. Тагдырдын жазмышынын алдында азыр алсызмын. Өзүмдү таразага салдым. Салмагым жеңил, ордум канча? Турмуштан ордум болгону менен эмне жасап, эмнени бүтүрдүм? Түпкүлүктүү дүйнөдөн аласамды алганым менен бересем канча?... Дүйнө-өмүрүмдүн кызыгын көрбөй, өмүрдүн орто жолунда дарттан жеңилип, мүдүрүлүп-чалынып каламбы деген жолбун ойлор шынаарлап, тынчтык бербейт. Ой адамды жейт дегенге ошондо ишендим. Ушундай ойлор палатаны ээлеп, салтанат куруп келатканда, эшик шарт ачылат.

Дарыгерлердин бирөө же көргөнү келгендер болот. Оюм үзүлүп, жеңилдей түшөм.

Баспай калып баскандын кадырын билдим. Басып жүргөндүн өзү бакыттай сезилди. Пендеге көп эле нерсенин кереги жок тура. Дүнүйө деп дүнүйөнүн түбүнө эч ким жеткен жок. Жетсе Карынбай (кыргызда Карынбайдын ташы жөнүндө философиялуу легенда бар эмеспи) жетмек. Түбөлүктүү ааламдын табериги болгон соң, табият алаканына салып турганда керектөөчү болуп, жанбактыга айланбай жаратуучу болуп кымындай да болсо пайда келтиргениң абзел экен го. Ааламдын миң сырлуу, миң түркүн кызыгына алакалаш, береселеш болгондон артык не бар дейм. Азгырып келип, азгырып кеткен өмүрдө Чыгыштын улуу гуманист акыны Омар Хайям бекеринен минтип ой айтпаптыр да...

Арман тура жарык дүйнө тим эле,.
Бирөө өлөт, бирөө туулса эми эле.
Инсандар төрөлө элек муну билбейт,
Калышса кокус билип келбес беле…

Бул дүйнөгө жаралдыкпы же жок белек – аалам жашай бермекчи,
Биз кез жумсак, кимдер бизди эскерет – аалам жашай бермекчи.
Биз жок кезде кайсы жер кен эле,
Өтөбүз биз үчүн кылым эскерет – аалам жашай бермекчи.

Диагноз тактабай жатты... Кирматов менден бирдемени жашырып, киргенден тайсалдагандай сезиле берди. Бир күнү эртелеп ооруну көшөрө көтөрүп ордумдан этият турдум. Таманым жерге тийбейт. Зыркыраган оору муундан сойлоп, аза бойду дүркүрөтүп, жерге сайылат. Мүдүрүлсөм да жетишим керек. Кандайдыр бир күч мени жетелеп баратты… Дарыгердин эртең менен келээр убактын чамалап коридорго чыктым. Доктор Кирматов врачтардын бөлмөсүнө кирип баратыптыр. Артынан кирдим да, эшиктин туткасынан бекем кармап:

- Керим Кирматович, жашырбай ачыгын айтыңызчы, эмне деп шектенип жатасыз? Коркунучтуу нерсеби, анык билүүм керек?- дедим жалооруп.

- Эки анжы ойдо турабыз. Бирок, менимче бел омурткаларынын ортосунда өсүндү (грыжа) гана болуш керек. Менин жеке оюм ушундай… Кыжаалат болбо, коркунучтуу деле эмес, же Бишкекке компьютерге жиберсекпи? Барасыңбы? Ошол жерде анығы билинет, эмне экени,- деп бир барак кагазга жүлүндү сызып алып, аябай түшүндүрдү.

- Өсүндү эмнеден болот?

- Жыгылгандан, оор жүк көтөргөндөн, ар кандай…

- Жыгылгандан?!

Чочуп кеттим. Өз оюм менен алпурушуп жатсам, санитарканы чакырып, палатага алып баргын деп буйруду.

…Жыгылгам. Катуу жыгылганмын. Бул 1987-жылдын күз айы болчу. Үч айлык кызым Элнура колумда. Кайын журтумдун конушу жаңгак менен жанатан алмага бай, табияты кооз айыл. Бышыкчылык маалында жыл сайын шаардан барып, жыйым-теримге жардамдашып

жүрдүм. Ыраматылык кайын атам карыганда оорунун азабынан үйдөн чыкчу эмес. Согуштан ашырган оорусунун залакасы түбүнө жеткен. Күнгө октанып, эшик-эликти эрмектеп отура берчү. Анын жанатан алмалуу багынын арасында "пүрпүрөр" (жалпак тил менен айтканда) деген бир жак капталы чымкый, кудум тоолук кыздардын бетинин отундай кызарган, өңү муздай жылтыраган, сүйрүсүнөн келген эки түп алмасы бар. Тарбайган бутак-шак деген жок. Эки-үч чоң бутагынын кылда учтары жакшы мөмөлөйт. Күнгө бой салган алмалардын мырзасы. Ушунун мөмөсүн териш машакат эле. Шагынын кылда учтарында качып кете тургансып, бири-бирине жармашып мөмөсү жетилет. Бирин үзсөң, бири жерге кулайт, өтө этияттык керек. Кайын атам колун серепчилеп «жыгыласың» деп кокуйлаганына карабай, алмаларын калтырбай терип берем. Жетине албай алкай берчү ыраматылык.

Бийиктиктин бир азгырыгы бар. Кандай десем түшүнүксүз. Оору сыяктуу. Аны чокуга чыккандар жакшы билишет. Бийиктиктеги шамалга коюн толтуруп, бети-башымды аймалатып, жан-дүйнөм эргип, бийиктиктен энергия жыйноонун азабына бала кезден кабылгам. Ошол ышкы токтолуп калганымда да калбады. Демек, канымда бар. Жаңгакты күбүгөндө шактан-шакка секирип, кокус жаза басып бутум тайып жыгылсам же шактан учуп түшсөм деле бир азга тыныгып алып, кайра чуркап кетчүмүн. Жаңгакты машактаганда жалбырагына жашырынып калганы эле болбосо бирин-серин калса деле түшүрмөйүн жаным жай албайт. Мүмкүн, бак-дарактардын каарына калдым бекен деп ойлоп коём. Алар тирүү жан сыяктуу жашоону сүйүшөт. Өзгөчө жаңгак табышмактуу дарак, жаралгандан гүлүн көздөн учуруп, жашырып келатат. Гүлүн көргөн жан болбоптур. Анын жамгырдан кийин жагалданып көйкөлгөнү, шамалга бой салып шуудураганы, чаңкаганда бүрүшүп-чүрүшүп жүдөй түшкөнү, мөмө байлаган жылы текеберлене оожалганы деги койчу, кокус бир бутагы «карс» этип сынса, бүт денеси менен улутунгансып, күңгүрөнгөнүн сезүүнүн өзү жагымдуу эмеспи.

Күндөрдүн биринде таң заарында үйдүн бет мандайындагы төштүн төбөсүндөгү бактан атлес көчөт апорт алма терип, көтөрүп келатып, шүүдүрүмгө бутум тайып, чалкаман түшкөн бойдон, төштүн

чокусунан коктунун тээ ылдыйкы чатындагы арыкка оңкомон сайылып кулаганымды бир билем.

Доктор Кирматов өсүндү десе башкалар башкача ойлогону жөндүү. Ошол күн оорукананын башкы дарыгеринин бөлүмдөрдөгү ооруларды көрүп чыга турган күнү болчу. Эртең менен Акылбек Байсалович нейрохирургдарды ээрчитип, палатага кирди. Саламдашып, ал-жай сурашкан соң, көзүмө тик багып, адатынча жай сүйлөдү:

- Ризван, оптимист бол. Республиканын башкы нейрохирургу Мамытов Митал Мамытовичти чакырабыз. Өзү да келиш керек эле. Кыйткен менен жүлүн маселеси өтө олуттуу, назик операция. Тобокелге сала албайбыз. Профессорду күтөлү, макулсуңбу?- деди кайратка чакырып.

Саргайган санааркоону жылт эткен үмүт, канды дүрбөткөн үмүттүн көзү илештирип кетти. Доктор Керим Кирматович өз позициясынан кайтпаган өжөрлүгүн, көп жылдык тажрыйбасынан улам интуициясынын күчтүүлүгүн, дал ошол өзү айткан диагноз экенин ырастамакка жүлүнгө пункция жасады. Бүт нервдер жайгашкан жүлүндөн суу алуунун өзү азаптын жеткен чеги болсо керек. «Контрасс» деген дарынын жоктугу анын көздөгөнүн канчалык кыйындатканына карабастан, убакыттан уткусу келгенинен жиналбаганын туюп турдум. Тилекке каршы, анализди аныктоого жүлүндөн эч кандай суюктук алынбай калды…

Ушундай акыбал менен Бишкекке жетиш кайда. Мурдагыдай санитария зуулдап иштеп турса, жөнү башка эле. Каатчылык, болгондо да азыркы замандын запкысы акысыз мамлекеттик медицинаны сызга отургузуп койбодубу.

Профессорду бөлүмдөн айрыкча экөөбүз чыдамсыздана күтүп жаттык. Менин абалымдан да №3 палатадагы алайлык, жашыраак аялдын күнү оор эле. Аны бир тууганы Тургунча эже карайт. Мээнин шишиги өсүп, бир жак колу-буту иштебей калган аялдын акылы талаалап, тонoктон турбай калганына бир топ эле болуптур…

Тургунча эже жанда жок зирек, өтө боорукер, эбелектеп баскан-турганы жеңил, чыкапактай тыкан аял. Алайдын бир мектебинде баштапкы класстардын мугалими экен. Профессор келет дегенден бери ой менен алышып, чыдамы, сабыры, үмүтү, кооптонгону, уйгу-туйгу

кыялы баары-баары аралашып, өзүн коёрго жер таппай калды. Өмүрүмдө ушундай боорукер жанды биринчи көрүшүм. Сиңдисинин бүт мээнетин мойнуна көтөрүп, анын азабын тартып, Үч-төрт жылдан бери бир тууганынын өмүрү үчүн жанын тигип келаткан мындай адамдар чанда жолугат. Айрыкча азыркыдай ата-балага карабай, эсептешип калган заманда, ыйман чыркырап турган учурда, адамдын баркын акчаң менен дүнүйөң ченеп турганда, табышың өтө эле кыйын. Барбаган табып, молдо, бүбү-бакшы дегендер калбай, шыпаа издеп, ары урунуп, бери урунуп, эч айла калбаганда кеч болсо дагы доктурга врачтарды кудайдай көрүп келишиптир. Мындан үч-төрт жыл мурун Бишкектеги нейрохирургиялык клиникада профессор Мамытов өзү көрүп, операция жасоо керек десе, күйөөсү коркуп, алып качып келе берген экен. Түркөйлүктүн түбүбү же асылган дарттын кылаары ушул болду, эми профессор эмне дейт деген санаага санааркаган Тургунча эже палатага утуру-утуру кирет да, оюн бир айтпайт, эки айтат, өңгөнүн оюна арзып, кеңеш сурайт:

- Айтсаң сиңдим, эмне кылсам? Беркилигинен аркылыгы жакын дешкен. Жакшы болуп, беш күн болсо да, ичээр суусу түгөнгөнчө беш баласына эге болсо кана… Кокус ары кетсе, өзүм алып келип ажалга салып берген болбоймунбу? Кандай дейсиң?…

«Өлалбай жатып өлөң айткан» мен болдум. Адамдын үмүтүнчөлүк аруу эч нерсе жок тура бул жарыкчылыкта. Көрсө, үмүт өлбөс нерсе турбайбы…

Өмүр үчүн күрөшүү керек деп чыйралам, бүт ич-этимден жакшылыкка жоруп, жакшылыкты тилеп, ой айтам, акыл кошом. Экөөбүздүн кебибиз кызып келатканда «сиңдимден кабар алып келейинчи» деп, канатын жайган кушча коомай отурган ордунан «лып» туруп, эбелектеп жөнөйт.

Жашоонун бүгүнкүсү, эртеңкиси бейдарек, табышмак, ошон үчүн адам өмүрү кызык. Кудурети күчтүү алла-таалам ажал жибергенде пендесинин күчүнөн, ыйманынан, зардасынан чочулап, кудуретине ишенгенинен ажалдын себебин, түрткүсүн өзүнөн издеттирип коёбу дейм… Дүйнө-өмүрдүн бир күлдүрүп, бир ыйлаткан табышмактуу күрөшүнө тойбой келатканында минтип ажалдын алгебрасына баш

катырып, өмүргө көзүң чачырап жашоону ого бетер сулуулап коёт тура…

Күндөрдүн биринде акмалап аста баскан, басыгы бөлөкчө отуз жети-отуз сегиз жаштагы келин палатага кирди. Сыйпалап орундук издегенинен анын көзү азиз экенин дароо баамдадым. Ишенгиң келбейт. Бакырайган сурмалуу кой көздөрүнүн жаны жоктугуна, жан дүйнөсүнүн күлкүсүн же күйүтүн билдире албаган тунжураган каректи карап туруп, ишенгиң келбейт. «Сулуунун бир жери кем» деген сөз эсиме түштү.

- Журналист экениңерди угуп, атайын келдим. Үнүңө караганда менден кичүү болушуң керек, сен эле дейинчи - деп дароо сөзгө өттү.

Башынан өткөндөрдү айтып отурду. Тагдыры өзүнчө эле роман, жазылбаган китеп. Тоодо өсүп, ат жалында чоңоюптур. Атка секирип минип, тоолук кыздардын адатынча эрктүүлүккө, кайраттуулукка балалыгынан сыналыптыр. Бүт ааламды алаканына салып, терметип, бой тартып келатканда аттан жыгылып, аты үркүп, аласалып он кадамдай жерге томолонуп барып, оңкосунан сайылганда башына зака кеткенби… Мээге кеткен доонун азабын турмушка чыгып, эки бала тапкандан кийин тарткан экен. Отуз жашында Москвадан операция жасатып, көрүп жүрүп, анан көрбөй калып, күндүн нурун, жердин табын, тиричиликтин жаман-жакшысын көкүрөгү менен туюп кала бериптир. Сезим менен жашаган адамдардын артыкчылыгын туйдум. Ал кийинки сөз…

Көзү көрбөгөн менен көкүрөгү тунук, кыялы кызык, сөздү орду менен сүйлөгөн, сөзгө сыйынган, ошол артыкчылыгынан, сезмерлүгүнөн элге бат аралашып кетет. Эгер тагдыры башкача болгондо бирдеменин үстүнөн чыгаары айкын эле. Сырттагы кимдир-бироолөрдүн аяганынан, боор ооруганынан намыстанып, олдоксон кыймылдарга жол бербей, өтө этияттанганы баскан-турганынан, бой-башынын тыкандыгынан билинет.

Үнүнүн тазалыгы арбап турат өзүнө. Ролдорду аткарып, бироолорду туурап, ич эздире күлдүрүп, Ак Мөөрдүн монологуна муюп күндөр өтүп жатты…

«Буюрса көрөм, көзүмдүн сезүүсү жакшы, жылт эткен учкундарды карман калуусу бар. Менин врачым Кирматов бара-бара көрөсүң деген.

Ошон үчүн күрөшүүм керек› деген сөздөрү нервге ийне сайгандай дирт эттирет, чыйралтат. Көз алдымдагы эки тагдырдан сабак алгым келди. Ай-ааламда жалгыз болбогон соң тагдыр буйругунун алдында чөкпөйүнчү деп, диагнозумдун такталбай жатканын, баспай калгандагы ый-муңду жыйыштырып, жашоонун кандай болгондо да турмуштун кереметин көкүрөгүмдөн өткөрүп, эч нерсени ойлобой жата бердим… Тунук эженин аткарган ролдоруна, тамашасына маашырланып, ыйды күлкү жеңип, күлкү үмүткө алданып жата бердим…

Профессор Мамытов Миталип Мамытович айткан күндүн эртеси Бишкектен учуп келди. Арык, узун бойлуу, ак чач, жада калса каш-кирпигин ак аралаган, кадыр-баркын боюна сиңирип, оор басырыктуу, кем сөз, токтоо мүнөз бул киши палатага кирери менен жеңилдей түштүм. Кунт коюп, бүт ыкласы менен көрүп чыгып:

- “Контрасс” деген дарыны Москвадан сатып алдык. Биз аны сизге сатабыз. Рентгенден карап көргөндөн кийин айтабы, - деп дарыгерлердин бир тобу менен чыгып кетти.

Профессор өзү баш болуп рентген кабинетинде жүлүнгө «контрасты» куюп, пункция жасады. Эч кандай натыйжа бербеди…

Пункцияны профессор ушунчалык чеберчилик менен кылдат жасады. Мурункудай мээни ыргытып жиберчүдөй ооруну анчалык сезбедим. Палатага алып келишти, акыйып мен жатам.

Кайрадан ар кыл ойлор самсып келе баштады. Профессор эмне дейт дегенден башка аргам калбады.

Кечке жуук Миталип Мамытович палатага кирди да:

- Сизге эки вариант сунуш кылабыз. Биринчиси, Бишкекке барып, компьютерге түшүп, диагнозду так аныктоону, экинчиси, менин көзүм жетип турат, сиздики бел омурткаларындагы өсүндү болуш керек, ушул жерде операция жасасак да болот. Буга сексен пайыз ишеним бар, жыйырма пайыз рентген аппараттарынын эски, начарлыгынан жакшы көрсөтпөй койду же компьютерге барганыңыз оң го…

- Профессор сиз жеке интуицияңызга ишенесизби же компьютергеби?

- Албетте, жеке интуицияга. Компьютерди алып келгенге чейин интуиция менен эле иштегенбиз.

- Анда мен ушул жерде операция жасаганга макулмун.

- Ишембиге чейин ойлонуп, акыркы чечимиңизди айтыңыз. Саат ондо операция болот, - деп сылык коштошуп чыгып кетти.

Операция ийгиликтүү болду. Профессор өзү айтыптыр. Канткен менен доктор Кирматов жаңылбаптыр, анын көп жылдык тажрыйбасы, көзү жетип, көкүрөгү туюнтканы ырас экен. Ак жолтой профессоргo туш келген менин бактыманбы деп коём. Оор, мүшкүлдүү ден соолугуң эки ортодо экчелип жатканда өмүрдү арачылаган, өмүрдү тикелегендер бар болсун дейм…

***1996-жылдын 28-сентябры***

## *АТАМ*

Атамдын сөөгүн үйдөн чыгарып, мүрзөгө алып жөнөгөндө көкүрөк тушумда илинип-илешпеген, түшүнүксүз бирдеме үзүлүп кеткенсиди... Кармап кала тургансып, эңкейе калдым. Көзүм караңгылап, кулагым эч нерсе укпайт. Жанымбы-оюмбу туңгуюкта жандалбастаган бирдемеге кармангансыйм...

Жарыкчылыктын акыркы нурлары табытты жабалактап баратты... "Атам кандай киши эле?"-деп парз суроо беришти. Сурадым. Жакшы эле дешти.Атамды менчелик, биз, балдары билгенчелик ким билет?

Ураим бир ата, бир энеден жалгыз уул. Чоң атам Исмайыл жашы кыйла улгайганда кийинки энебизден эки уул, бир кыз көргөн. Алар биз курактуу. Атамдын балалыгы согуш мезгилинде бейтынч өтүптүр. Өзүңдө жок, ааламда жок дешет.

Ачарчылык тиш салып турган маал. Атасы фронтко кетип, өзүнүн бир тууган иниси менен өгөй эненин колунда калышат. Астанада жөрмөлөп, кез-кез тамак суранып, көзү-башын чымынга талатып, ачкачылыктан мукураган соолуп-түгөгөн, ачкачылыктан периште болуп учуп кеткен бир боорун эстеп, каңырыгы түтөп кетчү курган атам... Эне мээримин көрбөгөн эки жетим ошентип бири-биринен айрылышкан экен. Жалгыздыгын айтып кейип, өмүр бою ошол бөксөлүктү толтурганга далбастап, туугандарын, балдарын ынтымакка чакырып жүрдү. Кара баштын жалгыздыгы тиричиликтин өйдө-ылдыйында, адамзааданын нашкүр пендечилигинде билинбей коймокпу?

Үч-төрт өгөй энеден көргөн кордуктары, жалгыздык жаш жанына батып, жети класс билимин уланта албай, жылаңаяк-жылаңбаш адырма-адыр машак терип, тестиер кезин узатыптыр. Теңтуш балдар башка мектепке окууга кеткенде, энеси эми өлгөнсүп, өңгүрөп ыйлап, эшиктин туткасына жармашып кала берет...

Окубай калганын атамчалык эч ким арман кылбаса керек. Билим алуу ал үчүн мүрөктүн суусу сыяктуу кол жеткис бийик болуп чаңкатып, умсундуруп өттү. Билимдүү адамдарга мамилеси бир башкача кымындай ичи тарып күдүңдөбөй, жаш баладай суктанып, тамшанып кала турган. Айылыбыздын илимдүү инсандарынын турмуш жолун таш жолдон кантип чоң жолго чыкканын мисалдатып көп айтчу.

Кендирин кескен жокчулук, жетимчиликтин айынан бели ката электе көргөн-билгени, мээр салган, мээр тапкан сырдашаары-таянаары, жалгыз эрмеги эмгек, талаа болду. Жерди атамчалык сүйүп, жерге атамдай жакын болуу үчүн башкача жаралыш керек беле дейм. “Касакка жатып, бир уктап алсам чарчаганым жазылып, өзүмө келип калам” дечү. Көрсө, күндүн аптабынан, топурактын табынан, жердин мээриминен, эмгектин деминен ырахат алчу экен, жарыктыгым! Жер жөнүндө атамдын айткандары, өзүнүн фразалары бар. Турушу менен эле философия. Жердин баласынын философиясы дейм өзүмчө. Буюрса, эртеби-кечпи кагазга түшүрөм деген ниеттемин.

Атам жер үстүнөн кеткенде, тырмактайынан тырмышып, жер тытмалаган пендесин жоктоп, жердин киндиги түйүлүп, боор эти буралып, эбедейи эзилгендир... Көз жумаардан эки күн мурда Султан-Абаддагы касыйда окуган чоң молдого араба чектирип, барып келет. Көңүлү шат, чери жазылып, бүт тегеректи карай берди дейт апам. Эх, жарыкчылык көз тойбогон эмнең бар?...

Өткөндө “адырдагы бактар кыйылып жатат” дегенде тызылдай түштүм. Муундар алмашканда ушул экен да. Кампир-Абадка жакын “Коммунизм” (азыркы аты кандай экенин билбейм) Кан-Коргондогу гектар-гектар керилген бакты тигип, көгөртүп, мөмөсүн кийинкилерге энчилеп кетишкен ыраматылыктардын катарында чоң атам, Ашим авам жана өзүмдүн атамдын салымы бар. Муну бала кезден жакшы билем.

Мектепке бара элекмин. Чоң атам “Коммунизм” багынын бир тилкесин коруп, дыйканчылык кылат. Ара-чолодо өөнгө түшүп,

чөлдөгүлөргө коон-дарбыз таштап кетет. Ал келгенде, "атка мен учкашам, сен учкашпайсың" деп энемдин кызы Насипа экөөбүз талашып-тартышып ызылдайбыз. Бизден бир үй наркысы чоң атамдыкы. "Ким биринчи турса, коондун палагинан кантип үзүлгөнүн көрөт" дечү атам экөөбүздү жарыштырып. Көбүнчө үрөң-баранда мен биринчи туруп кетем. Чоң атам кыңылдап ырдаса, таңкы шоокумдун жүрөк жибиткен бейкуттугун алдейлеп жаткансып гуюлчу. Адырдан атырандап соккон Савайдын эртең мененки шамалына ичиркене бүрүшүп, бирде үргүлөп, бирде көзүм умачтай ачылып, дирилдеп кетчүмүн. Адыр менен Савайды бөлүп турган дарыя Жаңы-Арыктагы солкулдак көпүрө ана-мына сынып кетчүдөй кыйчылдап-кычырап, жүрөктүн үшүн канча алды. Качан көпүрөдөн өткөндө, элейген коркунучту биринен өтүп, бири көздү азгырган алма, өрүк, жүзүм багы, төштөгү күнгө жонун агартып, челкейген дарбыз аңыздары айдап кетчү. О-о, ошондогу дарбыз, коон эгилген аңыздардын абалкы тумсак жытын азыр да кез-кезде искеп, ырахаттанам. Биз жеткенче, таң агарат.

Коондун палагин биринен сала бирин тирмийип карайм. Ал качан эле "бант" берип үзүлүп калган. "Дагы көрбөй калдым, эртең сөзсүз көрөм" деп өзүмдү жооткотом. Бар ишим атамдарга чай кайнатыш. Ата-баланын сөзү дыйканчылыктын өйдө-ылдыйы, бышыкчылыктын, мал-салдын убайым камы менен бүтөт. А менин көзүм кепедеги сапсары тордолгон, жыты аңкыган коондон өтөт... Мени шимшилетпей, чоң атам кайсы маалда алып келгенин билбей калам.

Үй-бүлөдө ата менен энеге баланын бирөөсү жакыныраак болот. Өзүм эне болгонум үчүн муну байкайм. Атам менен ички руханий жан дүйнөбүз окшош эле. Атамдын мүнөзүндөгү дээрлик жакшы сапаттар, терс кыялдар менде да бар. Бала кезден ынактык, жакындык, санаалаштык, эң башкысы өз ара түшүнүүчүлүк өмүр көчүн коштоп келди. Балалык парзымды эми кайтарууга киришкенде, айылдагылар айтмакчы "ашка оозу тийгенде" аттанып кетти кутманым...

Эсимде, кичинемде үйдө көбүрөөк таяк жеген мен элем. Ага коктүгүм, айтканымды жасаган өзүмчүлдүгүм, тар чөйрөдөгү "адилетсиздикке" каршы күрөшүүм себеп эле. Балалыгымдан ак-караны ажыратып, турмуштун жазылбаган суроолоруна жоопту атамдан алдым. Өзүмдүн чындыгым үчүн күрөшүүнү атамдан үйрөндүм.

Атам намыс үчүн жаралган жан эле. Үй-бүлөнү багуу, бала өстүрүү парзында жана башка милдеттерди өтөөдө намыстуулук көп нерсенин башын бириктирет. Өз арабаңды тартыш үчүн, бирөөгө көз каранды болбоо үчүн, бирөөнүн акын жебеш, бирөөлөр үчүн аз да болсо пайда келтириш, эмгегиңдин акыбетин көрүш үчүн да намыс керек. Намыс болсо баш-оту менен эмгекке бой салып турат. Атам беш-алты гектардай ортоарыктын чөбүн бир түндүн ичинде оруп таштап, савайлыктарды таң калтырган. Көрсө, кара жумуш аны каржалтып кактап, жаны кыйналганда мен кыйналгандай, балдарым кыйналбасын деп бизди, “окугула”, “оку” дей бериптир. Китепке жакындыгым атамдын үндөөсүнөн болду. Китеп окуганды жакшы көргөнүм менен үйдөгү көр тирилик койбойт. Китептин кызыгына түшүп, дайындаган ишти унутуп калам. Апамдын таягын жеп, жаным ачышканда коркутуп, там башындагы самандын ичине бекинип алчумун. Үйдөгүлөр аяк-быякты издеп чарчайт. Түндүн бир оокумунда колхоздун пахтасын сугарып же косек чубаган машинаны токтотуп, кеч кайткан атам керосин чырак көтөрүп, издеп жөнөйт.

- Мударис боло тургансып, качан карасаң эшикти ичинен бекитип, окутуп отурат. -Бири эки болсун деген апам чырылдайт.

- Арбак ургур, тиричилигиң бүтпөсө койсун. Уруп, мүйүз чыктыбы сага? Окуй берсин, оюна койбойсуңбу,- деп атам мага болушат.

Демимди ичиме катып, коргогучум бар экендигине эркейм. Мындай сцена тез-тез кайталанат. Ызага толгон ошондогу балалык дүйнөмдүн духун көтөрүп, көшөрлөнө эмгектенүүгө, китеп аркылуу дүйнө таанууга жол салдырган адам атам болду.

Экөөбүз түндүн бир маалына чейин кобурашабыз. Атам мени баласынтпай, ойлорун бөлүшкөнүнө жетине албайм. Ой келди суроолоруму жооп берет, сөзүбүз бүтпөйт. Пахта теримде айрыкча түнкү сугаттан кеч кайтканда, атамдын келишин күтүп, керосин чырактын жарыгында китепке үңүлүп отурчу адатты ошентип тапкам.

Алтынчы классымда чоң атам ааламдан өттү. Эсимде, “өлгөндөн кийин эмне болобуз?” деп, эки-үч күн ушул ойду көкүрөгүмө батыра албай ыйлап, уйкум келбей кыйналгам. Бу дүйнөгө түркүк боло тургансып, бу дүйнөдөн ушу бойдон өтө тургансып, бу дүйнөң

кептеркана экенин сезбегенсип корккконумчу, бала экем... Тирүүлүктүн өйдө-төмөнүн көрүп, жамандык-жакшылыкка бышыкпай, жүрөк катый электе балалык сезимиң ушунчалык таза, ымыркай, үлдүрөк болот турбайбы.

Кайсы бир жылы атам катуу ооруду. Азыркы эң кичүү иним отурган чоң үйдү курам деп, түн уйкусунан безип кетти. Балдары жаш, жардамдашаар эч кимиси жок. Мээнет кыйнадыбы, ой кыйнадыбы, айтор, ооруканада үч-төрт айча жатты. Апам күндө айран-сүтүн көтөрүп, Кара-Сууга жөнөйт. "Актан башка оозуна эч наар алалбайт" деп ыйлап келет. Апама кошулуп, биз ыйлайбыз. Атамдын сакайып кетишин суранып, күнүгө кудайга жалынам. Жер-суу, таш-топурактан деле суранам.

Көзүм көчөдө калды. "Ана келет, мына келет" деп күнүгө жол карайм. Шайтан калач (кепич) токуйм. Коюу чөптүн арасына койсоң, шайтан кийип кетип, ырахмат айтат, тилегиңди аткарат дешчү мен курактуу секелек кыздар. Кырк күн токудум. Кыялымда шайтанды ыраазы кылдым дедим. Тилегимди берди деп, кудайга кубандым. Азыркы орто мектептин орду колхоздун багы эле. Өрүктөр тегиз гүлдөп, жер көгөрүп, жаз жайнап турган күндөрдүн бир күнүндө бак аралап, өңү бопбоз, арык болуп, жылмая күлүп атам келатат... Чуркадым... Тушалгансыйм... Жетпейм... Ошондо атамдын буттарын бекем кучактап, ичимдеги зилдеген муңум агарганча, көзүм карайганча ыйладым. Ошондогу оорунун залы сөөк чучугун соруп койгонбу, атам такыр толуп, семирип кетпеди. Арык, тарамыштуу, кыймылы чапчаң, ишке жан отун берген кыялдары менен калды.

Атам мээнетке жаралган экен. Ага жараша үзүрүн көргөн, ырыскылуу, ооматтуу жан эле. Өмүр бою колхоздун талаасында тер төктү. Чигит эгилгенден тартып, гозопая орулгуча дүйнө өмүрүн талаага байлап өттү.

Биз бала кезде эле атам бир жылда эки ирет түшүм алчу. Эрте жаздагы чамгыр, бадыраңы бүткөндө, жүгөрү же сабиз айдап, жерди оксүтчү эмес. Өр-Дөбөгө дарбыз эксе, бышканда үч-төрт күн ташый албай, мүрүбүз жооруп, суй жыгылабыз. Машине-машине тонналаган "антонду" өзбек ашыналары соодагерлер палагинде баалап, жыйырма-отуз килограммды чаап түшкөн дарбыздарды көргөндө кымындап

кубанышканын көргөм. Көрсө, дыйканчылыкта да кол берекелүү, эптүү, көздүү болуш керек экен.

Биз бала кездеги Савай азыркыларга жомок сыяктуу туюлушу мүмкүн. Колхоздун пахта аянтынын Кескен-Жар аймагы Өзбекстандын Султан-Абады менен чектешкен тарабы бүтүндөй жар, жарлардын мекени боло турган. Жазында, айрыкча май айы жүрөк толкуткан сулуулугу, кызгалдактары менен мактанып жатып калчу. Жардын башын алыстан карасаң, бири-бирине туташкан өрт сыяктуу жалындап, кыпкызыл кызгалдактар жер бетин бербей салтанатташат. Азыр жарлардын орду жок. Аны сүрдүрүп, тегиздегенден кийинкиси ушу. Жардын бош жаткан кычык-төрүн, төш-белин кетмендеп, пал салдырып, күрүч эгип, огород айдап, бала-чакасын баккандар атамдын мээнеткеч мууну, замандаштары болду.

Бир-эки жыл мурдараак, эмгек ардагери деген төш белгини алганда: -Шүгүр, өкмөт эмгегимди баалады, - деп жаш баладай сүйүнгөнүн айтсаң. "Өмүр бою төбөң менен жер казсаң да жыгач орден жок. Колхозчунун эмгегин жерден башка билген жан болбойт. Бу кандай? Айрым оозуна аш бышыргандар үчүн атак деле, байлык деле оңой келет" деп калчу. Атам соболун туура койгону менен турмуш туура эмес жооптору менен келишүүгө аргасыз кылаарын таназар алгысы келбеди, анткени куулук-шумдук менен иши жок, момун, карапайым эле, кымбатым! Куулук-шумдуктун чекесин билгенде өзүнүн момундугуна, ишенчээктигине арданат беле, ардагым?...

Балалыгым эң эле кызык өттү. Үчүнчү класска чейин чоң атамдын колунда чоңоюп, кийин өз атама келдим. Эки атам тең менин өмүрүмө өчпөс из калтырышты. Экөө тең өжөр, айтканын аткарткан көк, өз дүйнөсүнөн чыга албаган кыздын эрки менен болушту. Эсимде, сабактан же жазуудан беш алган күнү дердендеп, мектепке батпай калам. Дөңдөн (эски мектеп айылдын ортосундагы дөбөдө болчу) тызылдап чуркап түшүп, ак жегде, ак дамбалчан күнгө какталып, уйкусурап отурган чоң атама сүйүнчүлөйм. Уйкусун бузсаң челүүгө камынган букадай өкүргөн бир кызык адаты бар эле. Бирок, ченемсиз март болчу. Ар бир беш баам үчүн 20,5, кемде-кем 3 тыйындан берет. Азыр ойлосом, биринчи классымда чоң атамдын тыйынына кызыгып, сулуу жазганга, жакшы окуганга дилгирлениптирмин.

Жер көпкөн маалда шудүгөрдөгү акыр-чикирлерди өрттөп, эгин-тегин эккенге даярдык көрө баштаган учур болот айылда. Арык боюнан жымырап көктүн кулагы көрүнгөн апрелде Ирап бакшынын жини

козуйт. Чачын жазып, кыткылыктап каткырып, оттон нары-бери секирип, айылдагылардын мазесин кетирет. Кууп айдаса ынабай, отту айланчыктайт. Адамдар азар кылып, бала-чакасын жолотпой, чоочуйт деп саксакташат. Апамдын чыбык менен уруп, кубалаганына кайыл Ирапка качам.

Каткырып оттон секирген сайын көзүнөн жалын чачырап, тири укмуш көрүнүшкө арбалып тура берем... Көз байланганга чейин экөөбүздөн башка эч ким калбайт. Соолукканда мени бооруна бекем кысып алып, көпкө солкулдап ыйлап, зээнимди кейитчү. Бирарда чачымды тарап, өрүп атып ырдайт. Коңур, жагымдуу үнүнүн мээримин сезчүмүн.

Чоң атамдын көзү өткөндө, атам анын көөнүн карап, ким эмне десе да үйүнөн кетирген жок. "Кудайдын боору ооруган бир мусапыр да" деп, кийим-кечесине каралашып, багып жүрдү. Чоң атама тууганчылык жайынан бизге имерилип, башпаанектеп жүргөн. Күндүзү тентип, көөнү келсе бироонун жибин ийрип, шалчасын токуп, көөнү келбесе, ой келди басып-турган кургурга атам бир башкача аёо сезими менен мамиле жасаган.

Чоң атамдын эшигинде өрүктүн кеминде беш-алты сорту боло турган. Эрте бышаар ак, кызыл, ачуу данек, шакар, кандек өрүк, дагыдагы башкасы. Атам өзүнүн багына алма, шабдоолу, айрыкча теректи көп экти. Жыл бою кезектешип быша турган шабдоолунун ар кыл түрүн жеп түгөтө албай, апам кургатып кагы менен убара. Биздин үй пахта талаасына чектеш. Жолго чыга калсаң керилген кең талаа менен бетме-бет келе түшөсүң. Ошол жолдун боюна тептегиз, катар эгилген, али үстүнгө жарай элек теректерди көргөн сайын жүрөгүм толуп кетет... Өзүнүн тереги менен чоң агама заңгыратып үй салган. Кийинкилерин да бир ой менен тиксе керек эле, кымбатым, "чакырсам келгис мейманым..."

Өзү Мичуринди идеал тутчу. Орус элинин улуу ботаниги, чебер багбаны өпкө оорулуу экенин кайдан укканын билбейм, анын ошол оорусу менен жыйырма беш жыл жашаганын айтып, өзүн ага салыштырып, "буюрса токсонго чыгам" дечү, карс-карс күлүп, жашоодон ала турганы али көптөй шымаланып. Ошол деми мененби алманын сортун башкасына улап, бакты карегиндей кастарлап өстүргөн.

1990-жылы атам өпкөсүнөн кагынып калды. Кудайдан болдубу же башка себеби барбы, пайгамбарчылык кыла албайм. Ошол жылкы Ош topoлоңу элди кыйла дүрбөлөңгө салбадыбы. Атам байкуш эч нерсе оюнда жок, Кара-Суу базарынан Өзбекстандын базарына өтүп, соода кылып жүрсө, топтолушкан беш-алты зөөкүр калпагын жерге тебелеп, бычак такап коркутуп, тепкилеп уруп, жанындагы болгон тыйынын тартып алат. Калпагын сууга ыргытып, шылдыңдашат. “Ошондо катуу чочуп калганбы” деп апам кыйлага дейре чыйылдап жүрдү. Бир жылдан кийин Ысык-Көлгө барып, дарыланып келди. Өпкө оорусуна кийинчерээк “астма” кошулду.

Жылда менин жагымдуу түйшүгүм боло турган. Атам менен апама кайдан болбосун курортко жолдомо таап берем. “Мени курорт эле кармап турат” дечү асылым атам ыраазы болуп. Бир жолу Жалал-Абатка курортко көргөнү барсам “Бактар куурап бүтүптүр, бу кандай карашпайт?” деп кейип, түтүктөгү билектей сууну (багбан коюп, унутуп калса керек) саргайган дарактарга буруп, арыгын тазалап жүрүптүр, мусурманым. “Жөн эле эс алып жатпайсызбы, эмне жаныңызга күч келди?” дедим жаным карайып.

Былтыр буттары шишип, боордон “гепатит” деп областтык ооруканада көпкө жатты. Баарыбыздан эң кенже синдим Дили кесиби медсестра болгондуктан атамдын жанына аралжы болуп, көзүнүн карасы менен тең айланып карады.

Барган сайын сүймөнчүк менен колумдан өөп койчу. Бир жолу колумду кош колдоп жаагына басып, эки мүрүсү солкулдап бошошуп, чачылып кетти... Ооруканада көп жатты, бирок мындайын көргөн эмес элем. Карылыкка жорудум да, өзүм чоочуп кеттим. Антейин десем атам али чал боло элек эле. Же сакал коюп, же бүкүрөйүп же акылы талаалап же ооруга алдырып төшөк жазданбады. Быйыл жетимишке чыкмак... Жаңы кылымга төрт күн насиби илешкен экен. Дартты да жеңил көтөрүп, бүгүн ооруса эртең туруп кетип, кыймылы чыйрак, ою сергек, эмнегедир өмүрүнүн акыркы күндөрү тиричиликтин камын айрыкча тартты. Быйылкы дыйканчылыкты көбүрөөк сүйлөп, балдарына эгин-тегиндин кем-карчын кантип толтурууну дайындай берди. Же өмүр алдыраарга келгенде ушинтип алаксытып, көз тойгузбай жагалданып калабызбы?...

Атам баарыбызды окутту. Алдыбыз эки дипломдуу болдук. Үч уул, беш кызбыз. Уулдарын үйлөп-жайлап, кыздарын орун-очок алдырды. Көрсө, тээ көрөңгөдө козуп жалтыратып, ой дүйнөң менен кошо жашап, эстелип-жоктолуп, орду толбой эңшерилип турган нерсе ата менен баланын ортосундагы түбөлүк ажыралгыс илинчээк экен. Түш сыяктуу туюлуп, кочодон атама түспөлдөш, турпатташ бирөөнү тэрчий карайм...

Курандын нуру, ыймандын шамы менен жаткан жериңиз жайлуу, топурагыңыз торко болсун, Ата!...

***2000-жылдын 6-февралы***

## *СЫЗДАДЫ ЖҮРӨК КУЛУНДАЙ ОЙНОП ТУЙЛАГАН...*

Бисмиллах ир-рахманир-рахийм!

Сегиз жүз токсон тогузунчу жылдын рамазан айында он эки жаш курагымда Фергана аймагынын падышасы болуп калдым.

Фергана – бешинчи иклимдеги (орто кылымдагы илимпоздор жер шарын жети иклимге бөлгөн) жер. Күн чыгышында - Кашкар, Күн батышында – Самаркан, Күн жүрүшүндө Бадахшан чегинин тоолору, Түндүк тарабында Отрар.

Ферганада жети шаар бар: алардын бешөө Сейкуң дарыясынын Күн жүрүүчү тарабына жайлашып, экөө анын Түндүк жээгинде.

Күн жүрүш тараптагы шаарлардын бири – Анжиан. Анжиандын торт жыгач аралыкта Күн чыгыш-жүрүш тарабында Ош. Абасы эң сонун, агын суулары көп, мында жаз эң кооз келет. Фергана аймагында абасынын жагымдуулугу жана тазалыгы боюнча Ошко теңдеш башка шаар жок.

Сепилдин түштүк-чыгышында Бара-Кух (Сулайман-Тоо) аттуу кооз тоо бар, бул жөнүндө атайын сөз кылганымдын жүйөөсү көп. Бизден кийинки урпактар бул улуу жана касиеттүү, сырдуу жана азиз, таберик тоонун баркын сезишсин, урматтап-аздектешсин. Агерим бул тоодо нечен кылым-кыйырдагы ата-бабанын руху, мусулман баласынын дил-асирети, выждан-туйгусу калган. Лекин менин жүрөк-боорума жабышып, өмүр-тагдырым, кубаныч-кайгым жана өксүгүм

болуп калган Бара-Кух менин армандуу өмүрүм, бөтөн жан көрбөгөн көз жашым, көкүрөгүмө эч бир сыйбаган сагыныч-санаам, арзуу-асиретим, жан дүйнөмө жакын казалдарымдын булагы, дилиме илхам апкелип, тилиме куюлушкан сөз ыроологон кенч.

Бара-Кух Амир-Темир тукумдарынын илгертен келаткан көксөгөн бийлиги, бирде жоо-жарагын албарстай курчуткан жеңишинин, бирде кылычын кыя чаптырып, туусу жыгылган, катыны тул, кыз-келинин олжого тарттырган кыйроо-жеңишинин күбөсү.

Бара-Кух Амир-Темир тукумунан таркагандардын кимисинин болбосун көзүн азгырды. Алардын баары энчисиндеги шаарга өкүмдарлык кылып, журт башкарып, эмирлик тактыны ээлешкенине карабай, Ошко кайдыгер эмес эле. Ошко келери менен тоого чыгып, күч-кубат алышып, зыярат кылышчу.

Алла-Тааланын кудурети менен жаралган тоонун ажайып келбети, адамды айран-таң кылган табышмагы тартып турат. Муң-зарын, үмүт-тилегин, касиретин тоого айтып, кудайдын боору жибип, андан жакшылык кайтаарына бөркүндөй ишенген мазарлардын мазары. Тоо-ташын эле аярлабастан, чөп-чарын, бир чымчым топурагына чейин эм-домуна көзгө сүртүп кетишчү.

Атам Өмөр-Шайык мырза белимката электе жоокерчиликке үйрөттү. Эсим кирди-чыкты мезгилимдеги элестерди кантип унутайын. Чыңгыз хандын экинчи уулу Чагатайдын тукуму ошол кездеги могол элинин ханы таятам Жунус ханды атам көп чакыра турган. Аны чакырган сайын кайсы бир аймакты тартууга берчү.

Кайын атасынын алдында элирип кеттиби, «хан тукуму хан болот» деп, ат жалына боюм жете элек мени бир колу менен колтугумдан шап көтөрүп, ээрге отургузганда энем Кутлук Нигара ханумдун жүрөгү оозуна батпай, балапан баласын коруй албай, «кокуй жыгылбаса экен» деген энелик туюмдан чыркырап, жанын уучтап карап турган. Өзүм курдай балдар көк чыбыкты ат кылып ойногон кезде, мени кадимкидей ээрге бек олтургузуп, түз бастырганга көндүрүшкөн, жайдакталган атты минип, шамал менен жарышкам.

Бир жолу ууга чыгып, аңдын кызыгына маашырлана чарчап-чаалыкканыбызга карабай Анжиандын сыздуу талааларын жортуп, бети-башыбызды чиркейге талатып, күүгүмдө Ошко жетип келдик.

Бара-Кухтун этегиндеги кара таман жалгыз аяк жолго бутубуз жетип-жетпей, атам атынын оозун бура тартып токтоп калды.

- Атандын көрү, Султан Махмуд озунуп кеткен экен, - деп үшкүрүнүп, үнсүз селейди.

Көрсө, тоонун чокусуна Султан Махмудхан өжүрө салдырып коюптур. Таякем экоонун ыркы келишпей, чырдашып көп араздаша турган. Атамдын кыялынын чатактыгы, муштум менен сокконго мыктылыгы бир туугандарын чочутуп турчу.

Тоонун чокусуна кандай жеткенибизди билбейм. Атам орто бойлуу, энкэл, ак куба, тегерек сакал киши болчу. Ачуусу келгенде шашмалыгына сөз жок.

- Балам, балакаттан өтүп, эр жеткениң ушу. Ана-уу, тоонун түмшугуна, шаар анын тегерегиндегилер алаканга салгандай даана көрүнө турган жерине хан өжүрөңдү салдыргын. Көзүм тирүү турса, баш көз болоормун. Мындай опур-топур жоокерчиликте кокус көзүм жумулуп кетсе, менин сага аманат керээзим ушул болсун! – деди.

Түшүнөм, атамдын заары ичинде кайнап атты. Анын оюндагысын сезип, сырын билип алгансып, таякемдин озунуп салдырганы гыжабасын кайнатып турду.

Жай саратан чилдесинин аптабынан дем кысылат. Ысыкка күйүп-куйкаланган тоо ташынын чычаладай табы шаарга урат.

Тоонун чокусунда чарчаганыбызга карабай, көпкө отура албадык. Төмөндө шаар аптаптан ынтала, дем алалбай акактап турса, мында жан жыргаткан шамал согуп, уйкуңду келтирет. Бара-Кухтун бир касиети шамалды өзүнө биринчи чакырат. Шаарга этегин жайып, койнун мөмөлүүн желаргыга серүүндөтүп, бирлери бүлбүлдөп, айрымдары чакчайып жаркыраган ак жылдыз жамынган көк теңирге кучагын жайып турган ошондогу Бара-Кухту кайсы сүрөтчү өзүндөй, бир жерин өксүтпөй тартып берет!

Кайсы бир жолу атам менен келгенде анын жигиттери ушул тоодон ак, кызыл салаалары бар таштарды таап келишти. Өмөр-Шайык мырза эки уучун толтура, алаканын кызыткан тилла кармап тургансып:

- Эмне деген керемет таштар! Зергерин Самаркандан алдырып, сурмалуу көздөрдү азгырган асыл буюмдарды жасатам,– деп кубанды.

Асыл буюмдар кимге тартуу этилет? Апамабы? …Апамдын жумшак манжаларынан, кулагынын кебезинен, жумуру билегинен, мойнундагы мончокторунун арасынан атам айткан асыл буюмдарды, аземи артыкча жасалгаларды астыртан издеп жүрдүм… Эмнегедир энем Кутлук Нигара ханумга буюрбады.

Сейкун дарыясынын түндүк жээгиндеги шаарлардын бири – Аксыкент акын Сайфаддин Аксыкентинин мекени. Ферганадагы Анжианга теңтайлаша албаган анчалык чоң эмес шаар. Анжиандан батышка карай Аксыга чейин тогуз жыгач жол жатат. Өмөр-Шайык мырза аны өзүнө ордо кылып алган. Сейкун дарыясы сепилдин түбүнөн агып өтөт. Аксы сепили бийик жардын үстүндө жайгашкан болчу.

Жардын башындагы кептерлердин жамыраган уясынын көптүгүн айтпа. Көрөнүн оозундай оюлган кептерканадан чурулдаган үн басылбайт. Атам кептерлерди ушунчалык жакшы көрчү. Өз колу менен жем чачып, курсагын тойгузуп, сылап-сыйпаганынан алар да атама өзгөчө үйүр. Жамырап чокусуна конуп, орун талашып түртүшкөнчө колунан жем чокуп жегенге көнүп алышкан. Алардын кылык-жоругуна, үнүнүн авазына маашырланып карап отуруу, же сүйлөшүп, дидарлашмай атамдын жакшы көргөн адаттарынын бири эле. Кептеринин аттарынын көптүгүнөн бирөө эсимде калбаптыр. Атам болсо аларды чаташтырып, бир ар жолу адаштырбаган. Күндүн мурду көрүнүп, шоолалары жазылып келатканда, жар башындагы кыркалекей тизилген кептерлердин канаттары күн нуруна чагылып, түркүн түстөргө кубулуп, асан-үсөн нурларынан кем калышпаган көрүнүштү көрүүдөн Өмөр-Шайык мырза өмүрү тажабады.

Ошондо ойдо жок кырсык болду. Кулжа айынын төртүндө дүйшөмбү күнү атам өзүнүн кептерканасы, байкуш кептерлери менен кошо жар урап, каза болду. Эркек балдарынын тун уулу болгонумдан, он эки жашымда атамдын ордуна Фергана тактысына отурдум.

Биринчи арманымдын ачуу тагы көкүрөгүмдөн көпкө кетпей жүрдү. Атамдын көп жакшы касиеттерин, кыял-жоругун, эр жүрөк, кайраттуу өкүмдарлык салтын, жоокерлик салгылаштагы сырларын үйрөнүүгө үлгүрбөй калдым, аттиң.!

Боорум ката электе ишенген тоом урап, бир ныптам эңшерилип, жаш канзаадалык милдетин энем Нигара ханум менен ордонун

бийрмандары Алибек, Мазитбектердин көрсөтмөсүндө аткарууга өттүм.

Бара-Кух тоосунун чокусуна таякем Султан Махмуд хан өжүрө тургузган дебедимби. Андан төмөнүрөөк тоонун тумшугуна хижранын тогуз жүз экинчи жылы (жаңы эсепте 1496-1497) мен дагы алдында бастырмасы бар бир өжүрө там тургуздум. Анын өжүрөсү меникинен жогору турса да, меники кыйла жакшы жайгашкан: андан шаар да, шаардын айланасы да алаканга салгандай даана көрүнүп турат.

Кичи-Алайдын суусу Оштун өңүрүн тепсеп, Анжиянга агып өтөт. Суунун эки жээгин бойлой алмазарлар жайгашкан. Бактардын баары дүпүйүп сууну жаап турат. Буерлердеги бинапша гүлдөрү абдан кооз.

Ошту агын суу кесип өтөт, жаз маалы артыкча кооз, жер бетин бербей жоогазындар менен атыргүлдөр жайнап чыгат. Бара-Кух тоосунун этегинде, тоо менен шаардын ортосунда Жауза-Кош мечит деп аталган мечит бар. Тоонун этеги менен чоң суу агып өтөт.

Атамдын керээзи боюнча ушул өжүрөмдү салдыргандагы экинчи арманым кез-кез ичимди тызылдатып коёт. Менин өжүрөм таякемдикинен ашса ашып, асти кем калбаса экен, көргөндө суктандырып таң калтырган там болсо деп көпкө кыялданып, толкундандым. Ушерде гана менин казалдарым жаралып, саптары тизмектелип, дилимен куюлуп түшчүдөй ээлигип жүрдүм… Жан дилимден казалга берилип, жашыман жаздым. Казал өмүрүмдү коштоп келаткансыйт. Бийлик тактысына отурганда чолом болбойт деп, жеке кызыкчылыгыма бурмаланып, өзүмдү сооротконрубаилер жаап салат го деп чочуганым бекер болуптур. Жортуулга чыксам деле, кызыл кыргында чабышып, согушта жүрсөм деле жүрөгүмдүн каалоосун аткарбай кое албадым…

Атам Өмөр-Шайык мырза көз жумаардан бир жыл мурда Сейкун суусунун боюндагы Теке-Секирген деген жерде согушта жеңип, колго түшкөн сулуу кыз-кыркынын, колунан көөрү төгүлгөн зергер, устасын туткундап, олжого апкелет. Алардын арасында Фазлиддин деген бир уста бар болчу. Өз жеринде атагы аңыз болуп айтылчу экен. Узун бойлуу, далысы кең, бүркүт кабак, ээзели адамды тик багып карабаган устанын маңдайы жарылып күлгөнүн же ачууланып, кабак бүркөгөнүн көргөн киши болбоптур. Бир сырдуу, ашыкча бир сөз айтпаган,

каадалуу кебетесинен жазбай, иштин майын чыгарган мээнеткечтигин угуп, өжүрө салдырганы шакирттери менен кошо Бара-Кухка алдырдым. Тамдын баасын бычканы келгенде:

- Канзаадам, иш бүткөндө сурай турган бир нерсем бар,- деп, баш көтөрбөй жооп берген. «Айтканыңыз аткарылат, кадырыңыз жан болсун» - деп убада бергем карыя устага.

Өжүрөнү уста сүйүнүп курду. Анын ар бир кышын эринбей өз колу менен куюп, кургатып, анан кынап чыкты. Оймо-чиймесин келиштирип, ар кыл боёкторго сугарды. Менин дилимдегини окуп алгансып, элге кеңири тараган рубаилеримдин төрт сабын түрк элдерине тегиз чагатай тилинде өжүрөнүн так мандайындагы дубалга минтип жазып коюптур:

Көп элди көрүп машакат тартып ыйлаган,
Сыздады жүрөк кулундай ойноп туйлаган.
Тилегин элдин аткарса Бабур арылаар,
Азаптуу дарттан жүрөгүн эзип кыйнаган.

Менин өжүрөмдү катардагы уста курбады. Самаркан менен Гераттын, Бухара менен Маргаландын баш айланткан кооз мунара-сепилдерин курган, аты белгилүү да, аты белгисиз да колу гүл усталардан таалим алган, өнөрүнөн ызаат-сый да көрүп, өнөрүнүн курмандыгы да болгон устачылыктын пешенеге буюрган тагдырына кайыл болгон киши курду. Өз өнөрүнүн чеберчилиги менен адамды суктантып, тамшантып, ичин тарытып, ал гана эмес, көрө албастыгынан, «мындай коздук менде гана болууга тийиш, башка кайталанбасын» деген өкүмдарлардын кордугунан көзү тазалангандарды көргөн уста курду. Туткун устанын кудайдын кулагын сүйүндүрөөр күнгө туш келтире көр – деп басса-турса теңирден тилегенин, туткундан кутулуунун бир пайити келип, эртеңки эркиндик дегдетип, туулган жеринин топурагы тартып турганын кайдан билдим… Анын мынчалык ашыкканында бир мандем бар экенин кеч туйдум…

Болжонгон убакыттан эрте бүткөн өжүрөгө өзүм да ашык болуп калдым. Бүткөн күнү хан сарайымда түлөө өткөрүп, энем Нигара ханум устага баш-аяк сарпай кийгизди. Сүйүнгөнүмөн атайын бир жакшы бычак жасаттым. Бычактын сабы баягыда атамды баладай кубандырган

так ушул тоонун ташынан болчу. Ыраазычылыгымды билдирип, хан кааласында нени кааларын сурадым:

– Мартабасы улук, жаш бекмырзам! Ыйык тоонун башында берген убадаңызды унутпагандырсыз…Бир гана нерсен, башымдын азаттыгын сураймын… -деди, ал дирилдеген үн менен.

Оюмду жыйнай албай, энеме «не дейин» деп суроолуу көз кырымды салсам, «макул бол» дегендей ишара кылды.

Оо, ошондогу Фазлиддин устанын азаттыгынын баасын аңдап болбос?!... Эскилиги жетип, мүрүсү күнгө агарып, колдо шырылган, этеги эн тамгадай кыркылган сарт чапанын желкесине илген бойдон, бирөө этектеп кала тургансып, карбаластап шашып, тоонун башынан тик ылдыйды көздөй ашыгып жөнөдү...

Кийин ойлоп атпаймынбы… Ии-й, атагы аңыз устаны токтотуп калаар илаажим жок беле? Оштон үй-жайлуу кылып койсом, ошондой колу гүл устаздын учугу уланып кетпейт беле деп тымызын арманда өкүнүп калдым.

Атамдын зайыптарынын бири энем Кутлук Нигара ханум Жунус хандын ортончу кызы. Жунус хан Чыңгыз хандын экинчи уулу Чагатай хандын тукуму боло турган. Он жылдан ашыгыраак Багдатты башкарды. Энем менин түйшүгүмдү көп тартты. Он эки жашымда такка отурганымдан баштап казаттарда, жеңген-жеңилген согуштарымда, ачуу-таттуу күндөрүмдө бир болду. Акылдуу, өтө эле сезимтал жан эле байкушум!

Биринчи согушумда кол топтогонго жардамдашып, кийин Самарканга жүрүш жасап, жеңиш менен кайтып келгениме, эрдигиме маашырлана чоң атам Амир-Темирдин кол алдында болгон жерлердин баарын бириктирип, өзүм өкүмдарлык жүргүзүүнү эңсегениме эмнеге салкын кандуулук менен караганын кийин сездим… Көрсө, Амир-Темирден таркагандар бийлик артынан такты талашып, ич ара кырылышып-чабышып жүрүп, өкүмзорлук кумарына баш байлап отоорүнө көзү жетип, оомал-төкмөл жашоосунун наркы-беркисине өзүн даярдап бүткөн экен. Ошондонбу сулк таштай мисирейип, кыргындагы канды, бей-бечаранын көз-жашын, күтүүсүз ажалдын азасын ичине кармап жүрүп, тез картайды.

Атам зайыптарынын ичинен өмүрүнүн акыркы жылында үйлөнгөн Кара Көз бегимди аябай жакшы көрө турган. Бара-Кухтун асыл таштарынан жасаткан аялдын ажарын ачкан, назын тарткан, каадасын кастарлаткан, шаан-шөкөттүү жасалгаларынын не деген түрлөрүнө ошол зайыбы гана ээлик кылганына ичимден кызганып жүрдүм…

Атам Өмөр-Шайык мырза сүйүү сезимине тез берилип, ашыктык азабын көп тартаар эле. Мен анын мындай адатын жактырчу эмесмин. Пенде эмесминби, сезим сели каптабай коймокпу… Баарын ичиме салып, болгон күчүмдү махабат жөнүндөгү казалдарымдан чыгардым.

Аялзааданын көбүн көрдүм. Шарапсыз мас кылган сулуулугун, ышкы козгогон назик кыялдуусун, адамгерчилик адеби артыкча зыйнаттуусун сыйлаганым менен алардын арасында жан сырымды бөлүшөөр, сырдана бирөөсү болбоду… Мен аны каным коюлуп, токтолуп калган курагымда, бийлигимдин оомал-төкмөл кезден ооп, шаштысы кетип, аргам түгөнгөн мезгилде жолуктурдум. Кыялымда жетип, ой-дүйнөмдүн бешигинде бапестегеним менен анын азабын артыкча жедим.

Көздөрүм самап жалындуу сенин көзүңдү,
Көрсөм деп күсөп сагынып турам өзүңдү.
Саргарта мынча муң-зарга салып сыздатты,
Айткың жок мага жарым ооз жылуу сөзүңдү.

Гүл болсоң эгер мен булбул, гүлгө жарчымын,
Сен шоола болсоң күн тийген тоонун артымын.
Алдыңа тике бара албай жүргөн ийменип,
Көпчүлүк элге шах болсом, сага жалчымын.

Мен аны биринчи көргөндө эле өзүмдү жоготуп коё жаздадым. Шыңга бой, тал чыбыктай мүчөсү келишкен, тал-талдап өргөн мажүрүм чачы сеңселип, ажарлуу, апапакай жүзүнөн нур таамп, мөлтүрөгөн карегинен от-жалын чачырап тургансыйт. Көргөн көзүмө ишенбей чылк жумуп, кайра ачтым. Бул кызбы же периби? Көздөрү анын жан дүйнөсүн чагылтып тургансып, бир боорумдай өзүмө жакын сезип, имерилип калдым. Атасынын киши боюнан бир эсе бийик коргондогу дарбазасынын көзөнөгүнөн бакты шыкаалап, көзүм тешилди. Бактагы азгырган күчтүн айынан айлам түгөнүп, дарбазага кагылган мыктай кадалып, «Сүйүүнүн күчү жүрөгүн жара тилгенде, шахтын да калбайт

дарманы жыргап күлгөнгө» болуп, азаптуу ышкы күчүнүн дартына чалындым.

Сурмалуу көзүң жылдыздай жанып жайнаган,
Жарашып ага каштарың жарым айлана.
Санаамды тушап чыгалгыс кылып имерип,
Чачыңдын ар бир талына бекем байлаган.

Шуудурап назик жел ыргап турган эрмендей,
Наздана карап жарым ай кашын кергенде.
Мөлтүрөп көзүң карекке турса чагылып,
Чүмкөнүп булут жарык күн болот шерменде.

Анжиан менен Самарканды колдон алдырып, бийлик кумарына эмес, ата-бувамдын өкүмдарлык салтына шек келтирбей, намыска башымды байлап, туум жыгылып турганына карабай анын дидарын бир көрүү үчүн түн катып Өзгөнгө каттап жүрдүм.

Бу жарыкчылыкта сезимдин азабынан өткөн азап, ырахатынан ашкан жыргал жокпу дейм. Эки жоокеримди жаныма алып, түндү түндөй күзөтүп, Өзгөндүн дарбазасына жеткенде гана жүрөгүм жай алчу. Канчалаган убарагерчилигимдин арты көөдөнүмө сыйбаган кубаныч тартуу эттирди. Кыз менен көзмө-көз дидарлаштым, дилиме-дилим салып асиреттештим. Анын акылынын тунуктугу, зиректиги тартып, кыл көпүрөдө турган дүйнө-тагдырыма, ой-дүйнөмө жан шерик боло ала турганына көзүм жетип, ого бетер байланып калдым.

Аны менен жолукканда бу дүйнөнүн убайым-түйшүгү унутулгансып, жеңилдеп калам. Ордонун чагымдарынан ууланган сезимдерим сергий түшөт. Ушак менен көрө албастыктан, жалаа менен жасакерликтен тутанган туугандардын жаңжалынан, алдыдагы казаттардын каары-заарынан сарсанаа тарткан жаным, баарын кечип жиберип, бу периштенин алдында тизе бүгүп, дилимен оргуп чыккан төмөнкүдөй тизмектериме жуурулушуп кетким келди.

Кол-бутум байлап кактаган күчтүү кош оттон,
Ырайым кылып азаттык берип бошотсоң.
Кул болуп сага кызматың кылып өтөйүн,
Отуңду жагып, чыгарып күлүң очоктон.

Ал да мага көңүлүн төшөп, мени деп дегдеп турат. Келеримди күтүп, жолугуу күнүбүздү санаганын, ортомчунун көңүлүн алып, энесинин көзүн эптеп жазгырып, тегереги сокмо дубалдан кулпуланган короодон кантип суурулуп чыкканын айтса, ичимен элжиреп, сүйүүгө, эргүүгө толгон көздөрүнө чөгүп кеткенсиймин… Көздөрүн жоодуратып, рубаилеримди тыңдаса, аалам ырдан бүткөнсүп, экөөбүз тең жыргайбыз. Анын ысмы татына - Латифа. Менин Латифам. Мен үчүн жаралган жан.

Кылыктан, мейли, дагы да сабыр кылайын,
Мээримиң болсо, келээрсиң Күндөй кылайып.
Өмүрүм бүтүп, көмүлүп калсам эгер мен,
Басып өт башым, басыгың таанып угайын.

Кыялап учкан кыялдын сенсиң паанасы,
Көксөөсү канбас рухтун сенсиң каалоосу.
Көңүлүң күүлөп, эргитип турган Бабурду,
Жакыны сенсиң, жамалы жанган даанасы.

Өмүрүмдө бир жаркыраткан бактымдын ченелүү экенин сезгеним менен ичимде жарылганы турган жараны ашыгыма айта албадым. Күчүм жетпеди. Тагдырдын тамашасыбы, менин тууганым Султан Акмат Танбалдын бу кызга кызыкканын эшитип, ого бетер ичим тызылдап өрттөнүп кеттим. Кол курап, жакынкы арада Кабулга жортуул жасаарымды айтсам, Кабул каерде экенинен кабарсыз энөө байкушум эч нерсени эрөөн-төрөөн албай, канча күндө кайтаарымды сураганда, минтип жооп кайтардым.

Кол курап түмөн жол тартып Кабул тарапка,
Дүйнө-мүлк үчүн талкалап шаарды караткан.
Сараңсың дебе, байлыктын жүзү курусун,
Дары издеп келем бүтпөгөн карттуу жаратка.

Ой-кырга сүйрөп жаштыктын өктөм агымы,
Калтырды менден үйүмдү, мал-жай, багымды.
Таажылуу башым кириптер болуп ар ишке,
Өксүтүп кайгы сындырды далай шагымды.

…Жакын арада келээримди каңкуулап, артыма кайттым…

Атамдын ордосу чак-чалакей түшүп, менин Ферганада калышыма эч бир илаажи калбады. Самаркан үчүн салгылашуудан майнап чыкпай, ордонун ант урган саткындарынын айынан жоокерлерим бөөдө кыргынга учурады. Казат артынан казат башталып кетти.

Кайдан болбосун кайрылып келем сизге өмүрүмдө арзып тапкан Латифам! Көңүлүмдүн арзуусу, азабы да өзүңсүң деп өзүмдү-өзүм сооротуп жүрдүм. Анын жоодур көздөрү эртеңки кыял-үмүттөрүмө нур чачып, бийлик-байлыкты да кечиртип, намыс үчүн бараткан күрөш жолума кубаттуу канат бүтүргөнсүдү... Анын периштедей таза дилинин мээр-шапкытын, ширин сухбатын сагынаарымды сезип, өз колунан саймаланган дасоромолун жүзүмө туттум, эсимди эки кылган элесин көкүрөгүмө каттым.

Зайыптарымдын бироосу да Бара-Кухтагы өжүрөмдүн астанасын аттаган эмес. Бул ыбага Латифага гана таандык деп ичимден купуя ага ыроолодум…

Атамдын көзү өткөндөн кийин Фергана вилояты тынчыбай калды. Ташкенттин акими Махмудхан тымызын кол топтоп, чабуулга даяргерчилик көрдү. Анын ишенген кожосу өзүмдүн тууганым Самаркандан Султан Акмат мырза эле. Экөөнүн күбүң-шыбыңы күчөп, жашсынтып, теңсинишпей, кандай болбосун Ферганаы өзүнө каратыштын амалында жүрүшкөнү менен эгер максаттары ишке ашып калса, бирин-бири жеңип, амалкөйлөнүшүп, атамдын тактысын өзүнгөны ээлеп кетмек. Энем Нигара ханум менин жаштыгымды аяп, Махмудханга киши жиберип, тилин таап, чабуулду токтотсок кантмек деген оюн билдиргенде, ордо кеңешчиси Алибек ойлонуп туруп, макул болбоду. Бул жолку согуш менин ар-намысымды коргоп, аскер башчылыкка даяр же даяр эместигимди сынаган биринчи оор, бирок маанилүү сынак болмокчу деди.

Бүт өзүмө караштуу аталыктарды чогулттум, жетишээрлик кол топтодум, чабуулга катуу даярдандым. Атамдын тактысын тарттырып жиберүү мен үчүн өлүм менен барабар болчу… Анын көзү тирүүсүндөгү ар бир айткандары кайра-кайра кулагыма жаңырып турду. Атамдын өкүмдарлык кылган жерлери Ферганаынын буюрбаганы, Ошко канатташ Анжиан менен зергерлердин уюткусу болгон Самарканды экинчи жолу басып алып, кайра тарттырып жибергеним

арман эмес эле… Ичимди эңшерилтип, ийне менен тепчип өткөндөй тызылдаткан бир сезим, ал көзүмдүн карегиндей Оштон алыстаганым болчу…

Жүрөгүмдөгү купуя ой-тилектеримден кол жууганыма деле ишенген жокмун. Кайрылып кайра келем, кайра келишим керек деген үмүт-арзууларыма жетеленип, алгалай бердим. Ош Фергана вилоятындагы бийлик тактымдын ордосу болоорун канча-канча ойлоп, самап жүрдүм. Бара-Кухтагы өжүрөмдү салдыраардагы изги максатым да ошондон болчу.

Самаркандагы төрт айга созулган согуштун азабы, аталаш тууганадарымдын чыккынчылыгы, айрым ылым санаган кишилеримдин эки жүздүүлүгү, ордо оюндары, согуш соодасы, Оштон апта сайын алыстаганым менин мүнөзүмдү кыя чапкандай катуу, кереӊ, кебелбес тарттырды. Согушту жектедим, а согушсуз жортуулдарым оңунан чыкпасына бөркүмдөй ишенсем да, кан кечирткен кыргынды каргадым…

Кол курап, Ооганды көздөй жолго чыгып баратып, түндөп Бара-Кухка келдим. Ажайып тактын айдарым жумшак желине жүзүмдү тутуп, көкүрөгүмдү кандырып, не деген тилектерим бийлик талаштырган кыргындар менен кошо кетеби деп кайышып турдум.

Бара-Кухка өжүрөнү бекеринен салдырганым жок. Бул Кудайдын улук кудуретинен, Азирети Сулайман пайгамбардын ниети буйруп, тептегиз жердин чок ортосунда тоонун пайда болушу, анын чокусунан айлана-тегерек алаканга толуп турушу не деген көрк эле! Ошко элдин сабатын ачууга, ислам динин үйрөтүүгө мечит-медреселерди салдырам, соода-сатыкка бап ажайып кербен сарайларды курдурсам, илими күчтүү шайыктардын, атагы чыккан акындардын, ай-ааламды изилдеген аалымдардын мекенине айландырсам деген ниет-тилегим бар эле…

Ооганды көздөй жолдо баратып, Алтын-Бешик тоолоруна жеткенде, Ата-Мекениме кайрылып келемин деген изги үмүттө керилген кеӊ талаанын бир жерине көк теректин чырпыгын сайып, тегерегин тостуруп койдум. Мекендин туз-насиби тартып тураарын ойлоп, качан, кайсы маалда кайтаарымды алла-тааладан башка билбесин туюп, көкжалдык менен алдыдагы максаттарга жетеленип кеттим...

# Ой толголор

# *ЧАЧЫЛАДАЙ ОЮМ ЧАЧЫРАЙТ*

## Автобуста "милийса"

Убакытка тан берем. Өктөмдүгүнө, эзели ийилип-сынбасына, эркиңе көнбөсүнө. Мезгил менен өмүр кубалашып баратышкан көпөлөктөрдөй. Ана-мына жетем деп, эреркеп-элирип учкан көпөлөк. Дүйнө-өмүрүң мезгил менен жарышып, ашыгып демигип келет. Убакыттан утсам деп көшөрөт. Же ута албайт. Жыл жаңырган сайын ой-боюмду, курагымды арифметикалык эсепке салам. Ичим "тыз" дей түшөт. Мезгил зымырап, көз ачып-жумганча өмүр курактын эсеп-чотуна мээмди катырганым менен эмнени аткардым, эмнеге жетиштим дей берем да... Бир иш бүтүрсөм дейсиң, өзүң жашаган коомго пайдасы тие турган. Сен ойлогон тилегиң кыял болуп жаркырап мээңде тура берет да, а тиричиликке келгенде оюң чачырай түшөт...

Аялсың да. Эртелеп турарың менен аргасыз кол-бутуңду байлаган вазыйпаң турат. Балдарды тургузуп, тамак-ашын берип, төшөнчү ордун жыйнап, мектепке барганын мектепке, бакчага барганын бакчага жөнөтүп, иш арасында ысык чайдан уууртап коюп, үй оокатынын кайталанма туткунунан бошонгон соң, күзгүгө келем. Өмүр өткөн сайын мезгил байкатпай из салып бараткан жүзүмдү бир демге тиктеп алып, ишке жөнөйм.

Аялдамадан эл үзүлбөйт. Биздин шаардан ээнсиреп турган аялдаманы сейрек көрөм. Автобус күткөн адамдар. Кайдадыр шашкан адамдар. Ишке, соодага, жолугууга, жол сапарына, жакшылык-жамандыкка. Автобуска чыгуу өзүнчө азапка айланып баратат. Тыгылыштан үрөйүң учат. Түртүшүп, этек-жеңиңди тебелетип, аз жерден өзүң тебеленип кала жаздап, жакаңды кармайсың. Кара күчкө ишенип, түртүп-сүртүп озунуп чыгышкан эрлерге (эркектерге) жиниң да келет, жек да көрүп кетесиң. Мурдагыдай бала-чака, аялды аяш жок. Мөөрөй озунгандыкы. Чуркап чыгып, орундукка отурары менен автобустун эшигинин оозунда чыга албай жабалактаган чоң-кичинени, кары-картаңды түшүндө көргөнсүп коёт. Деги Ошто түртүшпөй, "сизиң, бизиң" деп, сылык-сыпаа автобуста эркин жүрө турган күн болоор бекен?...

- Эмнеге түртөсүң, көзүң барбы?...
- Оо-ий, килейбей өө-ла-а, бутумду эзип таштадың...
- Кысылгандан корксоң, таксиде кет.
- Автобус сенин атаңдан калды беле?

Койчу, кайым айтышып, жаакташкан жүргүнчөлөрдүн диалогунан кээде кулагыңды жапырып алгың келет. Богооз сөздөр, уят-сыйытты жыйыштырып, "балп" эткен ооздор... Жан-жагында улгайган кары чал-кемпир турат, кечки күзгө калган жалбырактай калчылдап. Бетинен нуру төгүлүп, күчүнөн орундук кычырай күржүйгөн жигит, жаштар олтурат, ордунан козголуп койбой. Карыялардын сакалын сыйлап, ыйбаа кылган ким бар азыр. Менби, сенби, албы?... Кимибиз? Эртең биз деле алардын кейпин кийип калабыз деген ой мээңди чукуп өтөт. Деги "кадырды сатып алабызбы бара-бара" дей берем сабырым суздап. Оюң чачырайт...

Автобустун айдоочулары ар бир аялдамага келгенде "өзүнчө эле шеф", "милийса" болуп алышат. Арткы эшикти өлсө ачышпайт, кой санагандай бирден билет текшермейин, мурдагыдай ар бир аялдамага убакыт-саатында келмей жок. Бензин шылтоо. Бирди-жарым билети жокторду кармап алса, ашатып сөккөнүн айт. Айрымдары мектеп жашындагы балдардан жаа бою качышат, чыгып алышса, айдап түшүрөт. Алардан эмне пайда дешет да...Эл тыгылып, толуп батмай калмайын айдоочунун айдагысы жок. Кебелип койбойт, тыгылып-тыгышмай тургай, нары кетсе да. Деги айдоочулардын кесиптик этикасы, тейлөө маданияты, ага жараша жүргүнчүлөрдөн коомдук жайда өзүн алып жүрүшү жөнүндөгү маселени кандай жол менен жөнгө салса болот? Жүрүш-туруштун, күндөлүк тиричиликтеги кыймыл-аракеттин, мамиле, карым-катнаштын өзү ар бир адамдын, инсандын, улуттук маданиятын аныктап турбайбы. "Театр кийим илгичтен башталат" деген афоризмди бетке тутсак, кыймылдын кан тамыры болгон транспорт менен жүргүнчүнүн маданияты, эмнеден башталат?

Ош областтык автотранспорт өндүрүштүк башкармасынын жер-жерлердеги башкармалары бул маселелерди атайын күн тартибинде карап чыгышпаса, чара көрүшпөсө, кызыл-чеке мушташ мындай турсун, ар кандай тартипсиздиктин, жагымсыз окуялардын жүз бериши

турган кеп. Деги ушул акыбалыбыз менен өнүккөн коомго арылап жылуу кыйын го...

### *Семичке чаккан жакшыбы?*

Таң атып-атпай базарчылар жолго чыгышат. Базар демекчи, ал өзүнчө сөз болсунчу... Тезинен семичке саткандардын атайын уюмун түзүү керек. Болбосо, семичке бизди каптап кетиши ажеп эмес. Шаардан ар бир кадам сайын семичке саткандарды көрөсүң. Алардын сатып, эптеп тиричилигин өткөргөнүнө “лам” дей албайм. Азыр заман, “жан баккан баатырдыкы” болуп калбадыбы. Экономикалык оор кыйынчылыкта, эптеп оокат кылгандарды алкасаң болот. Бир жагы айла кеткенден эмес, дыйкандардын май үчүн өстүргөн күн карамасын кап-кап кылып үлгүржү арзан баада алып кетип, кууруп, семичкеден байып, кыныгын алып калгандар көп. Экинчилери кечээ жакында эле көр оокаттын айынан эптеп жан багыш үчүн сатканда́р. Андан калса семичке өтүмдүү товар. Анда инфляция деген болбойт. Тынымсыз өтүп турат. Анткени, бизге семичке чагуу кумардай болуп калды. Алармаңы тарсылдатып чагып турса, семичкепуруштар шыпылдатып кууруп сатпай турабы.. Бирок, алыскы жердештерибиз, ата-бабаларыбыз пир туткан Оштун тазалыгына ким боор ооруйт да, ким күйөт?

Ишенбесеңиз, шаардын ар бир кадам баскан жериңизди жакшылап караңызчы. Семичке ташталбаган алакандай жер калбады. Жердин табигый катмарынан бир эли быжыраган жаңы катмардын пайда болуп келатканына ынанасызбы? Аялдамалар, автобекет, билет сатылуучу жай менен сейил бактардагы жер менен жер болуп келаткан семичке катмарын тырмалап да чыгара албайсың. Тырсылдап чагылган семичке самолётко, поездге, автобекетке, автобуска, кинотеатрга, үйгө, дааратканага, кала берсе жумуштагы кабинеттерге чейин кирип келди. Эмне кылуу керек? Эмне кылуу керек же семичке жөнүндө мыйзам керекпи?

## “Атаң -базар, энең-базар”

Илгери ушул сөз сатарман менен алармандын тартыш мамилесинен улам чыкса керек. Баасы экөөнө тең туура келбей теңтайлашып турганда, бир акылман ушинтип айтса керек менин божомолумда. Бүгүн ушул накыл кеп эки, тар жана кең маанисинде ат салышып турган кез...

Мен базардын тарыхый, социалдык дегеле экономикалык маани-маңызына кыпындай шек келтире албайм. Базар-байлык, токчулук, берешендиктин ордосу. Базар – киреше менен чыгашанын, утук менен утулуштун, акыл менен тажрыйбанын айкалышынын, дегеле өндүрүштүк мамиле менен өндүргүч күчтөрдүн бүтүндөй өзүнчө өзгөчөлүгүн айгинелеген чойро. Булар базар жөнүндөгү жалпы түшүнүктөн үстүртөн айтылганы менен азыркы базар экономикасы, базар үномиятынын турмушубузга дал келиши жөнүндө эмнелерди айтууга болот?

Бул маселеде сыртынан тон бычпай, бүгүнкү көз алдыбыздагы чындыкка тике, түз мамиледе карасак болчудай.

Рынок экономикасын биз кандай өздөштүрүп жатабыз? Өндүрүштүн өтө солгундап кетишинин обьективдүү, субьективдүү себептери түшүнүктүү. Кайталоонун кажети жок. Анын ордун баскан алып-сатарлыктын (коммерсант ушул тапта алып сатарлыктын жаңыча аталышы) бир гүлдөп алып кайра инфляцияга кептелгенин өзүбүздүн турмуштан көрүп жатабыз.

Базар үнөмияты баарыбызды эле экчеп койгонсуду. Жетекчиден тартып жумушчуга, башкармадан тартып колхозчуга чейин “чоңдорду чоңдой”, “катардагыларды кичинедей” түйшүккө салып койду. “Иштеген-тиштейт” деген принцип күчүнө кирди. Көп иштеген тиштейт деп эмес, ким кандай иштегенинде болуп жатпайбы.

Коомдук өзгөрүүлөр, идеологиянын чабалдыгы, заң-закундардын, Президенттин мыйзамдарынын турмушка ашпай жатышы, кыскасын айтканда, учурдагы тартипсиздик, баш-аламандык адамдын жашоосуна, психологиясына, ишкердүүлүгүнө бир кыйла деңгээлде таасир этти.

Чындыгын айтканда баарыбыз базарга чыгып алдык. Жогу деле, бары деле базарда. Ач көздүк, алдамчылык, өз көмөчүнө күл тартуу күч

алды. Бири-бирибизге болгон ишеним кетти. Пулдуулар пулдуу болгон сайын, илгеркилер айткан макалдагыдай “бай байга жетем, бай пайгамбарга жетем дейт” дегендей болуп калышты.

Адамдар жеңил акча табууга ык алышты. Антпесе ачка каласың деген ой мээге кадалып калды. Ушинтип базар экономикасынын баштапкы сабактарын алып-сатарлыктан, соодагерчиликтен баштадык. Бир товар эки-үч, ашып кетсе, үч-төрт кишинин колунан өтүп, “чай пулун чыгарган соң” керектөөчүгө тийип калды. Коммерцияны (алып сатарлыкты) мурда баштагандар утту. Үй, машина сатып алып мурдун көтөрүп, айрымдары айланасындагыларын тоготпой калды. Байлыкка маарыгандарга мындай заман жакса, карапайым элде наразылык туудурду. Биз өкмөттү күнөөлөйбүз. Кыскасы “ар кимде бар ар кыял, ал кыялды ким тыяр” дегендей, ар кимде ар кандай ой, көз караш, түшүнүк, мамиле бар. Бул табигый көрүнүш.

Биз өзүбүздүн иш-аракетибизди алып сатарлык, соодагерликти заман талабына жараша деп түшүнгөнүбүз менен жашообузду жакшырта алдыкпы? Күн өткөн сайын оңолмок тургай, оңкосунан кетип бараткан замандын, мындай болушуна өзүбүз себепкер эмеспизби?

Кымбатчылыктын баштапкы этаптарында чет өлкөлөргө “Акча табуу саякаты” күч алды. Кимдер барды? Пулу көптөр, мурдатан сооданын кызыгын алып калган соодагерлер, мекеме-ишканалардын чоңдору, алардын аялдары, тууган-уругу, шартка жараша иш туткан коммерсанттар, кыйындар (оң маанисин) барды. Айрымдары акчанын кызыгына түшүп алып, жумушун таштап койду.

Буларды көрүп-билип турган ортоңку катмардагылар мугалим, врач, кызматкер, кыскасы, интеллигенция чыдап тура алган жок. Күн сайын кымбатчылык күч алып баратса, жан багуу керек да. Жасалма убактылуу эмгекке жарамсыздык баракчалары тааныш-билиштери аркылуу алынып жатты. Өкмөткө келтирилген зыян жөнүндө эч ким баш оорутпады. Ооруткусу келбейт да, ооруктанда эмне дейт. Алардын алып келген товарлары элдин кем-карчын, жок нерселеринин ордун убактылуу толтурганы менен бизден сыртка алынып кеткен товарлардын: чийки заттардын, темир-тезек, такта, булгаары, тери, пахта буюмдарынын эсеби жок болуп калды. Ал көз көрүнөө уурдалды.

Тааныш-билиш менен жең учунан чай пул сунгандар аркылуу секин сыртка чыгарылды. Анын эсебине жеткен ким бар?

Кымбатчылыктын арааны ачылып, баалар асмандаган сайын эптеп кара курсактын камын ойлогондор менен тез, жеңил баюунун жолун издегендердин тобу күн сайын өсүп баратат.

Мурдагы аң-сезимге сиңип калган ишке жоопкерчилик, милдеттүүлүк деген сезимдер тап-такыр солгундап, ким эмнени каалаcа, ошону жасап, “казанчынын өз эрки кайдан кулак чыгарса”, деген көз караш бүгүнкү турмушубузга биротоло жуурулушуп калды. Кымбатчылыктын өсүшү, инфляциянын күч алышынын табигый себептерине кошумча чет өлкөлүк “капиталисттерге теңелүү” идеясы, миллиондорду табуунун жасалма жолдору түрткү болду. Натыйжада жумушсуздук күч алды. Өзүбүздөгү товарларды ташып түгөтпөй, өндүрүштү токтотпой турсак болбойт беле. Маселен, пахтадан жасалган товарлар Кытайдын, Түркиянын, Пакистандын жана башка өлкөлөрдүн кооперативдик өндүрүшүнөн чыгарылган буюмдарга салыштырмалуу эки-үч эсе артыкчылыгын мурдатан түшүнбөйт белек. Аларды көбүнчө синтетикалык буюмдарын натуралдык товарларга айырбаштап тапкан пайдабыз кайсы?

Азыр базарга чыксаңыз, товар батпай кетти. Бул жакшы көрүнүш, бирок алардын сапаты, колдонуудагы чыдамдуулугу жылга жетпейт. “Тышы жалтырак, ичи калтырак” дегендей, мурдагы союз убагындагы товарлардын сапатына тең келе албайт. Айла канча өзүбүздүн өндүрүш токтоп турса, өзгөгө көз артпоого айлабыз жок. Базардагы баш-аламандыктан ой санааң онго бөлүнүп, оюң чачырайт...

### **Пайда, пайда, пайдалуу базар кайда**?

Базардын конъюктурасын изилдемейин, утулуп калыш оңой кеп. Ошондуктанбы соодагерлер тынымсыз эки жакка чапкылап турушат. Азырынча биздин Ош, Кара-Суу, Ноокат, Өзгөн, Кызыл-Кыя базарларындагы базар биринен экинчисине арзаныраак баада алып кийин сатышкан алып-сатарлардын иш аракеттеринин курчуп кеткени менен мүнөздөлөт. Чыныгы соодагерди али жолуктура элекпиз. Куран китепте айтылган талапка жооп берген, соодагерчиликтин жол-жобосун сактаган инсанды азыркы баш-аламандыктан таппай жүрөбүз...

Сатармандын товарын сурарың менен шап жабышат. Жер-сууга койбой мактап кирет. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бирок, сатарман менен алармандын ортосундагы мамиле эмнеге негизделиши керек? Чындыккабы... жеке кызыкчылыккабы?

Бизде азырынча андай түшүнүк, мамиле да жок. Ыйманын жеп, эптеп өткөргөнчө шашат. Арзаныраак товардын шору кайнайт. Колдон-колго өтүп, эң эле жок дегенде "тыйын туубаса анын пайдасы кайсы" дешет соодагерлер. Базардын баасын көтөрүп-төмөндөткөн да ушул базарчылар. Бирдей эле товарды ар ким каалагандай сатат. Азырынча мамлекеттин карамагында турган дүкөндөрдөгү товардын базардан кымбат болушу, товар жүгүртүүнүн минималдык көрсөткүч так ушул баш-аламандыктан, товар керектөөчүгө беш-алты кишинин колунан өтүп, сандык жагынан өөнөлүп, баасы ашып жетет. Күйүүчү май, жол кире акысынан тышкары жең учунан кол салгандардын колун майлап отуруп жетет. Коомдук кызыкчылык деген ой эч кимде калган жок. Кайра "социализмдин идеясы" деп шылдыңдайбыз. Болбосо өз көмөчүбүзгө күл үйө берүүдөн "бизден миллионерлер, байлар чыксын" деп суктанып же кол куушуруп отура беришибиз керекпи?... "Заманың бөрү болсо, бөрү бол" дегендей, заманга карап иш тутканыбыз менен эртеңки күнүбүз кантээр экен?

Мурда базар жума, жекшемби күндөрү болсо, азыр ар күнү. Арзаныраак товарды сатып алаары менен өзүнүн пайдасын чыгарууга шашат, алып сатарлардын көпчүлүгү. Өздөрү өндүргөн дыйкандын продукциясы жөнүндө таптакыр башка сөз. Базар, базар деп баарыбыз базарга чуркаганыбыз менен эртеңки күнүбүз кантээр экен? Ушул жагы мени ойлондурат, эртеңкибизге жол таба албай качанга чейин кыйналаар экенбиз?...

Базар деп баарыбыз базарга чуркаганыбыз менен өткөндөгүдөй оңой эле пайда берчү базарды табуу кыйын азыр. Элде акча жок. Коммерсанттардын тили менен айтканда "банкрот". Адамдар кара курсактын гана камын ойлоп калдык. Кыйынчылыктан чыгуунун жолун менби, сизби, албы кимдир бирөөлөрүбүз ойлонуп, аракеттенишибиз керек да...

Эптеп товарды өткөрүүнүн аракетинде жан далбастап, айрымдарыбыз өзүбүздүн пайдабыз үчүн чапкылап жүрүп, адамдар

ортосундагы ишенимди, мамиле, кайрымдуулукту жоготуп койдук. “Бизнесмен, коммерсант, фермер, брокер” сыяктуу жаңы терминдердин аты гана турмушубузга аралашканы менен чыныгы затын айкындаган фактыларды, табышкер инсан, интеллектуалдарды көрө элекпиз. Чакан ишкана, фермер, дыйкан чарбалары жогорудагы баш-аламандыкты басып, өсүп көрсөтмөк тургай, кайра алардын далдоосунда көрүнбөй калды.

Кор оокаттын койгойу, эртеңкиге болгон сар-санаа адамдардын да психологиясына таасирин тийгизбей койгон жок. “Чорт” кыялдуу, ачуулуу, сөз көтөрүмсүз, кайрымсыз болуп баратабыз. Болбогон нерсеге чурулдашып, акаарат айтуудан коркпой калдык.

“Ыраман чары” көп базарда баштан-аяк кыдырып баратып, чубалжыган жогоркудай ойлордун сазына батып, түйшөлө берем...

### *Ич, кыргыз, арактан атаң өлгөндүр...*

Автобуста эл шыкалып батпай баратса, бир мас жигит көрүнгөнгө асылып, жүргүнчүлөрдүн мазесин алып баратты. Жанында көнөктөй коон, ыйлактап, безилдеген келинчеги жүрөт. Баш-аягы жүдөө. Күйөөсү темтеңдеп, бутунда тура албаганы, тили булдуруктап, күрмөөгө келбегенине карабай бакырып коёт. “Мени ким дейсиң, кыргызмын!...” “Кыргызмын билип ал...” дейт. Курган келинчеги жыгылып баратса сүйөй калат, согуп, түртсө деле темтейип жанынан карыш жылбайт. Жанындагыларга актангандай, арызын айтып ыйлактайт.

- Майда-чүйдө сатып, биртике акча топтогон элем. Бүгүн кыштагы кочодо калган достору менен бүт ичип түгөтүптүр. Балдардын кышкы кийимдери жок, мынабу балээни ичкир, минтип өзүн сыйлап, күүлөнүп жүрөт-дейт, чебелектеп. Боору ооругансыган кимдир бирөөлөр баш ийкемиш болуп, коштомуш болот, унчукпайт. Көчөдө өлөрчө ичип алып, мас болгондорду биринчи көргөн жокпуз да. Көнүмүш көрүнүштөй болуп калбадыбы. Мурда мас келатат десе жаш балдар тыркырап каччубуз. Азыр жаш бала деле, биз чоңдор деле мастардын “концертине” көнүп калбадыкпы.

А жанагы мас көөдөнүн керип, көкүрөгүн жая ачып, кичине эле көңүлүнө жакпай кала турган бирдеме болсо “шап” жабышчудай, өзү бир автобусту ээлеп барат.

- Кыргыз тапканын ичет, жүрөт, жыргайт...

- Кыргыз "конкретный" сүйлөйт. Кыргыз мына мындай март билесиңби" Бармагын бет маңдайындагынын көзүнө кадайт. Кетенчиктей калышат.

- Кыргыз минтип киет шапкени, жок калпак киет, калпак кана? Жанындагы орто жаш бирөөнүн шапкесине асылат. Ал ачуусун ичине катып, өзүн ала качат, мас жабышат. Кимдир бирөө "мурдун талкалаш керек" деп кудуранат. Автобустагылар маска теңелгилери келбегени менен мас өзүн шерге теңеп келе берет, келе берет...

Кийинки мезгилде арак суудай ичилип кетти. Саартан кечке саргарып тапкан пайдасын "шыңгытып" ичип алып жүргөн көп кыргызда. Жашы да, карысы да, бешиктен бели чыга элеги да калбай, аял-эркек дебей, аракка агып кетчүдөй ичкилик көчөдө кыргызда.

Чоң базарда, Төлөйкөн, Батыш кичи райондорунда, Токуучулар шаарчасында, атайын "точкаларда" арак сатууну чоң бизнеске айландыргандардын чоң тобу пайда болду. Жасалма арагы деле, заводдон чыккан "Распутини" макталып, бүт чет элдик өндүрүштөн чыгарылганы деле өтүмдүү товарга айланган арактын азабын тарткан үй-бүлөлөрдүн, аял шордуулардын, жазыксыз балдардын тагдыры оордоп барат, бактысы тайып баратат. Семичке, бозо сатып бала тапкан акчаны аракка алмаштыра койгон атаны көргөндө заманаң куурулат. Кыргызбыз дейбиз, XXI кылымдын босогосунда аракка алдырган кыргыздын өңү-түсүн, келбетин, жашоосун, тагдырын элестете албай башым катат...

Кыргызмын деп аракка күчүн чыгарган кыргыздын алын көрөйлү деп дос-душманыбыз жардап турат.

"Закон чыгарып деле таштата албаган, эми мындай баш көргөндү көз көрбөгөн заманда ичпей турабы" деген ой муюп турат көпчүлүгүбүздө.

Көчөдө, торопойдой жерге оонап жаткан кыргызды арак алып кетиптир десе солк этпеген жер турат томсоруп... Санааң самындын көбүгүндөй көбүрүп, ичиң тызылдайт, ыйлагың келет...

## Элет кантти?..

Карапайым адамдардан айланса болот. Өзүнүн оокатына тың, куулук-шумдугу жок, баарына барпайып ток пейил кечээги элеттиктердин шаштысы кетип турган чак. Ун, май жок, самынды көрбөгөн үй-бүлөлөр канча. Кумшекерди, конфет, таттуулуктарды балдар телевизордон көрүп калышты. Отуну жок же электр күйбөгөн чет жакаларда, айыл-кыштактарда да турмуш этеги артына жетпеген оокат өтүп жатат.

Азыркы кыйчалыш турмуш, кыйынчылык, жокчулук аларды канчалык сергек, тырышчаак, өзүнө тыңыраак жашоого үйрөтпөсүн жоктун айынан ар кандай иштерге барып жатышат. Иштерге иштин жоктугунан мандикер иштеп, жалкоолору эптеп өлбөстүн күнүн көрүп калгандары канча. Уурулук, талап-тоноо күч алды. Ичкилик ичип алып түнү бою айылга тынчтык бербей тытышкандар жүрөт. “Жоктун жону катуу” дегендей, ичи тардыктан, “Өзүмө эле болсо” деген психологиядан улам элеттин ата-салттарынан, уюткудай болгон мыйзамдарынан, таалим-тарбиясынан, кең пейилинен ажырап бараткааны калппы?...

Биз бала кезде коңшу-колоң бири-бирине ак сатчу беле? Тагдырына таш жааган карысын какшатып, көрүнгөнгө түртүндү кылды беле? “Аксакалдар” деген айбаттуу күчтөн сүрдөнүп, тартынып, ыйбаа кылып турчу. Жакшы-жамандык, талаш-тартыш масилеттер аксакалдардын чечимине жараша болгон. Ырыскы-береке жакшылардын жардамы менен кармалып турган.

Мейли, баары заман талабына жараша деңизчи. Талаша албайм. Бирок, түпкүлүктүү элдин элдүүлүгүн айгинелеген салт-санаа, үрп-адаттарыбыздан кол жуудуруп бараткан коркунучтан, акча “апатиясынын” акыбетинен кантээр экенбиз?...

Чолдүктөр милдетин билет, укугун билбейт. Жанын кайчылап, кан карайганча талаада жүрөт. Тапканы жарыбаган эмгек акы. Жыл бою колхоз-совхоздордон бир тыйын ала албай жүргөндөр бар. Былтыркы тамеки кирешесине ун, май, шыйпыр берип, тамагына жесе, баш-аягына жетпеген турмушка чүнчүгөндөр тобокелге салып, жеңил оокат табууга – “чайкоочулукка” бет алып баратышат. Ал өзүнө,

коңшу-колоңуна, тууган-уругуна нерсесин алдап сатып, эптеп акча колго түшкөнүнө курсант.

Жол киренин жоктугунан короосундагы малын, тоогун, үй жандыктарын ит бекер акчага же кийим-кечеге айырбаштап үйү куурулуп бараткандар канча.

Ушундай чакта эл эсебин кимден, эмнеден табыш керек? Мамлекеттик соода-сатык дегендер деле коммерсанттардын колунда калып, жулунгандар эле жакшы жашап жатышса калгандары эмне кылыш керек? Эмне менен алаксый турганын билбей, ичээрге шылтоо табылып, аракка эт-бетинен чөгүп кеткен “элеттик эрлерди” эсине келтире турган, айылдыктарга ырыскысын кайтарып бере турган жардам, шарт, чөйрө, эң негизгиси ыйман керек.

**1993-жылдын 28-декабры**

## *БАЛААГА КАЛГАН БАДАЛКАН*

Сөз деле сиңимдүү болбосо, кооздугу курусун. «Жылт» этип жылмышып, көкүрөккө жетпейт. Убактылуу таасиринен көңүл көтөрүлгөнү турмуш чындыгы менен көзмө-көз тиктеше түшкөндө сымап сыятанып калат. А кыкемдер кооз сүйлөө жагынан эч кимди алдыга салбаса керек.

Аялды эмнеге теңебедик? Азыр дале мактайбыз. Салтанаттарда сыйлап-сылап асманга көкөлөткөнүбүз менен азыркыдай чак-чалакейи түшкөн коомдогу ролу, орду, нарк-насили, тараза-ташынын салмагына баш ооруткан ким бар? Аялдар конгрессиби?

Экономика саз түбүнө тарткан сайын аялдын социалдык абалы оордогондон оордоп барат. Анын казан-табагынын, тиричилигинин утурумдук көйгөйүн мындай кой, бала-бакырасынын түйшүгү, эртеңки күндүн сар-санаасы өзүн, психикасын, мамиле-талабын өзгөртүп таштады. Аял коомдогу эң арзан, өтүмдүү товар сыңары күчүн, мүмкүнчүлүгүн, абийир-намысын, кала берсе намысын сата баштады десем, мени жектеп, жаман көргөндөр четтен табылат.

Илгеркилер «аялдын жаны-иттин жаны» деп бекеринен айтпагандыр. Коммерцияга, сода-сатыкка ыктуу, эпчилдиги өз салмагынан эки-үч эсе көп жүктү жердин түбүнө жеткирип, сооданын ышкысына байлангандардын баарынан көбү аялдар. Булардын

бизнесинин пайдубалы базар экономикасына баш баккандагы баш-аламандыктан кыныгын таап, тууган-уругунун, жек-жаатынын, күйөөсүнүн ээлеген кызматынан, көздүү «кеңешчилеринин» мансабынан куп пайдаланды. Автоматтык түрдө байуунун жолуна байырлагандардын «бактылуу» тобу үчүн алтын балыктын тилегиндей тилегинин кабыл болуп турушу эки-үч там-ташынан ашынып, машинеден машине тандап, өзүнчө чалкалаган «капиталичка» болду да калды.

Пулдуу, бизнесмен аял менен көр-тирилигинин айынан кудайдын жараткан күнү базарда саргарып отуруп соодасын жүргүзгөн майда соодагердин же болбосо колунан келген дыйканчылыгын, кашык айран-сүтүнө чейин көтөрүп саткан аялдын социалдык абалы асман менен жердей. Жашоо-шарты, коомдогу ээлеген орду гана эмес, мамиле, көз караш, психологиясы боюнча да жиктелип калды. “Башка түшсө, байтал жорго” дегендей, интеллигенция деп таянган катмардын сабагын, ак халатын таштап, апыл-тапыл коммерцияга кирип кетиши эжекесинин жанына окуучусун отургузуп, тамеки, семичке саттырып койду. Окутуучу менен окуучусу товарын соодалашкандай эле окуунун баасын кантип соодалашпай калат.

Аял канчалык тириликке баш-оту менен кирип, жандалбастаганы эркектин илгеркидей вазыйпасын айтпайын, өз көмөчүнүн айланасында пассивдүүлүгүн, мажирөөлүгүн, ыкшоолугун көрсөтүп жаткан жокпу? Үйүн кызытып, соодасын кылган аялдын табыгый милдетинен башка бүгүнкү мезгил мажбурлаган эки эселенген жүктүн кысымында кайсы интелект, кандай жан-дүйнө жөнүндө сөз болушу мүмкүн. “Жан баккан баатыр” деп аялынын эптеп таап-тутуп келгенине корстон болуп отурган эркектердин өзүнчө армиясы пайда болуп келатканы эч кимди таң калтырбайт.

Дегеле азыр адамды эч нерсе менен таң калтыра албайсың. Адамгерчиликтин наркы түшүп, уят-сыйыт, абийир соту жөнүндө ойлоноор кезби дейбиз. “Пулуң болсо, баары сеники” деген түшүнүк сүлүк курттай кан-жаныбызга сиңип баратканcыйт. Пулдуунун алдында пулсуздун ою да кыска, бою да кыска, сөзү да өтүмсүз...

Баары сатыкка чыкты. Ыйман чыркырап турса да, “кекиртек кыйла жерге секиртеттин” чеңгээлинде калып, ааламды сел алса

кабагым-кашым дебеген кайдыгерлик оорусу эки көзүңдү, оозуңду, бооруңду, жүрөгүңдү кошо каптап кеткендей кайрымдуулук бизден безип кетти... Айылга барсам жакында төрөтканадан чыккан эжем кошунасынан бир пияла сүт сурай албай безилдейт. "Өздөрү сатышса, сураганды жакшы көрөбү" деп. Курсагы тоймойун ымыркайына кайра-кайра эмчегин салат. Чопулдатып сооруп, сүт чыкпаганына ыңаалап, жаагы тынбайт. Бир тамчы акка зар болгон бүлөлөр айылдарда четтен табылат. Колунда болгон бирин-экин туякты кара курсактын айынан сатып жеп, канчасынын малканасы аңгырап калды. Расмий маалыматтарга караганда Кыргызстанда 84% аял аз кандуулук оорусу менен жапа чегерин гезиттер жазып чыгышты.

Пендедеги эң таза делчү сезим-сүйүүнүн да баркы кетти. Базарга алып чыга албаганы менен сатылып жана сатып алына баштады. Жер каймактагандан Адамзат ушул сезимдин жандырмагын таба албай келатса. Эркиндикке элирген сүйүүнү товарга айлантып, соодалашканга өттү. Чоңдордун мамилесин романдардан гана окуп билбесек, эми турмушка аттанган балдарыбыздын эркине койбой, тегине карап куда-сөөк күтүү адатын таптык.

Айылдагы эселек, дирилдек кыздарыбыз окууну бүтүп-бүтпөй эрге ашыгат. Бир-эки турмушу бузулган жашы улгайгандарга жар болуу эрөөн көрүнбөй калды. Эркектерге төшөк жаңыртуу көрүнөө да, көмүскөдөгү да адатка айланып калды. Бирөөнүн айтканы жадыма келет. "Шаардагы эркектер бири-бирибизге бажа болуп жатып калдык го"дейт. Ал аз келгенсип, Ак үйдөгү биринчи аткаминерлер, депутаттар экинчи, үчүнчү аял алууну модага айлантышыптыр.

"Айды этек менен жаап болбойт" дешет илгеркилер. Канткен менен ар нерсенин өз баасы болуш керек да. Кыргызыбыздын гүлдөй өмүрүн кыйып, ар кандай жанкечтиликке өзү барышы ошол бааны, баркты, абийирди сураган намыс сотунан болуп жүрбөсүн.

*"Асаба" гезити*
*1995-жылдын 2-июну*

## *Кубулма көйнөкчөн күз*

Кеч күздүн сүрөтүн тартканы сүрөтчүлөр түп көтөрүлүшпөсө, быйылкыдай сулуу күздү таба алышпайт го… Сентябрдын башталышы аягынан, октябрдын ортосу бүткөнгө чейин жаратылыш канча кубулуп, канча түрлөндү. Айлана-теребелде алтын сары түс дуулап, салтанат кургуча кургур күздүн башы катты. Бир туруп, түн катып, тоого келип түшкөн кардын ызгаар суугуна бой-башын тызылдатып кеч күзөтсө, бир туруп, күндүзү чакчайып тийген күндөн боёгун жыя албай шашты. Синоптиктер ара-чолодо шашылыш билдирүү бергени менен жамандыгына, катаалдыгына алган жок. Тоолуу аймактарда эле алай-дүлөй түшүп, кезегин карга алдырып жибербесе, чөл чөлкөмүндө Ош зонасында тынчыраак болду. Жамгыр деле талаа менен сүйлөшүп алгансып, түнү менен бугун чыгарып, эртеси эчтеме көрбөгөндөй, тып басылат. Күздүк жыргап, дене-боюн сууга кандырды. Бойго жеткен кыздардын тою түшүп, тууган-уругуңдун уул үйлөгөн чакыруу кагазы кезектешип калат.

Күздө маанайым чөккөнсүп, кем сөзүрөөк болуп кетем. Чыгармачылыктын толгоосун тартып жүргөндө ички чыңалууңду, бугуңду чыгара калчу кездерди каалабай, үлүлдөй «кабыгыма» кирип алам… Кез-кез бала кездеги өрүкзардын күзгү үлпөтү эсиме түшүп, сагындырып дегдетет. Ээликкен сезимиңди эч нерсе оздуктай албайт. Ошол көрүнүштү күсөп, өрүкзардын мекенине барып келем.

Күзгү боёктордун эң эле сулуусу, ажардуусу, эң эле кубулмалуу, табышмактуусу өрүкзарда. Күнгө кучагын жайган баш жагы өрт сыяктуу кыпкызыл жалындын алоолоп күйсө, жака белиндеги жалбырагы алтындай сарыдан жалтырайт. Күн көрбөгөн ичи-койнундагы түстөн жүзүн табыш кыйын. Өрүктүн сортунанбы, айтор, бири-экинчисине өңүн бербейт. Балалыгымдагы биринен сала бирине жүгүрүп, чырайлуусун издеп, кылма-кыл боёкторду ээликтегиси келген сезим ушинтип кези-маалы келгенде козголуп, кыялбай ээрчий берет….

«Кургурду кетет деп бир оюма, келсечи…. Элүү жыл ээрчишип оокат кылдык эле» деп армандуу айтканын биринчи жолу укпаганым менен ишенип-ишенбеген бүдөмүк ойдун айттырганы деп жүрүпмүн. О-о, жакын адамыңдын элесин жүрөгүң токтоп калганда эле

жоготпосоң… Сени менен жашайт, сүйлөшөсүң, сагынасың. Элесин медер тутуп жүрөсүң. коргондон карыш жылбай, бир жыл аза күткөн апам Рамазан айттын алдында «Атаң түгөнүп баратат…» деп оор үшкүрүнүп жоктогондо, бир ооз сөзгө уугуп, көкүрөк тереңиндеги ынануу сезиминин ачуулугуна куйкаланып калгансыдым. Атамдын көчү суюлуп барат... Элде айтылып жүргөндөй, « базардан кайткандардын» карааны бириндеп-экиндеп, санактын иретинен адаштырып кетет. Айылдын жаш балдары мени тааныбайт, аларды мен тааныбайм, көзгө жылуу учураганын чоңдоруна карап боолголойм. Кечээги эле бала кездеги Савайдын көчөсүн толтуруп, ак сакалдарын жайкалтып, келбет-сүр менен өткөн чалдар, «Карыганына карабай көйнөгүн кызылдан кийиптир» дешпесин деп этиятанган кемпирлердин сапары түгөнүп, анын ордуна баскан атамдын теңтуштары, замандаштарынын көчү суюулуп баратат….

Атам кеткенден бери апам карый түшкөнсүдү. Балдарынын ар кимиси өзү менен өзү. Жалгыздык менен бет маңдайлаша, бир капшыты аңгырап, бош калганынанбы же өмүрдү кайсы убакта, кайсы саатта алып кетчү пендечиликтин мыйзамына көндүбү огоэле токтоо, купуя ой-дүйнөсүнө бийлетип отуруп калгансыды. Барган сайын жалгыздыкты шериктеп, чүрүшкөнсүп чөгүп, чоң-кичинеге аярлангандай мамиле жасаган апамды аяйм. «Кургурду кетет деп, бир оюма келсечи…..» деп кайра-кайра айтканын угуп, биздин балалыктын, жаштыктын орозгерин жайнатып, сегиз кыял – мүнөз, сегиз дүйнө-өмүрдүн бүт түйшүгүнө, милдетине түтүп, бир жанын сегизге бөлүп, сегизге толуп-кемип, сегизден көбөйүп-көгөргөн атамдын орду аңгырап, жоктолгону жоктолгон…..

Косекти бир үшүк алса, биринчи теримдегидей бажырайып, тегиз ачылат. Быйыл да пахта эккен зонадагылар кеч күздүн аягына чейин армансыз терişти. Пахта өсүмдүктүн азап-тозогун бала кезимден билем. Союз маалында үч тыйындан тердирген колхоз. Элди массалык түрдө пахтага айдап, жаан-чачынга, карга калтырбай, тердирип алганга мамлекет кызыкчу. Көрсө, чет элдик валютага бааланган, экспортко кеткен продукциянын наркында көп мандем бар экен. Азыр аны жаш балага чейин жакшы түшүнөт. Бирок, эки жылдан бери дыйкандын мээнети талаада калды. Былтыр тамекисин өткөрө

албай кыйналды. Март, апрелде элди ызы-чуу түшүрүп, күтүлбөгөндөй баасы төмөн түшүп кетти. Биринчи сорту–он эки сомго араң жетти.. Ошондо бир таңгак жыйырма килограмм чыкса, канча болорун эсептеп көрүңүз. Ошко Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу палатасынын депутаттарынын бир тобу барып, парламенттик угуу өткөрүшкөндө, ар кандай ойлор айтылды. Айтылганы менен иш жүзүндө дыйканга эмне жардам бере алды? Ар бирибиз өз түшүнүгүбүзгө жараша тамеки тополоңунун башкы «күнөөкөрүн» издедик. Эмне жыйынтык болду? Кеп ушунда.

Былтыркы тамекинин сатылбай калышынын бирден-бир себеби кыргыз тамекиси Россия, Украина, Белоруссиядагы кардарларын жоготуп алды. Негизги кардары Россия Индиядан көп көлөмдөгү тамекини бартерге алгандыктан, биздин тамекиге болгон суроо-талабынын деңгээли кескин төмөндөдү. Бирок, Россиядагы жыйырма алты тамеки фабрикасын кармап турган «Табакпром» Ассоциясынын генералдык директорунун «Кыргызстандын «Дюбегине» элүү жети миң тоннага муктажбыз» деген сөзү менчик фирмаларды кызыктырып, дээликтиргени менен көпчүлүгүнүн буту жеткен жок. Жеткендеринин продукциясынын сортунунун төмөндүгү, тамеки таңгагына аралашкан таш, кум, топурак сыяктууу балакеттин баары бар, кыргызчылыык мамиледен отпой калды. Адистердин айтымына караганда, Түштүк регионунда көбүнчө жыпар жыттуу (ароматный) сорту эгилет. Ал (скелетный – жыты жок, товардык белгиси болгону менен) сортуна караганда алда канча баалуу, өтүмдүү. Демек, кыргыз тамекисинин көп жылдардан бери эгилиши, табыгый-климаттык шартка ыңгайлашуудан сортунун тазалыгы эл аралык рынокто таанымдан кала электигин тастыктайт.

Экинчиден, тамеки заводдору менен алдын –ала түзүлгөн келишимдин жоктугу аксатты. Үчүнчүдөн, башка жактан келген фирмалар «Кыргыз тамекиси» мамлекеттик акционердик коомунан лицензия алыш керек эле. Ал өз көмөчүнө күл тартып, «менчиктегилерден албайсыңар, сапаты начар, алсаңар бизден алгыла» дегени рынок шартындагы мыйзамдуу көрүнүш катары түшүндүрүлдү.

Ырас, колдо ушундай бийлик, мүмкүнчүлүк турганда, мамлекеттик уюм катары МАК «Кыргыз тамекиси» базар менен

иштеш керек эле. Өндүрүүчүлөр менен кардарлардын рыногун алдын-ала изилдеп, сатып өткөрүүнүн божомолдуу планын алышы зарыл болчу. Былтыркыдан калган кырк миң тоннадан ашык тамеки жалбырагы сатылабы же жокпу азырынча белгисиз.

Кар түшкөнгө чейин пахта терилди быйыл. Бардык жерде түшүмү абдан жакшы болду. Теримдин башталышында килосун он сомдон сатышкан пахтакерлердин «баа көтөрүлөт» деген оюу ордунан чыкпады. Наркы улам төмөндөп, беш-төрт сомго жетти. Сезон бүткөнгө чейин чеке жылытарлык баага сата алышпады дыйкандар. Акчалуулар, пахта менен бизнес жасагандар элден арзан баада сатып алып, канткен менен көтөрүлөт деген ниетте тонналап-тонналап жыйып алышты. Жаз бою бешенее терин төгүп, ичпей-жебей, тытынып, пахта өстүргөндөр арзыбаган тыйынга кармата берип, отуруп калышты. Айрымдарыныкы эле гектар – гектар болбосо, көпчүлүгүндө канча бир сотыхтагы пахтасы бар, ал канча акча болмок эле? Жазды – жайлай кеткен чыгымды актай алабы? Биздин жерди багып, жан аябай иштеткенде гана түшүмүн берет. Канча жылдардан бери эгин эгилген талаалар арыктап, каржалып бүткөн. Дыйкандын колунда болсо, аба-ырайы мас келсе, жан аябай иштесе, кыскасы мээнет, түйшүк ага кошумча эң башкысы, каражат болсо, дыйканчылыгынын акыбетин көрөт.

Жакырчылыктын себебин айтып отуруунун кереги жок. Шаарды баккан, жерди баккан дыйканды жасалма тоскоолдуктардан, баа-нарк маселесине келгенде базардын «кол баладай» мыйзамдарынан куткаруу керек. Болбосо, бир райондо эле официалдуу айтылып жүргөн алтымыш-алтымыш беш пайыз элди жакырчылыктан чыгаруу кыйын.

Баа саясаты өзгөрүлмөлүү, кайсы бир топтун кызыкчылыгы үчүн кызмат кыла берсе, дыйкан курсагын араң тойгозуп, этегине тартса, башына жетпей жүрө берет. Акыры көңүлү калганда, үмүтү үзүлгөндө өз айылындагы байларга жалданып иштегенге мажбур болот. Азыр деле андайлар жок эмес, ар бир айылдан иликтеп көрсө, чекеден чыгат. Айылдагы «капиталисттердин» капиталынын оожалышына жагымдуу кыртыш түзүп берген так ушул арзан, каякка барса «мамайдын көрү» демекчи, тили кыска, мукураган жалданма күчтөр. Булар жөнүндө мыйзам турмак, азырынча сөз жок. Дыйкандын колу-бутун байлаган

жер семирткич, техника, майлоочу жана күйүүчү майлар, жер менен иштөөнүн илимий натыйжасы, техсервис сыяктуу толгон-токой маселеси кагазда эмес, иш жүзүндө ар бир дыйкандын өз үлүшүндө, талаасында чечилсе, иш жүрүшмөк.

Ушу тапта азыркы өткөөл мезгилде дыйканга ар тараптуу, адилет, келечектүү жардам керек. Курсагы тойсо болду дегенде, көп нерседен уттуруп коебуз. Гезит-журнал жетпейт, телевизордун кыргызча каналдары көрсөтпөгөн айылдар оголе көп Түштүктө.

Кафенин алдындагы тротуарда Токтогулдун сүрөтү тартылган банкнот булайып жерде жатты. Эки метрдей арыраакта буттары темтеңдеп ыргалган мас уучтаган пулунун эсебине жетпей турат. Кайра –кайра санайт. Берирээкте отуруп тамеки, сагыз, майда-чүйдө саткан аял көрөрү менен шымаланып, ойдолоктоп калды. Мектептен сүйлөшүп келаткан төрт жаш өспүрүм пулду көргөндө, көздөрү чачырап, басышын жайлата, аярлай токтоп калышты.

-Бөлүп алабыз жыйырма беш сомдон – деди, ичинен бирөө.

-Көрүп калсачы?

- Көрбөйт. Мас экен.

- Ана-бу аял карап турат…

- Турса эмне? Анын бизден озунуп алгысы келип турат.

Аял менен балдар мастын арылап узап кетишин аңдышып тургуча, кафеден чыккан кимдир бирөө акчаны ийилип, шып ала койду. Маска катарлаша басып, бирдеме дегендей болду эле, аны карап да койбоду. Чөнтөгүнө жымырып, кудуңдаган бойдон кетти.

Аял тызылдап кеттиби, ордунан тура калды. Эпчил кишиге бирдеме айтмакка обдулуп барып, оюнан кайтты. Өспүрүмдөр бирин-бири түрткүлөп, «тапкан тапалактыкы» болмок. Сен неге биринчи албадың же мага алдырбадың? деп кыйлага чырылдап кетишти.

Бала бала боло туруп, акчаны жакшы көрөт деп кейийбиз. Бакчада, мектепте жүргөндө же акча анын дарегине, дымагына, атуулдук ар–намысына, тегине кийлигишип, «чоңдун, интеллигенттин, бизнесмендин, базарчынын баласы экен» деп бөлүп турса, кийимине карашып мамиле жасалса, кадыр (авторитет) күттүрсө, бала кантип акчага кайдыгер болсун?

Айтса-айтпаса акча жашоого гегемондук кылып турат. Акчаны жаман көргөн бирөөнү төгөрөктөн табыш да кыйын. Кеп жаман-жакшы көргөндө эмес, адамдын жан-дүйнөсүнө, ички көрөңгөсүнө коркпой-үркпөй уурданып кирип, беймарал бийлик жүргүзгөнгө өттү. Ыйман-ыскат, уят-абийир, ар-намыс деген дагы-дагы башка жеке адамдын өзүнө таандык сапаттарды баш көтөртпөгөн «кереметтүү» күчкө эгедер болгонун ай. Жашоо кимге керек эмес. Баласын ким сүйбөйт? Шылтообуз даяр. Базар экономикасынын кылары ушул. Ата менен баланы эсептештирген заман ушундай экен дейбиз. Баарын базарга шылтаганга, базарды көөлөгөнгө, базардан **Өзүбүздү** издегенге өттүк**…..**

Куруп кетсинчи… Барып-барып ушу сөздү оорукчал кылып алабызбы деп корком. Сөздүн ээси болуу кандай кыйын. Сөзүңдө турбасаң, сөзүңдү аткарбасаң ким деш керек? Сөздүн касиетин, кереметин ата-бабаларыбыз «Манаста» көп айтып, азыр да кайталагандан тажабайт. «Баш кесмек бар, тил кесмек жок» деген макалдын турушунда чоң бир эмгек жаратса болот. Азыр чоң-кичине иште убада бермей, мамиледе тил, алыш-бериште алдамай өнөкөт эпидемиясынан сөзгө боор толгоогондордун бири **Ишеним** ноокастап калган….

Кайсы бир мезгилдеги эски кошунам спирт сатып бизнес жасайт. Он жылдагы соодасы жакшы жүрдү, үй салды, машине алды, өзү айткандай «кыргыздын санын көбөйтмөккө» экинчисинин көзүн күйдүрүп, үчүнчүсүн үйлүү кылды. Элде «сарт байыса там салат, кыргыз байыса катын алат» деген бекеринен айтылбаган экен. Байлыктын дымагы күчтүүбү же «ити чөп жегенден» өзү кыйын болуп кеткенби, адам тандап мамиле жасаган өнөр тапты. Пайдасы тие тургандын ич-койнуна кирип, итин да «сиз» дегенден кайра тартпайт. Пайдасы тийбесе, пешенесинде турсаң да тааныбайт. Аялынын калтыс бир пейили калбады. Көчө-көйдөн жолугуп калсаң, көзүңдү карабай, бутуңдан өйдө башыңды бир сыйра тытмалап учурашат, кайсы маалда кандай кийинесиң… Көңүлүң муз болбосо, бушайман болбой көр.

Өткөндө ички иштер башкармалыгынын жанынан ошол аялды кезиктирип, көргөн көзүмө ишенбей калдым. Чекесин чатырата кир жоолук менен бууп, кең көйнөктү салбырата мойнуна илген, бутунда галош…

-Ишибиз чатак. Жакшыраак таанышың жок беле? Булар соруп бүтмөк болду. Бүгүн чоңуна кирем. Ушинтип балдарымды багып жүрөм десем ишенбейби? Эмне дейсиң?

Буларды, бир кездеги интелегенттерди базар артистикке, жан кечтиликке дасыктырды. Кор оокат үчүн кошоматтансак, пейил бузулуп, пейил качпайбы?..

Кышта айрыкча элетте электр, газ, отун-суу маселеси кыйындайт. Акыркы жылдары шаар деле булардан жыргап кетпеди. Адам табиятынан суукка чыдамы жогураак. Эшик- терезеңден аркырап кирген суукка калчылдап, алапайыңды таппай каласың. Айылдагы анда-санда бир адамдарда көмүр болбосо, көпчүлүгүндө жок. Тутандырыкка куругурагын жагып, көбүнчө суу отунду же тезекти калап коюп, жан сакташат. Эркезден эки карынын чокулашканы эсиме түшөт. Кабат-кабат төшөккө чүмкөнгөн чал таң атпай кейийт.

-О-о кемпир.. Отту үлдүрөтпөй улуураак жакпайсыңбы? Суукка тоңдурмай болдуң…

-Төшөктөн турбай жат, жата бер. Отунуң болбосо, эки бутумду жагайынбы?...

-Тамдагы жыйылган отунду көрүмө алып кетеминби, апкел…

- Кургак отунуң чай эле кайнатпаса, музу чыккан этиңди ысытпайт. Тоок пок чокуй электе, какшанбачы..

Утуру-утуру отун салып, көзү-мурдун түтүнгө ууктурган кемпир тынбайт же мештин оозу жабылбайт. Отун көмүрдөй болбойт. Кыштын күндөрү кыска болгону менен муздак дубалдын ортосунда калчылдап, түндүн узактыгынан таңдын атышы азап. Мурду куюлуп, бети-башы суукка көгөргөн жаш балдар ара-чолодо тумоолоп, кыйнаганы ашыкча.

Элеттин кышкы тиричилиги эбегейсиз машакаты менен жазды сагындырып, күттүрүп, үмүт байлаттырып жүрүп жеткирет. Жазга чейин тегеректеги тал-теректи жалмап кыйып, ордун томурайтып жок кылуу өөн учурабай калды. Жазда тал-терек, көчөт отургузуп убара тартканыбыз кайсы да, кышта уурданып кесип, кыйратканыбыз кайсы?

Өткөндө капилет кездешкенде отсуз, муздак, бейтааныш көз караштуу туюп, кысылып кеттим. Алыстоонун, бейдарексиздиктин, сырт салып көрмөксөндүктүн себебин түшүнө албай таарынып жүргөм. Таарынчым суу кечпей калганына ынануу оор болду. Кечээги

эле ыпысык көңүл отун уучтап калалбай, эки жакты тескери караганыбыз кандай? Бир гана өкүнүч тыз эттирди, кызыгып-кызыгып жүрүп окулбай калган китептей, аярлап –аярлап жан-дүйнөңүзгө батынып киралбаган жакыныңыздай болуп кала бердим. Бир чети жеңилденгенсип, сиз жөнүндөгү ойдон кутуларыма чыйралгансыдым… пендечилигиме бардым. Эмнеден көз карандымын? Мага бийлик жүргүзгүсү, мени тушагысы, алаксыткысы келген ойдон кутуларым ырас болбодубу. Пендечилигиме бардым. Дегеним менен мупмуздак, шуулдаган бирдеме башыман ылдый куушуруп ичирткенде, ачуу жаштан ыйлагым келди… Бардыгы биригип, аралашып жинигип кеткендей кезде сезимдин көзүн караган ким?

… Жатаарга камынганда, телефон узакка шыңгырады. Беймаалда, бейсаатта коңгуроо кылган ким? Түн тынчтыгын бузган шойкумдуу кабар болбосун?.. Кудай сакта! Сестейип барып, трубканы көтөрдүм. Үн жок. Сөз жок.

**«Эркин Тоо»**

***2001-жылдын 5-ноябры***

## *СЕЛСАЯКТЫК СИНДРОМУ*

Кылмышты болтурбоо, алдын-алуу максатында жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө бөлүмүнүн жыйырма беш инспектору ар бир мектепке бөлүнгөн балдар менен иш алып барышат. Мурда инспекторлордун имараты шаардын Шейит-Төбө аймагында эле. Бир жылдан бери жай жок, он сегиз штаты менен милиция бөлүмүнө берип салышкан. Бөлүмдүн өзүнүн начальниги бар. Биринчи кезекте өз участкасынын ишин аткарат. Буга инспекторду тартат, анын балдар менен иштөө вазийпасы экинчи планда калат. Толук кандуу иштей албаган инспектор канткенде балдардын кылмыштуу аракетине бөгөт коё алат? Эки ара жүрүп, балдарга толук көзөмөлдөө жүргүзүүгө шайы келбеген инспектордун отчёту кагазды “жел сандар” менен толтурат. Антпегенде мектеп менен мектеп мушташып, "ким лидер?"деген тымызын атамандыкты талашкан каны суюк балдардын "согушу" өнөкөткө айланбайт эле… Мектептеги тономой, чоң класстын балдарынын төмөнкү класстын балдарынан, классташтарынан "салык"

тоңтомойу, "салыкчыны" айтып койсо, мушташтын себепкерин көрсөтсө же чындыкты "чагымчыласа" баланы кордоп, "козел" атка көндүрмөй сыяктуу жорук-жосундар тыйылбайт беле? Же болбосо бир райондун атын чыгаруу үчүн экинчи райондун балдарын өлөрчө сабап, токмоктомой, оозу-мурду канаганча мушташып, союл көтөрүп жүрүү сыяктуу балдарга жабышкан илдеттер азаябы...

Нигораны "Боорукердик" үй-интернатына алып келишти. Көзү карагаттай мөлтүрөйт. Талдын чырпыгындай солкулдаган турпатынан, бой келбети эрте жетилген он эки-он үч жашар кызды эне сүтү оозунан кете элек деп айтуу кыйын эле. Көчөдө көп жүрүп, көзү ойноктоп, шамалдай дирилдеп, бир жерде тынч тура албайт. Учуп-күйүп турат. Көзү менен арбап, эркектин кумарын козгогон көз жебесинин оту башкача… Жубарымбек, кайдан жүрүп колго жукпаган сымаптай болуп калган? Атасы ичкиликке берилип, арактын бөтөлкөсүнөн чыга албай калганда, (апасы башканын этегин кармап кетет) Нигора көчөлөп кетет. Анын каерде жатып, кандай күн көргөнүн жаз-жайдын кыска, күз-кыштын узун түндөрү гана көрөт. Самсакананын тандырында, базардын текчесинин түбүндө уктап, көп кабаттуу үйдүн жер төлөөсүндө баш калкалап, ар кимдин колуна түшөт. Арам ойлуу кишилердин оңой олжосуна айланат.

Интернатка коно албай, кайсалактап көчөдөн көзү өтүп жүрүп, бир күнү качып кетет. Социалдык кызматкерлер базарга издеп барышат. "Саидмухтар" универмагынын артында жаш балдардын притону бар экен. Өзүнөн чоңураак, өзү куруктуу балдар колуна бычак алып, ызырынып "Нигораны бербейбиз, кеткиле, болбосо өлөсүңөр…" деп коркутат. Акыры милицияны баштап барып, кызды алып келишет. "Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы" деген макалдай кызматкерлердин Нигораны эч кандай айла-амал менен үйдө кармап тура албай калышканына көзү жетет. Көчөгө көнүккөн, көчөгө байланган жаш кыз дарегин билдирбей, качып кетет.

Надежда Олифиренко - Ош шаарындагы "Мастер радости" бейөкмөт уюмунун жана "Боорукердик" үй интернатында балдар психологу. Ал көбүрөөк үч жаштан он алты жашка чейинки кароосуз калган, таштанды, көчөдөгү селсаяк жана үй-бүлөдөгү мүнөзү татаал,

түшүнүксүз балдар менен иштегендиктен, өзүнүн сөзү, көз карашы, тыянагы бар.

Баланын баары бирдей, аларды бөлүп кароого болбойт. Бирок, социалдык жиктелүү аларды бөлүүгө аргасыз кылат.. Балдар жөнүндө сөз башка. Аларды чоңдорго салыштырып болбойт. Бала менен иштөөдө оболу анын көз карашын, дүйнө таануусун, ой-жүгүртүүсүн анализдөө керек. Кароосуз жана таштанды балдар ата-энесинин камкордугунда жашаган балдардан кескин айырмаланат. Ишимдин эффективдүү болушу үчүн өзүмдүн позициямды өзгөрттүм, эмоциям менен иштедим. Эмоцияга берилүү же эмоцияга алдыруу, кыскасы, эмоциянын жетегинде калуу эч кимге жакшы жардам бербейт. Мен үч жаштан он алты жашка чейинки балдар менен иштейм. Так ушул мезгилде балада калыптануу, жетилүү мезгили өтөт. Биринчи күн-таанышуу күнү, чоочун бала бейтааныш эжекени өз дүйнөсүнө дароо кабыл ала бербейт. Баланынын дүйнөсүнө жол алыш үчүн, ошол жол аркылуу кирүү үчүн көп эмгек талап кылынат. Анкета жазып толтурабыз. Оюн терапеясы, артерапея, психотерапеялык усулдар жана тайпанын психотренинги аркылуу ошол кутучадай кичинекей дүйнөнүн эшигине баш багасың... Бала сүрөт тартып, жомок угуп, ойноп жатып өз дүйнөсүнөн кыска да болсо кабар айткансыйт. Балага кошулуп ойнойсуң, күлөсүң, ыйлаганда токтойсуң, бала да качан психикалык оор абал, тагыраак айтканда, кырдаал пайда болот? Таштанды, кароосуз жана селсаяк балдардын дээрлик көпчүлүгү социалдык-биологиялык жетимчиликтин азабын тартышат. Алардагы коркуу, невроз, стресс сыяктуу абалдар мурунтан өздөрү кабылып-кагылышып келген балдар проблемасынан улам пайда болгон. Мындай абалы башка адамдар, менен айрыкча өзү теңдүү балдар менен мамиледе байкалып, өзүнүн тескери таасирин тийгизет. Баланын жаратына тийип албаш үчүн сөздү ойлонуп, талдап-анализдеп сүйлөө керек. Аларда туруктуу, күчтүү, эрктик сапаттар да жок эмес. Үй-бүлөнүн жылуу-жумшак чөйрөсүндөгү балага караганда, алар тырышчаак, туруктуу мүнөзгө (көчөдө ачка калып, кантип нан табуунун жолун билет) ээ болуп, турмуштагы ар кандай кыйынчылыктарга көтөрүмдүү келет. Нормалдуу чөйрөгө келгенден кийин тарбиячынын, педогогдун, психологдун жана дарыгердин жардамында өзү менен өзү күрөшө

баштайт. Ошол күрөш жеңиш менен бүтүшүн кааласаңыз, баланын көңүлүнөн орун тапкыңыз келсе, тажабаңыз, шашылбоо керек… Бала менен иштөө күндүк, айлык же жылдык эмгек эмес, көп убакытты талап кылган, чарчап-чаалыгууну, тынымды билбеген узак мезгилдүү оор, татаал эмгек. Балдар чоңдордой болууну каалашат. Сиздин эмгегиңиздин бир жышааны мындан байкалат. Кечээги эле көчө баласы өзгөрүлүп, он төрт-он беш жашында көчөгө чыгып уурулук кылгысы келбей, өз классташтарындай жакшы үй-бүлө курууну кыялданат. Алар менен отуруп, жекече аңгемелешкенде билинет. Бул жакшы мониторинг.

Кыргыз комузунун же гитаранын кылдары адамдын сезимин козгоп, не түркүн ой-кыялга, ар кыл сезимдерге кабылтат, ошол сыңарындай эле баланын дүйнөсү да назик, баёо, аёолуу жана кол тийгис, жүрөгү жеңил-оордун салмагын билдирбей көтөрүп турат. Ошондуктан сиз, биз жана алар, деги эле адам пендеси баланын жүрөгүн абайлашыбыз, этият кылышыбыз керек.

Таптакыр укпаган, чаарбаш, одоно тентек балдар болот. Булар менен иштөө чынында оор. Оор дегеним, аларда эч нерсеге оң реакция болбойт. "Тийбе, кармаба, сындырба" десең, кайра тескерисинче жасайт. Ал эми токсикалык заттарды (бензин, клей) жыттаганга көнгөн балдар менен иштөөдө тайпалык-психотренинг жакшы натыйжа берет. Мында дарыгер оорунун клиникасын, рецептин айтат, психолог бала менен индивидуалдуу иштейт, тайпалык психотренингe балдардын бүт баарысы дени соосу, тамеки тартканы, клей жыттаганы баары чогуу катышат. Көнгөн адаттардан арылуунун жолун көрөт, ынанат, ал эми дени-карды соо балдар мунун зыяндуулугун, тескери таасирин андап-билип, жолобогонго аракеттенишет.

Алкоголик-ичкичтер жана баңгилердин үй-бүлөсүндө чоңойгон баланын психикасында жүз пайыз коркуу, невроз бийлеп, алар өзүнүн жаралганына, тагдырына өзү гана жоопкер экенин сезген ойдо жүрөт. Бироонун камкордугу, мээрими жөнүндө ойлонуп да койбойт, эч кимден жардам да күтпөйт. Айрымдары эркин турмуш образын баштан кечирип, жөп-жөнөкөй педагогикалык көзөмөлдү билбейт. Сабакка бардыбы- жокпу, эч ким кызыкпаса, сабакка бардыңбы? Эмнеге кеч келдиң? Канча баа алдың? Кандай жооп бердиң? деп эч ким сурабаса,

качан келсе атасы же апасы ичип мас болуп, баласы менен иши болбосо, мектепте мугалими жемелеп, балдардын көзүнчө басынтып, жакшы сөз айтпаса, көчөдө-короодо, теңтуштарынын арасында мындай абал өкүм сүрсө, ушундан улам көпчүлүк балдар өтө түнт, орой болуп кетет. Ал эми айрым категориясы өз ата-энесинин жүрүм-турумуна намыстанып, аларга окшошкусу келбей, ички дүйнөсүндө күрөш жүрүп, өзүнүн келечеги үчүн тырышат. Сабакты жакшы окуйт, спорт менен машыгат, жакшы, адептүү балдарга теңелгиси келет. Ал эми селсаяк көчө балдарында селсаяктык синдром күчтүүлүк кылат. Алар эркин куштай жашап көнгөн, бирөөнүн айткан -дегенин, сураныччын этибарга да албайт, режим менен да жашабайт. Кандай мекемеде болбосун, ачыкпы-жабыкпы аларды кармап туруу кыйын. Ал өзүнө хан, өзүнө бек. Бирөөнүн буйругу, көрсөтмөсү итатайын тутултат. Жакшы сөз, жакшы мамилеге дароо сынбайт. Каалаганын жасаган "кожоюндун" мүнөзүн өзгөртүү кыйын. Бир жерде тынчып тура албайт. Шамалдай учуп-күйүп, ар кайсы жерден өзүн табат. Булардын тибиндеги балдар менен медициналык психологиялык комплекстүү иштөө гана бир натыйжасын бербесе, психикасы бузулган, психикасы жабыркаган баланы оңдоо оңойго турбайт.

Жогорудагы айтылган категориядагы балдар менен жергиликтүү жана эл аралык уюмдар, бейөкмөт уюмдар тыгыз иштешип жатышат. Бирок долбоор бүтөт, акча түгөнөт дегендей, ошол аралыктагы боштук бир калыпка түшө баштаган түздөлүп келаткан көчтү аксатып, түз жолунан адаштырып, башкага алагды кылбайт деп ким кепил боло алат?

## *Үн, добушка кусалык...*

Түштүк регионундагы бирден-бир мекеме Карасуу районунун Кашкар-Кыштак айылындагы атайын жатак тибиндеги дүлөй балдар мектебинде абанын кыймылы аркылуу үн, добушту түшүнгөн, Өз көзү менен сүйлөгөн, өз дүйнөсү менен жашаган, сезими бир башкача дүлөй балдар окуп, билим алышат. Окуп сабатын ачпастан, алган билиминин жардамы аркасында дүйнө таанышат. Биз кадыресе кишилерге муну айтуу оңой, ал эми ушундай балдар менен иштеген педагогдор, тарбиячылар, тактап айтканда дүлөй балдардын «тилин» түшүнгөндөр буга кошулбайт. Анткени нормалдуу төрөлгөн баланын беш-алты

айлыгында «гаа-гуу» деген үндөр чыга баштайт, а булар тубаса, жаратылышынан укпайт. Чүргөөдө кезинен эле эшик кыйчылдаса, бирдеме дүпүрөсө реакция бербейт. Ошол тубаса дүлөйлүккө кошумча болгон оорулар, угуу, сезүү, жыт билүү органдарындагы сезгенүүнүн, жабыркоонун, кабылдоонун симптомдору баланын жаратылышын ого бетер оорлотот. Алар жаңсоо, мимика аркылуу өзүн курчап турган дүйнө менен байланышат, ага жараша жооп берет. Ушул жарыкчылыктын ак-карасын, кубаныч-кайгысын өзүнө таандык сезим-туйгулар менен кабылдашат. Акыл-эси жайында, дени карды соо балдардан акыл-эси, сезими боюнча айырмаланат деп айтууга болбойт, тескерисинче, айрымдарында күчтүүлүк да кылат. Эки жашынан тогуз жашка чыкканга чейинки өмүрүн жатак мектебинде өткөрүп, табияттын адашуусунан, айрым убакта ата-энесинин күнөөсүнөн ушундай кемтик жаралган балдардын жан дүйнөсүнүн эшигин каккылап көргүбүз келди...

Жатак мектебинде окуп, тарбияланып жаткан дүлөй балдарды негизинен үч-төрт категорияга бөлүп кароого болот. Биринчиси, ата-энеси бар, оокат-ашы жетиштүү үй-бүлөдөн. Төрөттөн кыйналып же төрөттөн кийинки жабыркоодон укпай калгандар же туура эмес дарылоодон угуу сезимин жоготкондор. Ата-энесинин мүмкүнчүлүгү болгондуктан, тамга таанып, окуганды үйрөнсүн деген максатта алып келишет. Табыйгый нерсе, өздөрү эч нерсе үйрөтө да, жасай да албашпайт. Экинчиси, урук-тууганына үйлөнүп, эки-бир туугандын эки-үчүнчү муунунда дүлөй туулгандар. Мындайлар Кадамжай, Алай районунда көбүрөөк. Түбөлүк укпаган балдар. Айыл жеринде жашагандыктан, окутканы шарты жок, ошондуктан алып келип таштап коюшат. Үчүнчүсү, ата-энесинин социалдык абалы оор, жашоодон кыйналгандар баланын тагдырына да кызыкпайт, эмне болсо ошол болсун дегенсип, тагдырдын ташбараңына салышат. Кыскасын айтканда, ата-энеси өздөрүнүн жоопкерчилигин билбейт, сезбейт. Төртүнчүсү үчүнчү категорияга жакыныраак. Ата-энеси бар, бирок шарты жок кыйналгандар. Өздөрү окутканды да билбейт. Окутууну каалайт, бирок колу-бутун байлаган жокчулуктан эч нерсе жасай алышпайт.

Мындай балдардын кудайдын, ата-энесинин, коомдун алдында эч кандай күнөөсү жок, бирок кайсы бир себептерден, шарттардан эң орчундуусу социалдык факторлордон улам тагдыр буларды ушул мектепке барууга аргасыз кылат.

Ата-энелердин айрымдарына түшүнүп болбойт. Төрөлгөндө кемтик менен туулган баланы, үйдө кармап отура берет, «сүйлөп кетет» деген үмүттө бакшы-молдого барат, эч натыйжа болбогондо алып келет. Мындайда ата-эненин кайдыгерлигинен да баланын өсүү-жетилүү процессинде мүчүлүштүк кетет. Баланы кеч алып келишет.

Атайын жатак тибиндеги мектептеги дүлөй балдарды окутуунун өзгөчөлүгүн анын директору Бостонова Светлана Зиябековна айтып берди.

Эки жашар балага биз тамга үйрөтө баштайбыз. Биздин тилде «Докталь» деп аталат. Андан кийин артикуляцияны өнүктүрүп, ар бир дүлөй баланын кичинекей угуу сезими болот, ошону өрчүтүүнүн үстүндө иштейбиз. Ошол кичинекей угуу сезимин деңгээлинде кармап туруунун өзү чоң нерсе. Эки жаштан баштап, даярдоо тайпасында атайын дүлөй балдардын интернаты үчүн даярдалган программанын негизинде окушат. Буларга тамга, тил үйрөтүүнүн өзүнчө усулдары бар. Сүйлөп жатканда колду жаңсоо, ар түрдүү кыймылдар, мимикалык белгилер аркылуу фразалык сүйлөө речин үйрөнүшөт. Ошондой ыкмада бирин-бири түшүнүшөт. Дени-карды таза, нормалдуу балдардан булардын айырмасы, эгерде жолдо баратып, кыйкырык же үн, дабыш чыкса, анын бизге тиешеси жоктой, көңүл бурбай, кайрылбай кете беребиз. Булар дароо кайрылып карайт, анткени булардын угуу сезими абдан күчтүү, аба аркылуу үн, добушту кармап, аны сезет, туят, ошондуктан аларга сабак бергенде алаканыбызды чапкылап, бутубуз менен жерди тепкилеп, алардын көңүлүн буруп, кыймылдын өзүнчө бир ансамбли аркылуу түшүндүрөбүз.

Дүлөй балдардын тубаса дүлөйлүгү эч нерсе эмес эле, бирок жеңил мүнөздөгү сезгенүүсү «Д» диагнозу- акыл-эси начарыраак, «атит»- кулак-мурдунан ириң агат, заарасын кармай албайт. Ушул өңдүү оорулардын жабышканынан балдар көбүрөөк кыйналат. Тубаса дүлөйлүккө кошумча төрөттөн, төрөттөн кийинки (дарыгерлердин күнөөсүнөн, билимсиздигинен ж.б.) жарааттын кошумча болушу да

жабыркатат. Илгери, туугандар, эки-бир тууганлардын балдары никеге тура беришкен. Азыркы убакта бул нерсе кечиримсиз. Бала нормалдуу төрөлдү дешип, өзүн-өзү соороткону менен небереси, чебереси же болбосо кыбырасынан ушундай кемтик балдар төрөлөт. Генетика өзүнүн мыйзамынан танбайт.

Ал эми бир жаш, эки жашында эле сүйлөп кетсе керек деген куру үмүткө жетеленип, убакыттан уттуруп коюшкан ата-энелердин күнөөсү жок деп айтууга болбойт. Мындайда баладагы кичинекей угуу сезимин кармап, аны өнүктүрүүдөн башка айла калбайт. Эгерде өз убагында баланын эртеңки келечеги үчүн кам көрүп, дарыгерлерге кайрылып, жатак мектепке келишсе, тогуз жашка чейин баланын аң-сезими, кабылдоосу, дүйнө таануусу өзүнө таандык окутуу, билим берүү усулдарынын натыйжасында өсүп-өнүгөт. Бала айрыкча тез өсөт, күн сайын эмес, саат-мүнөт сайын өсүп отурат.

Тамак-ашы өз убагында төрт маал берилет. Сабак окутуу, тарбиялоо маселелери да режим боюнча өткөрүлөт. Балдардын өз алдынча ой жүгүртүп, окуп-иштөөсүнө айрыкча басым жасалат. Бирок мектеп-интернат канчалык сонун, мыкты болбосун, ар түрдүү оюнчуктарга толтуртуп, жарашыгы бап кийимдерди кийгизип, жасап-түзөсөң да баланын өз үйүнө, өз очогуна жетпейт. Аларды бир гана оору кыйнайт. Айлап-жылдап бир жолу басып келбеген ата-энелер бар. Жылына бир-эки жолу көз көрсөткөнү келет. Каникул мезгилинде туугандары аркылуу үйүнө жеткизип же жеткирип берип, окуу башталганда кайра алып келишкен убаракерчиликти кимге айтасың?

Балдарды бир гана нерсе оңой менен келбеген, оңой менен берилбеген, оңой менен жетпеген ата-эненин мээрими кыйнайт. Бала мээримге тойбойт, зар болот, мээримдин айынан кусага, сагынычка толгон жашык көздөн көз жаш жамгырдай төгүлөт…

Айгүлдүн келгенине төрт-беш жылдан ашты. Атасы жок, апасы Россияга иштегени кетип, кызды таенесине таштайт. Карыган кемпир же жолду таап келе албайт. Интернатка тагдыры биротоло байланып калгандай, Айгүл кимдир бирөөнү күтүүдөн тажабайт. Апасынын өңү-түсүн деле унутуп калгандай. Бою да өспөй калды. Көз деген кыйын да. Баарын айтып турат. Кээде өзүнөн-өзү буулугуп ыйлайт. Сыгылат го

байкуш…Эч нерсеге көнбөй, эч нерсеге алданбай, эч кимди карабай ыйлайт…

Эгерде кимдир бирөөгө тууганы же ата-энесинин бирөөсү келсе, биринчи болуп Айгүл эшикке чуркап барат. Ушул адатын эч калтыра албай коюшту. Ата-энелер кызык, баласына келсе, башка балдарга көрүнбөй келип, көрүнбөй кетишсе экен. Бирөөнүн жакын адамы келди дегиче, башкасынын кабак-кашы өзгөрө калат. Үмүткөрдөй умсундап чырданат, «бактылуу» балага суктанат, колундагысына көз артат. Бирөөсү талашат, экинчиси «жебейм» дейт, дагы бирөө «мага көбүрөөк бергиле» деп беш колун оозуна салат. Балдар дүйнөсү ай...

Мурда балдарга нанды каалашынча беришчү, ортодогу тарелкада турчу. Азыр ар бир балага тиешелүү элүү грамм нанды алдына коюп коет. Бирөө көп жейт, бирөө аз жейт дегендей… Эң кызыгы, Саиданын колу туткактыгы байкалып калды. Бирөөнүн нанын, таттуу токочун, пирожныйын же башка нерсесин байкатпай алып коёт. Бирөөгө тийишип алып, башка бирөөгө төңкөйт. Каратып туруп, кантип уурдаганын билбей каласың. Бул адатын кантип калтырса болот? Урушпай-тилдебей эле, уяткарып көрдүм. Жест, мимиканын жардамы менен уят эмне экенин, уятка калуу жаман экенин түшүндүрдүм. Каникулга жакын таенеси келди, небересин алып кеткенге. Кемпирге да дайындадым. - Көз сала жүрүңүз, катуу айтпагыңыз, урушпай жакшы айтыңыз, байкап калсаңыз уяткарганга аракеттениңиз- дедим. Билбейм, сентябрда кайра келет, ошол адатын таштаса көкүрөгүмдөгү оор нерсе көчкөндөй болот.

Деги балдар кызык. Баланын баладай болгону жакшы дейбиз. Бирок, алардын балалык тагдырынын энчисинен алган таасириндеги кулк-мүнөзүн, кыял-жоругун кайда катасың?

Каникулдан келишкенде айрымдарына ата-энеси же туугандары жаңы кийим кийгизип жөнөтөт. Ошол арзан, бир-эки жуулганда өңү өчкөн кийимин катып, эч кимге көрсөтпөй, бекитине беришет. Жаңы окуу жылында интернатта кадимкидей «согуш» болот. Жаңысын кийгизе албай шаштыбыз кетет. Интернатын эски кийимин, жуула берип өңү өчкөн кийим-кечесин бергин дешет. Талашышып кийишет. Эски кийим үчүн талашып урушушат. Эмнеге? Өзүнүкүн катып, сары майдай сактап, үйлөрүнө кеткенде гана жапжаңы бойдон кийип кеткиси

келет. Анткени аны апа-атасы сатып берген. Ал буюм таберик, сактоо керек, кийимин эч кимге кийгизбейт, эч кимге бербейт. Ата-эненин колундагы бала тескерисинче жаңы кийимин мактанып, көчөгө деле, баткакка деле кийе берет. Күндө алып берсе, күндө кийгиси келет. А интернаттын балдары андай эмес. Ата-энеси арзан, кытайдын момпосуюн алып келсе, аны сактап, бир-эки жумача тиши сынчудай катыратып, бекитип жейт. Интернаттын таттуу ширindиктери… Россиянын өндүрүшүнөн чыккан момпосую, эттүү май токочу, таттуу токочу оозуңа салсаң эриген пирожныйы көрүнбөйт, ата-энеси алып бергенге жетпейт. Бул табигый жан дүйнөнүн катаклизмасын кантип түшүндүрөсүң?...

Оо, дүлөй балдардын аң-сезими укмуш. Баарын сезип-туюп турат. Ооруп турсаң, жан алы калбай жабышып, сылап-сыйпап жароокерлигин айтпа. Ушинтип турса, кантип жакшы көрбөйсүң? Аба-ырайын синоптиктердей айтышат. Бирдемеге кыжаалаттансаң, аны да сезип коюшат. Жалкоолугу кармаганда, «Эмнеге сабакка кирбедиң? Эмнеге отурасың» десең, жообу дапдаяр. Суу ичкени чыктым, аажатканага бардым деп шылтоону дароо табат. Түнкү тарбиячынын, мээрбан эженин эмне иш кылганын төкпөй-чачпай айтып берет. Кызматкерлерге көзөмөлдүн деле кереги жок дейсиң. Сабак учурунда бирдемеге сыртка чыкса, бир-экөөсү эле өзүнүн бут кийимин, тапочкасын кийбесе, көпчүлүгү бирөөнүкүн кийип чыгат. Өзүнүкүн аяйт, тиш жууй турган пастасын бекитип, бирөөнүкү түгөнгөндө, өзүнүкүн алып чыгат. Мынчалык бышык, мынчалык өзүмчүл болушуна ата-эненин камкордугундагы баланыкындай үйүндөгү баары меники, баары мага деген психологиядан өксүгөнү үчүн, балалык «өзүмчүлдүктөн», балалык «көз тойбоочулуктан» кемсингенинен болуп жүрбөсүн?...

Бала тарбиялоо бир жактуу болбош керек. Тарбия үч тараптан; ата-эне, коомчулук, мекемеге бирдей жоопкерчилик жүктөлүш керек. Ата-энелер, туугандары дүлөй балдарын интернатка тапшырып эле койбостон, тез-тез келип, баладан кабар алып, окуусу кандай, бою өстүбү, салмагы кошулдубу, эмне өксүгү бар, ушуларга кызыгуусу керек. Тилекке каршы, биздеги балдардын алтымыш-жетимиш пайызынын турмуш шарты оор болгондуктан, таштап коёт да, каражатым жок деп келбей деле калат. Дүлөй баланын пенсиясына

жашаган ата-энелер бар. Баланын пенсиясына кийим-кечек сатып бергендин ордуна, өкмөт бакса баксын, бакбаса өзү билсин деген кайдыгер адамдар бар. Албетте, ата-энелердин арасында колунда бар, баласына эмне керек болсо дары-дармегин, угуу аппаратын сатып бергендери бар. Алар болгону беш-алты пайызды түзөт.

Эң сонун шарты бар, эң кооз жасалгаланган интернат, балдар үйлөрү да баланын жыты калган, баланын эс –дартын алган, ата-эненин мээрими тарткан жаман кепе да болсо, өз үйүнө окшоштурбайт, эч качан алмаштырбайт.

# *Күндөлүктөн*

# *ТАМАН КЫЯ ЖОЛ*

Биринчи сентябрь. Мага анчалык деле кубанычтуу эмес, бирок самабай койбодум. Гүлү, Минура үчөөбүз эрте барыппыз. Классыбыз баягы эле химия, биология каанасы. Класска жалгыз киргенге эч ким даай албайт. Кишинин скелети бурчта, азыр эле жан кирип, басып келчүдөй сезилет. Көзүнүн орду жок. Эгер болгондо кантмекпиз? Өзүңдү оку, тааны, үйрөн деп койгон скелетке оюнчуктай мамиле жасаттырды балалык. Кыздарды коркутуш үчүн балдар колу-бутун шагыратып, ээк-жаагын кагыштырат. Шкафта алма, нан, бадыраң, помидор дегендер бар. Азыр үзүп алгандай шилекей агызат. Напсисин тыя албаган ким бир бирөө пластмассага да тиш салып көрүптүр.

Башта Роза экөөбүз отурдук. Урушуп, сүйлөшпөгүнүбүздөн Айнагүл менен бир партаны тандадык. Ал менин бала кездеги жакын досум. Ар ким өзүнө жаккан, көңүлү келген менен отурганга өттү. Эжекелердин кыз менен баланы зордуктап отургузмай адатын чоң класс болгондо чандык. Класс жетекчибиз мурунку агайыбыз Азим Аюповдун кызы Фарида эжеке. Ага эч кимибиз кубанган жокпуз, жүзүнөн заары төгүлгөнсүп, өзүнө жакындатпаган, түнөргөн кабак-кашынан коркобуз.

Жаңы окуу жылынан күткөнүбүз институтту же университетти жаңыдан бүткөндөр, башка жактан келгендер болоор эле. Быйыл эч ким деле келбептир. Майда класстын эки мугалимине назар салгандар болбоду. Бир-эки жума тымызын көз салмай, баскан-турганын сындамай, сабагын бааламай, кала берсе жылдызын таразалап көрөбүз.

Биринчи саат Лениндик сабак. Жыл сайын Владимир Ильичтин туулган күнү, үй-бүлөсү, качан дүйнөдөн өткөнү гана сөз болот. Башка эчтеме жок. Чет тили аябагандай көңүлдүү өттү. Агайдын аты-жөнү Абдулла Алишев. Тилибизге жеңилирээк болуш үчүн Абиш агай дейбиз. Биринчи класстан окутулган орус тилине караганда чет тилинен жакшы окуганыбыз агайдын жугумдуу эмгегинин үзүрү. Класста тык-тык басканы эле угулбаса, оозунун кыймылына, артикуляциясынын чайналбай-такалбай кубулушуна, сөздөрдү кайра-кайра кайталаттырганына маашырланабыз. Жебеси таптак мээленген жаадай агайдын ар бир сөзү коргошундай куюлат. Агай бизге билимин,

эрудициясын арнады, жан-дүйнөсүн төктү, жүрөгүн төшөп, күч-кубатын, энергиясын берип окуткан. Ар бир сабагында эмоция менен фантазия арбашып, артикуляция менен артистизм куюлушуп, билген-билбегенибиз деле «чук» эткенден этияттанып, драмалык сабакка сүңгүп кетебиз… Англис тилинин «Кызыл Кыргызстандагы» кадыры тил үйрөнсө, чет дүйнө тааныса деп жанын үрөгөн зардалуу агайдын аброюн ого бетер көтөргөн. Чоңойгон сайын окугусу келбей ышкоолонгон, бирдемеге дит бакканга мойну жар бербей «өзүм билемдей» каадаланган чоң класстарга мүнөздүү көрүнүшкө эч кимге жол бербеди.

Дөңдөгү мектепке эки жол алпарат. Бири Айым кемпирдин кашаасын аттап, тамаркасынан кеткен жалгыз аяк, бири айылдын ортосунан жарып өткөн эни бир-эки кадамдай кара жол. Балалыктын изин каткан кирчимел жол. Кышында дөңдөн ылдый муз тептирсе, жазында баткактан батинкени көтөрө албай жүдөтөт. Баткак белге чыгат. Анткен менен сулуулугу башкача. Газыйна акенин огородунан кеткенгеби эки тарабынан суу үзүлбөйт. Чоң адам катарлаш басса батпайт. Эки тарабы кайрагач менен зарандын калың багына оронгондонбу, түнкүсүн көзгө сайса да көрбөйсүң. Түнт токойдо калгандай коркунучтуу сезим кекиртектен алат.

Бала экенбиз, куулук-шумдугубуз күч. Сабыркөр галошу ылайга батып, таягын таптап араң баратса, изинен аңдып артынан барабыз, анткени аягыбызды баткактан аярласак керек. Шылдыңбы, күлкүбү, өз кылыгыбызга маашырлана кыткылыкты ичке тартып, көр чалдын изин акмалаганыбызды билбейт дейбиз. Кайдан? Бейбаш жорукту дароо сезээр эле сокур. «Жубарымбектер…» таягын абага ургулап, басып кетмейин тык токтойт. Көрдүн сезими соо кишиникинен күчтүү, туюму сергек, ишаралуу болоорун тан албайбыз, анткени анын көзү биротоло соолуп, бардык касиетинен ажырагандай сезебиз. Турмушка сокурдун көзү менен караган адам буттан жыгылса тураар, бирок, ыйманы мүдүрүлбөсү анык.

Алгебрадан Маматкул агай кирди. Сабакты түшүндүрө албайт деп тоготушпайт. Эптеп кырк беш мүнөттү өзүн алаксытып өткөрөт.

Өзүмө катуу тартип киргиздим. Мындан ары күндөлүктү үзбөй жазам. Мурда качан жазгым келгенде отурсам, эми антпейм. Күндөрдүн

боёгу бозоруп, элеси эстен чыгып кеткидей… Мектепти бешинчи июнга чейин жапты. Пахтаны каткаландан арылтуу, отоо үчүн классты бүт бойдон талаага айдады.

***1977-жылдын 31-майы***

Эртең менен күн чыккан, саат төрткө чейин кыймылдасаң эле тердетип, аябай ысыды. Заматта асман бүркөлдү. Түнөрүңкү кара көлөкө асманды басып жыгылгандай. Батыштан калдайган чоң-чоң кучак жеткис сур булуттар (бирөө тээ алдыдагысы кудум аюунун мамалагындай майпаңдап келатат) көктү каптап калды. Камыгып-калдаңдап жыла басып, чыгышты көздөй жол алышты. Бара-бара карааны суюла бириндеп, кичирейгенден-кичирейип чексиздикке сиңип кетишти. Булуттардын эпкининен себелеп жамгыр төктү. Талаада элек. Пахта чапканы чыккан Зуура (Зөра дейбиз, ыраматылык жарыкчылыкты эрте эле кечип таштады), Гүлчехра (Чея) кошуналарбыз. Жамгырдан качпай кыткылыктайбыз. Саамай чачты, ак жоолукту аймалаган жамгыр да оюбуз менен болот. Денеге чыпташкан чыт көйнөктөн бой жетип келаткан кыздардын солкулдаган чыбыктай ийилчээк, назик, жумуру мүчөсүнө суктанган жамгырды бири-бирибизден кызгандык. Суугa чөмүлгөндө да уялып, боюбузду көйнөкчөн таштайбыз. Көкүрөк бөрсөйүп баш баккандан уялган, кысынган, корунганыбыз жана чоңдордон өзүн ала качып жүрөкзаада болгонубуз ошондогу айылдык кыздардын аруулугунанбы дейм…

Табияттын кудуретиндей күч кайда? Каалаган сүрөтүн тартат. Ааламды азгырат, анын ичинде сени да арбайт, мээрими ысык адамдай бооруна басат. Аңкайып апам айткан иштер эсимден чыгыптыр. Агаттар бүтпөй калды. Табелчи Таштемир аке эртең адебиңди колуңа берет. Чала чапсаң айлыгыңды кыркат. Каш карайды. Көз байланды. Буту-бутубузга тийбей жөөктөрдүн баш-аягында куюндап жүрөбүз.

Торпокко чырмоок ала барышым керек. Апамдын келтегинен коркуп, гозопаянын койнуна чырмалып өскөн ак, кызыл, мала кызыл гүлдүү чырмоокту айдын жарыгынан болсо да ажыратып, этегимди толтурмайын кетпейм.

Жаан астейдил жаады. Асман бетин чапчып-чапчып чагылган чартылдайт. «Галдур-гулдур», «калдур-шулдур» эткен дабыштан жүрөгүм оозума кептелгени менен көктөн көзүмдү үзбөйм. Корком. Баары бир жүрөк-тулкумду дүркүрөтсө да көзүм азгырылып, бүрүшө карагандан коркпойм. Апамдын «ээн жерге чагылган көп түшөт» деген сөзү кылт этет. Үйдө болсок кетмен, күрөк, темир-тезекти чаркарга

бекитип, күзгүнү ороп, башты жуурканга бекем ката «көрбөй калчудай» сактанам.

Оо, өмүрүндү чагылган сыяктуу чаап өткөн күндөр болот. Ошондо табияттын кубулушу тагдыр жазмыщынын кара мүртөз чагылганына шоона эше албай калат.

***1977-жылдын 1-июну***

Бада кайтарган киши бешимге чейин гана уйлардын өтөлүн алат.

- У-й чолок, каерден ичин көптүрдүң?

- Кызыңдан сура. Келатканда оюнга кызыгып, бедеге түшкөнүн айтпадыбы?

- Карангүн. Өлүгүңдү көрөйүн. Барайын азыр…

Апам көк чыбыгын сереңдетип, айылдын тигил башынан ортосуна биздин үйгө жеткенче карганып келди. Асанбай агам экөөбүздө жан жок. Кара уйдун ичи көөп, сыртынан да ашып чыкты. Жөн эле бөдөнө камаган кабактай тисерилет. Аябай корктук. Кокус «паң» жарылып кетсе каптебиз? Жаңы туулган торпогу энесин көздөй жулунат. Эне кургурдун караганга алы жок. Ныксырап онтогон жаныбар жанын коёрго жер таппайт. Тумшугунан, артынан көк суюктук келип, чиренген сайын тысырайган курсагы үйлөп жаткан шардай көтөрүлөт. Кепшесе эле жаны кала тургандай, оозун карайбыз. Кепшебейт. Жан алакетинде онтойт. Абал оорлошуп кеткенин сездиби атам «жүгүрткүлө» деди карбаластап. Агам жетелеп, мен айдап, кара уйдун ой-боюна карабай делдеңдете көчөнүн аягынан-быягына, быягынан-аягына жүгүрттүк. Галошум бутумдан ыргыды, кайылмын. Саат сегизден он бирге чейин көк бедеге тоюп, карды жарыларын туйбаган жаныбар менен убаралandык. Эгер адамды ушундай кылса, жүрөгү ошол замат үзүлөт беле… «Курсагың жарылгыр, жегениң аш болбосун» деп адам пендесине айтылган каргыштын жанында, азыр ойлосом тил-оозсуз жаныбардын кара напсисинин айласын табуу оңойдой, жеңилдей сезилет…

Акыры айлабыз кетип, көзү кылыр, мүнөзү жибектей жумшак мал доктурду чакырттык. Түндүн бир оокумунда сыртка чыксам ай жапжарык, чаркардын жанында колу-бутун кенен сунуп тисирелген курсагын жайпап, уйкуга талгак болгондой сүзүлө, жай кепшенип жатыптыр. Малдын башын сылап, ичимден «сен аман калдың, бешенебиз бар экен» дедим. Бизди сүт, каймак менен баккан уйдун кадырын ошондо туйдум. Эчактан бери «өлүм» деген ой башымда каңгып, уй өлбөй эле, жан-дүйнөм өлгөнсүп, кыжаалат жүрөгүмдү уучтап тургандай сыгылып турдум.

***1977-жылдын 5-июну***

Окуучулук күндөрүмдүн эң акыркы биринчи сентябры. Шаштырып, шаштымды алган күнү мектепке кийинип жатып күзгүгө тигилем. Ак жакалуу форма, ак сурптан тигилген фартук, эки өрүлгөн чач сылан бантикчен кыялкеч кызды дегдеткен бирдеме сезилбей койбойт. Жылдардын ушунчалык тез өткөнүнө ичим эңшерилип, бою өскөнү менен акыл сезими өстүбү деп шыбырайт ички үн.

Биринчи класска барганым эсиме келди. Жети жашымда эсепти, тамганы таанызбай эле бак-шактын арасынан суурул чыккандай шилбиңдеп жетип бардым. Талаалап жүргөндү жакшы көргөн жаным мектепте төрт-беш саат качан бүтөт деп эшиктен көзүм өтөт. Үстүмдө кызыл атлас көйнөк, башыма эски допу, кызыл ашыкты жапкан делбиреген кең шалбар кийип, кездемеден тигилген китеп баштыкты артындым. Карасам баары эле гүл кармап баратат. Кошуна Арапаттыкынан бир тутам гүлдү шарт үзүп жөнөдүм. Түз жол менен барбай, Айым кемпирдин кашаасынан секирип өтөм деп, жаңы көйнөгүмдөн күн көрүнүп калган. Уялымыш этем, коркумуш этем, канткен менен көйнөккө ичим ачышты.

Биринчиге барганда балдардын баары бирдей, тегиз, кыял-жоругу, баёо балалыгы менен окшош туюлат. Анан эле мезгил аларды ажыратып, мезгилге кожоюндук кылган эже-агай, ата-эне жана башкалар жаман-жакшыга бөлөт. Баланын жан дүйнөсүнөн көрө, окууну өздөштүргөнү, жүрүм-туруму, мамилеси озунуп, баа кимисине коюлары белгилүү болот. Психологдор адамды төрт типке бөлүп, астрологдор жылдыздар төлгөсүн тартат, математиктер ой жүгүртүүсүнө карайт, филологдор декломациясын жаттатып, баланын ичине кирип чыккандай түр көрсөтүшөт. А балалык сокурдун тилегени эки көз дегендей, дүйнөнү боёксуз, тумсак абалкысында өзүнүн көзү, башы, көкүрөгү менен туюп-сезет. Орустун улуу жазуучусу Гоголь: «Балалык – өзүнүн келечеги менен бактылуу» деп, баарын түгөл жууруп айткан.

***1977-жылдын 1-сентябры***

Көчөнүн ызгыган чаңынан кимдир бирөөнүн изин тааныш оңой. Үйүнөн чыккан из бутундагысын аярлай чекелеп, кыргактагы чөп-чарды тебелеп кетет же баш-аягына карабай ойгелди салат.

Кырк экинчи размерден чоңураак тамандын изи боз топуракта бадырайып, чекелеп эмес, ортодо беймарал басканы даана билинет. Бала изди үңүлө тиктейт.

Ичкиликтен башы ооруп, бир ууртам болсо деп, каны каткан коңшусу тыйын таппай, көчө тарапка басты.

- Э-э, Байит аке каякка барасыз?

Кемпирдин мектепке бара элек кара баласы түймөсү үзүлгөн, жеңи чолок көйнөгү калта шымына жетпей, курсагын чедирейтип, көзүнө тикс карайт.

- Жөн эле…
- Баяраак чыкпайсызбы Кудай өйдө өтүп кетти.
- И-мне? Ким дедиң?
- Кудай.
- Кандай экен?
- Биздей эле.

Ичкич шылдыңдуу көзүн үлүрөйтүп, оюнда «ушу мамадаананы кантип дүкөнгө жумшасам. Карыз деле берет. Өлүппү...» деп атты.

- Э-э, кысталак дөөрүгөн…
- Чын. Көрдүм.

Башын эңги-деңги чайпап, сүзүлгөн бозонун калтадагы тобундай куушурулткан оорудан онтоп жибергиси келгендей, чыканактай немени мактады:

- Сүйлөштүңбү?
- Сүйлөштүм.
- И-и…
- Эртс тургандарга ырыскы берем, кешик калтырам, ууру, жалкоо, маска балээни берем деп айтты. Баш бармагын ортоңку манжасына кыпчып «мына-ны» деди…

Ичи ачышып, дүйнөсү тытмаланган мастын кыжыры ого бетер кайнады, каны мээсине тепти.

Кара бала таенесинде чоңойду. Кайыптан боозуп алган кызы качып тозуп жүрүп төрөдү. Өөндөгү сүннөт тойдо эңишке түшкөнү келген толук чабандардын бирөөсүнүн этегин кармап кеткенден кийин баласы менен иши деле жоктой. Кем келет. Келсе, боор бербейт. Ким билсин, бала күндү тик карай алчу эмес. Оюнга аралашып, чикилдек чаап жатканда, кошунанын балдары көптөшүп, кыйкым таап: «Э-э, жетим, чык оюндан, буздуң, буздуң оюнду!» дешип жекелеп коюшат. Жаңарыктан чанага суу тартып келатышса, битондорун кошуп сүдүрөтүшөт. Сүдүрөбөсө, желкеге койгулап, ит таламайдай тепки жейт.

Шаабайы сууган бала таенесине эч нерсе дебейт. Жаңгактын көкмок горосундай көгөргөндөн көгөрөт. Күн бажырайып, байчечекейдей ачылып турса, бала башын жерге салып тултуят. Жамгыр нөшөрлөп атса, каректерин тамчыга толтуруп, көктүн кучагында төгүлүп-төгүлүп алат. Муну кемпир билсе, тытынып алмак.

Таене «эркелетсем чоңойсо тайралаңдап кетет» деген ойдо билектей эмес, бармактай мээримин коротподу. Кайсы бир күнү жатаарга жакын кемпир балага боор салгандай мындай деди:

Кара бала тоголок,
Караңгыда жоголот.
Эмне үчүн жоголот,
Катын издеп жоголот.

Бул кемпирдин буту-колу узарып, таноолору барбайып, үнү жоонуруп бараткан небересине жетине албаганынанбы же башкача сезим өрөпкүттүбү, өзү да билбеди. Кара бала таенесин таңыркай тиктеп, муңбу-зилби айтор, ачуу чайган көздөрүн жалжылдатып:-Таене минтип ырдасаң, - деди.

Кара бала тоголок,
Караңгыда жоголот.
Эмне үчүн жоголот,
Апасын издеп жоголот.

Таенеси үндөбөдү. Караңгы тамда картайган эне менен өспүрүм баланын ою эки башка дүйнө кезип жүрдү.

***1977-жылдын 5-сентябры***

Пахта терим кызыды. Биринчи жыйымда колхоздун чоңдору ырымдап, баракасын чачыратып албайлы деп, теримчилерди жөөккө катар түшүрүп, агаттарын эсептеп бөлүп, бала-чакасы менен кошо тердирет. Сезон башталганда жөн басып жүргөн кишинин аты - Абдыкерим. Үймө-үй кыдырып, бир адам таппайсың. Баары талаада.

Күндүн мурду көрүнүп-көрүнө электе аялдар бешигин башына көтөрүп, бир колуна нан-чайын, экинчисине баласынын жалайыгын, ыштан-көйнөгүн түйүп, асфальтталган чоң жолдун сол тарабындагы кишинин бою көрүнөр-көрүнбөс чуңкур аңызды аралап, шыйпаңды көздөй биринин артынан бири жөнөйт. Жаңы төрөгөн, кыркы чыга элек келин-кесектер деле белин бекем бууп, оозу-башын (кемпирлер кырк чилдеде оозду таңыш керек дешет) бекитип баратышса, субай келиндер таң заарынан тургузган кайненесин ичинен боктоп, айласы кеткенин билдирмексенге болоор-болбоско эри менен каяша айтышат.

- Ушерге келип, уйкуга бир тойсомчу… Өзү короз менен коночого бир чыгат, таң атпай чогуу кыйкырат. Тойгузду ушул кемпир, өзү жаш болбогонсуп…

Кайненесине угузаар-угузмаксан сүйлөнгөн келин жатаарда нан, алма, ак кант салып түйгөн түйүнчөгүн албай, эрин коркутмакка былтыңдап, кыймылы үлдүрөп, бараар-бармаксанга экиленип, эшикке жөлүнүп көпкө турду…

Аппак, тегиз ачылган пахталардын тымызын азгырган бирдемеси бар. Алды-артыңды кара, жака-белиңе көз чаптыр, асманга тигил да, кайра жерге бак, акка оронгон талааны эмес, аппак нурга чүмкөнгөн ааламды кучактап баратсаң, кантип апкаарыбайсың?... Назик, жупжумшак кебезге колуң тийген сайын үлбүрөгөн аруулуктун кытыгысы кумарлантып, терген сайын, тергиң келет. Жаанда, карда калбасын, шамалдан, чаңдан булганбасын деп терип алгың келет.

Кыйын аялдар айлакер болот. Сапаргүл мындайга эпчил. Беш-алты чанагы чакчайып, эки башы бир сабакка биригип данакерленген барака деген касиети бар пахтанын. Ошончонун ичинен табыш да кыйын. Канча өткөнү белгисиз, бир маалда бараканы таап алган Сапаргүл «оо-уу, аяш-аяш, эле аяш» деп огарыкка чуркап келди.

«Барака бизден, жууш сизден» деп Момуш бригадирдин колуна карматты. Ар-ар жерден теримчилер жаалап, сүрөп кетти. «Кош бараканы биринчи тапканга өзгөн күрүчтөн палоо бастырыңыз, бир сыйра сарпайы кошо болсун».

- Болот, аяштар, болот – деп бригадир мойлосун жанып-жанып алды.

Теримдин бир кызыгына берилгенден кийин баш көтөрүш кыйын. Этектен төгүлгөн бир коюн пахта экинчиси, үчүнчүсү, андан аркысы кошулуп, чөмөлөдөй үймөктөлгөн сайын элиресиң, дагы көбөйтө түшөйүн деп дегдейсиң. «Ким көп терет экен? Ударник кимибиз болобуз?» деген тымызын атаандашуу ансайын чыйралтып, кол менен эмес, комбайн терип бараткандай, элпек кыймылдан көз талыйт. Алдыңкы теримчилерге колхоздон алтын саат берилет экен деген кеп-сөздөр жөөктөн-жөөккө өтүп, ар кимдеги ширин кыял карыш калбай тэрчийт. Ой күлүк, санаа түпсүз, кыял чексиз (таттуусун айт) баары биригип, эмгек эргүүсүнө моюн сунат да, кеч киргени билинбейт. Качан гана илме таразасын желкесине көтөрүп, табелчи үн салат.

- Оо-й, эжекелер, пахтаңарды телешкага апкелгиле. Болгула, тезирээк! Үйүңөргө кетесиңерби же жатасыңарбы шүдүгөрдө?!

- Кайним, убара болбо. Ушерде жатабыз.

- Эриңерге эмне дейм?

- Күнү-түнү гажынып терсем, райис орден тагат экен деп жатып алды де.

- Мага демектен көчүп алың. Пахтаны тарттырың, сводка беришим керек.

Ар ким менен ажылдашкан табелчи кургур ушинтип чарчайт.

Түшкү ысык тамакты Анаркан эже жасайт. Камырды майда кесип, пияз, картошканы пахта майына кууруйт да, чоң кара казанга толтура

сууну куюп, шашпай кайнатат. Жаңы-Арыктын боюнда кучак жеткис жоон-жоон карт талдар болоор эле. Папан каналын казганда, көсөм кишилер тал-теректи мол тигишкен. Жаңы-Арыктын суусу тынч акканы менен кээде желмогуздай козголуп, жээкти жалмаганга, түбү бошураак тал-теректи оодарганга маш. Ошол талдардын сулуулугу дүпүйгөн бакшагынын эрке шамал, серүүн жел, аймакы үп каткан калыңдыгы менен ар кыл куштардын мекенине айланып кеткенинде эле. Очоктогу талдын жоон бутагы, тамыры чатырап күйгөндө, сулуулук сиңген сезимим кошо күйгөндөй ыйлагым келе берчү...

Түшкү тамакка бала бакчанын балдарындай тизилип кезекке турушкан колхозчулардын колундагы жез табакка же чынысына эки-үч кесим этти санап, адашпай салат. Ошондогу кесме аш күндө кайталанса да (кээ бирде камырды кууруп, палоо жасабаса эле) даамы азыр бышыргандай, казандан жаңы түшкөндөй сонун! Куданын күнү шашкеден кийин тракторчулар, комбайнчылар, колхозчулар, шыйпаңда иштегендер ичкен жез табактарды калдыратып жууп отурган Анаркан эженин солкулдаган жаштыгы биздин бригаттын ашканасында, огарыктын жээгинде ошондогусундай катып калды.

Келиндин ою бузулду. Жарытылуу пахта да тербеди. Көзү менен издеген бирөөсү бир көрүнүп койсо эмне? Ичиндеги пружинадай чыңалып же сыртка чыга албай, же ичте жата албаган бугу жанын ачыштырып жеп атты. Келин кезеңинин экинчи жылга аяк басканына карабай, күйөөсү экөөнүн төшөгүнө кара жылан сойлоп келгендей, экөө тең коркуп, жакындашса эле соймоңдоп ороло калчудай жүрөктү мыжыккан муздай мупмуздак муз жатчу... Келин өңдүү-түстүү, сулуулугуна, жаштыгына мас болгусу келген кумарлуу жан эле. Сүйүүнүн назик сезимдерин кыялынан өткөрөт да, өзү да ошол сезимге өрттөнгүсү келгендей шоктонуп, делебеси козголот. Жатаарга келгенде, үңкүйүп жылдызы өчкөн күйөөсүн көрүп, бири-бирине дене-жанын арнай албай шал оорудай шалдыраганына эмне дээрин билбей, нес боло баш катырат, нес боло таң атырат. Күйөөсүнүн төшөккө жарабай калганын жан адамга айта албайт. Анысы да мунун алдында күнөөлүүдөй же ак деп, же көк деп, жанын бербесе да дилин бергенге жарабайт. Моло таштай катып, тескери караган калыбында не уктаганын, не уктабаганын билдирбейт. Кара жылан башын кылтыйтып, түн ооп, таң атканча жылбайт же кумардан өрттөнүп жан терге түшүп алоологон, кайра муздай катып калчылдаган келиндин абалын өзүнөн башка сезбейт, туйбайт. Жан жери тисерилип, каны башына тээп, көңүлү айланат, көзү караңгылап, чаташкан оюнан уйкусу безип кетет. Ушу азапты ачыкка чыгарганга намысы жол

бербейт. Эл эмне дейт? Эри элдин бетин кантип тиктейт? Өзүн кармай албаган жалап экен дешпейби? Күндүз иш менен алаксып, түндүк тартылганда жанагы жыландын колуна түшөт да алапайын таппай, кирпик ирмегенге зар болот. Андан көрө чыдайын дейт бир оюу. Доктурга барышсачы?... Ушуну айткандан айбыгат. Күйөөсүнүн жарасын тилип, туз сепкенсип сестенет. Бар күчүн, ызаасын, аламин иштен чыгарат. Үй ичин бүтүрүп, сырттагы мал-салды тейлейт. Эрине, кайненесине жагынмакка отунду жарып, сайдан суу тартып келгенине да кайыл. Тыным жок. Этеги жер жыттабайт. Ошондой күндөрү тырп этпей уктап алганына эртеси баладай сүйүнөт.

Антсе да кайненеси пас назары менен карайт. «Бой-башынан шек билинбейт. Бу менен тең келген келиндердин баласы талпынып калбадыбы. Согончогу канабаса, кармап жүргөндө пайда не…»

Кайнененин мисирейген жүзүн кара булут каптайт. Өздөрүнчө отурганда же үй-бүлөнүн көзүнчө бири-бирине чык этпеген, тик карабаган жалооруй тиктешкенин көрүп, жини кайнайт:

- Эмнеге көзүнө тигилесиң? Талагын бер да, жүк-ташы менен үйүнө айда. Сага бала керек. Этегинен жалгабаганды башыңа урасыңбы?...

Ушу сөз келинди жанчып жиберди. Жылып сыртка чыкты да, ичтен атырылган күчтөн «селт» эте, боюн түздөп, жадыраган кең ааламдан жардам сурагансыды. Атасынын үйүнө кетерине, башы бошогонуна, кара жыландын ишарасынан кутулганына, кайненесинин уу чачып, кыйкымчыл кажыганынан азат болоруна чындап кубанды.

Бирок ошондогу кубанычы эртеси, кийин деле ишке ашпады.

Пахтаны таразага тарттырып, эсебин чыгарганча каш карайып, түн пардасы тартыла түштү.

Келин бир түйүн пахтасын тарттыргысы келбеди. Уялды. Аялдар беш-алты этектен терсе, өзү кантип бети чыдап таразага коет. Терилген гозонун арасындагы бош жерге жайган бир этек пахтасына чалкасынан түштү да, «жымың-жымың» эте көз ымдап көрүнө баштаган жылдыздарга тигилди. Ушу жолугушуудан коркуп да, сүрдөп да кетти. Бригадирдин көзү качан түшкөнүн эстей албай жатты. Пахтаны таза тергиле деп теримчилердин артынан текшерген киши болуп ээрчий жүрчү. Бир оокумда кимдир бирөө кесек менен атты эле, белине тийди, чоочуй караса, үч-төрт кадамдай артта күлүмсүрөп бригадир турат. Келин чоочуп, уялып, кызара түштү. «Эч ким көрбөдү бекен?» деп эки жагын караса, шек билинбейт. Баары тытынган, алардын башы пахтадан чыкпайт. Ушу жоругу эки-үч жолу кайталанганынан бушайман жеп, көзү-көзүнө уруна калса ала качып жүрдү. Ары-бери

басканда телмире тиктеп, ар кайсы убакта, ар кайсы жерден уурдана жалооруй караган көз бара-бара үйүр алышып кеткенсиди… Мындай мамилени эмнеге жоорушун билбей башы маң.

Бир жолу чанакка илешип калган буланы колуна топтоп келатып, келинге жеткенде этегине салымыш болуп, тикчийген көкүрөгүнө колун коомай салып жиберди эле, ансыз деле жанына келерин сезип-туюп апкаарып турган неменин аягынан дүрт көтөрүлгөн кан башына чыгып, өрт алгандай алоолоду… Капыстан кездеше калганда, көздөрү ойноктоп, билектен шарт кармай өзүнө имерип, белине колу ороло түшкөндө эч кимге көргөзбөй, бетинен сүйгөнү жакчу. Жалгыз калышса эле кучагына боюн таштап, ичиндеги бугун, ызасын чыгарып ыйлап алгысы келет. Бирок, анын ыңгайы келгиче качан?..

Айылга жакындап калышкан шарактаган топ-топ кыз-келиндердин ыр-күлкүсү үзүлүп-үзүлүп, түн сиңиргендей угулбай калды. Балпайган байбичедей көктөгү ай этек-жеңин неберелерине толтуруп алгансып, токпейилдене кардай аппак нурун чачып, толукшуп турду.

Кадамынын шарпасы кимгедир билинбесе, шексинтпесе дегендей, гозолорду эки жакка жапырып, акырын келатканын келиндин жүрөгү сезди. «Селт» эте көйнөк-көнчөгүн жыйып, коомай отурду. Тизесине башын коюп, күткөнүнүн келгенине жетине албай эркелеп:

- Каякта жүрөсүз? – деп сурады.

- Райистар келип, эми эле кетпедиби. Дагы жакшы чай-пай ичишпеди. Сени күтүп калды деп жүрөгүмдөн туйлаганын уксаң… Жаным, тыңшачы…

Бутунун учунда отурган келинди так көтөрүп, этектеги пахтанын үстүнө абайлап жаткырды да бети-башынан аймалап өпкүлөп, жүрөк-канын толкуткан жалбырттап-жалындаган сезимдерге чүмкөп салды. Келиндин талаа чогундагы бактысын бөлүшкөн ай ого бетер нурданып, балкып-көлкүп турду…

Апам пахтаны шыпылдатып тез-тез, баарынан көп терет эле. Колуң кол эмес эле комбайн дешет. Ага бөлүнгөн агаттарды сиңдилерим, эжем, ага-инилерим бүт теришебиз. Бутун араң сүдүрөп, бойлору кыдыйган кичинекей балдардын канчоосу жүрөт.

Таң үрүл-бүрүл атып, түн канатын тегиз жыя электе апам келип, башкалар келгичекти эки-үч үймөктү тоодой үйүп салат. Ошол күнү мага териле элек жөөктүн гозопаясына жарым чеңгелдей пахтадан белги коюп кеткин, саарлап адашып бирөөнүкүн терип албайын деп дайындаган. Отуз-кырк чакты гозого пахта илип чыгып, чырмоок жулгучакты караңгы кирип, ээн талаа сүрдөттү.

Шүдүгөрдү аралап чуркап келатып, тык токтодум. Артынганым чырмоок түйүлгөн этек желкемден шыпырылып түштү. Көргөн көзүмө ишенбей турам. Беш-алты кадам нарыраактагы аял менен эркектин ыйбаалуу мамилесин кунттуу аңдай албаганыман, балалыктын бейкапар дүйнөсүнө жат, чоочун көрүнүштөн айбыгып, уурулугу колдон кармалып жыла албаган немедей каякка басаарымды билбей, нес каттым. Колу-бутум шалдырап, аба жетпегендей кысылдым…

Сыртта бороон ызырынып, кар күрткүнүн тоз-тополоңун чыгарып атса, эмнегедир эле кубанам. Эх, кандай каардуу бороон! Терезеге тигилем да, көөдөндөгү боштукту айдап жиберген шамалга ыраазы болом. Деги кызык элем, катуу бороон болобу, чагылган болобу, нөшөр болобу, асман толо жылдыз чыгабы, табияттагы ар бир көз ирмемдер, мүнөт-сааттар жан-дүйнөмө түгөй сыяктуу жакын эле…
Көңүлүңө эч нерсе жакпай турса, түн түшкөндөй түнөргөнүңдө же бирдемеге алаксыш үчүн ар нерсенин башын кармап кайсалактаганыңда жаныңа аралжы боло турган жаратылыш кубулуштары экени ыраспы? Ошондой абалда бороон менен кошо учуп кетчүдөй дээлигем.

Эшиктеги алай-дүлөй ансайын күчөдү. Чыгыштан соккон шамал каарданып, карды асманга сапырат. Кайра эле кууп жүрүп, далдоого үймөктөп таштайт. Ачкарын тоздурган жер көрксүз, ала-була айлана кунарсыз. Быйылкы кышта шамал мынчалык боло элек, ошого сагынып калыпмын.

Свет өчкөнү качан, столго керосин чыракты жагып алып, күндөлүк жазам. Бир дагы сабагымды даярдаган жокмун. Бир маалда долуланган бороон терезени каккылап, баш паанек издеген жолоочудай бар күчү менен ургулап кирди. «Карс-курс» этип бирдеме кулады. Алай-дүлөйгө жүрөк сестенткен үндөр кошула үрөй учурду. Корко баштадым. Ызырынган бороондун жини качан басылат деп аңдыйм. Ордуман жылсам эле, эшикти «тарс» сындырып, кирип келчүдөй элестетем. Түн ооду. Атыраңдаган бороон оо, бир маалга барып, улуп-уңшуп чарчагандай, үнү чыгып-чыкпай тынчыгансыды.

Таң атканда эшикке чыгып, былтыркы тигилген көчөттөрдүн сулайып жатканын, жаш бактын турпатын ийип бүкүрөйткөнүн көрүп зээним кейиди.

Мектептен келатсак, Торпу чалдын үйүнө кирип-чыккандар көп. Эки кошуна сүйлөшүп туруптур.

- Жүр, чалдын там башысын жапканга жардамдаш. Кыдыр аксакал кошуна-колоңун бүт чогултуп атат.

- Э-э, бара бер өзүң. Баласы бар беле үшүгүдөй. өлбөйт чал, бизге караганда чучугу бүтүн – деп ырсайып, купайкесине башын катып үйүнө кирип кетти. Чакырган немё колун шилтей «барбасаң, өлүп кет» деп ары басты.

Кечиндеги озоңдогон бороон там үстүн жапкан камышты тозутуп, торсундарын жылаңачтап таштаптыр…

Бүкчүйүп, ак сакалы сербейген чал эмне кылаарын билбей, алдастай ары-бери басып «айланайын, элден айланайын…» дегенден башканы айтпай, келгендерди алкап жүрөт. Жемекор кемпиринин өңү бозурайып, кумсаңдаган жүзүн бешбетер тырыштыра оромолунан булайган ак саамайлары тозуп, колу-буту калчылдайт.

***1978-жылдын 20-февралы***

Торпу чал Савайдагы эң эле майин, кишинин көңүлүнө азар бермек түгүл, кумурсканын кылына тийбеген жоош, момун чал. Анын өмүр өксүгү толбой өттү. Армандуу дүйнөнүн азабын жегенине карабай, жеке кайгысынан алаксыткан жакшы адаты бар. Баладан көзү өткөн карып, бирөөнүн баласын өз баласындай бооруна тартып, эркелетип, балага баладай кичирейип, божурашкандан тажачу эмес. Короосундагы эрте бышар өрүгүнөн бооpу кызарып, аз-маз даам кирди дегиче, ак жегдесине катып алып, балдардын мектептен кайтышын күтүп отурат. Жол боюндагы тепейген эки буттуу жыгач отургуч мээрими жанда жок, нур жүздүү чалдын элесин биздин айылга калтырып кетти. Өрүгүнөн кийин алмасы, алмасы түгөнгөндө шабдоолу, нагы (алмурут) кезектешип бышып, өзү үчүн эмес, ошол көчөнүн балдары - биз үчүн өстүргөн багы чал менен бала дүйнөсүн байланыштырган үзүлбөс, бышык жип сыяктуу эле. «Дуу» чуркап келген балдар аны тегеректеп, бергенин жеп, ага да алымсынбай, дагы-дагы дешип ызылдап, эбедейи эзилгени «ат бол» деп, жонуна минип алып, шаштысын алса жаны жыргап, баладан айырмасы жоктой туюлчу. Кемпири чалынын «уурулугун» көп жолу тутту, балдарды тыркыратып кууп, көк чыбыгы менен шыйракка сийдире чаап,

алаамиби, күйүккөнүбү же ичи тарыйбы жиниккен сезимдерден өзүн кармабай, эмелеки жылуулуктун өзөгүн өзөртө чабат.

Кыдың-кыдың торпогум,
Кыдыңдасаң коркомун
Ийри-Сууга барганда
…. …

Чалдын ушу ыры жадымда. Жолунан чоң киши учуратса, бала көрсө да, озунуп салам айткан адамды эч учуратпадым.

Мусанын туулган күнү «чоң чырдын» башындай эле болду. Кыздар вечирди зарыгып күтүп жүрдүк. «Эй, «А» класс, бүтүп кетсек эстегенге жакшы, бириң калбай келишкин. Ким келбесе…» Аким кайрадан партага секирип жарыя угузду. Кыздардын жамажайы чачырап, көздөрү күлмүңдөйт, ушуну эле күтүп жүргөндөйбүз…

Шаардан келгендердин кебетеси, кийингени айылдагы балдардан айырмаланып турчу. Чачын оңго же солго бөлө тарап, желкесине чейин сеңселтип коё бергени кызык көрүнөт. Жоон сандан тизеге чейин чыпташкан, багалектен такымга дейре көпөлөктүн канатындай желпинген клеш шымдар ошондо модага жаңы кирген. Кеченин башталышында баарыбыз кысынып-кыпчылгандай туюлду. Бара-бара кобур-собур күчөп, бий башталганда тартынууну жоготуп жибергенсиди… Шыпылдаган жигиттер кыздарды бирден бийге тартып, белинен имере калып, жакындан таанышканга өттү. Биздин балдар колунан алдыргандай мостоюп отурат. Сайпи кылтыңдап, чыр чыгаргысы келсе, коноктордун бир атаманы эшикке чакырып, аста секин тыйып коюптур. Отуруштун акырына чыкпай классташ балдар баса берип, кыздарды тарттырып жибергенине кимди күнөөлөрүн билбей, жаалы кайнайт.

Эртеси сабак башталып, сырттан топурап чогуу кирген балдардын түсү өзгөрүлгөн. Тултуңдашып, сыр көргөзө келекелеп, какшыкташат. И-и, эмне болду?

- Вечирде СПТУнун балдары менен бийлеп, бизге карабай койдуңар.

- Өзүңөр тартпасаңар, ким бийге чакырса, ошону менен бийлейбиз да. Ичиңер күйүп атабы?

- Маңка, силерге итим да карабайт.

- Өлүп кеткиле, ичиңер ачышса, туз жалагыла.

- «Шопурларга» теңелбей эле койчу – деди Байыш Роза менен такандашкан Сайпиге болушуп.

Айрымдар жаңы таанышкан жигити менен эмне сүйлөшкөнүн жебиреп, бүтүрө албай отурду.

Мектепти бүтөөрүбүзгө эсептелүү күндөр калганда ушинтип ыркыбыз бузулду. Ичтеринен сезип турушса да, жаштыкка мүнөздүү текеберлик, ар кимдин өзүмчүлдүгү үстөмдүк кылды.

Тирешүү канчага созуларын ким билсин. Ошондон аз өтпөй, балдар клеш шым кийип, багалегине кыдырата кагаз көктөгүч (скрепка) тизип алып, койкоңдоп келишти. Орус тили мугалимине жакпай калды. Сабагын баштабай туруп, окуу бөлүмүнүн башчысын чакыртты. Ар бирин бирден доскага тизип, «шымыңардагы темирди көзүмдөн азыр жоготкула» деп талап кылды. Биздин чырагыбызга май таамп, көксөбүз канып, кыт-кыт күлө шылдыңдаганыбыз угулуп-угулбайт. Моюн толгоп, эрегишүүнүн ызаасына туталанган балдар кыздардын табалаган көз карашына, кыңк-мыңк күлкүсүнө араң чыдап турушкансыды…

Классыбызда тамакайды так кылган бирөө бар. Сулуулугу да беш, окуганы, жүрүш-турушу да беш. Өрнөк алгыла дегенден бир мугалим тажабады. Гүлүгө окшошкубуз келет, окшошпойбуз. Туурасак да, Гүлү Гүлү боюнча калды. Классташ балдар бири-биринен өтүп, аны жактырышпасын даай алышпайт. Директордун кызы деп апасынан айбыгат беле же, сулууларга мүнөздүү менменсинүү тосмобу, өрттөнүп кеткен эч ким болбоду.

Биз кошуна турабыз. Башка класстын балдары анын үйүн акмалап, каш карайганда андан-мындан ышкырып, тымызын арзуусунун жибине жетеленип, азап жээрин көп байкадым. Ачык турган терезеден анын койкойгон келбети, сеңселген эки өрүм чачы, ай чырай жүзүнө жарашып, көпкө чейин сабакка даярданып отурат. Кыз терезеден көрүнбөй калганга чейин тал-теректин далдоосунда жашырынган боз балдар сүрөткө кандай арбалып, кантип тартылып отурушканын өздөрү деле сезишпесе керек.

***1978-жылдын 14-апрели***

# Жол очерктери

# *КАВКАЗ – ТҮБӨЛҮК ЖАЗ*

Ырасын айтсам ишене албай турам. Кавказды көрүү бактысы чын эле мага буюрду бекен?... Көрсө, мындай бакыт насип кылыптыр. Кавказдын токоюнда дүмүрүнөн кулаган кучак жеткис карагайдын сөңгөгүнө күндөлүгүмдү жайып, жазып жатканымда чындап ишендим. Мас сыяктуу башым кеңгирейт, мурда-соң ажайып сулуулукту, баа жеткис кооздукту көрбөгөн жаным апкаарыйм, сөз таппайм, кубанычымды батыра албай, төгүп алчудай шашкалактайм. Жомоктогу эстен тандырган кыздын сулуулугун айтып түгөтө албай шыпшынып-шыпшынып, суусап кала берген жомокчудай сезем. Мындай сезим самолётко билет алгандан баштап бийлеп, жетер-жеткенче бучкактап кетпей койду.

Эртең менен сегизден элүү беш мүнөт өткөндө Оштон Ташкентке учтук. Билетте 15-августта Минводго учаарыбыз көрсөтүлгөн болчу. Ташкенттин аэропортуна конуп, жүктөрдү эми эле тапшырсак, “Минвод ИЛ-68” аба багытына орун бар экенин жарыя кылды.

Самолётто үч саат учтук. Уктамыш болом, кайра ойгоном, зериктим. Асман мейкиндиги учу-кыйырсыз чалкыйт. Этек-жеңин делбектетип, чамынып-сүрдүккөн ак булуттардын айбаттуу катарынан суурулуп чыккан учак бара-бара көгүлтүр агыш түстөгү түпсүз ээндиктин кучагында зуулдайт. Жүргүнчүлөр бирдей темпте, бир ритмде гүүлдөгөн сүрдүү, бир эсе шаңдуу дабышка термелип калгандай. Мындайда ар ким өз оюна кожоюн. Кавказдын убактысы Москва убактысындай. Биздин убакыт боюнча он бирде учкан болсок, он бирде кайрадан Минводго (Минеральные воды) келдик.

Самолёттон түшөөрүм менен биздин айылга алгач баш баккан жаз жыттана түштү. Эстеңизчи, жаздын биринчи келгендеги күндөрүн. Күндүн жан эргиткен аптабын көк майсаңдын дирилдек жыты ансайын буркурап, кыртыш тиштеген жылуулуктан жер булоолоп, табияттын тумсак, назик жыттары аралашып жуурулушканда, бир башкача көшүлүп, магдыратат эмеспи. Ошол илеби ширин, ымыркай жыт биринчи сүйүүгө жолуккан кыздай, адыр-кырлардан жоолугун булгалап келаткандай, учуп-конуп өйүзгө түшөт. Өйүздөн айылды аралап, үймө-үй кыдырып жөнөйт. Ошол сыңарындай алгачкы жаздын илеби биздин Ошто жай мезгили болгонуна карабай, Кавказда жүрөт. Көңүлүм муздак сууга чайынгандай ачыла түштү. Көкүрөгүмдү толтура аптыгып-аптыгып дем алдым.

Минводдон Нальчикке экспресске отурдук. Мына сага кооздук! Жол катар көз албай көккө болушунча боюн керип, бийик-бийик өскөн

жыш карагайлуу токойлорго, чачын сеңселтип, жүгөрү айдалган талааларга, үймөк-үймөк чөмөлөсү ар кайсы жерде чокчойгон жапжашыл белдерге, айылдан кыйла окчунураак кырлардагы токойчунукубу же бал аарычыныкыбы билбейм, жалаң жыгачтан салынган үйлөргө таңыркап карап келдим. Төрт тарабыңа көз чаптырба, бири-биринен өтүп менменсинген тоолор, күн нуруна каныга турпаты чатыраган жыш токойлор, көк майсаңы ыргалган дөбөлөрдүн фонунан тээ алыстагы бирде "жарк" эте көзгө толуп, бирде булутка жашырына көрүнбөй-көрүнгөн аркайган аскалар Кавказга таандык кебелбестик, койнундагы сырдуу карт тарыхы бүтүн бир дүйнө экени менен эсептештирет.

Кавказдын рельефи өтө татаал, уникалдуу, өзүнө таандык өзгөчөлүк, бийиктик шаңкаят, өзүнө жарашкан келбет менен сүр "селт" эттирет. Түштүк бөлүгүн бир кылка, тегиз жарыш кырка тоолор ээлесе, түндүгүндөгү бөксө тоолордун мекени жылып-жайылып түздүктөргө орун бошотот. Ошол тоолордун табигый, орун-өзгөчөлүгүнө баш ийген аймак кичи жана чоң Кабарда түздүктөрүн түзөт.

Жолдо баратып, Пятигорскиге жеткенде, кудум чашканы жерге көмкөрүп койгондой, Машук тоосу көзгө түшөт. Так ушул тоо тарыхый окуянын күбөсү катары түбөлүктүүлүктү багындырып, ыйык жайга айланган.

Аскердик чинден, карьерадан көңүлү калган Михаил Юрьевич Лермонтов 1841-жылы жазында Пятигорскиге келет. Анын ысмы бүткүл Орусияны дүңгүрөтүп, эркиндикти сүйгөн поэзиясынын "керемет духу" орус падышачылыгынын көкөйүнө көк таштай тийгенине карабай, элдин көкүрөгүндө ырдалып, акындын аты ардакталып турган кез...

М.Лермонтовду изилдеген айрым адабиятчылардын пикирине таянсак, акын өзүнө жакын, санаалаш досторуна жакшы мамилеси чын көңүлдөн чыгып, өзү жактырбаган, кыртышы сүйбөгөн өз чөйрөсүндөгү адамдарды мазактап, кордоодон тартынбаган корс кыялы өз өлүмүнө себеп болгон дешет. Ак сөөк төбөлдүн балында отставкадагы майор Мартыновду айымдардын көзүнчө шылдыңдаган, намыстанткан, басынткан. Кечирим суроонун ордуна таарынычына жооп кылып, өзү баш болуп дуэлге чакырат. Орустун эки жапжаш мырзасы ошол мезгилге мода болгон адатка баш ийип, Машук тоосун көздөй бет алышат...

Ошондогу тартип боюнча секундант Васильчук бул окуянын аягы эмне менен бүтөөрүнөн кабарсыз барат. Кыялы чорт, мүнөзү кырс болгону менен көкүрөгү жаш баланыкындай таза, каны суюк акын

“оюндан от чыгаарын” таназарга албай, ызалуу, кыжыры кайнаган Мартыновдун огунан каза табат. Балким, акындын озунуп ок атпаганы анын киши өлтүрүүгө кудурети жетпешин билгенинендир, балким өзү деле, Мартынов деле март мырзалардай асманга атып, тим болушаар, балким “өмүрдүн баасы жаман сөздөн, шылдыңдоодон асман менен жердей артыкчылык кылаарын билет” деген ой азгыргандыр... Мартынов катардагы пенделердин бири, жапжаш бир жигитти эмес, орус поэзиясынын орошон жылдыздарынын бири, бир жаралып, бир келген кайталангыс классикалык поэзиянын корифейинин канына забын болгонун өзү сездиби...

Көз алдыма М.Лермонтовдун кырчындай жапжаш элеси тартылды. Машук тоосундагы ага тургузулган эстеликке таазим эттим. Кыргыздын боз үйүнүн түндүгү сымалданган Машуктун аңкыган таза абасында адамдын эркиндигин, духун, жан дүйнөсүн тумчуктуруп, темир торго деле, монастырга деле камап коюуга болбой турганын жар салган “Мцыри” поэмасындагы мындай саптар жар салып тургансыды...

“Я знал одной лишь думы власть,
Одну – но пламенную страсть...”

Жол түптүз, экспресс учкан куштай зымырайт. Жолдун эки тарабы анда-санда керилген жайыттай адыр-дөңсөлөр эле болбосо, дээрлик токойлор менен курчалган. Тоолорунда кыртышты бекем чапчып, бутак-шагын ойкелди коё берген эмендер, алардан жогорулай жылдын төрт мезгилинде тең жапжашыл көйнөгүн көйкөлткөн колхида бадалдары жайкалса, улам бийиктеген сайын жышташып, биринен экинчиси оозунуп, бут бастырбаган ийне жалбырактуу жана катарга тизилген жоокерлердей зыңкыйып, көктөн көзүн үзбөй какайган мырза карагайлуу токойлор керилет. Бир караганда Кавказ бүтүндөй жапжашыл токойго чөгүп кеткендей сезилет. Тоо этектериндеги пастек бойлуу эмен, зараң, липа, шилбилер бийиктиктен көздөрү өтүп, көксөөсү бирөө гана экенин жашырбайт. Ылдыйкы түздүктөрдүн бетинде кызыл-тазыл гүлдөр жайнайт, керимсел желге башын ыргалтса, түбөлүк жаздын ырын жарышып обон созгондой туюлат.

Нальчиктен Советскийге жол тарттык. Күн улам кечтеп баратат. Буерде балкар, кабарда, чечен, ингуш, карачай жана башка бир канча улуттар жашайт. Кабарда-Балкар АССРинин борбору Нальчик шаары. Шаар жаш экенине карабай, ар тараптан өнүккөнү, мезгил сайын жаңырганы бир көргөндө байкалат. Балкарлар менен кабардалар кудум биз менен өзбектердей. Аларды тарых менен тагдыр тамырлаштырып таштагандай. Күн кечтегенде учу-кыйыры көз талыткан жашыл

алкактын кучагынан чыга албай, эки тарабы тоолор менен оролуп, ортосунда райондун борбору Кашка-Тоого келдик.

Кадам сайын тоолор, токойлор жолукканы менен жалпысынан окшошконсуп кеткенине карабай, ар биринин айырмасын, өзүнчө көркөмүн, айбаты менен ажарын, түнттүгү менен сыр ачпастыгын, табышмактуулугу менен кызыктуулугун байкаса болот.

Кашка-Тоо кадимки кыргыз айылына окшошот. Айылдын аркы өйүзү бирден онго чейин "поляна" деп аталат. Берки өйүзүндө тоо түбүнөн чубалып, дарыя агат. Бир ачык жери жок токойду жерип-челип бараткансыйт. Элестетип багыңыз, тоо түбүнөн улам узаган сайын нугу кичирейип, карегиңизге сыйбайт да, бир кара чекит сымал калың токойго сиңип кеткендей сезилет. Суу жээгиндеги крапинка деген укмуштуудай заар өсүмдүк бут бастырбай, колу-бутуңду аңдыйт. Кокус бир жериңе тийди дегиче чагып алат, тызылдатып ачыштырганын, кызарып (бөрү жатыштай) кычышканынан көзүңдөн жаш куюлтканын көр. Биздин жердеги чалканга окшош, бирок бийиктиги эки-эки жарым метр келген өсүмдүк. Балалаганды жакшы көрөөрүн жактырасың.

Мен конокко барган эки жыл Ош désинституттун жатаканасында бир бөлмөдө жашап  (паспорттогу аты-жөнү Зайнап Кадырова) студенттик күндөрдү чогуу өткөргөн Зина эженин эжеси Зухранын балдары Рашид, Азамат менен токойго арча тергени чыктык. Жаш балдар жарышып, жаңгак чогултуп, бири-биринен кызганып жүрүштү.

Токой бүтүндөй жаңгак, дуб, липа, кайың, четин, зараң, чынар терекке толгон. Ар бирине узатасынан бөлүнгөн тоонун токоюна номур коюлуп, поляна деп аталат. 1941-жылдагы Улуу Ата Мекендик согуштун тагы, көз көрүнөө изи жүрөктү "болк" эттирет. Казылган окоптордун орду, окоптор чуулдаган октун үнүн унута албагандай, 1942-жылдын октябры менен 1943-жылдын кеч күзүн эске салат. Токойдун ичи өтө түнт, кээ бир жеринен күндүн көзүн көрө албайсың, улам ичкерилеген сайын кызыл, көк карагайлардын карааны айбаттуу, сестентет, кала берсе эмелки жарык караңгылыкка, коймолжум түнгө жол бошоткондой сезим келет. Ылдый түшкөнүбүздө керимсел желге бир башкача жагымдуу жыт арбалып, жыпар жыт жыттанды. Көчөдө баратып, балкар келин-кесек, кемпирлердин сыртткы дарбазасынын жанындагы дүмүр отургучтарда кийим-кечек токуп отурушканын көп көрдүм.

Эки-үч күндөн кийин жолу асфальт төшөлгөнү менен ойкуп-кайкып, өпөңдөтүп секирткенине кайыл  боло эки тарабы чалкыган токой, андан ары буту-колун кенен созгон түздүктөрдүн алкагын артка калтырып, тоолордун койнуна бекинген "Голубые озера" көлүнө

токтодук. Бул кереметтүү көл “Верхний” жана “Секретный” деген көлдөр менен туташып, ичкериден кол кармашкандай, бири-бирине окшоштугун, бири-бирисиз жашай албастыгын айтышты жергиликтүүлөр. Эл оозунда айтылган илгери-илгери болгон сулуулар жөнүндөгү легендалардын күбөсү экенине ынанасың.

Көлдүн көгүлтүр суусу таңдантты. Мындай көкмөк, мындай тунук, мындай сымаптай кубулжуган көк кашка көлдү азырга чейин көрбөдүм. Табият жасап жатканда ичи тарып, кызгана көздөн далдоорокко жашырып койгонсуйт. Кол менен сызгандай тептегерек толгон ай сыяктуу кемтиксиз көлдүн жээги жыш токой. Көлдүн сыя ыраң ачыгыраак түсү көзүңдү азгырат да турат, болор-болбос желге быжыраган ак толкундар чайпала, кол булгалап, сени көздөй далбасургансыйт. Сууга түшүүгө болбойт, мупмуздак, кала берсе балыгы да жок экен. Карап эле отургуң келет. Жылдыз толгон асманды ушул көлдөн көрүүнүн өзү эле ажайып нерсенин чылбыры колуңа тийгени менен барабар да... Жээгинде, бактын ичинде туристтер, дем алуучулар бакадай чардап жатышат. Аларды тейлеген жергиликтүүлөр көбүнчө балкарлар, алар соода-сатыгынын кымкууттугуна куштар. Беш-алты чакырым жүргөнүбүздө кулакты тундурган Черек дарыясына кезиктик.

“Орус поэзиясынын күнү” Александр Сергеевич Пушкин 1829-жылы бийликтин уруксатысыз Кавказга келгенде, падыша Николай анын артынан жашыруун көзөмөл уюштурат, арам ойлорунда же түрктөрдүн огунан набыт болсо, бунтчул акындан оңой эле кутулушаарын же акын бу сапарында падышанын аскерлеринин эрдигин даңазалап кетеринен үмүт үзүшпөгөн. Бирок, акын жүрөгүнүн буйругун аткарып, өлкөнүн кыжаалатчылыгын унуткарып, согушту эмес, тынчтыкты Кавказдын чүрөктөй сулуулугун мындайча ырдаган.

Мен турам бийиктикте жалгыз гана
Кавказдын чокусунда карды басып.
Алыста мени менен катарлашып,
Бир бүркүт учуп жүрөт канат кага.
Бул жерден көрүп турам сел чыкканын,
Жана да коркунучтуу көчкү учканын.

Ушул сыяктуу Кавказдын айжамал коздугуна арнап, бир канча ырлар түрмөгүн жараткан.

Кавказдагы ири дарыялар: Терек, Малка, Баксан, Чегем жана Черектин башаты Безенги, Дыхсу мөңгүлөрүнөн куюлуп, кишинин кан тамыры сыяктуу бүткүл аймакты кучагына алганын баш-аягы кайда, нугу кайсы, куймасы кандай баары биригип, акыры барып бирин-бири толуктайт, бири экинчисин кубаттайт. Черектин суусун карасаң башың

айланат. Биз көпүрөнүн үстүнө чыгып карадык. Тепкич сындуу кыр-кырга бөлүнгөн кууш тоонун түбүндө киргилт суулуу Черек буурадай булкунат. Капаста камалганына жаны кашайган бууранын ачуу үнүндөй азалуу дабышы алыс-жакындагынын жүрөгүнө кол салат. Өтө терең болуш керек. Таш ыргытсам, абада калкыган сымал термелип, бир кыйлада барып жок болду. Сөзүң угулбайт. Чар тарабы токой, кыналышып кербезденген тоолор маңкаят. Жазы жалбырактуу чытырманды телегейи тегиз бук, эмен, катраңкы, кайың дарагы каптаган. Күңгөй тарабында мистей тунук, куруттай катуу алмурут, алча, алмалар көзүңдү ала качат.

Так ушул Черектин тууганы Терек дарыясы деле учу-кыйыры билинбеген табышмактуу аймакта жарышып агат. Анын сүрөтүн тартууга да чабалдык кылаарымды билем, андан көрө келиңиз, поэзиянын сыйкырчысы Пушкиндин Теректи кандайча сүрөттөгөнүн өз оозунан угалы.

Жулунуп тамак көрсө аңдый карап
Жырткычтай капастагы ойнойт, улуп.
Удургуйт касташкандай жээгин уруп,
Ач толкун капчыгайдын ташын жалап,
Ага жок же кубаныч, же бир тамак!
Туш-туштан коркунучтуу тоолор камап.

Табияттын татаал мыйзамы, эки жерде эки төрт деген чен-өлчөмү, аз же көп дебеген калыс таразачысы бар. Ошондонбу өзү жасаган сулуулукту коздоп, коргоп, оожалтып, бапестеп асырайт. Чебер жаратмандыктын бир мисалы ушу Кавказ да. Ошого карабай жаратылыштагы кырчылдаган күрөш, тымызын өч алуу салгылашы билинбей өтөт, бирок тынчыбайт. Антпесе кол менен жасагандай коздугу кооптондурган нерселер, тең салмактуулуктун бузулушунан пайда болгон, ички карама-каршылыктын таймашынан чыккан сел, көчкү, чагылган, бороон, кыян жана башкалар коркутат беле? Токойлордун жүрөгүнүн үшүн алган чагылган, дарыя, көл, арыктардын нугун бузган сел, тоо-таштын тамтыракайын чыгарган көчкү, түздүктөрдү жалап-жуткактаган кыян ушулардан коркот табият. Адам адамдан корккондой, өзүнүн ички стихиясынан өзү коркот. Эмнеге?

Кавказдын аба-ырайына ишенип болбойт. Бир жеринде жаркылдап күн тийип турса, экинчи жеринде булут каптап, жамгыр нөшөрлөйт да, бат эле ойсекедей жылмаңдап, жашын аарчып, булуттан жылжып күн чыгат. Кол чатырыңды нымдап, суулабай горизонттон арыраак жылып барып, баягы кылыгын кайталайт. Же көктүгүн карматса, челектеп куюп, бугун чыгармайын жерди чапкылап, эзип таштайт.

Зина эжелер кофта токуп, туристтерге соодалаганы күн алыс курортторго кетишет. Мага Нальчик университетинде окуган тууганы көзү көк, ак жуумал, чачы тармал, шыңга бойлуу Светаны кошуп беришти. Быдылдап, тез-тез сүйлөгөнүнө түшүнбөй кийинчирээк көнүп, ыгынан чыкпадым. Ал менен шаар айланып, дүкөндөрдү кыдырдык. Аердегилердин жашоо тиричилиги бизден өйдө, бай жашашат. Тоо кырларындагы эки кабаттуу кооз курулган үйлөр, кийингендери бүт чет элден келген товарлар. Курорттук зона болгон үчүнбү биздеги таңкыс, кампалардан тааныш-билиш аркылуу алынган буюм-тайымдар буерде өз баасында. Чулок (жылтыраган бутка чапташкан) өтүктү жыйырма сомго алдым десем эч ким ишенбейт. Портко жакын жашашканынанбы же соодага эрте аралашып, капитализмдин стадиясынан жашап өтүшкөнүнөнбү соода-сатыкка бүйрө, тың келишет. Чет мамлекеттер экспортко жөнөткөн жүктөрдү ушерден түшүрүп, көрсөткөн багыттарына жөнөтүшөт. Соодагер-чайкоочуга союз мезгилинде мыйзамда чара көрүү катуу болгонунан чаар топучан киши дүкөндөрдүн ар биринен эки-үчтөн япон жоолугун (ошондо өтө таңкыс, наркы кымбат болчу) сатып алып, эки жагын акмалай каранып, эч ким байкабадыбы дегендей кысынып, сумкесине шып салып коёрун байкадым. Каерге кирсек, баягы чаар топучан ошерден чыгат, дагы жоолук сатып алып жүрдү. Туристпи, соодагерби ким билсин? Базарда анар сатып отурган өзбек чалды көрүп, тааныштымды көргөндөй сүйүндүм. Оштон экенимди билгенде “анар жеп кетиңиз” деп сыпайгерчилик менен эки колун бооруна алып эбелектеди.

Жердин ар бир кадамын, рельефин бузбай, ой-түзүнө образ киргизип, эмен, кайыңдын туруш турпатын өзгөртпөй, жака-белиндеги кичирээк бош аянттарга декоративдүү дарактарды орнаментке түшүрүп, түс түркүн гүлдөрдү эгип кооздогон “Аюу” деген эс алуу борборун айланып чыкканыбызда Света мындай деди:

- Эртең укмуш бир ресторанга киребиз. Бийлейбиз. Жасанып алалы ээ.

Баш ийкедим.

Бабугандан өткөндө Балкар адабиятынын негиздөөчүлөрүнүн бири Кезим Мечиевдин эстелиги жолдун боюна орнотулган. Улуттук кийимчен, папаха кийген, орто жаштан өткөн акынды биздин тоо булбулу Токтогулга окшоштурдум. Элдин үмүт мүдөөсүн көздөп жашап, ырдап өткөн акындарда келечекке болгон үмүт тилек шыктантып турат эмеспи. Мында бедиз скульптору пафосту, патриотизмди биринчи пландан караган.

Ресторан “Саламдын” жасалгасы менин эсимди оодарды. Орундуктарды бөлүп турган тосмодо кенен жиптен жөргөмүштүн элесин берип, кара жыгачтан анын башы оюлган, коздөрү чырак, жанып турат. Залдагы ар бир картина, пано, буюм улуттун колоритин, улуттун мүнөзүн, өзүнө таандык каада-салтын, ой-дүйнөсүн айтып турат. Мармар таштан чегилген скульптуралык ансамблден тоолуктарга мүнөздүү эр көкүрөктүк, менменсинүү, бой котөргөндүк, бийиктиктин дымагы сезилет. Кыңгыр-кобуз (арфа) ойногон жигиттин музыкага балкыган, музага арбалган жүзүнөн бакыт нуру төгүлөт. Терезелерде токойдон кездештире албаган үлбүрөк, дирилдек, уялчаак, назик гүлдөр бажырайт. Кенен залдын тегереги жөргөмүштүн уясына чегерилген отургучтар, ортодогу кенендиктен кыйкырсаң биягынан тыягына угулбастай туюлат...

Света экөөбүз ылдыйкы бош орундардын бирине отуруп, эмне буюртма берерибизди масилеттештик. Ал жөн эле пикелешүүгө даярданган келинчектей жасанган. Тармал чачынын жасалгасына карап эле отургуң келет. Көгүш козүнон сурмасы, макияжы асман түспөлдөнгөн жибек көйнөгүнө куп жарашат. Асман периси булуттан чыга келгендей...

А мен согончогума жеткен калың чачымды бирдей кылып өрүп, студент кезимде эң жакшы көргөн ромашка гүлдүү чыт көйнөгүмдү кийгем. Кымбат баалуу кийим, боёнуп-түзөнүү эсиме келбептир. Баштарааак бир аз кысынып, корунганым чын. Кийин өзүмдү колго алдым.

Биринчи тамакты официантка столго коюп кетти. Бир убакта төрдө отурушкан эки жигит жаныбызга келип, отурууга уруксат сурады. Света шаңкылдап “бизге эч ким тоскоол болбойт, бирок кыргызстандык мейман кыздын көңүлүн таба алсаңар, отурсаңар болот” деди.

Экөө тең мени жалт караштьг. Сүрдөп кеттим. Бири чап жаак, кашы-көзү капкара, мурду койкойгон, тиштери күрүчтөй тизилген, буудай ыраң, көкүрөгүн түк баскан жигиттин аты кабардинче болуш керек, Өзүн Миша деп тааныштырды. Көзү жанып, күйүп турат. Экинчиси Тахир деген балкар. Кинодогу актер Вахтанг Кикабидзеге куюп койгондой окшош. Арык, узун бойлуу, муруттары ийнедей тикчиет, көзү ойноктоп, шайыр мүнөзүнөн кабар берет. Экөөнүн жашы ашып барса жыйырма төрт-жыйырма бештерде. Бүркүт каадасындай столдо какайып отурушканын карап олжосуна сырдуу да, кызыгып да тигилген канаттуудай сезилет.

- Балачык каерликсиң?

- Оштон.

Экөө тең "Ош, Ош..." деп жарыша айтып, өздөрүнүн тилинде божураштьі. Же мен жарытылуу орус тилин билбейм. Тили кысык немедей, тиктеп коюп отурам. Балкар жигит Ошту билем, согуш мезгилинде туугандарыбыз жашап келишкенин атам айткан деп эсине түшкөнүнө жетине албагансыды. Мишанын көзү Светадан өтүп, сүзүлүп карайт.

- Окуйсуңбу?

- Ооба. 2-курста окуйм.

- Жакшы...

Столго түркүн тамактарды жайнатып таштады. Кумура сындуу, өтө эле кооз грузин виносунун бөтөлкөсүн көрсөтүп, Тахир мактап кирди. Эптеп эле мейманга ичирсек экен деп далбастайт.

- Балачык, не ашамайсың ал, ал... деп кыстайт. Ээрдиме тийгизем да, кайра коём, ичсем эле мас болуп, уят болуп калчудай чоочуйм. Мурун-соо татып көрбөгөндөн кийин кыйын экен. Светанын бешенеси тырышып, ачуусу келгенин билдирип койду. "Сыйлагандан кийин кылыктанбай ичсеңчи..." деген жекирүү турду көзүндө.

Света менен Миша сөзү, оюу төп келишкен кыз-жигиттей ымалашып, өздөрүнчө сөзгө өттү. Тахир экөөбүз чала-була орусча, балкар тилинде анча-мынча эле сүйлөшкөнүбүз эле болбосо, тиктешип отурдук. Мындай абал аны зериктирди окшойт, музыканттарга жетип барып келди.

Зал ичинде Лиля Ивановнанын жан дүйнөнү дүрбөткөн, чыныгы сезимдин кылдарын черткен, аяныччтуу, кусалуу, сагыныччтуу жана лирикалык тембрге бай сүйүү жөнүндөгү ыры жаңырды...

Я думала за ней придет другая,
И снова я буду сильная.
Я только лишь поняло,
Что в жизни у меня любовь одна...

Бийге чыктык. Баары бизге карашкансыйт. Же мага ошондой сезилдиби... Музыка ойнолуп бүткөнчө оңтойсуздандым. Балким, Светанын сулуулугу залды арбап жаткандыр.

Күбүр-шыбырды кулагы чалганбы же өзүнүн оюн таңуулагысы келдиби, Тахир отуруп жатып:

- Биздин меймандын олоң чачына баары суктанып жатышат. Келгиле, ошон үчүн алалы, - деди. Беркилер коштоп кол чабышты.

- Светадай сулууну тандаганым үчүн мага карагандыр, досум, - деп Миша тамашалады.

Столдогулар кызып калышты. Официантка кыз бир табакты көтөрүп келип, жаныбызга туруп калды. Миша ордунан туруп:

- Бул биздин улуттук эң сыйлуу тамагыбыз "хачыны". Меймандын урматына атайын даярдаттык. Өзү биринчи алып берсинчи деп, урмат менен тарелканы колума карматты. Дакидей жупжука жайылган, үч бурчтук кесилген камырдын ичинде майда тууралган ар кандай буруксуган татымдар кошулган эттүү тамак экен. Шилекейиңди жуттурат.

Керимсел жүрүп, жаздын жагымдуу жыты жан жыргатат. Асман шаңкайып, жүзүн тегиз ачканда, алыскы-алыскы Эльбурстун ак мөңгүсү көрүнө калат. Кээде ал жакындай, кээде өгө эле алыстай, бирде чоңоюп, бирде кичирейгенсип көрүнөт. Кавказдын кайсы жерине барба, эң бийик чоку Эльбурс. Кай тарабынан караба сырдуу, каардуу, кабагы ачылып-ачылбаган Эльбурс. Кышы-жазы ак мөңгүсү козголбогон Эльбурс.

Жогорку Балкарияга баратканыбызда тоо чокусундагы кууш, тар, оркоч жолдордо жүрөгүм оозума тыгылды. Кавказдыктар көнүп калышканбы, кабагым-кашым дебей, автобуста беймарал барат.

Дых тоосунун кырка тоолорунда жапжашыл шалбаалар көйкөлөт, бийигирээк жагы тоолуу шалбаага, ылдыйраагы колхида бадалдарына жыш толгон. Аркайган аскалуу токойдогу беш-алты адамдын кулачы жеткис карагайлардын бийиктигин, жоондугун, кээ биринин коркунучтуулугун айтпа. Укмуштуудай сөңгөгү жер бетинде таралып "эч бириңе күн көрсөтпөйм" дегендей дулуят. Таштардын фигуралары ар нерсенин элесин берет. Адам-таштар, жаныбар-таштар, куш-таштар, жырткыч-таштар, койчу, тил бүтсө сүйлөп жиберчүдөй сүрдөтөт. Беттери жапжашыл майсаң. Жашоо үчүн күрөш токтобойт. Буерде жашоого куштарлык күч.

Токой аралап баратып, эмнегедир "Мцыри" поэмасындагы монастрдан качып чыгып, үйүн, карындашын, атасын эстеп кусаланып, адамча жашоого зар болгон жаш баланы эстей бердим. Алдыман чыгып калып жүрбөсүн деген жолбун ойлор да шаштымды алды. Алты жашында монастырга камалып, караңгы токой, түнт тоолор, азуулуу аска, жапайы жырткыч, адам изине зар болгон караңгылыктан башканы билбей, эркиндикти эңсеп, жан дүйнөсүнүн боштондугу үчүн күрөшкө чыккан жаш уланды аяп, кайраттандым. Деги адамдын, эркиндигинен кымбат, баалуу эмне бар бул жашоодо?

Келгениме эки жумадан ашты. Бир күнү "Голубые озера" колүндөгү пансионатта таанышкан кызга баратсам, бирөө атыман чакырат. Жүрөгүм опкоолжуп, өзүмө батпайм. Ким мени буерде

таанышы мүмкүн? Үн чыккан жакка чуркадым. Пансионаттын ылдыйыраагында Балкариянын туш тарабына каттай турган автобустардын автобекети бар. Кадимки айылдыктардай кийинген бир балкар аял өйүздө туруп, автобуста отурган бирөөгө "Кезбан!, Кезбан!" деп кыйкырып жатыптыр. Мага "Ризван" болуп угулду...

Көңүлүм чөктү. Эмнегедир оюма айылым, апам, атам, бир туугандарым келип, сагынычтан өпкө-жүрөгүм толуп, азыр эле жөнөп кетким келди. Бир ууч алаканга толбогон Савайым көзүмө оттой көрүндү. Кичинекей элеси ушундай чоң чөлкөмдүн алдында ого бетер кымбат көрүнүп, жүрөгүмө батып-батып кетти. Эч нерсени карабай, туулган жериме учуп барып жерге бой таштагым келди... Эч нерсе алаксытпаган, эч кимди таназарга албаган, отурсам-турсам оюмдан кетпей, көөдөн-карегимди эжигейдей эзген кусалык куушурду. Зина-эже, Света дагы "али чыныгы Кавказды көрө элексиң, жок дегенде, Кисловодск, Железноводск, Ессентукиге бара кет, кайра келесиңби-жокпу ким билет", - деп жалдырашат. Алар деле, көбүн көрбөй, чет жакасы ушунчалык куштарланткан Кавказ деле көзүмө көрүнбөй, айылымды сагынып, жүүнүм бошоп, ыйлагым эле келет, ыйлагым эле келди. Өмүрүмдө биринчи жолу сагынычтан өткөн күчтүү, сагынычтан өткөн үстөмдүү сезим жок экснин билдим...

29-августта түнкү саат экиде Кавказдан учтум. Ошол күнкү күтүү бир өмүргө татып кеткенсиди. Аэропортко эрте эле келдим. Балкар туугандар эстен кеткис кылып узатышты.

Турам. Убакыт жылбай тушалат, чый-пыйым чыкты. Аэропортто ары-бери басам, тынч отурганга эрким жетпейт. Шашылып, ашыгып жаттым. Эмнеге? Өмүр жаштыктын жапжашыл кезине алымсынбай, андан да күчтүү, андан да түстүү боёкторуна ашыгып жаттымбы? Өз оюман чыга албай алдастап атсам бирөө эле, бир көз мени ээрчип, отурсам отурат, бассам басат. Уурдана тиктеген жебелер менен кокус кагылыша калсам, карегим удургуйт, ойт бергендей көзүмдү ала качам. Түшүнүксүз, бирок жагымдуу көз караштар кайра-кайра арбалып кездешет, кайра-кайра сүрдүгө кетенчиктейт. Мени да ошол казак жигиттин көздөрү магниттей тартып, өзүнө сыйкырлап жатты. Бирок, эки тагдыр эки башка багытка сапар тартарыбызды билгенде, экөөбүз тең ичтен сызып, ичтен тынып отуруп калдык. Белек-бечкек саткан дүкөнгө кайсы маалда киргенин билбейм, чоподон жасалган, оймо-чиймеси кылдат, кооз кавказ сыбызгысын кош колдоп колума карматты. Мен анын жылдыздуу жүзүн көп жылдар бою өзүм менен кошо алып жүрдүм...

Түнкү саат экиге жакын самолёттун трапына бут койгондо, терең дем алгансыдым. Биздин убакыт бул маалда таңкы саат беш болот. Асмандын бир жагын караңгылык чалып, экинчи жагы тилкесинен радуга түспөлдөнүп жарып келатты...

Күндүн уясынан жаңы көтөрүлгөнү, көктөгү жети түстүн айтып бергис боёгунун шооласы, кубулжуганы өтө эле кооз.

Көзүм жаңыдан илине баштаганда, стюардесса тамакка ойготту. Так ошондо асман ажарын толук ачкан кез экен. "Кош, Кавказ! Сенин кайталангыс сулуулугуңду түбөлүк унутпайм!"

**1982-жылдын август айы**
**Ош-Ташкен-Кавказ-Ош**

## *Кашкар соода дарбазасы*

### *Жолдо бараткада же ажал кайып сымал...*

Ош-Эркечтам жолунун Кыргызстан менен Кытай мамлекетинин чекарасына чейинки аралык эки жүз элүү-эки жүз алтымыш чакырым. Жайдын дем кыстырган үп-аптабынан безип, Ош облусунун губернаторунун биринчи орун басары Кадырбаев Айтмамат баштаган расмий делегация кечки серүүндө жолго чыктык. Ош-Гүлчө-Эркечтам жолунун азыркы кейпи кимдин, кандай автоунаа болбосун, адебин колупа бергидей, ойулуп-бузулуп, тамтыгы калбаптыр. Жүк тарткан чоң-чоң «КАМАЗ»дар, аркы-терки куюндай кайнаган ар кыл автоунаалардын азабын тарткан жолдун ызгыган чаңын бир айт, ичек-боорунду аңтарылта секирткен ойук-тешигин, өңгүл-дөңгүлүн эки айт. Ханзулар менен мамиле оңолгондон бери бул жол эки тарапка, кала берсе, коңшулаш өлкөлөргө кулдай кызмат кылганы менен ага көңүл буруп, аянычтуу абалына назар салган жан жоктой. Ар кимге өз пайдасы кызык болсо, ортодогу жолго кантип баш оорутсун?

Чыйырчык ашуусунан өтүп, Таш-Коргон айылына жетип-жетпей, көз байланып, караңгылык кучагында келатабыз. Түнкү саат он экилер чамасы. Кан жолдон нарыраакта, көздөн далдоо жерде төрт дөңгөлөгү асманды карап, чалкасынан түшкөн «УАЗ» жатат. Алдында үч адам каңгып баскансып, шопурбу, кимдир бирөө автобустан секирип түшкөндөй болду.

- Авария болгонбу? – деди «ЖИПтин» айдоочусу бүшүркөп.

- Токточу! – деди, дароо Айтмамат.
Облустук мамлекеттик администрация кызматкерлери Райымберди Шайымкулов, Азиза Нукеева, Сагын Маматоморовдор машинадан ыргып түшүп, кырсык болгон жерге чуркап жөнөштү.

Кудай бетин көрсөтпөсүн! Ары бери чапкылаган машиналардын иши жоктой. Карасуу-Жергетал багытындагы эски «УАЗ» тез жардам машинасы чалкасынан оодарыла ичиндеги онтогон, кыңкыстаган үндөрдөн дене үркөт. «Балдар, тезирээк жарадарларды алып чыгалы…» деп А.Кадырбаев «УАЗ»ды карай жүгүрдү. Мындайда адамды кайраттуулук, эрктүүлүк бийлеп алат эмеспи, жигиттер көз ачып-жумганча он-он бир чамасындагы эки эркек баланы, алты-жети жаштагы кызды алып чыгышты. Биринин буту, биринин башы кыпчылып, бети-башы тытылган, «белим» деп, онтогон аялдын өң-түсүн таанып болбойт. Адамдан жүгү көп автобустун ичинен бирдемени андоо кыйын, баары ун, кумшекер, чай-чамек, жашылча-жемиштер аралашып калыптыр. Антип-минтип тогуз адамды алып чыгышты. Экөөнүн качан мүрт кеткени белгисиз, сөөгүн кийизге ороп, обочороок жерге коюшту.

- Эч ким калган жокпу?» деген Айтматтын үнү жан алакетке түшкөн, жандалбастаган, кудайлаган, муңдуу үндөрдү басып кетти. Ошентти да «жакшылап карайлычы…» деп безилдеп жиберди.
- Канча жан бар эле?

Аяк жакта бир баланын буту соройуп чыгып турат. Раимберди Шайымкулов баланын бутун кармаса ысык, жаны бардай. Бирок бүт тулкусу жүккө басылып калган баланы куткаруу оңойго турбады. Жолдон өткөндөрдү адеп кол булгалап токтотушту, кийинчерээк жолдогулар кырсык болгонун боолголоп, түшүп жатышты. Эркек кишилердин карааны арбый берди. Кыргызы да, өзбеги да, башкасы да бар, кытайлык номурдагы автоунаалар гана токтогон жок. Кишилер көптөшүп «УАЗ»дын алды жагын так көтөрүп, калганы жүк менен жүк болуп жабышып калган баланы араң бошотушту. Он-он эки жаштагы баланы бугу менен жерди таканчыктатканда «суу» деди араңдан зорго. Суу ичиришти. – Бутум – ий, деп бала өбөктөй калды эле, Сагын баланы так көтөрүп, токтоп турган «КАМАЗ»дын бирине жетти да: - «Ооруканага, тезирээк!» деди шопурга. Ош облустук акимчиликтин

кызматкерлери үч сааттын ичинде он бешке жакын адамды куткарып, жарадарларды Гүлчонүн ооруканасына жөнөтүп, түн ортосунан оогондо, чегараны көздөй жол тартышты.

### *Ханзунун катуу тартиби*

Сымканага келгенде түш ченде эле. Кытайдын чегарасынан өткөндө, кеминде үч-төрт өтмөктөн токтотуп, бажыканасынын өзүндө эки-үч саттай текшеришти. «Документтерди кылдат карайт экен» десек, аялдардын кол сумкасын тытып, жүктөрдү аңтар-теңтер карап чыгышты. Көкүрөктү рентген аппаратына салып, жүзүңө кылдат үңүлө тигилген тили бууру ханзулардын (кытайлыктар) куш тилиндей «чаң-чунг» кыйкыргансып, сүйлөгөнүн түшүнсөк эмне… «СПИД» оорусунан тазабы деген тастыктаманы сурашты. Машакаттуу текшерүүдөн кийин Рахматтулло аттуу котормочу кыргыз жигити, эки ханзу менен кошо автобуска отуруп, ичкериге карай сапар алдык. А бизге конок келсе, бардык жерде жашыл түс жаркырап, оозубуздагыны да бергенче шашып турабыз.

Атактуу Исак Монуевдин айылы Сымканадан арылап өткөндө эмелеки ой-кыры жапжашыл, ак карлуу, көк мөңгүлүү, бийик-бийик тоолор менен курчалган кыргыз жери түгөнгөндөй сезилет. Бозурайган бөксө тоолор, какыраган кокту-колоттор, таштактуу адыр-түздөр, кыскасы Жунгар жергесинин терисин сыйрып таштагандай, биздин жерге окшошконсуганы менен табигый окшоштугу жок, картиналар көзгө тартылат. Андан-мындан жашыл түс көзгө сүртчүдөй болуп чанда учурайт. Кызыл- Суу кыргыз автономиялуу облусунун Улуучат ооданына караштуу Жыгын, Көөнө, Улуучат, Оксалыр, Кеңсуу базары, Кызылой айылдарын, Улуучат шаарчасын аралап, Байкуртка, Топо кыштагын артка калтырып, Торугарт чегара аймагына канатташ Үстүнкү Артыш айылына (кытайлык кыргыздар Узун Артыш деп аташат) көз чаптырып, аяк-быягы эки жүз элүү чакырымдай жол басып, кеч киргенде Кашкарга кирип бардык. Көөнө Улуучат айылынын жаратылышы катаал, жери какыр, чөп-чар эмес, тал-терек араң көгөргөн таштак жер. Боордошторубуз бекеринен (Катуу багыт) деп аташпаса керек. Ал эми Узун Артыштын жол бою жыш, жапжашыл бакатеректер менен курчалган. Айтылуу Алайдагы Көксуу менен

Кызылсуу дарыясы сексен чакырымдан биригип, агып келип, Кашкардагы Кызыл-Дарыяга (Кызылсууну) кошулуп, тээ илгертеден кыргыздар дарыя бойлоп отурукташып калышкан. Кызыл-Суу облусунун аты да ушуга байланышат.

Жол демекчи, боордошторубуздун мекенине ички жана сырткы жолдордун абалы сыдыргыга салгандай тептегиз, жол белгилери коюлган, автоунаалар учуп бараткандай сезилет. 1994-жылы СУАРдын түзүлгөндүгүнүн 40 жылдык маарекесине расмий делегация менен барганымда, мынчалык эмес эле. Он төрт жылда Шиңжандын борбору Үрүмчү, Кашкар, Артыш, Улуучат шаарлары таанылгыстай өзгөрүптүр. Бир оодандан экинчисине, экинчи шаардан башка шаарга өткөндө, жолдун акысын (төлөмдөр бүт бойдон жол оңдоого жумшалат экен) ким болбосун, аким, губернатор экенине карабай, милдеттүү түрдө төлөшөт. Кашкарда бир түстөгү, бирдей маркадагы, коёндой окшош таксилер шаардын ичинде беш юандан ашыкча алышпайт. Биздин Оштогудай үч-төрт аялдамага жүз-жүз элүү сомду шыпырып алган ташбакадай «Тиколор» жок.

### *Жармаңке - соода көпүрөсү.*

2008-жылдын жыйырма жетинчи июнунда Кашкардын Кашкар – илимий маданий борборунда Борбордук жана Түштүк Азия мамлекеттеринин Кашкар төртүнчү соода жарманкесинин урматына Кытай мамлекетиндеги бүткүл массалык маалымат каражаттары, журналисттер үчүн пресс-конференция өткөрүлдү. Кашкар округунун төрагасынын биринчи орун басары, партиялык комитеттин секретарынын орун басары Хуань Сян Пинь, Кашкар округунун губернатору Акбар Гапур жана башка расмий өкүлдөр катышкан жыйналышта жарманкенин эл аралык маңыз-маанисине кеңири токтолду. Кашкар-Кытай мамлекетинин батыш дарбазасы Тажикстан, Ооганстан, Пакистан, Кыргызстан жана Индия мамлекеттери менен чектешип, Өзбекстан, Казакстан, Түркменстан өлкөлөрү менен коңшулаш жайгашкан, Түндүк-Түштүк жана Чыгыш-Батыш Азия мамлекеттерин өз ара байланыштырган соода көпүрөсү. Жыл сайын өткөрүлүүчү жарманкеге бул жылы Кытайдын жыйырма эки провинциясынан, кошуна сегиз мамлекеттен атайын расмий делегация

өкүлдөрү, элчилер, соода, өнөр-жай палатасынын жооптуу жетекчилери, бизнесмендер, ишкерлер жана журналисттер болуп, сырттан 5,5 миңден ашык адамдар катышты. Аталган жармаңке мындан үч жыл мурда уюшулганына карабастан кыска мөөнөттүн ичинде соода – экономикалык байланыштын, өз ара кызматташуунун жана көргөзмөгө коюлган жаңы товар, жаңы техника, жаңы продукция, жаңы технологиялар аркылуу жалпы маалыматтык – ресурстук борборго айланган. Азыркы экономикалык өнүгүүнүн жана экономикалык кызматташуунун чордону болуп калган. Кытай мамлекетинин ири соода компаниялары: Цзянсу, Чжэчжян, Шанхай, Сычуан, Чоньчин, Тянцзин, Шаньдун өңдүү чоң-чоң соода борборлорунан келип, жаңы товар, техникаларын, өнөр жай, тамак-аш продуктыларынын ар кыл ассортименттерин коюшту.

Жармаңкеге жандан башканын баары коюлду. Ханзулардын турмуш-тиричиликке колдонулуучу автоматташтырылган техникасынын жаңы түрлөрү бизди таң калтырбай койгон жок. Жармаңкенин салтанаттуу ачылышында жана атайын элдик аянтта Кашкардын элдик ыр-бий ансамблдери, өздүк көркөм чыгармачыл өнөрпоздору жана уйгур элинин атактуу ырчысы Маматемин, жаш эстрада ырчысы Эркин Абдулла, ошондой эле кытайдын белгилүү бийчи-ырчылары чоң программадагы концерт тартуулашты. Кечки шаарды фейерверктин ар түркүн түс боёктору шаңга бөлөп турду.

### *Артыш-боордоштордун борбору*

Акыркы жылдары таанылгыстай болуп өзгөрдү, өсүп-өнүктү. Шаардагы кыргыз элине мүнөздүү улуттук колориттеги имараттар, бийик, көп кабаттуу турак үйлөр, маданий-соода мекемелердин архитектурасы муну күбөлөйт. Борбордогу музейге кыргызга таандык каада-салт, улуттук жөрөлгө, кийим-кечектен тартып, тамак-ашына чейин чагылдырган экспонаттар коюлган. Кызылсуу облусунда жалпысынан 500 миңден ашык калк жашайт. Анын 140 миңи кыргыздар, калганы ханзу-уйгурлар. Кызыл-Суу облусуна Артыш шаары, Актоо, Улуучат, Акчий оодандары карайт. «Памир адабияты» «Шиңжан кыргыз адабияты» жумалыгына жергиликтүү кыргыз акын-жазуучулардын чыгармалары басылат. Жылына жетимишке жакын ар

кыл тематикадагы китептер жарык көрөт. Жумасына үч жолу жети-сегиз миң нускада «Кызыл-Суу» гезити басмадан чыгып, окурмандарына бекер таркатылат.

Кызыл-Суунун түндүк аймагы аркайган аскасы асман тиреген Тянь-Шань, Памир, Муз тоосу менен курчалып, түштүк бөлүгүнүн климаты ысык, мөмө-жемишке жагымдуу. Тойун, Үчташ, Карагөө, Тепши, Муздак өңдүү жайлоолору бар. Жуңгар мамлекети Тоо-ташты мекендеп, мал чарбачылыгы менен күн көргөн боордошторубуздун балдарына кам көрүп, алардын билим алуусуна жакшы шарттарды түзүп берген. Малчы-койчулардын балдары үчүн атайын жатак мектептер бар, тамак-ашы, кийим-кечеси, билим алуусу бекер өкмөттүн эсебинен дешти. Башталгыч класстарда ханзу тили менен биргеликте өз эне тилинде да окушат. Жогорку класстарда сабак бүт ханзуча окулат. Элет жериндегилер үчүн-үч, шаар жериндегилер үчүн – бир, кытай улутунда болсо бир балалуу болууга гана уруксат берилет. Мыйзамсыз төрөлгөн бала үчүн ата-энесин аёосуз жазалайт, тагыраак айтканда иштеген ишинен ажыратат, кызматы жок калат же жарандык документ берилбейт. Ханзу тилинде сабаттуу жазган, так, туура сүйлөй алган жарандар гана улуту ким болбосун, мамлекеттик кызматта иштей алышат.

### *Аппак кожонун сырдуу күмбөзү*

Сырттан-ичкериден келген туристтер көп барчу жерлердин бири Аппак кожонун күмбөзү. Анын жанында 1927-жылы салынган мечит бар. Сексен бир жылдык тарыхка ээ мечитте беш маал тынбай намаз окулат. Уйгурлардын кол өнөрчүлүгүнүн таң калаарлыктай үлгүсү десе болчудай. Мечит кыш оймосу, жыгач оймосу жана кежи оймосу түшүрүлүп, өтө чеберчилик менен жасалгаланган. Жыгачка абдан кылдаттык менен гүлдөр түшүрүлгөн. Аппак кожо Шиңжанга келип, биринчилерден болуп, ошол жерде чоң-кичик кожолордун тополоңунда исламдагы суфизмди тараткан чоң молдо болгон. Анын күмбөзүнө өзүнөн беш авлатинан жетимиш эки адамдын табыты коюлган. 1747-жылы катуу жер титирөөдөн, күмбөздөрдүн үстү топуракка басылып, көптөгөн бейиттер жоголуп, азыркы элүү сегизинин сөөгү сакталып калган. Үстү ар кыл материалдан

кашкардын товарынан өзгөчөлөнүп жабылган, чоңдору – эркектердики, кичинелери – аялдарыныкы, андан да кичирээктери – келиндериники. Ошолордун ичинен Аппак кожонун чебереси Жыпархандын табыты өзүнчө бөлүнүп турат. Ажы Мухаммед Юсуф Кожо Аппак Кожонун атасы, ал киши да өз мезгилинде суфизмди тараткан. Аппак Кожо–бул анын ылакабы, өзүнүн аты Идаятулло Кожо болгон. Кызыл жабуу-Жыпархандын (жийде бурагы жыттанып турчу экен) табыты. Ал аскер турмушуна аралашкан, жыйырма сегиз жыл ордодо жашаган, Чинчо (Бейжиндеги) падышачылыгына тартуу этилген, өз чөйрөсүнө таасирлүү инсан болгон. Элүү беш жашында көз жумганда, жүз жыйырма төрт адам карагайдан тилинген, алтындын суусу жалатылган, кооз арабанын бир жак сандыгына алтын-күмүш теңгелерин, экинчи жак сандыгына өздүк буюм-тайымын салып, үч жарым жылда Бейжинден Кашкарга колмо-кол көтөрүп алып келип, аздектеп көмүшөт. Агасы Турдукожонун Жыпарханды кытайдын падышасына тартуу эткендеги максаты кожолордун тополоңун басуу, суфизмди кеңири жайылтуу жана үйүндөгүлөрдүн тынчтыгын сактап калууну көздөгөн. Жыпархандын теңдешсиз сулуулугу жөнүндө аңыз кеп айтылат, бүгүнкү күндө күмбөздү сүрөткө, тасмага тартууга эч кимге уруксат берилбейт.

### *Табышмактуу эски шаар*

Кашкар шаарынын борбордук бөлүгүнүн эски, көөнө шаардын уландысын эки-үч жерден учуратууга болот. Ал эми бүтүндөй бир көөнө шаарды ушу кезге чейин сары майдай сактап, келүүнүн сыры эмнеде дээрсиз? Эски Кашкар борбордун так өзүндө. Жар башында обочолонгон, ылайдан урулган паксасы, дубалынын кышы менен айырмаланган өзүнчө тарыхый жай.

Жардын башына курулган, бири экинчисине жармашып, атайын жупташтырылгандай, биринен экинчисине, үчүнчүсүнө уланып-куралып түшкөн үч кабат, төрт-беш-жети кабаттуу үйлөр атадан балага, немереден чебереге өтүп, ушул кезге чейин азыркы урпактары жашайт. Үңкүргө кирип бараткансыган тар көчөнүн эки тарабында тең катарлаш эски үйлөр курулган. Айырмалап кыйын. Ошол жердеги намаз окуй турган кичик мечитке 1000 жылдай болгон дешти. Алты жүз кырктан

ашуун үй-бүлөдө төрт жүз миндей жан адам жашайт. Жер титиресе да көчпөй, ысык-суукка көөнөрбөй, бузулбай, кадимки калыбынан жазбаган, уйгурлардын эски үйлөрүнүн бышыктыгы, бекемдиги, кебелбестиги анын топурагында экен. Сагыз топуракты ылайга саман аралаштырып жууруп, таза ийлеп, бышыктыргандан кийин кышын куюшат. 300-400 жылдан бери турган үйдүн ээлерине өкмөт айына үч жүз юандан төлөп турат. 1979-жылдан бери эл аралык ЮНЕСКО уюму тарабынан корголуп келет. Уйгур Ганыжан деген киши Хотан шаарынан алып келген таштары, ата-бабалары колдонгон эски буюмдарды топтоп, музей уюштурган. Күн сайын келген туристтерге айтып берүүдөн тажабайт. Эски шаардын тургундары ал жерден эч жакка көчкүлөрү келбейт, анткени үйлөрү жаңы базарга жакын, эртели – кеч мелүүн жел жүрүп, абасы салкын. Уйгурлар эзелтеден соода-сатыкка жакын калк эмеспи.

### *Улуу Жусуп бабабыз*

Улуу акылман, тилчи-философ, аскерий аалым Жусуп Баласагындын күмбөз-мавзолейине барганда уйгурлардын бабабызды өзүлөрүнө менчиктеп алганы ойлондурбай койгон жок. XI кылымдын орошон ойчулу Жусуп бабабыздын туулган жылы 1019-жыл деп жазылыптыр. Биздин эмгектерде 1015-жыл деп берилген. Чүй боорундагы Баласагын шаарында жарык дүйнөгө келген болочок аалым он сегиз айда «Куттуу билим» поэмасын жазып бүтүргөн. Мындай көөнөрбөс философиялык-дидактикалык дастан үчүн ойчулга «Улук хасс-хажиб» деген ордолук чин ыйгарылган. Дастанын жазып бүтүп, карахандар өкүмдары, Чыгыш Карахан каганы Сулайман Арстан Кара кагандын уулу Тавгач бура Кара хакан Абу Али Хасанга тартуу эткен. Чоң көлөмдөгү залкар ойлорду камтыган нарксыз-баасыз чоң эмгекте тарых, математика, медицина, агартуу, аскердик илим, саясий жана коомдук илимдердин бүтүндөй жыйындысы камтылган. 1085-жылы 67 жашында Кашкарда көз жумган.

Атактуу аалымдын сөөгү жашырылган табып, тагыраак айтканда бейиттик мүрзө, эстөө мунары, мечит, күтүп алуу үйү жана көргөзмө каана болуп мавзолей беш бөлүктөн турат. Арт жыганда жыйырма эки кооз каанадан курулган айванчаларда балдар (илгерки убакта) арабча билим алышкан. Музей өзүнүн көркөмдүүлүгү, айбаттуулугу жана мыкты жасалгасы менен түрк дүйнөсүн өзүнө тартып турат. Күмбөз өзүнчө эле

архитектуралык кооз ансамбль. Бабабыздын эстелигинин астына улуту уйгур деп ханзу тилинде «Юсуф Хас Хажиб» деп жазып коюшкан.

***Махмуд Кашгариге барбай кайтпа…***

Түрк тилинин диалектологиясына негиз салган түрк аалымы, тилчи, тарыхчы, этнографы, географы жана даанышман ойчулу Махмуд Кашгаринин күмбөзү борбордон алтымыш чакырым аралыкта Опол айылына жакыныраак жердеги ойдундан дөбөгө өйдөлөгөн эски мүрзөлөр менен курчалган туюк жайда жайгашкан. Улуу Жибек жолунун мартабасы ашып-ташып турган мезгилдерде ары-бери каттаган соодагерлер кербендерин ошол жерде серүүндөп эс алдыртып, андан соң сапарын улантышчу экен. Күмбөздүн ылдыйраагында дүпүйгөн эски, карт бактын ичинде ар кандай тери ооруларын айыктырган «Алтын булак» агат. Ойдуңдан жогорураакта, тагыраак айтканда мавзолейдин тегерегин курчаган чекте айлана – тегерегин алаканга салгандай даана көрүнгөн айванча орнотулган. Тепкичтен тепкичке көтөрүлүп, айванчанын көлөкөсүнө жеткенде жаның жай ала түшөт. Мелүүн сыдырым жел согот. Махмуд Кашгари түрк дүйнөсүнө «Диван и лугат-ат Түрк» китебин калтырган соң, тоо кезип, суу кечип, Түркияга чейин барып, 97 жашында дүйнөдөн өткөн. Анын бейитине 1000 жылдын жүзү болуптур. «Анын он тогузунчу урпагымын» деген карыя, аалым жөнүндө жарытылуу эч нерсе айтып бере албады. Орошон ойчулдун атактуу эмгегинин «түп нускасы эч жерде жок» деп, айтышты уйгурлар.

***2008-жылдын июнь айы.***

***Ош-Кашкар-Артыш-Улуучат-Ош***

# Мазмуну

*Түштүктүн түмөн түйшүгүнө түйшөлүп* .............................................. 4

**Аңгемелер**

Окулбай калган каттар .............................................. 6

Кетпес так .............................................. 31

Бөдөнөпуруш .............................................. 38

Коктудагы сарайвандар .............................................. 46

Ак өрүк .............................................. 55

Лөлү кыз .............................................. 58

**Эсселер**

Акыбетсиз операция .............................................. 62

Өмүрдүн күзүн ойлой жүр .............................................. 68

Сага эмне десем? .............................................. 72

Тирүүлүктүн алгебрасы .............................................. 77

Атам .............................................. 89

Сыздады жүрөк кулундай ойноп туйлаган.. .............................................. 97

**Ой толгоолор**

Чачыладай оюм чачырайт .............................................. 110

Балаага калган Бадалкан .............................................. 120

Кубулма көйнөкчөн күз .............................................. 123

Селсаяктык синдрому .............................................. 130

Үн, добушка кусалык .............................................. 134

**Күндөлүктөн**

Таман кыя жол .............................................. 142

**Жол очерктери**

Кавказ - түбөлүк жаз .............................................. 158

Кашкар соода дарбазасы .............................................. 169

**Исмаилова Ризван**

# Ак өрүк

## Ар кыл жанрдагы чыгармалар

**Редактор:** Каримова Аккыз
**Корректор:** Жаныбек кызы Мырзайым
**Тех редактор:** Тугельбаев Урмат
**Компьютердик калыпка салган:** Айылчиев Нуркыял
**Мукабанын бетине**: Сүйүн Дастановдун дизайны колдонулду

Терүүгө 24.02.12 берилди. Басууга 12.06.2012. кол коюлду.
Форматы 60х84. Көлөмү 33,75 басма табак.
Нускасы 2500 даана

«Кагаз ресурстары» басмаканасы
Ош шары, А. Мамыров көчөсү, 86-г
Тел: (03222) 4 69 16





Исмаилова Ризван Ураимовна-республикалык «Эркин Тоо» гезитинин Түштүк региону боюнча өкүлү, филология илимдеринин кандидаты, Ош мамлекеттик юридикалык институттун доценти.

Ал "Жолон Мамытовдун лирикасы", "Эпикалык чабыттар", "Европанын берметтери", "Сырдуу Италия" аттуу китептердин жана 40ка жакын илимий-усулдук макалалардын автору. Эл аралык ЮСАИД, ЮНИСЕФ, ПРООН, "Сорос-Кыргызстан" жана Улуу Британиянын Эл аралык министирлигинин республикалык ММК конкурсунун жеңүүчүсү.